МАМЫТОВ ЖУМАШ

# АЗЫРКЫ КЫРГЫЗ ТИЛИ

## Фонетика жана лексикология

Жогорку окуу жайларынын
филология факультеттеринин
студенттери үчүн

JEKA Ltd
Бишкек 1999

ББК 81.2 (Ки)
М-22

М-22 Мамытов Жумаш

Азыркы кыргыз тили: Фонетика жана лексикология. Жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттери үчүн. Б.: «ЖЭКА» Лтд., 1999—256 б.

ISBN 9967-423-13-7

*Жооптуу редактор:*
*Кадыралы Конкобаев,*
*филология илимдеринин кандидаты, доцент*

Бул окуу куралы республикабыздын жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттери үчүн азыркы кыргыз тили боюнча окуу программасына ылайыкталып түзүлдү Окуу куралы азыркы кыргыз тилинин эки бөлүмүн - фонетиканы жана лексикологияны өз ичине камтыйт Фонетика бөлүмү кыргыз тилиндеги тыбыштар жана алардын классификациясы, муун жана басым, кеп агымындагы тыбыштардын өзгөчөлүктөрү, кыргыз жазуусунун кыскача тарыхы, орфография жана орфоэпия жөнүндөгү маселелерге арналган Лексикология бөлүмү семасиология, кыргыз лексикасынын тарыхый жактан калыптанышы, эскирген жана жаңы сөздөр, тилибиздин лексикасынын колдонулуш чөйрөсүнө карай жана стилистикалык жактан бөлүнүшү, ошондой эле фразеология жана лексикология маселелери тууралуу баян этет

Китеп студенттерге арналуу менен бирге, аспиранттарга, мектеп мугалимдерине да пайдалуу курал боло алар эле

М 4602000000 -99 ББК 81.2 (Ки)

ISBN 9967-423-13-7
© «ЖЭКА» лтд., 1999

# СӨЗ БАШЫ

Республикабыздын коомдук-саясий түзүлүшүндө болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн натыйжасында Кыргыз Республикасынын өзүнчө мамлекеттик суверендүүлүккө жетишкендигине, эне тилибиздин мамлекеттик тил статусуна ээ болгондугуна, өлкөбүздүн тарыхына жана азыркы заманга карата традициялык эмес көз караштын пайда болушуна, коммунисттик идеологиядан кайтып, улуттук идеологиянын жаңы багыт алышына, улуттук аң-сезимдин дүркүрөп өсүшүнө жана илимий-теориялык изилдөөлөрдүн методологиялык негиздеринин объективдүү мүнөзгө ээ болушуна байланыштуу жогорку окуу жайларында колдонулуп келген мурунку окуу китептерин, окуу куралдарын кайрадан карап чыгып, замандын духуна, талабына ылайык келген жаңы окуу китептерин, жаңы окуу куралдарын жазуунун зарылчылыгы келип чыкты. Ушул жагдайдан алганда, азыркы кыргыз тилинин фонетика, өзгөчө лексикология бөлүмдөрү ир алды менен толук бойдон кайрадан иштелип чыгууга муктаж болду. Анткени, тилдин лексикасы коомдук турмуштагы, өндүрүштөгү, адамдардын аң-сезиминдеги, психологиясындагы, рухий дүйнөсүндөгү өзгөрүүлөрдү, илим, техникадагы, экономикадагы жана маданияттагы өсүштөрдү тике чагылдыруу менен, тилдин башка деңгээлдерине караганда тез өзгөрмөлүү келет. Лексикадагы өзгөрүүлөр өз кезегинде тилдин фонетикалык түзүлүшүнө да өз таасирин тийгизген. Ошондуктан, булар улам жаңыланып, илимий талдоого алынып турушу керек. Анын үстүнө акыркы жылдар ичинде кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшү жана лексикалык байлыгы жөнүндө бир кыйла олуттуу изилдөөлөр пайда болду. Ошондой эле **фонетика** менен **лексикологияны** бир окуу китебинин ичине бириктирүү зарылчылыгы жогорку окуу жайларынын бардык окуу пландарында азыркы кыргыз тилинин аталган бөлүмдөрүнүн бир курста окутулуп, бир отчеттуулук талап кылынгандыгы менен байланыштуу.

Жогоруда аталган себептер жогорку окуу жайлары үчүн азыркы кыргыз тилинин фонетикасы жана лексикологиясы боюнча жаңыланган окуу куралын жазууну талап кылды.

Сиздерге сунуш кылынып жаткан окуу куралы алдыга коюлган максатты канчалык даражада жүзөгө ашыра алды, аны окурмандардын таразасына койдук. Окуу куралына карата айтылган бардык сын пикирлерди автор чын көңүлдөн кабыл алат.

# КИРИШҮҮ

## Кыргыз тили жөнүндө жалпы маалымат.

Кыргыз тили — кыргыз элинин улуттук тили, улуттук маданиятынын формасы, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили. Ал чыгыш теги боюнча түрк тилдеринин системасына кирет да, алтай тили менен бирге чыгыш *хун буталынын кыргыз-кыпчак тобун түзөт*[1].

Кыргыз элинин көпчүлүгү Кыргыз Республикасынын аймагында жашайт. Мындан тышкары Өзбекстандын, Тажикстандын, Казакстандын, Ооганстандын, Пакистандын, Түркиянын кээ бир райондорунда, КЭРдин Синьцзян-Уйгур автономия районунда да кыргыздардын жашай тургандыгы белгилүү.

Тарыхта кыргыздар жөнүндөгү алгачкы кабар мындан эки минден ашуун жыл мурда эле белгилүү болгон. Буга караганда кыргыз эли бир топ байыркы элдерден болуп саналат. Ал эми кыргыз тили кыргыз элинин байланыш-катнаш куралы болуп, ошол байыркы мезгилден бери жашап келе жаткандыгында эч шек жок. Кыргыз коомунун өсүп-өнүгүшү менен бирге өзүнүн бүткүл жашоо доорунда кыргыз тили тынымсыз өнүгүп, анын грамматикалык түзүлүшү, тыбыштык системасы жана лексикалык каражаттары өркүндөп, байып отурду. Кыргыз тили Октябрь революциясына чейин негизинен эки гана функция аткарып келген. Атап айтканда, кыргыздардын күнүмдүк турмуш тиричилигинде пикир алышуунун каражаты катары кызмат аткарган, ошондой эле элдик оозеки чыгармачылыктын тили болгон. Кыргыз тилинде «Манас» баштаган элдик оозеки чыгармачылыктын бай үлгүлөрү жаралган. Бирок, оозеки түрдө дүйнөлүк поэзиянын океаны «Манасты» жараткан «жазуусуз» кыргыз эли *мурда өзүнүн улуттук жазма адабий тилине ээ боло алган эмес.*

Адабий тилдин биринчи жана негизги шарты катары анын жазуу жүзүндө берилишин эсептөө керек. Адабий тил — баарыдан мурда, тигил же бул графикалык системанын жардамы менен жазылган жазма тил. Өзүнүн жазуу системасы бар элдерде гана жазма адабий тил өнүгүшү мүмкүн. Кыргыз эли өзүнүн кыйла кылымдык өнүгүү тарыхында ар кайсы жазуу системаларынан анча-мынча пайдаланып келгендигине карабастан, улуттук жазмасына Октябрь революциясынан кийин гана жетишти. Демек, кыргыз жазма адабий тили советтик түзүлүштүн жемиши болуп эсептелет.

---

1. Баскаков Н.А. Введение в изучение тюркских языков. - М., 1962, 296-бет.

Бирок, жазуунун болушу адабий тил үчүн негизги шарт болгон менен, анын бирден-бир жеке белгиси да эмес. Кагаз бетине түшүрүлгөн өткөндүн эстеликтеринин же азыр деле «сабатсыз жазылган» жазмалардын бардыгын эле адабий тилдин үлгүсү катары кароого болбойт. Так-тап айтканда, революцияга чейинки мезгилдерде эле кыргыз тилинде, негизинен, кол жазма түрүндө калк арасына тараган көбүнчө ыр түрүндөгү чыгармалар (мисалы, Молдо Кылычтын, Тоголок Молдонун, Молдо Нияз ырчынын, Ысак Шайбеков жана башкалардын ырлары, санаттары, казалдары) жаралган. Лексикалык, фонетикалык жана грамматикалык белгилери жактан алар ар башка диалект, говорлорго тиешелүү болгон. Мындан тышкары, чагатайлашкан кыргыз тилинде бирин-эки китеп да басылып чыккан жана жекече-официалдуу каттар жазылган. Бирок, кыргыз тилинин жазмасы революцияга чейин түйүлдүк абалында гана болуп, жазма адабий тил деңгээлине өсүп жете алган эмес. Анткени, адамдардын ортосундагы тилдик байланыштын адабий эмес формаларынан адабий тилди айырмалай турган дагы башка бир канча маанилүү сапаттардын болушу керек: лексикалык, фонетикалык жана грамматикалык жактан белгилүү бир нормага салынгандыгы; бир тилдик жамааттын бардык мүчөлөрүн бирдей тейлөөгө жөндөмдүүлүгү; тилдик катнашуунун бардык чөйрөлөрүндө колдонулуу мүмкүнчүлүгү; анын ар кандай функциялык стилдерге бөлүнүшү жана сөз чеберлери тарабынан узак убакыттар бою иштетилүү процессинде калыптанышы.

Туруктуу нормага салынган адабий тил ушул тил аркылуу бириккен адамдар жамаатынын бардык мүчөлөрүнүн ортосунда кептик (речтик) катнашуунун жогорку, эң өркүндөтүлгөн формасы катары жашайт. Белгилүү тилдин бардык көрүнүштөрүн өзүнө баш ийдирген атайын эрежелерди бекем сактоо адабий тилдин жалпы улуттук масштабда катнашуунун маанилүү каражаты катары кызмат аткарышы үчүн өтө зарыл. Демек, жалпыга милдеттүү эрежелерге, биринчи кезекте, орфографиянын жана пунктуациянын закондору менен жөнгө салынып турган адабий тилдин жазма формасы баш иет. Ошондой эле маданияттуу кишилердин оозеки кеби да жалпыга милдеттүү нормалардан четте турбайт. Ал да айтуунун жана сөздөрдү колдонуунун иштелип чыккан эрежелерине туура келет.

Адабий тилден айырмаланып, күнүмдүк тиричиликтеги ээн-эркин сүйлөшүүдө колдонулган «карапайым тил» (просторечие) жана жергиликтүү говорлор, аймактык диалектилер сыяктуу кептик катнашуунун «төмөнкү» формалары нормага салынбай, стихиялуу түрдө өнүгөт. Аталган «төмөнкү» формалар окумуштуулар иштеп чыккан жана алар тарабынан көзөмөлдөнүп туруучу нормага багынбайт.

Адабий тилдин ар кандай нормалары узак убакыттар бою тилдик каражаттарды кылдаттык менен иргөөнүн натыйжасында жалпы элдик тилдин негизинде сөз устаттары, жазуучулар, маданий, саясий ишмерлер, окумуштуулар, журналисттер тарабынан иштелип чыгат. Жалпы элдик тилдин өркүндөтүлгөн, кылдаттык менен иргелген жана жакшыртылган формасы болуу менен бирге адабий тил өзүнүн табигый тамыры болгон элдик оозеки тилден эч качан ажырап калбайт. Ал дайым көркөм сөз чеберлеринин чыгармачылыгын азыктандырып туруучу жандуу булак болуп эсептелет. Адабий тил менен элдик тилдин ортосундагы мына ушундай ажырагыс байланыш жөнүндө А.М.Горький: «Тилдин эл тарабынан түзүлө тургандыгын эске сала кетүү керек. Тилдин адабий жана элдик тилге бөлүнүшү дегенибиз - «чийки» тил жана сөз устаттары тарабынан иштелип чыккан тил дегендикке жатат. Муну биринчи болуп эң сонун түшүнгөн киши Пушкин болду. Элдик тил материалдарынан кандайча пайдалануу керек экендигин жана аны кантип иштеп чыгуу керек экендигин да ал биринчи болуп көрсөттү»[1], — деп адилет айткан экен. Демек, адабий тилдин нормасы — узак убакыттар бою элдик тилди кылдат иштеп чыккан сөз чеберлери менен илимпоз-филологдордун талыкпас эмгегинин жемиши. Ошондуктан, ал норманы баалабай коюуга, ага карата курулай шарттуулук же формалдуулук катары кароого эч кимдин акысы жок. Адабий норманы кыйшаюусуз сактоо гана улуттук тилди улуттун бардык мүчөлөрүнүн ортосундагы катнашуунун толук баалуу каражаты, ой-пикирди калыптандыруунун жана жүзөгө ашыруунун кубаттуу куралы болушун камсыз кылат.

Кыргыз адабий тили — жаш адабий тил. Ал элдик оозеки тилге таянып өсүүдө. Жаш чыпыкты саябалуу дарак кылып өстүргөн сыңары, кыргыз тилинин мындан ары да өркүндөп өсүшү үчүн сөз чеберлери менен илимпоз-филологдор өтө кылдат мамиле кылып, анын грамматикалык түзүлүшүн, лексикалык курамын өркүндөтүүгө, анын стилистикалык тармактарынын татаалдашып, орфографиялык жана орфоэпиялык нормаларынын стабилдешүүсүнө дайым кам көрүү керек.

Улуттук адабий тил, ошол тилдик жамааттын бардык мүчөлөрү үчүн жалпы бирдей болуу менен, анын коомдук бардык талаптарын камсыз кылууга тийиш. Ал турмуштун түрдүү кырдаалдарында, адамдардын өндүрүштүк, маданий жана саясий ишмердигинин бардык чөйрөлөрүндө колдонулат. Октябрь революциясынан кийинки кыргыз элинин турмушундагы зор өзгөрүүлөр кыргыз тилинин коомдук функциясын аябай кеңитти. Кыргыз тили улуттук жазма адабий тил болуп түзүлдү. Өзгөчө

[1]Горький М., Жазууну кантип үйрөнгөндүгүм жөнүндө. — Макалалар жана памфлеттер. - Фрунзе, 1951, 185-б

анын мамлекеттик тил статусуна ээ болушу анын коомдук функциясынын андан бетер өркүндөшүнө зор өбөлгө түзүүдө. Элибиз өз тилинде баштапгыч жана орто мектептерде, техникумдарда жана жогорку окуу жайларында билим алып, өз тилинде ар кандай коомдук-саясий иштерди толук жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болду. Кыргыз тилинде илимдин жана техниканын ар түрдүү тармактары боюнча илимий терминологиясы иштелип чыгып, көптөгөн окуу китептери, окуу куралдары, сөздүктөр, көп томдуу Кыргыз Совет Энциклопедиясы ж.б. түзүлдү. Көп сандаган саясий, илимий эмгектер, көркөм адабий чыгармалар жазылып жатат. Толуп жаткан газета-журналдар чыгарылат. Азыр кыргыздар дүйнөлүк адабияттын бай казынасын түзгөн адабий мурастарды өз эне тилинде окушат.

Ал эми тилдик катнашуунун төмөнкү формаларынын колдонулуш чөйрөлөрү чектелүү болот, башкача айтканда, карапайым тил, өзгөчө жергиликтүү говорлор тар чөйрөдөгү адамдардын катнашуу талабын канааттандырууга гана жөндөмдүү. Улуттук адабий тил бүтүндөй улуттун бардык талабын камсыз кылат. Ошондуктан, ал өзүнүн лексикалык, фразеологиялык курамы боюнча да, фонетикалык, грамматикалык түзүлүшү жактан да ар түркүн, бай келет. Коомдук турмуштун ар кандай чөйрөлөрүндө адамдар өз ара мамилелешип, алдына койгон максаттарына жараша турмуштун түрдүү жактарын өз ичине камтыган таасирдүү тилдик мүмкүнчүлүккө ээ болушу керек. Тилдик катнашуунун ушул сыяктуу көп кырдуулугу жана ошого жараша коомдун көп жактуу, ар түркүн тилдик каражаттарды керектөөсү жалпы улуттук тилдин системасында функциялык стилдердин болушун шарттайт. Демек, жалпы улуттук адабий тилдин бир нече функциялык стилдерге бөлүнүшү — анын эң маанилүү жана мүнөздүү белгилеринин бири.

Жалпы адабий тилдин функциялык стилдери дегенибиз анын нормага келтирилген системасынын чегинен чыкпай турган, белгилүү коомдук максатка жана колдонулуучу чөйрөсүнө жараша өз ара бири-биринен таасирдүү сүрөттөө каражаттарынын жана мүмкүнчүлүктөрүнүн комплекстери боюнча айырмаланган түрлөрү болот. Алар өздөрүнө тиешелүү сөздүк составы, ошондой эле айрым грамматикалык оттенокторy жана белгилери боюнча да бири-биринен айырмаланышат. Адабий тилдин функциялык стилдери жөнүндө сөз болгон учурда, баарыдан мурда, анын негизги эки түрү — оозеки жана жазма формалары эске алынат.

Элдик оозеки сүйлөшүү тилинин негизинде калыптанган кыргыз адабий тилинин бул эки түрү лексикалык курамы жана грамматикалык (морфологиялык, синтаксистик) түзүлүшү жагынан өз ара бири-бири

не жакындыгы менен мүнөздөлөт Булардын ортосундагы айырмачылык көбүнчө фонетикалык жагына тиешелүү

Адабий тилдин китептик-жазма түрү өз кезегинде тилдин коомдук функциясына, башкача айтканда, адамдардын ортосундагы тилдик катнашууда кайсы максат менен колдонулуп, кандай кызмат аткаргандыгына жараша дагы атайын стилистикалык түрлөргө же тилдин функциялык стилдерине бөлүнөт

Кыргыз адабий тилинде бир кыйла калыптанып калган функциялык стилдер катары официалдуу-административдик, юридикалык ж.б у с чөйрөлөрдө колдонулуучу иш кагаздарынын, мезгилдүү басма сөздөрдө, газеталык же журналдык макалаларда пайдаланылуучу публицистикалык, монографияларда, окуу китептери менен окуу куралдарында, илимий макалаларда ж.б колдонулуучу илимий стилдерди көрсөтүүгө болот

Мындай стилдик түрлөрдүн калыптануусунда жана өнүгүүсүндө орус адабий тилинин тийгизген таасири өтө чоң Анткени, мамлекеттик мааниндеги документтер – закондор, уставдар, указдар, буйруктар, өкмөттүк билдирүүлөр, директивалар, жоболор, инструкциялар, токтомдор, келишимдер, эл аралык шартнамалар, ноталар жана башкалар орус тилинде жазылып, андан кыргыз тилине которулуп жарыяланган Жалпы мамлекеттик, партиялык маселелерди көтөргөн публицистикалык чыгармалар, макалалар, кабарлар да көпчүлүк учурларда борбордук басма сөздөрдө жарык көрүп, анан улут тилдеринде жергиликтүү газета, журналдарда басылып келген Республикабызда илимий-изилдөө иштери орус жана кыргыз тилдеринде жүргүзүлөт Азыркыга чейин математика, физика, химия, биология сыяктуу табигый илимдер жана техника боюнча эмгектер жана окуу китептери менен окуу куралдары көбүнчө орусчадан которулуп алынууда Албетте, орус тилинин мындай таасири кыргыз тилинде өз бетинче стилдик түрлөрдүн калыптанышына жана алардын кеңири түрдө аракеттенүүсүнө бир кыйла жолтоо болгондугу да жашыруун эмес

Жалпы улуттук адабий тилдин байлыгы, анын башка көрсөткүчтөрү менен катар, тилдик катнаштын ар кандай чөйрөлөрүн бири-биринен чектөөгө жөндөмдүү келген өнүккөн стилистика системасынын болушу менен да аныкталат Эне тилинин стилистикалык мүмкүнчүлүктөрүн туура пайдалана билүү – ар бир маданияттуу адам үчүн зарыл болгон эң маанилүү кептик көнүмүш

Кыргыз адабий тили фонетикалык, грамматикалык жана лексикалык жактан кыргыз тилинин бардык диалект, говорлоруна мүнөздүү болгон жалпы белгилерди өз ичине камтуу менен, улуттук жамааттын бүт мүчөлөрү үчүн орток катнаш жасоо, пикир алышуу каражаты ката-

ры кызмат кылат жана аларды улуттук жамаатка бириктирип турат. Ал мына ушул жалпы улуттук функциясы боюнча жергиликтүү диалект, говорлордон айырмаланат.

Кыргыздын жалпы улуттук жазма адабий тилинин негизине кыргыз тилинин структуралык бардык деңгээлдери боюнча жалпы элдик мүнөзгө ээ болгон түндүк диалект алынган. Адабий тилдин диалектилик базасы катары түндүк диалектинин алынышы, академик Б.М.Юнусалиев белгилегендей, тарыхый жактан эки чоң кырдаалга байланышкан: биринчиден, республикалык басма сөз интеллигенттеринин алгачкыларынын басымдуу көпчүлүгү түндүк диалектинин өкүлдөрү болушкан, экинчиден, республиканын саясий-экономикалык борбору Түндүк Кыргызстандан орун алган. Бул эки кырдаалдын пайда болушу, өз иретинде, дагы бир чоң тарыхый кырдаалга – Түндүк Кыргызстандын Россияга мурунураак кошулуп, маданий жана экономика жагынан анын прогрессивдүү таасирин эртерээк көрүп калганына байланышкан[1].

Азыркы учурда кыргыз адабий тилинин өнүгүүсүнүн натыйжасында кыргыз тилиндеги диалектилик өзгөчөлүктөр жоюлууга бет алып, адабий тилдин нормасына биригип бара жатат.

---

[1] Юнусалиев Б.М. Адабий тилибиздин диалектилик базасы жөнүндө //Тандалган эмгектер - Фрунзе 1985, 351 - бет, Формирование и развитие киргизского литературного языка - результат победы Октябрьской революции - Известия АН Кирг ССР 1968, № 5, 76-бет

# ФОНЕТИКА

## Фонетика жөнүндө жалпы түшүнүк

Адам баласынын кеби эң кыска айрым-айрым үндөрдөн — тыбыштардан турат Мына ушул тилдин тыбыштык жагын үйрөтүүчү тил илиминин бөлүгү ф о н е т и к а [1] деп аталат.

Тыбыштарды үйрөнүүнүн максатына жана методуна жараша фонетика бир нече түргө бөлүнөт. Белгилүү тилдин азыркы учурдагы тыбыштык курамын, фонемалык системасын тактоо, алардын өз ара ички байланыштарын аныктоо максатында изилдөө **статикалык же сыпаттама фонетиканын** милдетине кирет. Ал эми тигил же бул тилдин тыбыштык курамы тилдин өнүгүшүнүн ар кандай этабында кандайча өзгөрүүгө учурагандыгын текшерүү жана анын себептерин аныктоо **тарыхый фонетикага** тиешелүү.

Ар бир тилдин (мисалы, кыргыз, орус, англис, кытай, араб тилдеринин) тыбыштык түзүлүшүн **жеке фонетика** изилдейт. Жеке тилдин фонетикасы менен катар **жалпы фонетика** да болот. Мында жалпы эле адамзаттын сүйлөө кебиндеги тыбыштар, аларды жасоочу органдарынын кызматы, кеп агымында ар кандай фонетикалык көрүнүштөрдүн өз ара себептүү байланыштары изилденет.

Тыбыштар ар кандай приборлордун жана методдордун (кимографиялык жазуу[2], палатограмма[3], рентгеноскопия[4], осциллограф[5], спектрограф[6], глоттография[7], интонография[8], электромиография[9], кинорентгенография[10] жана башкалардын) жардамы менен акустикалык, анатоми-

---

[1] Фонетика - гр phone - «үн», «тыбыш» деген сөзүнөн алынган

[2] Кимография - гр kymo "толкун" жана grapho "жазамын" деген сөздөрдөн алынган Тыбыштардын өзгөчөлүктөрүн ийри сызык түрүндө чийип көрсөтүүчү аппараттын жардамы менен текшерүү ыгы

[3] Палатограмма - лат palatum «таңдай» жана гр gramma «жазуу» деген сөздөрүнөн алынган Тилдин учунун таңдайга тийүү учурун эксперимент максаты менен жазып, белгилеп алуу

[4] Рентгеноскопия - сөз жасоо органдарынын сүрөтүн рентген аппаратынын жардамы менен түшүрүп алуу

[5] Осциллограф - лат oscillum "термелүү" жана гр grapho "жазамын" дегендерден алынган Тыбыштарды эксперимент жолу менен изилдөөдө колдонулуучу аппарат

[6] Спектрограф - гр spectrum "көрүнүүчү" жана grapho "жазамын" деген сөздөрдөн алынган Тыбыштардын термелүү ылдамдыгын жазып алуучу аппарат

[7] Глоттография - гр glotta "кекиртек" жана grapho "жазамын" деген сөздөрдөн алынган Тыбыштардын айтылышын изилдөөчү ыкманын түрү Бул ыкма кеп сигналдарды изилдөөдө үн түйүндөрүнүн иштешин тикеден-тике байкап турууга шарт түзөт

[8] Интонография - лат intonare "катуу айтуу" жана гр grapho "жазамын" деген сөздөрдөн алынган Кептин интонациясын изилдей турган ыкманын бири Интонограф кептин акустикалык үч белгисин, негизги тонун, күчүн жана созулушун бөлүп берүүгө ылайыкталган

[9] Электромиография - электро + гр mys(myos) "булчуң" + графия Сүйлөө мезгилиндеги ооз булчуңдарынын биологиялык жөндөмүн /биопотенциалын/ белгилөө үчүн колдонулат

[10] Кинорентгенография - гр kinema "кыймыл" + рентген + графия Бул ыкманын жардамы менен айтылган учурда өз касиеттерин өзгөртүп туруучу тыбыштар - аффрикаталар, дифтонгдор изилденет

ялык - механикалык жактан да изилденет. Кийинки мезгилде фонетиканы изилдөөгө жаңы аппараттык-программа ыкмасы колдонула баштады. Бул ыкманын өзгөчөлүгү – электрондук эсептөө машинасынын (ЭЭМдин) жардамы менен тыбыштардын кээ бир айырмалоочу белгилери автоматтык түрдө ажыратылат. Тыбыштарды мындай метод менен изилдөө эксперименттик фонетиканын милдети болуп саналат. Мурда тыбыштардын кеп агымындагы өзгөрүүлөрүн өтө кылдат фонетикалык угум менен гана, башкача айтканда, субъективдүү метод аркылуу байкоого мүмкүн болсо, азыркы учурда тыбыштарды эксперименттик метод менен изилдөө мүмкүндүгү пайда болуп, ал тыбыштардын ар тараптан так жана терең изилдениишине зор көмөк көрсөтүүдө. Эксперименттин жүрүшүндө изилдөөчү жөнөкөй көзгө байкалбаган кептин айтылыш абалынын, шартынын сандык жана сапаттык маалыматын алат.

Бул жагдайдан алып караганда эксперимент мазмун жагынан объективдүү. Алынган материалдардын сыпаттама ыкма менен карым-катышта изилдениши теория түзүүдөгү негизги материалдардан болгон фактылардын жыйындысын түзөт.

Мындан тышкары тилдердеги тыбыштардын айрым кубулуштарын терең талдап, түшүндүрүү үчүн тектеш тилдердеги тыбыштар өз ара салыштырылып да үйрөтүлөт. Бул **салыштырма фонетиканын** мазмунун түзөт. Ошондой эле тыбыштарды салыштырып үйрөтүү жалаң гана тектеш тилдердин ортосунда болбостон, тектеш эмес тилдердеги тыбыштар да типологиялык жактан салыштырылып, алардагы жалпылыктар менен айырмачылыктар аныкталат.

Ар кандай эле форманы анын мазмунунан ажыратып кароого мүмкүн болбогон сыяктуу, тилди да анын тыбыштык курулушунан ажыратып изилдөө мүмкүн эмес. Тыбыштар тилдин сырткы формасы болуп эсептелүү менен, тилдин негизги функциясы болгон адамдардын ортосундагы катнашуу куралы болуу мүмкүнчүлүгүн түзөт. Морфологиялык, синтаксистик көп фактыларды фонетикалык закондорсуз түшүндүрүү мүмкүн эмес. Тилдин тарыхын фонетикалык негизге таянбай эч качан түзүүгө болбойт. Фонетиканын теориялык мааниси мына ушунда. Ошону менен бирге, фонетиканын практикалык мааниси да зор.

Мурда жазуусу болбогон элдердин алфавитин түзүүдө фонетиканын жардамысыз ал тилдеги фонемалардын санын жана алардын мүнөзүн белгилөө эч мүмкүн эмес.

Чет тилдерди үйрөнүүдө башка тилдин кандайдыр бир артикуляциялык өзгөчөлүктөрүн аң-сезимдүүлүк менен өздөштүрүү үчүн фонетиканы жакшы билүү зор жардам берет.

Тил илиминен башка тармактарда да фонетиканы колдонуунун за-

рылчылыгы туулат. Мисалы, кептеги мүчүлүшөрдү түзөтүү үчүн логопедияда, дүлөй-дудуктарды тыбыштык тилге үйрөтүүдө сурдопедагогикада фонетиканы билбей туруп ийгиликке жетүүгө мүмкүн эмес.

Ошондой эле актерлор үчүн да, радионун, телевидениенин дикторлору үчүн да сүйлөп жаткан тилдин фонетикасын билүүсү зарыл.

Эң акырында, радиотехникада, телефон-телеграфта, полиграфияда колдонулуп жүргөн аппаратураларды өркүндөтүүдө фонетиканы билүү чоң мааниге ээ болот.

Жыйынтыктап айтканда, фонетика тил илими үчүн зор теориялык мааниге гана ээ болбостон, практикалык жактан да кеңири колдонулат.

## Тыбыштарды изилдөөнүн үч аспектиси.

Кептин тыбыштык жагы бирдиктүү, бирок татаал жана көп жактуу көрүнүш. Ошондуктан ал, негизинен, төмөнкүдөй аспектилерде (көз караште) каралууга тийиш.

1. Адамдардын кеби биринчи кезекте тыбыштык кеп болгондуктан, жаратылыштагы башка үндөр сыяктуу эле, кептеги тыбыштар да физикалык көрүнүш болуп эсептелет. Аларды бул көз караште изилдөө физикага, анын ичинде акустикага[1] тиешелүү. Кептеги тыбыштарды изилдөөнүн бул биринчи аспектиси физикалык аспект болот. Мында алардын бийиктиги, күчү, созулушу, тембри ж.б. жөнүндө айтылат.

2. Ошону менен бирге, тыбыштык кеп адамдын кеби болгондуктан, ал адамдын организминен бөлүнүп калууга тийиш эмес. Мындан тыбышты изилдөөнүн экинчи аспектиси – биологиялык аспект келип чыгат. Мында тыбыштарды жасоодо катышкан сүйлөө органдарынын кызматы жана сүйлөө органдарынын аракетин башкарып турган борбордук нерв системасынын функциясы каралат.

3. Тыбыштарды изилдөөнүн үчүнчү – эң негизги аспектиси лингвистикалык же социалдык жагы. Мында тыбыштар сөздөрдү семантикалык жактан айырмалоочу касиети боюнча каралат.

Мына ушинтип, тыбыштардын табияты жөнүндө жалпы маалымат алыш үчүн кептеги тыбыштардын акустикалык касиети, сүйлөө органдарынын түзүлүшү, кызматы жана фонема жөнүндө кыскача түшүнүк алуубуз керек болот.

## Тыбыштардын акустикалык касиеттери.

Кептеги тыбыштар да, башка бардык үндөр сыяктуу эле, серпил-

---

[1] Акустика - гр. akustikos "угуу" деген сөзүнөн алынган.

гич чөйрөнүн термелүү кыймылынын натыйжасы болуп эсептелинет. Термелген серпилгич нерседен термелүү кыймылы аба чөйрөсүнө өтөт да, абанын басымы мезгилдик өзгөрүүгө учурайт, башкача айтканда, термелген нерсенин алга-артка карай болгон кыймылына жараша аба ырааттуу түрдө бирде коюлуп, бирде суюлуп турат. Мына ушундан пайда болгон аба толкуну **үн толкуну** деп аталат.

Үн төмөнкүдөй белгилер менен мүнөздөлөт:

1. **Үндүн бийиктиги**. Бул термелүүнүн жыштыгына жараша болот. Убакыт бирдигинде канчалык термелүү жыш болсо, үн ошончолук бийик чыгат, термелүү канчалык сейрек болсо, үн ошончолук жапыз чыгат. Тыбыштардын термелиши герц (*гц*) менен өлчөнөт. Бир *гц* деп бир секунддун ичинде толкундун бир жолу термелүүсүн айтабыз. Демек, жыштык деп убакыт бирдигиндеги термелүүнүн санын түшүнөбүз. Маселен, үндүн термелүү жыштыгы 1 *гц* болсо, анда 1 секунд убакытта үн түйүнү 1 жолу термелет дегенди билдирет. Үн түйүнү 1 секундда 250 жолу термелсе, жыштыгы 250 *гц* болгон үн чыгат. Адамдын үн түйүндөрү секундуна 40тан 17000ге чейин термелүүгө жөндөмдүү. Бирок кадыресе кепте адамдын үнүнүн орточо диапазону алда канча тар: эркектин үнүнүн диапазону 85-200 *гц*ке, аялдыкы – 160-340 *гц*ке барабар. Ал эми адамдын кулагы жыштыгы болжол менен секундуна 16 термелүүдөн 20 000 термелүүгө чейинки үндү уга алат. 16 *гц*тен кем сандагы термелүү инфраүн, 20 000 *гц*тен жогорку термелүү ультраүн деп аталат.

2. **Үндүн күчү**. Үндүн күчү деп үн толкунуна перпендикулярдуу абалда турган 1 *см*$^2$ аянт аркылуу 1 секундда өткөн энергиянын санын айтабыз. Ал термелүүнүн арымына (амплитудасына), башкача айтканда, үн толкунунун жогору көтөрүлүү чекити менен төмөн түшүү чекитинин аралыгына (серпелүүнүн көлөмүнө) жараша болот. Термелүүнүн арымы канчалык чоң болсо, үн ошончо күчтүү чыгат. Үндүн күчү децибел (*дб*) менен өлчөнөт.

3. **Үндүн созулушу**. Мезгил жактан термелүүнүн узактыгы үндүн созулушу деп аталат. Эксперименттик фонетикада кептин үзүмүнүн созулушун миллисекунд, башкача айтканда, секунддун миңден бир бөлүгү менен өлчөйт. Үндүн созулушу сүйлөөнүн темпине, басымга жана башка факторлорго жараша болот. Кыргыз тилинде тыбыштын созулушу сөздүн маасинин өзгөртүү касиетине ээ. (Бул тууралуу кийинчерээк созулма үндүүлөргө байланыштуу сөз болот).

4. Үн толкунун берүүчү термелүү кыймылы көбүнчө татаал болот, башкача айтканда, негизги жана бир нече кошумча тондордон (обертондордон)[1] турат. Кошумча тондордун мүнөзүнө жана алардын бийик-

[1] Обертон - нем. oberton - "жогорку тон" дегенден алынган.

тиги, күчү жактан негизги тон менен болгон катышына жараша үндөрдүн коюздугу тембр[1] деп аталат.

5. Биздин кулагыбыз бардык угулган үндүн ичинен музыкалык тонду жана шыбышты айырмалай алат. Бул айырмачылык баарыдан мурда термелүү кыймылынын мүнөзүнө жараша болот. Эгерде термелүү кыймылы ритмдүү болсо, башкача айтканда, белгилүү бирдей мезгилде бирдей сандагы термелүү кайталанып турса, тон пайда болот, термелүү кыймылы ритмсиз болсо, шыбыш пайда болот.

6. Үндүн пайда болушунда резонатордун ролу чоң. Ар кандай формадагы жана көлөмдөгү, катуу капталдары жана белгилүү чоңдуктагы тешиги бар көңдөй нерсе резонатор деп аталат. Үндүн резонатордо жаңырышы үндүн резонансы[2] болот. Биздин ооз, мурун жана алкым көңдөйлөрүбүз тыбыштардын пайда болушунда резонатор болуп кызмат кылат да, анда үн күчөп чыгып, ар кандай тембрге ээ болот.

## Сүйлөө органдары жана алардын аткарган кызматы.

Кайсы гана тилде болбосун, кепте колдонулган тыбыштар адамдардын тыбыш жасоочу органдарынын катышы аркылуу жасалат. Ошондуктан тилдеги тыбыштарды ар тараптан терең билүү үчүн сүйлөө органдарынын түзүлүшүн, алардын тыбыш жасоодогу аракеттерин билүү зарыл.

Сүйлөө органдары төмөнкүдөй төрт негизги бөлүктөн турат:

1. Дем алуу органдары.
2. Көмөкөй жана үн түйүнү.
3. Көмөкөйдөн жогорку көңдөйлөр.
4. Мээ, борбордук нерв системасы.

### 1. Дем алуу органдары

Буларга жарым жумуру шакек сыяктанган кемирчектерден түзүлгөн **кекиртек**, аны менен өпкөнүн эки бөлүгүн бириктирип турган **колко, өпкө**, аба кирүүчү **өпкө түтүкчөлөрү, көөдөн булчуңдары** жана **боор** эт (диафрагма) кирет. Дем алуу органдарынын негизги кызматы тыбыш жасоого керектүү болгон абаны өпкөгө тартуу жана андан кайра сыртка кысып чыгаруу болот. Бул процесс төмөнкүчө ишке ашат: көөдөн булчуңдарынын жана боор эттин жыйрылышы менен кабырганын жогору көтөрүлүшү өпкөнүн ичиндеги абанын басымына караганда атмосфера басымынын күчтүү

[1] Тембр - фр. timbre - "кичине коңгуроо" дегенден алынган.
[2] Резонанс - фр resonance - "жаңырык" дегенден алынган

болушуна шарт түзөт. Натыйжада аба кекиртек жана колко аркылуу өпкөнүн ички түтүкчөлөрүнө кирүүгө мүмкүнчүлүк алат. Тескерисинче, көөдөн булчундарынын жана боор эттин бошошу менен кабырга алгачкы калыбына кайрадан келип, өпкөнү кысат. Мындан анын ичиндеги абанын басымы атмосфера басымынан күчтүү болуп, сыртка сүрүлөт. Өпкөдөн сүрүлүп чыккан аба кайрадан колко жана кекиртек аркылуу үн түйүндөрүнө жана андан жогорку алкым, ооз жана мурун көңдөйлөрүнө барып, шартка ылайык ар түрдүү үн же шыбыш жасоого мүмкүндүк берет.

Ошентип, дем алуу органдарынын тыбыш жасоо процесстериндеги негизги функциясы үн түйүндөрүнө жана андан жогорку көңдөйлөргө тыбыш жасоого керектүү болгон абаны берип туруу болот.

## 2. Көмөкөй жана үн түйүндөрү

**Көмөкөй** — кекиртектин жогорку кеңейген бөлүгү. Ал кекиртек менен бириккен кыймылсыз оймок сымал кемирчектен (перстневидный хрящ), асты оймок сымал кемирчек менен, үстү жагынан тилдин алдындагы сөөк менен бириккен калкан сымал кемирчектен (щитовидный хрящ), жана асты жагынан оймок сымал кемирчектин ички капталы менен, үстү жагынан булчундуу жука чел менен тутумдашкан кыймылдуу эки чөмүч сымал кемирчектен (черпаловидные хрящи) турат. Булчундар жана түйүндөр (связка) менен тутумдашкан жогорку кемирчектер үстү жагынан ачык кеңири түтүкчөнү түзөт. Ал түтүкчөнүн ичинде үн түйүндөрү (голосовые связки) жайгашкан. Үн түйүндөрү бири-бирине карама-каршы кабатташып жаткан эки жуп чоюлгуч булчундан турат. Алардын сырткы экөө жалган үн түйүндөрү, ички экөө нагыз үн түйүндөрү болуп эсептелет. Үн түйүндөрү деп аталуучу ал чоюлгуч булчуңдар үстү жагынан калкан сымал кемирчектин ички капталы менен, ал эми асты жагынан кыймылга келип туруучу чөмүч сымал кемирчек менен тутумдашат.

Үн түйүндөрүнүн аралыгы үн жылчыгы (голосовая щель) деп аталат. Чөмүч сымал кемирчектин ар кандай кыймылына ылайык үн түйүндөрүнүн абалы өзгөрүлүп, үн жылчыгы ар түрдүү формага келет. Эгер үн түйүндөрү керилип, бири экинчиси менен тийишүү абалында турса, анда өпкөдөн чыгып келе жаткан аба аларды жарып өтөт да, натыйжада аларды термелтип, музыкалык тон – үн пайда кылат. Эгер үн түйүндөрү катуу керилбей, аба үн жылчыгынын азыраак тоскоолдук көрсөткөн абалында же кемирчек аралык жылчык аркылуу чыкса, шыбыр пайда болот. Ал эми үн түйүндөрү эч кыймылсыз абалда болуп, үн жылчыгы тосулбай кең ачылып турса, аба эч кандай тоскоолдуксуз эркин чыгып, эч кандай үн да, шыбыр да пайда болбойт.

Ошентип, көмөкөйдүн жана үн түйүндөрүнүн сүйлөө процессиндеги негизги функциясы бардык үндүү тыбыштардын жасалышына негиз болуучу жана айрым уяң жана жумшак үнсүздөрдүн жасалышында катыша турган үндү пайда кылуу болот.

**3. Көмөкөйдөн жогорку көңдөйлөр.**

Буларга **алкым көңдөйү**, **мурун көңдөйү** жана **ооз көңдөйү** кирет. Алар негизинен сүйлөө органдардын өз ара жакындашууларынын натыйжасында абанын кысылышынан же бири-бирине тийишкен органдардын жарылышынан пайда болгон шыбыштардан көп сандаган тыбыштардын жасалышынын булагы жана тыбыштардын резонатору катарында кызмат кылышат.

1) **Алкым көңдөйү** — көмөкөйдөн жогору ооз көңдөйүнүн артында жайгашкан баштык сымал көңдөйчө. Ал тыбыштарды жасоодо эки түрдүү кызмат кылат: анын тарышы менен айрым үнсүз тыбыштарды (мисалы, көмөкөйчүл **h**) жасоочу шыбыштарды пайда кылса, үндүү тыбыштардын жасалышында алардын тембрин түзүүчү резонатор катарында да кызмат аткарат.

2) **Мурун көңдөйү** — форма жана көлөм жагынан өзгөрө албаган, тыбыштарга мурунчул тембр берүүчү резонатор. Эгер жумшак таңдай ылдый түшүп, кичине тил алга жүткүнгөн болсо, абанын бир бөлүгү мурун көңдөйү аркылуу өтүп, мурунчул резонанстагы тыбыштар же мурунчул тыбыштар (**м**, **н**, **ң**) пайда болот.

3) **Ооз көңдөйү** алкым көңдөйүнөн бери жайгашкан. Ал мурун көңдөйүнөн алды жагы катуу, арт жагы болжол менен эң арткы азуу тиштин тушунан баштап кичине тил менен бүтүрүүчү жумшак таңдай аркылуу бөлүнүп турат.

Ооз көңдөйү тыбыштарды жасоодо өтө зор роль ойнойт. Анткени анда тыбыш жасоодо активдүү кызмат аткаруучу бир катар кыймылсыз жана кыймылдуу органдар жайгашкан. Ооз көңдөйүндөгү кыймылсыз органдарга катуу таңдай (палатум), тиштин бүйлөсү (альвеола), тиш кирет. Булар тыбыштардын жасалышында жардамчы гана кызмат аткарат. Ал эми кыймылдуу органдарга кичине тил (увула), жумшак таңдай (вэлум палати), тил, эриндер жана алдыңкы жаак жатат. Бул кыймылдуу органдар ооз көңдөйүнүн формасын жана көлөмүн түрдүүчө өзгөртүү менен, тыбыштардын жасалышында иштиктүү кызмат аткарышат. Кичине тил менен жумшак таңдай өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын ооз көңдөйү аркылуу же мурун көңдөйү аркылуу өтүшүнө мүмкүндүк ачып турат. Эгер жумшак таңдай жогору көтөрүлүп, кичине тил мурун көңдөйүнүн жылчыгын жапса, аба мурун көңдөйүнө өтө албай, ооз

көңдөйү аркылуу өтөт. Мындай учурда оозчул резонанстагы тыбыштар же оозчул тыбыштар (ротовые звуки) пайда болот. Аларга алдыда көрсөтүлгөн **м, н, ң** тыбыштарынан башкалардын бардыгы кирет Ооз көңдөйүндөгү эң активдүү мүчө — тил. Ал өтө эле кыймылдуу келип, горизонталь боюнча алга жана артка да, вертикаль боюнча өйдө жана төмөн да кыймылдай алат. Ошондой эле өзүнүн ар кайсы бөлүгү — учу, ортосу жана түбү ооз көңдөйүндөгү башка мүчөлөр менен жакындашуу же тийишүүгө жөндөмдүү келет. Ошентип, тыбыштарды жасоодо башка сүйлөө органдарына салыштырганда тил негизги ролду ойнойт. Мына ушуга байланыштуу фонетикада кептеги тыбыштарды бөлүштүрүүнүн бир принциби тилге байланыштуу каралат.

Ооз көңдөйүндөгү кыймылдуу органдардын бири — эриндер. Алар айрым тыбыштарды жасоодо орчундуу кызмат аткарат. Мисалы, өпкөдөн келе жаткан абанын эки эриндин тийишүүсүн жарып чыгышынан **б, п** тыбыштары пайда болсо, абанын астыңкы эриндин үстүңкү тиштер менен тийишүүсүнөн пайда болгон жылчыктан өтүшү **в, ф** тыбыштарын пайда кылат. Ал эми айрым үндүү тыбыштардын (мисалы: **о, у, ө, ү**) жасалышында эки эрин тегерек тартып чормоюуга дуушар болсо, айрым үндүүлөрдүн (мисалы: *ы,и* ) жасалышында эки эрин тең артка тартылууга мажбур болот.

Ооз көңдөйүнө тиешелүү кыймылдуу органдарга астыңкы жаакты да киргизүүгө туура келет. Анткени анын ылдый түшүшү жана жогору көтөрүлүшү ооз көңдөйүнүн кеңейишине жана тарышына шарт түзөт. Ошентип, астыңкы жаак үндүүлөрдү айтканда төмөн түшүп, үнсүздөрдү айтканда жогору көтөрүлүү менен аларга түрдүү фонация берет.

### Сүйлөө органдарынын активдүүлүк жана пассивдүүлүгүнө карата бөлүнүштөрү

Жогоруда айтылган сүйлөө органдарынын бардыгы тыбыштарды жасоодо бирдей даражада кызмат аткарбайт. Алардын айрым бир тобу кыймылдуу болуп, тыбыштарды жасоо процессинде активдүү роль ойносо, экинчи бир тобу сенек, пассивдүү болот. Муну байкоо үчүн айрым тыбыштардын жасалышын карап көрөлү: үнсүз **д, т, н** тыбыштары тилдин учу үстүңкү тиштин ички капталына барып такалып, ал тоскоолдукту абанын жарып чыгышынан жасалат. Ал эми, **в, ф** тыбыштарынын жасалышын алсак, астыңкы эриндин үстүңкү тишке жакындашуусунан пайда болгон жылчыктан абанын өтүшү аркылуу болот. Ошентип, **т, д, н** тыбыштарынын жасалышында тил **в, ф** ты-

быштарынын жасалышында астыңкы эрин кыймылга келип, активдүү роль ойносо, үстүңкү тиш бирде тилге, бирде эринге таканч болуп, пассивдүү кызмат аткарат.

Бул сыяктуу тыбыш жасоодогу аткарган кызматтарына карай сүйлөө органдарын өз ара – активдүү сүйлөө органдары жана пассивдүү сүйлөө органдары деп экиге бөлүүгө болот.

Активдүү сүйлөө органдары тыбыштарды жасоодо өзгөчө мааниге ээ. Анткени алар тыбыштардын жасалышына зарыл болгон түрдүү кыймылдарды жасоого жөндөмдүү келет. Аларга үн түйүндөрү, кичине тил, жумшак таңдай, тил жана эриндер кирет.

Ал эми пассивдүү сүйлөө органдары болсо, тыбыштарды жасоодо өз алдынча аракеттене алышпайт. Алар тыбыштарды жасоодо активдүү сүйлөө органдарына таканч болуп, көмөкчү гана кызмат аткарышат. Пассивдүү сүйлөө органдарына катуу таңдай, тиштин бүйлөсү (альвеола) жана тиштер (астыңкы жана үстүңкү) жатат.

Айрым тыбыштардын жасалышында кээ бир активдүү сүйлөө органдары экинчи активдүү сүйлөө органына карай пассивдүү ролдо болуп калышы да мүмкүн. Мисалы, активдүү сүйлөө органына кирген тилдин түбү түпчүл **к**, **г**, **х** тыбыштарын жасоодо пассивдүү орган катары кызмат аткарат. Анткени бул учурда кичине тил менен бирге жумшак таңдай кыймылга келип, төмөн түшөт да, тилдин түбү менен тийишип, активдүү ролдо болот.

Айрым тыбыштардын жасалышында эки активдүү сүйлөө органы бирдей даражада катышышы мүмкүн. Мисалы, эринчил үндүүлөрдү жасаганда, эки эрин тең кыймылга келип, бирдей чормоёт. Же эринчил **б**, **п**, **м** тыбыштарын жасоодо астыңкы эрин менен катар үстүңкү эрин да аз да болсо кыймылга келип, бири-бирине тийишүүгө көмөк берет.

Тыбыштардын жасалышындагы аткарган кызматына карай сүйлөө органдарын мындай активдүү жана пассивдүү деп бөлүштүрүүнүн фонетикада өзгөчө мааниси бар. Анткени тыбыштарды бөлүштүрүүнүн бир принциби активдүү сүйлөө органдарына негизделет.

### 4. Мээ – борбордук нерв системасы.

Жогоруда сөз кылынган сүйлөө органдарынын бардык кыймыл аракетин мээ – борбордук нерв системасы башкарат. Ал башка нервдердин тобу аркылуу тыбыш жасоочу тигил же бул органга сигнал (импульс) берип, аны түрдүү кыймылга келтирүүнүн натыйжасында биздин кебибиз түзүлө турган атомдор – тыбыштар пайда болот.

Борбордук нерв системасы жеке тыбыштарды жасоодо сүйлөө органдарына жетекчи ролду гана ойнобостон, кулак, башкача айтканда, бардык угуу системасы аркылуу тыбыштарды сырттан кабыл алуу

жана сезип-билүү функциясын да аткарат. Ошентип, адамдардын ортосунда тил аркылуу байланыш-катыш жасоо, пикир алышуу процессинде борбордук нерв системасынын кызматы зор.

**Артикуляция жана артикуляция базасы**

Кептеги тыбыштар сүйлөө органдарынын өз ара бири-бири менен ылайыкташкан кыймылынын негизинде пайда болот. Мындай кептеги тыбыштарды айтуу үчүн сүйлөө органдарынын зарыл болгон кыймылы же абалы **артикуляция** деп аталат.

Тыбыштарды айтуу үчүн сүйлөө органдарынын көнүмүш болгон кыймыл аракетинин жыйындысы тилдин **артикуляция базасы** болот.

Тыбыштар бардык эле тилдерде бирдей мүнөздө артикуляцияланбайт. Мисалы үчүн орус жана кыргыз тилдеринде айрым тыбыштардын артикуляцияланышын салыштырып көрөлү: эгер орус тилинде **а** тыбышы тилдин орто жеринде жасалып, жаактын кең эмес ачылышы менен айтылса, кыргыз тилинде ал тыбыш тилдин түп жагында, орус тилиндеги а тыбышынын айтылышына караганда жаактын бир кыйла кең ачылышы менен жасалат.

Орус тилинде бир катар үнсүз тыбыштардын сөз маанисин өзгөртө ала турган касиети бар жумшак (мягкие) варианттары (мисалы: **мед - медь**, **шест - шесть** ж.б.) болуп, алардын өздөрүнүн катпалаң (твердые) варианттарына караганда аз да болсо өзгөчө артикуляцияланышы орус тилинин артикуляциялык базасына мүнөздүү болсо, кыргыз тилинин артикуляциялык базасына бул өзгөчөлүк мүнөздүү эмес. Ошентип, ар бир тилдин артикуляциялык базасы башка тилдердин артикуляциялык базаларынан белгилүү өлчөмдө айырмалуу болот. Анткени ар бир тилдин ошол тилде сүйлөөчү коллектив тарабынан нечен кылымдар бою калыптанып иштелип чыккан өзүнө гана мүнөздүү артикуляциялык базасы болот.

Башка тилдердин, айрыкча бөлөк системага кирген тилдердин, артикуляциялык базасын үйрөнүү анын лексикасын жана грамматикалык түзүлүшүн үйрөнүүгө караганда бир кыйла кыйынчылык туудурат. Турмушта башка тилде сабаттуу сүйлөй билген айрым адамдардын кебинде да ал тилдин тыбыштары көбүнчө өз эне тилинин артикуляциялык базасынын негизинде, башкача айтканда, акцент менен айтылган учурларын көп эле кездештиребиз.

Кайсы гана тил болбосун анын артикуляциялык базасынын ыктары бир калыпта өзгөрүүсүз тура бербейт. Түрдүү таасирлердин негизинде алар акырындык менен өзгөрүп, өнүгүп турат. Муну кыргыз тилинин артикуляциялык базасынан эле даана көрүүгө болот. Эгер орус тилинен кирген **завод, вагон, фабрика** сыяктуу сөздөр алгачкы кездерде

**зоот, багон, бабрике** болуп кыргыз тилинин артикуляциялык базасынын ыктары боюнча айтылып келсе, азыр ал сөздөрдөгү кыргыз тилине мүнөздүү болбогон тыбыштардын артикуляциялануу ыктары өздөштүрүлүүнүн натыйжасында орус тилиндеги айтылышындай, же ага бир кыйла жакын айтылат.

Мунун өзүн тилибиздин тыбыштык курамынын өнүгүшүнүн бир белгиси катары эсептөөгө болот.

### Фонема жана фонология жөнүндө түшүнүк

Кептеги тыбыштарды физикалык жана биологиялык жактан ар кандай аппаратураларды колдонуп, өтө дыкаттык менен кылдат текшерип үйрөнүү жетишсиздик кылат. Анткени адамдар тыбыш менен сөздөрдү, сүйлөмдөрдү бирөөнө айта алат, экинчиси аны угат да, ошонун натыйжасында алар бирин бири түшүнүшөт, бири менен бири пикир алышат. Демек, тыбыш – бул жөн гана акустикалык же физиологиялык көрүнүш эмес, ошону менен бирге лингвистикалык (же социалдык) да көрүнүш. Ошондуктан тыбыштарды адамдардын пикир алышуу куралы болгон тилдин эң кичине бирдиги катары лингвистикалык же социалдык аспектиде да текшерип үйрөнүүнүн зарылдыгы келип чыгат. Фонема жөнүндөгү окуу тыбыштарды мына ушул өңүттөн карайт.

Адамдардын кебинде көп сандаган тыбыштар колдонулат. Ал тыбыштардын бардыгы эле артикуляциялык жана акустикалык жактан мүнөздөмөгө ээ. Маселен, **ат** деген эки эле тыбыштан турган сөздү катуу же шыбырап, күрүлдөгөн жоон үн менен же чыйылдаган ичке үн менен, жай же ылдам темпте, ар ким өзүнө тиешелүү тембр менен айтса, **а** тыбышынын, **т** тыбышынын ар бири ар башка айтылышында акустикалык жана артикуляциялык жактан көп сандаган ар башка тыбыш болуп айтылат. Бирок мындай айтылыштан сөздүн мааниси өзгөрбөйт, «көп сандаган ар башка тыбыштар» маани менен байланышкан эки гана тыбышка биригет. Демек, айтылган тыбыштардын бардыгы эле тилде бирдей кызмат аткарбайт, б.а. алардын айрымдары сөздөрдүн маанисин жана формасын айырмалоочу касиетке ээ боло алса, айрымдары андай касиетке ээ эмес. Мисалы, кыргыз тилиндеги **бал** деген сөз үч тыбыштан турат. Эгер ал сөздүн составындагы **а** тыбышын **о, э, и** тыбыштары менен алмаштырсак, **бол, бел, бил** деген башка маанидеги сөздөр пайда болот. Ошондой эле ал сөздүн башкы б тыбышын **к, т, ж** тыбыштары менен алмаштырсак, **кал, тал, жал** деген маанидеги сөздөр, ал эми аяккы л тыбышын **р, ш, с** тыбыштары менен алмаштырсак, **бар, баш, бас** деген жаңы маанидеги сөздөр пайда болду. Мындан биз **а, о, э, и, б, к, т, ж, д, р, ш,** с тыбыштарынын сөз

маниси айырмалай ала турган тыбыштар экендигин байкадык.

Мына ушул сыяктуу салыштыруу жолу менен тыбыштардын грамматикалык формаларды айырмалоочу касиетин да байкоого болот. Мисалы, кыргыз тилиндеги *балам, балаң* деген сөздөрдү салыштырып, уңгуларын бөлүп алсак, -м, -ң деген бөлүктөрү заттын кайсы жакка таандык экендигин ажыратып турат.

Мындай сөздүн маанисин жана формасын айырмалай алуучу тыбыштар гана адамдар ортосунда байланыш-катыш жасоодо негизги ролду ойноошот да, фонемалар[1] деп аталышат.

Ошентип, **фонема** деп, тилдин маани берүүчү бирдиктери болгон морфемалардын, сөздөрдүн тыбыштык курамына кирүүчү жана аларды мааниси жагынан да, форма жагынан да айырмалоочу, башка бардык фонемаларга карама-каршы коюлуучу, тарыхый жактан түзүлгөн эң кичине, андан ары бөлүнбөй турган тыбыштык бирдикти айтабыз.

Фонема жөнүндөгү окуу **фонология**[2] деп аталат. Бул илимдин алгачкы фундаменти XIX кылымдын 70-жылдарында орус окумуштуулары И.А.Бодуэн де Куртенэ (1845-1929) жана Н.В.Крушевский (1851-1887) тарабынан негизделген. XX кылымда ал академик Л.В.Щерба, Н.С.Трубецкой, Н.Ф.Яковлев, кийинчерээк М.И.Матусевич, Л.Р.Зиндер, Р.И.-.Аванесов, П.С.Кузнецов, А.А.Реформатский, В.Н.Сидоров, А.М.Сухотин, Г.А.Климов ж.б. окумуштуулар тарабынан өнүктүрүлүп келген жана өнүктүрүлүүдө. Бирок «фонема» деген терминдин мазмуну ар башка окумуштууларда бир мааниде түшүнүлбөй фонологиялык ар башка багыттагы мектептерди пайда кылып келүүдө (мисалы, Петербург жана Москва фонологиялык мектептери).

Ар бир фонема сөздөгү позициялык ордуна, жанаша келген тыбыштардын таасирине ж.б. байланыштуу кеп агымында өзүнүн алгачкы сапатын өзгөртүп, түрдүүчө айтылышы мүмкүн. Мисалы: *аба, кабы* деп жазабыз, *ava, kavы* деп айтабыз. Ошондой эле, *тузсуз, чачтуу* деп жазабыз, *туссуз, чаштуу* деп айтабыз. Бул мисалдарда эки үндүүнүн ортосунда келген б тыбышы жумшарып v тыбышына, з, ч тыбыштары каткалаң тыбыштардын таасири менен с, ш тыбыштарына өтүп айтылды. Бирок андан ал сөздөрдүн маанилери өзгөргөн жок, ошентип кийинки тыбыштар алгачкы тыбыштардын белгилүү шартка байланыштуу өздөрүнүн айтылуу сапатын өзгөрткөн түрлөрү гана болду.

Жогоруда келтирилген мисалдардагы сыяктуу кеп агымында айтылып, позициялык ордуна (сөздөгү алган орду, жанаша турган тыбыш-

---

1. Фонема - гр. phone - деген сөзден алынып, "үн тыбыш" деген түшүнүктү берет.
2. Фонология - гр. phone - "үн, тыбыш" жана logos "окуу" деген сөздөрүнөн түзүлүп, фонема жөнүндөгү илимди түшүндүрөт.

тардын таасири ж.б.) байланыштуу артикуляциялык жана акустикалык жактан айырмаланган (түрдүүчө айтылган) тыбыштар өздөрүнүн социалдык функциясы боюнча тилде бир тыбыштык типке — фонемага биригет да, алардын (фонемалардын) оттенкалары же варианттары (аллофондору) болуп эсептелинет.

Ар бир тилде өтө көп сандагы тыбыштар болушу мүмкүн, бирок морфемаларды жана сөздөрдү жасоочу жана аларды бири биринен айырмалоочу касиетке ээ болгон тыбыштык бирдиктер — фонемалар белгилүү гана санда болот. Алар ошол тилдин фонемалык системасын түзөт. Бардык тилдердин фонемалык системасы бирдей санда болбойт. Алсак, азыркы кыргыз адабий тилинде 14 үндүү, 25 үнсүз, бардыгы 39 фонема болсо, орус тилинде 6 үндүү, 35 үнсүз, бардыгы 41, англис тилинде 13 үндүү, 3 дифтонг, 24 үнсүз, бардыгы 40, француз тилинде 18 үндүү, 17 үнсүз, бардыгы 35, фин тилинде 16 үндүү, 14 үнсүз, бардыгы 30, абхаз тилинде 3 үндүү, 68 үнсүз, бардыгы 71, аракта (австралия) тилинде 3 үндүү, 10 үнсүз, бардыгы 13 фонема бар. Фонемалардын саны жакын тектеш тилдерде да бирдей болбойт. Мисалы, кыргыз тилине жакын тектеш тилдерден болгон өзбек тилинин фонемалык системасы 6 үндүү, 25 үнсүз, бардыгы 31, казак тилинде 9 үндүү, 26 үнсүз, бардыгы 35, алтай тилиники 16 үндүү, 26 үнсүз, бардыгы 42 фонемадан турат. Фонемалардын мындай сан жагынан болгон айырмасы айрым тилдердин гана ортосунда болбостон, бир эле тилдин диалект, говорлорунун ортосунда да болот. Муну кыргыз тилинин эле диалект, говорлорунун фонемалык системасын салыштырып көрсөк, даана байкай алабыз. Мисалы, кыргыз тилинин түндүк диалектисине кирген говорлордо (Таластан башка) 14 үндүү, 19 үнсүз, бардыгы 33 фонема колдонулса, Талас говорунда алар менен катар эринчил 4 дифтонг, бардыгы 37 фонема колдонулат. Ал эми түштүк диалектиге кирген көпчүлүк говорлордо негизинен 16 үндүү, 23 үнсүз, бардыгы 39 фонема болсо, ичкилик говорунда булардан сырткары эринчил 4 дифтонг кездешип, бардыгы 43 фонема бар.

Тилдердин тарыхый өсүш этаптарында алардын лексикалык составы, грамматикалык түзүлүшү менен катар тыбыштык составында да өзгөрүүлөр болуп турат.

Алсак, Октябрь революциясынан кийинки доорлордо кыргыз элинин турмушунда болгон коомдук саясий өзгөрүүлөргө, экономикалык, маданий, илимий-техникалык өсүштөргө байланыштуу кыргыз тилинин сөздүк составы көп сандаган жаңы терминдер жана сөздөр менен байыды. Алардын бир бөлүгү өз эне тилибиздин ички ресурстарын пайдалануу аркылуу жасалса, экинчи бир бөлүгү орус тилинен даяр түрүндө өздөштүрүлүп алынды. Мына ошол орус тилинен синген *журнал, жюри,*

*жакет, вагон, август, фабрика, патефон, химия, цирк, центнер, щетка, ящик ж.б.* сыяктуу сөздөр менен бирге мурда кыргыз тилине мүнөздүү болбогон ж(z) в, ф, х, ц, щ фонемалары өздөштүрүлүп, тилибиздин фонетикалык системасы да толукталды.

# КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ ТЫБЫШТАР ЖАНА АЛАРДЫН КЛАССИФИКАЦИЯСЫ

## Тыбыштарды бөлүштүрүүнүн артикуляциялык негиздери

Кептеги тыбыштар (фонемалар) эбактан бери эле үндүү жана үнсүз болуп эки топко бөлүнүп келе жатат. Тыбыштарды мындай кылып бөлүштүрүүнүн артикуляциялык негизи эмнеде?

Биринчиден, өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымы ооз көңдөйүнөн кандайдыр бир жолтоочулукка учураса, мында шыбыш пайда болот да, ошол шыбыштан үнсүз тыбыштар жасалат. Анын тескерисинче, абанын агымы ооз көңдөйүнөн эч жолтоосуз чыкса, музыкалык тон пайда болуп, мындан үндүү тыбыштар жасалат.

Экинчиден, үндүү тыбыштарды айткан учурда бардык сүйлөө органдары туташ чыңалууда болот. Мында жада калса резонатор болуп кызмат аткарган көңдөйлөрдүн беттери да чыңалат. Үнсүздөр жасалганда жолтоочулук учураган жерде гана чыңалуу болот да, калган сүйлөө аппараттар бош болот.

Үчүнчүдөн, үнсүздөрдү айтканда өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымы күчтүү болот, өзгөчө каткалаң үнсүздөрдү айтканда ооз көңдөйүнөн учураган жолтоочулук чоң күч менен жарылат, ал эми үндүүлөрдү айтканда абанын агымы алда канча күчсүз чыгат. Жалпылап айтканда, тыбыштардын үндүү, үнсүз болуп бөлүнүшү сүйлөө аппараттарынын чыңалышына, чыгып келе жаткан абанын жолтоочулукка учурашына жана абанын агымынын күчүнө негизделет.

## Үндүү тыбыштар (вокализм)

Өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын күчсүз агымы ооз көңдөйүнөн эч жолтоочулукка учурабай, бардык сүйлөө органдарын туташ чыңалтып, үн түйүндөрүн дирилдетүүдөн пайда болгон тыбыштар **үндүү тыбыштар** деп аталат.

Азыркы кыргыз адабий тилинде он төрт үндүү фонема бар.Алардын сегизи — кыска үндүү: **а, э (е), о, ө, ы, и, у, ү** жана алтоо - созулма

үндүлөр: **аа, ээ, оо, өө, уу, үү.**

Кыргыз алфавитинде кыска үдүүлөрдүн ар бири өзүнчө тамга менен белгиленген. Созулма үндүүлөр үчүн алфавитте өзүнчө атайын тамгалар алынбастан, аларга түгөйлөш кыска үндүү тамгалардын эки кайталанып жазылышы аркылуу берилет.

Кыргыз тилиндеги үндүү тыбыштар аларды жасоодо катышкан негизги органдардын – тилдин жана эриндин абалына карата жана үндүн созулушуна жараша төмөндөгүдөй болуп бөлүнөт:

А. **Тилдин абалына карата.** Тил үндүүлөрдү жасоодо негизинен эки багыт – горизонталь жана вертикаль боюнча өзгөрөт.

Тил горизонталь боюнча алдыны көздөй жүткүнүп, учу астынкы тиштин бүйлөсүнө (альвеолага) тийүү менен айтылышынан **тил алды (ичке) үндүүлөр** жасалат. Буга **и**, э, ээ, **ү, үү, ө, өө** фонемалары кирет.

Тил артка карай жыйрылып, учу астынкы альвеолага тийбей айтылганда **тил арты** (жоон) үндүүлөр жасалат. Буга **а, аа, у, уу, о, оо, ы**[1] фонемалары кирет.

Тилдин вертикаль боюнча же көтөрүлүү даражасы боюнча өзгөрүшүнө карай да үндүүлөр үч топко бөлүнөт:

а) кууш үндүүлөр – мында тил таңдайды карай жогору көтөрүлүп, жаак **кууш** ачылат. Буга **и, ы, у, уу, ү, үү** фонемалары кирет.

б) кең үндүүлөр – мында тил анчалык көтөрүлбөйт да, жаак **кең** ачылат. Буга **а, аа** фонемалары кирет.

в) жарым кууш үндүүлөр – мында тил таңдайды көздөй бир аз гана көтөрүлөт да, жаак орточо ачылат. Буга **э, ээ, ө, өө, о, оо** фонемалары кирет.

Б. **Эриндин абалына** карай. Үндүүлөрдү айткан кезде эрин эки түрдүү абалда болот.

а) Айрым үндүүлөрдү айтканда эрин пассивдүү абалда болуп, резонатордун кызматындагы ооз көңдөйүнүн алдыңкы чеги катары тиш эсептелет. Бул абалда пайда болгон үндүүлөр эринсиз же лабиалсыз үндүүлөр деп аталат. Буга **и, ы, э, ээ, а, аа** фонемалары кирет.

б) Башка бир үндүүлөрдү айткан учурда эрин алдыны көздөй чормоёт да, резонатордун алдыңкы чеги болуп эсептелет. Резонатордун көлөмүнө, формасына жана андагы тешиктин өзгөргөндүгүнө карай үндүүнүн сапаты, башкача айтканда, тембри да өзгөрөт. Бул абалда пайда болгон үндүүлөр эринчил же лабиалдуу үндүүлөр деп аталат. Буга

[1] Ы фонемасы башка тил арты үндүүлөргө караганда тил ортоңку абалда жасалат. Ошондуктан айрым эмгектерде жасалуу орду боюнча өзүнчө бөлүп көрсөтүлөт. Маселен, И. А. Батмановдун "Современный киргизский язык" (1963) деген эмгегинин 30-бетиндеги, Т. Акматов менен Ж. Мукамбаевдердин "Азыркы кыргыз тили: фонетика, лексика"(1978) окуу китебинин 26-27-беттериндеги таблицаларды караңыз, бирок практикалык жактан мындай бөлүнүүнүн зарылчылыгы жок.

ү, үү, у, уу, ө, өө, о, оо фонемалар кирет

В **Үндүн созулушуна карай.** Кыргыз тилиндеги үндүү тыбыштар физиологиялык (артикуляциялык) белгилерине карата гана классификацияланбастан, физикалык (акустикалык) белгисине да, башкача айтканда, үндүн созулушуна карата экиге — кыска жана созулма үндүүлөргө бөлүнөт.

Биз тыбыштардын акустикалык (физикалык) созулушу менен фонемалык (лингвистикалык) созулушун ажырата билүүбүз зарыл Башкача айтканда, сүйлөө кебинде бир эле үндүү фонеманы ар кандай шартка, кырдаалга жараша, мисалы, сүйлөөнүн темпине, коншу тыбыштардын таасирине,үндүү тыбыштын сөз ичинде алган ордуна, кептин коннтекстине жана башкаларга карата созуп же кыска айтууга болот. Буга мисал катары орус окумуштуусу В.В.Радловдун «Түндүктөгү түрк урууларынын элдик адабиятынын үлгүлөрү» деп аталган эмгегинин V бөлүмүндөгү[1] жана венгер окумуштуусу доктор Г.А.Алмашинин «Баатыр Манастын уулу менен коштошкону» деген макаласындагы[2] фонетикалык транскрипция менен жазган кыргыз тексттерин көрсөтүүгө болот. Мында тексттеги айрым сөздөрдө созулма үндүү келе турган жерлер кыска үндүү же, анын тескерисинче, кыска үндүү колдонууга тийиш болгон жерлер созулма үндүүлөр менен берилген. Мисалы, Радловдо

Чоюн кулактын үйүнөн
Су алчы жерге келди (569-бет)
Чаян көстүү чап **жактуу**
Кырк чилтени башында (234-бет)
Каныкей жыргалды **көөрсүн** (64-бет).
Алтымыш баштуу ак **ордоо** (233-бет)

Алмашиде: **Ааргын мээнен** Ногойго
**Амаандашын көрүштүү** (5-ырда)
**Ааттаанын кээтин бараасын**
**Амаан** соо келгин! — деп (8-ырда)

Мунун себеби, балким, ырды обон менен айткан учурда жазгандыктан болуу керек[3].

Демек, үндүү тыбыштын бардык учурда эле созулушу фонемалык касиетке ээ эмес Мындай созулуш тигил же бул үндүүнүн туруктуу

1 Радлов В В Образцы народной литературы северных тюркских племен Часть V Наречие дикокаменных киргизов - СПБ , 1885

2 Der Abschied des Helden Manas von seinem Sohne, "Keleti Szemle (1911, т XII, 216-бет) деген журналда

3 Бул тууралуу к С Кондучалова, В В Радловдун жыйнаган материалдарындагы кыргыз тилинин фонетикалык өзгөчөлүктөрү - Фрунзе, 1961, 44-50-беттер, Батманов И А , Современный киргизский язык вып 1 - Фрунзе, 1963, 35-36-беттер

белгиси боло албайт.

Анын тескерисинче, кыргыз тилинде кептеги жалаң фонетикалык факторлорго гана көз каранды болбогон, кыска жана созулмалыгы жактан бири-бирине дайыма карама-каршы турган, ошондуктан сөздөрдү семантикалык жактан айырмалоо касиетине ээ болгон кыска **а, э, ы, и, о, ө, у, ү** фонемалары жана созулма **аа, ээ, оо, өө, уу, үү** фонемалары бар

Үндүүлөрдү классификациялоонун таблицасы

№ 1 таблица

| Созулушуна карай | Эринге карай | Эринсиз үндүүлөр | | Эринчил үндүүлөр | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Тилдин горизонталдык абалына карай / Тилдин вертикалдык абалына карай | Тил алды (ичке) | Тил арты (жоон) | Тил алды (ичке) | Тил арты (жоон) |
| Кыска үндүүлөр | кең үндүүлөр | | а | | |
| | жарым кууш үндүүлөр | э | | ө | о |
| | кууш үндүүлөр | и | ы | ү | у |
| Созулма үндүүлөр | кең үндүүлөр | | аа | | |
| | жарым кууш үндүүлөр | ээ | | өө | оо |
| | кууш үндүүлөр | | | үү | уу |

## Кыска үндүүлөрдүн мүнөздөмөсү

А фонемасы тилдин горизонталдык абалы боюнча тил артчыл (жоон), вертикалдык абалына карай кең жана эриндин катышына карата эринсиз үндүү болуп эсептелет. Ал сөздүн бардык позициясында (сөз башында, ортосунда, аягында) колдонула берет. Мисалы:

ат, азыр, акын (сөз башында),
жаз, кар, сары (сөз ортосунда),
бала, сына, жума (сөз аягында).

Ы фонемасы тилдин горизонталдык абалы боюнча а фонемасы сыяктуу эле тил артчыл жана эриндин абалына карай эринсиз үндүү. Бирок тилдин вертикалдык абалына карай андан айырмаланып, кууш үндүүлөрдүн

катарына кирет. Сөздүн бардык позициясында колдонулат. Мисалы:

**ысык, кызыл, ачы.**

Э (е) фонемасы тилдин учу алдыңкы көздөй жүткүнүп, астыңкы тиштин түбүнө тийип айтылат. Тилдин көтөрүлүү даражасы боюнча жарым кууш үндүү жана эринге карай эринсиз. Бул фонема да сөздүн бардык орундарында келе берет жана жазууда сөз башында э тамгасы менен (эрин, эки, эт), сөз ортосунда жана сөз аягында е тамгасы менен йоттошкон е (йе) тамгасы да белгиленет. Мисалы: ниет, киет, ефрейтор ж.б.

И фонемасы – тил алды (ичке) эринсиз кууш үндүү. Ал да сөздүн бардык позициясында келет: *ини, эки, ким ж.б.*

О фонемасы тилдин горизонталдык абалы боюнча тил артчыл (жоон), вертикалдык абалы боюнча жарым кууш үндүү болот да, эриндин абалына карай эринчил. Сөздүн башында, ортосунда, аягында келе берет: *оку, кол, коло ж.б.*

У фонемасы эринге карай эринчил, тилдин горизонталдык абалына карай тил артчыл (жоон) жана вертикалдык абалы боюнча кууш үндүү болуп эсептелет. Бул да сөздүн бардык позициясында колдонулат. Мисалы: **ук, кулун, улу** ж.б.

Ө фонемасы кыргыз тилинде тил алды (ичке), эринчил, жарым кууш үндүү болот: өт, көз, өтө ж.б.

Ү фонемасы да ө сыяктуу тил алды эринчил үндүү болуу менен, тилдин көтөрүлүшүнө карай кууш үндүү болуп, андан айырмаланат. Мисалы : күн, түлкү ж.б.

## Созулма үндүүлөр

Кыргыз адабий тилинде алты созулма үндүү фонема бар. Алар: ***аа, ээ, оо, өө, уу, үү.***

Созулма үндүүлөр артикуляциялык жактан аларга түгөйлөш кыска үндүүлөргө дал келет да, айтылышынын узактыгы жагынан гана ага карама-каршы турат. Ошону менен бирге кыргыз тилиндеги созулма үндүүлөр сөздүн маанисин айырмалоо касиетине ээ болуу менен, өзүнчө фонема болуп эсептелет. Мисалы:

**сат–саат, жан–жаан, тан–таан, эр–ээр, ток–тоок,**
**ор–оор, сур–суур, ме–мээ** ж.б.

Созулма үндүүлөр кыргыз тилинен башка түркмөн, уйгур, якут, тува, тоолуу- алтай, хакас, гагауз тилдеринде жана өзбек, түрк (турецкий) тилдеринин айрым диалектилеринде, говорлорунда кезигет.

Жалпы түрк тилиндеги созулма үндүүлөрдү түркологиялык адабияттарда шарттуу түрдө адепки же байыркы түрк созулмалары жана туунду же орун баскыч созулмалар деп экиге бөлүп жүрөт. Адепки созулмаларга мисал катары түркмөн, якут тилдериндеги кээ бир үнгүлардагы созулма үндүүлөрдү көрсөтүүгө болот. Мисалы:

түркм. **аат**//як. **аат**//кырг. **ат** – «имя»;
түркм. **йааз**//як. **саас**//кырг. **жаз** – «лето»;
түркм. **баар**//як. **баар**//кырг. **бар** – «есть»;
түркм. **дааш**//як. **таас**//кырг. **таш** – «камень»;
түркм. **дууз**//як. **туус**//кырг. **туз** – «соль».

Ал эми кыргыз тилиндеги жана калган башка түрк тилдериндеги созулма үндүүлөр туунду (орун баскыч) созулмалар болот, анткени алар белгилүү бир позициядагы үнсүз тыбыштын жоюлушунан жана байыркы түрк тилдериндеги сөз аягында кезиккен жумшак ғ, г тыбыштарынын дифтонгго, андан созулмага өтүшүнөн пайда болгон. Мисалы:

бай. түрк. **ағыр**, өзб. **оғир**, каз. **ауыр**, кырг. **оор**;
бай. түрк. **оғул** өзб. **угил**, кырг. **уул**;
бай. түрк. **сөңүк**, өзб. **суяк**, уйг. **сүйак**, кырг. **сөөк**;
бай. түрк. **тағ>taw>tow>тоо**;
бай. түрк. **суб//суғ>cyw>суу** ж.б.

Адепки же байыркы түрк созулмаларынын чыгышы жөнүндөгү проблема түркологияда бүгүнкү күнгө чейин али чечиле элек. Балким, «адепки», «байыркы» деп аталып жүргөн созулмалар да өз кезегинде туунду созулмалар сыяктуу эле пайда болушу мүмкүн. Төмөндө кыргыз тилиндеги ар бир созулма үндүүнүн пайда болуш тарыхына токтолуп көрөлү:

**1. Созулма аа тыбышы.** Бул тыбыш негизинен төмөндөгүдөй учурларда пайда болот:

1) Байыркы түрк тилиндеги сөз аягында кездешкен ғ тыбышынын үндүүгө айланышынан: бай. түрк **йағ**. өзб. **ёғ**, каз. **жау**, кырг. **жаа** (жамгыр, кар жөнүндө); бай. түрк. **сағ**, өзб. **соғ**, уйz. соғ, каз. **сау**, кырг. **саа** ж.б.

2) Эки үндүүнүн ортосундагы ғ тыбышынын түшүүнөн: бай. түрк. **тағай**, өзб. **тоға**. уйг. **таға**, кырг. **таа** (таажене); бай. түрк. **тағар**, уйг. **тағар**, кырг. **таар**; эск. жазм. монг., бай. түрк. **бағатур**, аз. монг., бурят. **баатыр**, тув. **маатыр**, кырг. **баатыр**; эск. жазм. монг. **кағалға**, аз. монг., бурят. **хаалға**. тув. **хаалға**, кырг. **каалга**; эск. жазм. монг. **сағадак**, аз. монг., бурят. **саадак**, кырг. **саадак**; бай. түрк. **сағым**, кырг. **саам**; бай. түрк. **сағын**, алт., тув. **саан**, кырг. **саан** ж.б.

3) Сейрек болсо да эки үндүүнүн ортосундагы ң тыбышынын түшүп калышынан: бай.түрк. **йаңак**, уйг. **йаңак**, алт. **йаак**, тув. **чаак**, хак.

**паах**, кырг. **жаак**; бай. түрк. **маңра**, каз., ккалп. **маңыра**, як. **маңыраа**, кырг. **маара** ж.б.

4) Кыргыз тилинин айрым говорлорунун материалдарына карағанда тыбыштардын **ага** сыяктуу айкалышынан да пайда болот.

ад. **мага** гов. **маа**;

ад. **сага** гов. **саа**;

ад. **ага** гов. **аа**.

5) Адабий тилде жана көпчүлүк говорлордо **тап-**, **чап-**, **кап-**, **жап-** сыяктуу этиштерге чакчыл **-ып** мүчөсү уланганда, унгунун аягындагы п тыбышынын түшүп калышынан да пайда болот.: **тап+ып=таап**; **чап+ып=чаап**; **кап+ып=каап**; **жап+ып=жаап**.

6) Өздөштүрүлүп алынган сөздөрдүн курамындагы **ае**, **аеа**, **еа** сыяктуу тыбыштык айкалыштардагы х тыбышынын түшүп калышынан: таж., өзб. **бахо**, уйг. **баха**, түрк. **баха/паха**, каз. **баға**, кырг. **баа**; таж. **шахр**, өзб. **шахар**, кырг. **шаар**; таж., өзб. **насихат**, кырг. **насаат**; өзб. **хохла**, кырг. **каала**; таж., өзб. **шах**, каз. **шаһ**, кырг. **шаа**; таж., өзб. **қахрамон**, уйг. **кәһриман**, кырг. **каарман** ж.б.

7) Басым түшкөн кыска үндүүнүн созулуп айтылышынан созулма **аа** пайда болгон: таж., өзб. **ном**, кырг **наам**; таж., өзб. **олам**, уйг. **һәлем**, кырг. **аалам** ж.б.

**II. Созулма ээ тыбышы.**

1) Эки ичке үндүүнүн ортосундагы г, й тыбыштарынын түшүп калышынан пайда болот: бай. түрк. **йеген//йегин//йиген**, өзб. **жиян**., каз. **жиен**, уйг. **жийән**, тув. **чээн**, алт. **йээн**, кырг. **жээн**; бай түрк. **эга**, өзб. **эга**, уйг. **эгә**, каз. **ие**, алт., тув. **эйе**, кырг. **ээ**; бай түрк. **йегрен**, кырг. **жээрде** ж.б.

2) Башка тилдерден кирген кээ бир сөздөрдүн курамындагы х тыбышын түшүшүнөн да келип чыккан. Мисалы: таж., өзб. **мехр**, уйг. **меһир** каз. **мейир**, кырг. **мээр** (мээрим); таж. өзб. **мехнат**, уйг. **мехнәт**, каз. **бейнет**, кырг. **мээнет**; таж. өзб. **зехн**, уйг. **зеһин**, каз. **зейин**, кырг. **зээн** ж.б.

3) Адабий тилде жана түндүк говорлордо **теп-**, **сеп-** сыяктуу этиштерге **-ып** мүчөсү уланганда, унгунун аягындагы п тыбышынын түшүшүнөн да созулма ээ пайда боло тургандыгын көрөбүз: **теп+ып=тээп**, **сеп+ып=сээп** ж.б.

**III. Созулма оо тыбышы.**

1) Интервокалдык позициядагы г, к, в тыбыштарынын түшүп калышынын натыйжасында эки үндүүнүн биригип кетишинен пайда болот: бай. түрк. **ағыр**, азерб., түрк. **ағыр**, өзб. **оғир**, каз. **ауыр**, алт. **уур**, кырг. **оор**; бай. түрк. **йоған**, өзб. **йуған**, уйг. **йоған**, алт. **йоон**, тув.,

хак. **чоон**, кырг. **жоон**; бай. түрк. **агыз**, кырг. **ооз**; бай. түрк. **аңырыы//ағры**, кырг. **ооpу**; бай. түрк. **тағук//такағу//такығу//такук**, кырг. **тоок**; бай. түрк. **бағыр**, азерб., түрк **бағыр**, хак. **паар**, алт. **буур**, кырг. **боор**; уйг. **давир**, каз. **дауыр**, кырг. **доор** ж.б.

2) Байыркы түрк тилиндеги сөз аягындагы жумшак ғ тыбышынын дифтонгго, андан созулмага айланышынан өнүккөн: бай. түрк. **сағ**, өзб. **соғ**, каз. **сау**, кырг. **соо**; бай. түрк. **бағ**, өзб. **боғ**, каз. **бау**, кырг. **боо**; бай. түрк. **йағ**, кырг. **жоо**; бай, түрк. **ағ//аг**, кырг. **оо** (мисалы, кырдан ооду); бай. түрк. **соруғ**, кырг. **суроо**.

**IV. Созулма өө тыбышы.** Көбүнчө тил алды (ичке) үндүүлөрдүн ортосунда же алар менен жанаша келген **й, г, к, н, h, в** тыбыштарынын түшүшүнөн өнүгүп чыгат: бай. түрк. **сөңүк**, уйг. **суйәк**, өзб. **суяк**, кырг. **сөөк**; бай. түрк. **мүhр**, өзб. **мухр**, кырг. **мөөр**; бай. түрк. **күдегү**, өзб. **куев**, кырг. **күйөө**; бай. түрк. **көпрүк**, кырг **күпүрөө**; өзб. **давлат**, кырг. **дөөлөт**; таж., өзб. **кухна**, кырг. **көөнө** ж.б.

**V. Созулма уу тыбышы** негизинен төмөнкүдөй тыбыштык өзгөрүүлөрдөн пайда болот:

1) Тил артчыл үндүүлөрдүн ортосунда келген ғ, в тыбыштарынын жоюлушунан: бай. түрк. **оғул**, өзб. **уғил**, кырг. **уул**; бай, түрк. **авуч**, өзб. **ховуч**, кырг. **ууч**; бай түрк. **соғык//соғук**, өзб. **совук**, каз. **суык**, кырг. **суук** ж.б.

2) Байыркы түрк тилиндеги сөз аягындагы **ғ, б** тыбышынын созулмага өтүшүнөн: бай. түрк. **боғ**, өзб. **буғ**, кырг. **буу (муунт)**; бай. түрк., өзб. **улуғ**. кырг. **улуу**; бай. түрк. **туғ**, өзб. **туғ**, кырг. **туу**; бай. түрк. **катығ**, өзб. **катык**, кырг. **катуу**; бай. түрк. **суғ**, кырг. **суу**; бай. түрк. **аб**, кырг. **уу** (аң уулоо); бай. түрк. **абла**, кырг. **уула** (аң уула).

**VI. Созулма үү** көбүнчө **өг, иг, үй** деген тыбыштардын айкалышынан пайда болот: бай.түрк. **көг**, каз. **күй**, өзб. **куй**, кырг. **күү**; бай. түрк. **кечиг**, кырг. **кечүү**; бай. түрк. **элиг**, өзб. **элик**, кырг. **элүү**; бай. түрк. **тириг**, өзб. **тирик**, кырг. **тирүү**; бай. түрк. **чериг**, кырг. **черүү** ж.б.

Тарыхый жагынан алганда, эринсиз созулма үндүүлөр мурда, эринчил созулма үндүүлөр кийин пайда болгон[1].

Кыргыз тилинде созулма үндүүлөр сөздүн уңгусунда жана бир аз мүчөлөрдө да учурайт. Созулма үндүүлөр негизинен төмөндөгү беш мүчөдө өзүнүн варианттары менен келет жана жазууда берилет:

1) Сын атоочту жасоочу **-луу, -лүү, -дуу, -дүү, -туу, -түү** мүчөсүндө (мисалы: **балалуу, токойлуу, элдүү, таштуу**).

2) Кыймыл атоочтун **-уу, -үү, -оо, -өө** мүчөсүндө (мисалы: **жазуу, калуу, баштоо, иштөө**).

1 Юнусалиев Б.М. Кыргыз диалектологиясы. - Фрунзе. Мектеп, 1971, 98-115-б.

3) Жамдама сан атоочтун **-оо, -өө** мүчөсүндө (мисалы: **бешөө, экөө, үчөө, алтоо**).

4) Сын атоочтун салыштырма даражасынын -ыраак, -рээк, **-роок, -рөөк** мүчөлөрүндө (мисалы: **жакыныраак, кичүүрөөк, ичкерээк**).

5) **-доoч (да+гыч)** мүчөсүндө (мисалы: **баяндооч,тактооч**).

Мындан башка айтууда **-аган (алаган, алааган)**, **-агач (көрөгөч, көрөөгөч)**, **-чак (оюнчак, оюнчаак)**, **-ул (чабул, чабуул)** мүчөлөрү жана баяндоочтук позицияда *-ар* мүчөсү (**жазармын, жазаармын**) да созулма үндүү аркылуу берилет.

Кыргыз тилинде созулма үндүү менен да, кыска үндүү менен да келе берүүчү сөздөр бар. **Тооба-тобо, тебээле-тебеле, таажы-тажы, чогоол-чогол, чолоо-чоло, дидаар-дидар** ж.б.

Демек, бул уяң үнсүздөрдүн жана кээ бир жумшак үнсүздөрдүн алдында созулма үндүүлөрдүн кыскарууга бет алгандыгын күбөлөйт.

## Үнсүз тыбыштар (консонантизм)

Өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын күчтүү агымы ооз көңдөйүнөн кандайдыр бир жолтоочулукка учурап жана чыңалган жолтоочулукту күч менен жарып же ага сүрүлүп өтүүдөн пайда болгон тыбыштар **үнсүз тыбыштар** деп аталат.

Үнсүз тыбыштар үндүүлөргө караганда саны жактан да арбын жана жасалышы боюнча да ар түрдүү. Ошондуктан аларды классификациялоо да бир кыйла татаал.

Кыргыз адабий тилинде 25 үнсүз фонема бар: **б, в, г, (ғ)**[1], **д, ж, (җ), з, й, к, (қ), л, м, ң, н, п , р, с, т, ф, х, ц, ч, ш, щ.** Алар төмөндөкүдөй болуп классификацияланат.

**А. Шыбыш менен үндүн катыш даражасына карай.**

Бардык үнсүздөрдүн жасалышында үн менен шыбыштын катыш даражасы бирдей эмес. Мына ушуга карай үнсүз тыбыштар **каткалаң** жана **жумшак үнсүздөр** болуп экиге бөлүнөт.

Ооз көңдөйүнөн учураган бекем жолтоочулукту өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын күчтүү агымы өтө тездик менен жарып өткөндө, жалаң гана шыбыш пайда болот. Ушул жалаң шыбыштан турган үнсүз тыбыштар **каткалаң үнсүздөр** деп аталат. Кыргыз тилинде каткалаң үнсүздөргө **п, ф, т, к, (қ), х, ш, ц, ч, щ** тыбыштары кирет.

Ал эми жумшак үнсүздөрдүн жасалышында ооз көңдөйүндө учураган жолтоочулук каткалаңдарга караганда бир кыйла бошоңураак болот. Ошондуктан жолтоочулукту жарып өтүүчү абанын агымы да

---

[1] Алфавитте атайын тамга менен белгиленбеген үнсүздөр кашаага алынып берилди

күчсүзүрөөк келип, жолтоочулуктан жайыраак өтөт. Мында шыбыш менен катар үнсүз тыбыштын жасалышында аздап үн да катышат, башкача айтканда, шыбышты үн бир аз жумшартат. Кыргыз тилинде **б, в, д, н, м, г, (ғ), й, з, ж, (җ), л, р** тыбыштары жушмак үнсүздөргө кирет.

Жумшак үнсүздөрдү өз ара **шыбышчыл** үнсүздөр жана **уяң** (сонант) үнсүздөр деп экиге бөлүүгө болот. Шыбышчылардын жасалышында үнгө караганда шыбыш басымдуулук кылат жана кыргыз тилинде ага **б, в, д, г, (ғ), з, ж, (җ)** тыбыштары кирет.

Уяң үнсүздөр ооз көндөйүнөн жолтоочулукка учурашы жана сүйлөө органынын жолтоочулук учураган жерден башкаларында чыңалуунун болбостугу жагынан шыбышчыл үнсүздөргө окшош болгону менен, абанын агымынын күчсүздүгү жана ошонун натыйжасында шыбышка караганда үндүн басымдуулугу жагынан үндүүлөргө жакындашат. Ошол себептен кээде уяң үнсүздөрдү жарым үндүүлөр деп да аташат. Бирок алар муун түзүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болбостугу менен үнсүздөрдүн катарына кирет. Кыргыз тилинде **м, н, ң, л, р, й** фонемалары уяң үнсүздөр болуп эсептелет.

**Б. Жасалуу ордуна карай**

Кыргыз тилиндеги үнсүз тыбыштар аларды жасоодо жолтоочулук пайда кылган активдүү сүйлөө органдарына жана жолтоочулуктун учураган ордуна карай **эринчил, уччул, орточул, арткыл** жана **түпчүл** үнсүздөр болуп бөлүнөт.

1. **Эринчил үнсүздөр** өз ара **кош эринчилдер** жана **эрин-тишчилдер** болуп дагы экиге бөлүнөт:

а) Астынкы эриндин үстүңкү эринге тийишүүсүнөн пайда болгон үнсүздөр **кош эринчилдер** же **билабиалдуу** үнсүздөр деп аталат. Ага **б, п, м** тыбыштары кирет.

б) Астынкы эриндин үстүңкү тишке тийишүүсүнөн пайда болгон үнсүздөр **эрин-тишчилдер** же **лабиоденталдуу** үнсүздөр деп аталат. Ага **в, ф** тыбыштары кирет.

2. **Уччул үнсүздөр** тилдин учу үстүңкү тиштин түбүнө тийишүүдөн жасалат. Ага **д, т, н, з, с, ц, л. р, ж, ш, щ** тыбыштары кирет.

3. **Орточул үнсүздөр** тилдин орто бөлүгү жогору көтөрүлүп, катуу таңдайга тийишүүдөн жасалат. Ага кыргыз тилиндеги **(җ), ч, й** тыбыштары кирет.

4. **Арткыл үнсүздөр** тилдин арткы бөлүгү жумшак таңдайга тийишүүдөн жасалат. Ага х, ң жана орус тилинен кирген **комитет, газета** деген сөздөрдөгү **к, г** тыбыштары кирет. Орус тилинен кирген акыркы эки тыбыш кыргыз тилиндеги тил алды (ичке) үндүүлөр менен катар келген **киши, кел** деген сөздөрдөгү **к**, **эгин** деген сөздөгү **г** тыбыштарына жакын, бирок алардан таңдайлашпай айтылгандыгы менен айырмаланат.

5) **Түпчүл үнсүздөр** жумшак таңдайдын төмөн түшүп, тилдин түбүнө тийишүүсүнөн жасалат. Мында активдүү сүйлөө органы болуп жумшак таңдай эсептелет. Буга кыргыз тилиндеги тил артчыл (жоон) үндүүлөр менен катар келүүчү **ќыз, ќара** деген сөздөрдөгү (ќ) **жана жыѓач**, карга деген сөздөрдөгү (ѓ) тыбыштары кирет.

**В. Жасалуу ыгына карай.**

Үнсүз тыбыштар жасалуу ыгына карай жарылмалар, жылчыкчылдар жана дирилдемелер болуп бөлүнөт.

а) **Жарылма үнсүздөр**. Тигил же бул активдүү сүйлөө органы менен пассивдүү сүйлөө органынын тийишүүсүнөн пайда болгон жолтоочулукту өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын жарып өтүшүнөн келип чыккан үнсүз тыбыштарды **жарылмалар** деп атайбыз. Буга **б, п, д, т, г, к, м, н, ң** тыбыштары кирет.

б) **Жылчыкчыл үнсүздөр**. Активдүү сүйлөө органы менен пассивдүү сүйлөө органы бири-бирине анчалык тыгыз тийишпей, алардын араларында анча-мынча жылчыкча калат да, сыртка чыгып келе жаткан абанын агымы ошол жылчыкча аркылуу кысылып, сүрүлүп өтөт. Мындай абалда пайда болгон үнсүздөр жылчыкчылдар деп аталат. Жылчыкчыл үнсүздөргө **в, ф, з, с, ж, ш, й, х, л** тыбыштары кирет.

Аба агымынын жолунда (ооз көңдөйүндө) бир эле мезгилдин ичинде шыбыш пайда кылуучу жолтоочулуктун санына карай жылчыкчыл үнсүздөр эки топко бөлүнөт.

1) **Бир фокустуу жылчыкчыл үнсүздөр**. Көпчүлүк жылчыкчыл үнсүздөрдү айтканда, кайсы бир активдүү сүйлөө органы аба агымынын жолунда жылчык формасында жолтоочулукту түзөт. Бул шыбышты пайда кылуучу фокус болуп эсептелет. Шыбышты пайда кылуучу жолтоочулук бир эле жерде учурап, аба агымы өтүүчү жолдун калгандары бош болгон учурда айтылуучу үнсүздөр **бир фокустуу жылчыкчылдар** деп аталат. Мисалы, **с** деген үнсүз тыбышты айтканыбызда, тилдин учу гана үстүңкү тиштин түбүнө жакындашып, шыбышты пайда кылуучу жолтоочулук бир эле жерде учурайт.

Бир фокустуу жылчыкчыл үнсүздөрдүн айтылышында жылчыктын формасы да чоң мааниге ээ болот. Бул эки түрдүүчө болушу мүмкүн.

Бири-бирине жакындашкан активдүү жана пассивдүү сүйлөө органдарынын ортосунда кенен тегиз жылчык калуу менен айтылган үнсүздөр **жалпак жылчыкчылдар** деп аталат. Мисалы, **ф** тыбышын айтканда, астыңкы эрин менен үстүңкү тиштин, **х** тыбышын айтканда, тилдин арткы жону менен жумшак таңдайдын ортосунда тегиз кенен жылчык калат. Жалпак жылчыкчыл үнсүздөргө **в, ф, й, х, (ғ)** тыбыштары кирет.

Экинчи бир учурда жылчыктын формасы тегиз болбостон, жумуру

формада болот. Мындай абалда пайда болгон үнсүздөр **жумуру жылчыкчылдар** деп аталат. Мисалга **с, з, ш** тыбыштарынын айтылышын алып көрсөк, тилдин алдыңкы бөлүгүнүн капталдары үстүңкү тиштин капталдарына бекем тийишет да, ортосунда гана коңул сыяктуу тар жылчыкча калат

2) **Эки фокустуу жылчыкчыл үнсүздөр**. Бул типтеги үнсүздөрдүн мүнөздүү белгиси болуп, алардын аты көрсөтүп тургандай, бир эле учурда шыбыш пайда кылуучу эки фокустун болушу эсептелет. Маселен, **ж** тыбышын айтканда, аба агымынын жолунда жолтоочулук эки жерден учурайт, атап айтканда, биринчи жолтоочулук **х** тыбышы сыяктуу тилдин арткы бөлүгүндө, экинчи жолтоочулук **с** тыбышындагы сыяктуу тилдин алдыңкы бөлүгүнүн үстүңкү тиштин бүйлөсүнө жакындашуусунан пайда болот. Мына ошентип, абанын агымы мурда ооз көңдөйүнүн арт жагынан, андан кийин ооз көңдөйүнүн алды жагынан жолтоочулукка учурайт да «ышкырыкчыл» **ж** тыбышы пайда болот.

Жогоруда сөз кылынган жылчыкчылдардын бардыгын айтканыбызда, ооз көңдөйүндөгү резонатордун орто жеринде жылчык пайда болуп, каптал жагы кууштурулат, тарыйт. Ошондуктан булар **ортоңул жылчыкчылдар** деп да аталат.

Мындан башка да кыргыз тилинде жылчыкчыл үнсүздөрдүн катарына кирүүчү **л** тыбышы бар. Бул тыбыш башка жылчыкчыл тыбыштардан абанын агымы тилдин ортосундагы жылчык аркылуу өтпөстөн, тилдин эки капталындагы жылчык аркылуу өтүшү менен айырмаланат. Ошондуктан бул тыбыш **капталчыл үнсүз** деп аталат.

в) **Дирилдеме үнсүздөр** Айтканыбызда өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымы жолтоочулук кылган активдүү сүйлөө органыбызды (тилибиздин учун) дирилдетүү аркылуу өтөт, башкача айтканда, жолтоочулук ритмдүү түрдө жарылып, кайра бекип турат. Мындай абалда пайда болгон үнсүз тыбыш **дирилдеме үнсүз** деп аталат. Кыргыз тилинде дирилдеме болуп **р** тыбышы эсептелет.

Тилибизде жогоруда сөз кылган жарылма жана дирилдеме үнсүздөрдөн башка да үнсүз тыбыштардын өзгөчө түрү бар. Алар жарылмалар менен жылчыкчылдардын элементинен түзүлөт да, башкача айтканда, алардын айтылышынын башталышы жарылма болуп келип, аякталышы жылчыкчылга өтүп кетет. Мисалга кыргыз тилинин **жакшы, жол** деген төл сөздөрүндөгү (ђ) тыбышын алып көрсөк болот. Ал жарылма **д** тыбышы менен орус тилинен кирген **журнал, жюри** деген сөздөрдөгү **ж** тыбышынын элементинен турат. Муну байкаш үчүн тилибизди «**д**» тыбышын айтууга даярдап, бирок ошол абалды өзгөртпөй туруп «**ж**» тыбышын айтсак, (ж) тыбышынын пайда болгондугун сезүү кыйын эмес. Демек,

бул тыбыштар жарылмалардын жана жылчыкчылдардын элементин өз ичине камтып, алардын ширендисинен турат. Ошондуктан мындай үнсүздөр кыргыз тилинин окуу китептеринде **татаал үнсүздөр, татаалдар, ширепкендер, бириккен үнсүздөр** деген терминдер менен аталып жүрөт. Жалпы лингвистикалык терминологияда мындай типтеги үнсүздөр **аффрикаталар**[1] деген ат менен белгилүү. Кыргыз тилиндеги **(ж), ч** жана орус тилинен кирген **ц, щ** тыбыштары мына ушундай үнсүздөр болуп эсептелишет жана белгилүү даражада **ж** фонемасы **дж** тыбыштарынын, **ч** фонемасы **тш** тыбыштарынын, **ц** фонемасы **тс** тыбыштарынын жана **щ**[2] фонемасы **шч** тыбыштарынын айкалышуусу катары каралат. Бирок бул фонемалар жогорку тыбыштык айкалыштарды толук алмаштыра албайт, алардан жылчыкчыл элементтин өтө эле кыскалыгы менен айырмаланат. Ошол себептен булар тыбыштык айкалыш эмес, бирдиктүү тыбыш болуп эсептелет, башкача айтканда, **этсиз** деген сөздөгү **тс** деген тыбыштык айкалышты **ц** менен же **жумушчу** деген сөздөгү **шч** деген тыбыштык айкалышты **щ** менен алмаштырууга эч мүмкүн эмес.

**Г. Жумшак таңдайдын абалына карай**

Үнсүздөр жумшак таңдайдын абалына карай да эки түрдүүчө айтылышы мүмкүн. Эгер жумшак таңдай жогору көтөрүлүп, алкымдан мурун көңдөйүнө кетүүчү жолду жаап турган болсо, абанын бардык агымы ооз көңдөйү аркылуу өтөт да, мында **б, в, д, г, п, т, к** сыяктуу таза же **оозчул** үнсүздөр жасалат.

Эгерде жумшак таңдай төмөн түшүп, алкымдан мурун көңдөйүнө карай жол ачык болсо, абанын айрым бөлүгү мурун көңдөйү аркылуу өтүп, мурунчул резонанстагы үнсүздөр пайда болот. Мындай үнсүздөр **мурунчул үнсүздөр** деп аталат. Кыргыз тилинде мурунчулдарга **м, н, ң** тыбыштары кирет, калган үнсүздөрдүн бардыгы оозчул (таза) үнсүздөр болуп эсептелет.

Үнсүздөрдү классификациялоонун таблицасын к. №2 таблицаны.

## Үнсүз тыбыштардын мүнөздөмөсү

**Кош эринчил (билабиалдуу) үнсүздөр.** Кыргыз тилинде кош эринчил үнсүздөргө <u>б</u>, <u>п</u>, <u>м</u> тыбыштары кирет. Кош эринчил **б** фонемасы жасалуу ыгы боюнча жарылма, үн менен шыбыштын катыш даражасы жактан жумшак шыбышчыл, жумшак таңдайдын абалына карай оозчул

[1] Аффриката - лат. affricate - "притирать" - сыйпоо, сүйкөө" деген сөздөн алынган.

[2] Орус тилинин адабий нормасында да щ фонемасынын айтылышы али бир калыпка келе элек, жумшак, созулма **шш** менен катар шч түрүндөгү айтылышы да кеңири таралган. Ошондуктан бул фонема орус тилиндеги үнсүздөрдүн тизмесине киргизилген эмес. Караңыз: Грамматика русского языка; том 1, фонетика и морфология. - Изд. АН СССР. М., 1960, стр. 49-50 (пр. 76).

Үнсүздөрдү классификациялоонун таблицасы.

№2 таблица

| Жасалуу ордуна карай | | | | Эринчилдер: Кош эринчилдер | | Эринчилдер: Эрин-тиш-чилдер | Тилчилдер: Уччулдар | | Тилчилдер: Ортоңчулдар | Тилчилдер: Артчылдар | | Тилчилдер: Түпчүлдөр | Үн менен шыбыштын катышына карай | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жасалуу ыгына карай | Жарылмалар | | | б | | | д | | | г<br>газ | | | шыбыш-чыл | жумшак |
| | | | | | м | | | н | | | ң | | уяң | |
| | | | | п | | | т | | | к<br>кино | | к<br>кыз | катка-лаң | |
| | Жылчыкчылдар | бир фокустуу | жалпак | | | в | | | | | | г<br>ага | шыбыш-чыл | жумшак |
| | | | | | | | | | й | | | | уяң | |
| | | | | | | ф | ш | | | х | | | каткалаң | |
| | | | жумуру | | | | з | | | | | | жумшак | |
| | | | | | | | с | | | | | | каткалаң | |
| | | эки фо-кустуу | | | | | ж<br>жюри | | | | | | жумшак | |
| | | каптал-чыл | | | | | л | | | | | | уяң | жум-шак |
| | Аффрика-талар | | | | | | | | ж<br>жол | | | | жумшак | |
| | | | | | | | ц<br>щ | | ч | | | | каткалаң | |
| | Дирилде-мелер | | | | | | р | | | | | | уяң | жум-шак |
| Жумшак тандайдын абалына карай | | | | Оозчул | Мурунчул | Оозчул | | Мурунчул | Оозчул | | Мурунчул | Оозчул | | |

(таза) резонанстагы үнсүз тыбыш болуп эсептелет. Ал сөз башында жана сөз ортосунда кеңири колдонулат: **бала, беш, аба, кабар** ж.б. Сөз аягында айрым сырттан кирген сөздөрдүн жазылышында берилсе да, катkалаң **п** түрүндө айтылат. Мисалы:

жазылышы: **Куршаб, Арсланбаб, араб, дуб;**

айтылышы: **Куршап, Арстанбап, арап, дуп** ж.б.

Сөздө ээлеген позициясына карай б фонемасы бир нече комбинатордук варианттарга ээ болот:

1) Интервокалдык позицияда б фонемасы бир сөз ичинде да, сөз аралыгында да жумшарып, эки эрин бири-бирине толук тийишпеген абалда айтылат[1]. Мисалы:

жазылышы: **табак, кабат, тобо, бара бер, көрө бас, кара бак;**

айтылышы: **таvак, каvат, тоvо, бара vер, көрө vас, кара vак.**

2) Жанаша айтылган эки сөздүн биринчиси каткалаң үнсүздөр менен аяктап, экинчиси б менен башталса, ал каткалаң үнсүздүн таасири менен **п** болуп айтылат. Мисалы:

жазылышы: көп бер, бат бас, беш бармак;

айтылышы: көп пер, бат пас, беш пармак.

3) Мүчөнүн башындагы б тыбышы да каткалаң үнсүз менен аяктаган уңгудан кийин **п** тыбышына өтөт. Мисалы:

**таш+бы=ташпы, көп+быз=көппүз** ж.б.

4) Айрым учурда б кийинки муундагы мурунчул үнсүздүн таасири менен мурунчул **м** тыбышына өтүп айтылат. Бул жазууда да берилет. Мисалы:

**бу+нын=мунун, бул+дай=мындай** ж.б.

5) Кээ бир сөздөрдө позициясына карабастан б фонемасы м менен бирдей колдонула берет. Мисалы:

**бакмал – макмал, дубана – думана, баш баана – баш маана, баки – маки, маркабат – маркамат** ж.б.

**п** фонемасы жасалуу орду, жасалуу ыгы жана жумшак таңдайдын абалы боюнча толук бойдон б фонемасына туура келет да, үн менен шыбыштын катыш даражасы боюнча гана андан айырмаланып, каткалаң үнсүздөрдүн катарына кирет.

Кыргыз адабий тилинде сөз башында **п** фонемасы араб-иран жана орус тилинен кирген сөздөрдө гана колдонулат: **пайда, падыша, пайгамбар, пияз, пикир, палоо, пансат, пальто, паспорт, печать, принцип** ж.б. Мурда кыргыз тилинин говорлорунда сөз башындагы **п** фонемасы б же **м** тыбыштары менен алмаштырылып айтыла турган. Мисалы: ***пайда–байда, пара–бара, падыша–бадыша, пияз–мияз, паанай–маанай** ж.б.*

[1] б фонемасынын бул вариантын биз шарттуу түрдө v менен белгилейбиз.

Сөз ортосунда п жана б фонемалары бири-биринен так ажыратылат: **апа–аба, капар–кабар** ж.б. Сөз аягында жалаң **п** тыбышы колдонулат. Ошондуктан араб, иран тилдеринен кирген сөздөрдүн аягындагы **б** тыбышы да **п** тыбышына өткөн: китеп<китаб, эсеп<хисаб ж.б.

**п** фонемасы менен аяктаган уңгуга үндүү менен башталган мүчө жалганганда сөз аягындагы **п** жумшарып **б** тыбышына өтөт. Мисалы: ***китеп+ым=китебим, топ+ың=тобуң ж.б.*** Эгер **п** фонемасы сөз аягында уяң үнсүздөр менен удаа келген болсо, анда ал жумшарбайт. Мисалы: ***калп+ы=калпы, алп+ы=алпы ж.б*** Ошондой эле, тууранды сөздөрдө сөз аягындагы п фонемасы интервокалдык абалда да жумшарбайт. Мисалы: ***тып+ылда=тыпылда (тыбылда эмес), топ+ылда=топулда (тобулда эмес)***

Ал эми **китеп алдым** деген сыяктуу типтеги сөз тизмегинде п фонемасы жумшак б тыбышына гана эмес, **v** тыбышына өтүп кетет. Мисалы:

жазылышы: **көп алды, чөп орду, топ эл;**

айтылышы: **көv алды, чөv орду, тоv эл.**

Айрым учурда сөз аягындагы **п** фонемасынан кийин мурунчул тыбыш келсе, ал **м** тыбышына өтөт. Мисалы:

**теп+ын=темин, чап+ын=чамын** ж.б.

Эгер этиштик негиз **п** менен аяктап, ага-**ып** мүчөсү жалганса, уңгунун аягындагы **п** түшүп айтылат да, эки муун бир муунга айланып кетет. Мисалы:

**тап+ып=таап, чап+ып=чаап, теп+ип=тээп, өп+үп=өөп** ж.б

**м** фонемасы да жогорудагы **б, п** фонемалары сыяктуу жасалуу орду боюнча кош эринчил жана жасалуу ыгы боюнча жарылма үнсүз. Үн менен шыбыштын катыш даражасына карай жумшак уяңдарга кирет да, жумшак таңдайдын абалы боюнча мурунчул мүнөздөгү үнсүз болуп эсептелет. Ал сөздүн бардык позицияларында колдонулат: **мен, мал, чым, там, эмгек, намыс** ж.б.

Айрым учурда **м** кийинки мурунчул тыбыштын таасири менен б тыбышын алмаштырат. Мисалы: ***мен<бен, таман<табан ж.б.*** Ошондуктан говорлордо мөөн//бөөн, муун//буун, муну//буну деген параллель формалар кезигет.

**Эрин-тишчил үнсүздөр**. Эрин тишчил **в, ф** фонемалары кыргыз тилине **фабрика, фронт, факт, вагон, велосипед, совет, телефон** деген сыяктуу сөздөрдүн кириши менен орус тилинен өздөштүрүлгөн жана кыргыз алфавитине бул тыбыштарды белгилөө үчүн атайын **в** (лат.v) жана **ф** (лат.f) тамгалары 1930-жылы гана киргизилген.

Кабыл алуунун алгачкы мезгилинде бул фонемалар орус тилиндегидей эрин-тишчил, бир фокустуу жалпак жылчыкчыл жумшак **в** жана кат-

калаң ф түрүндө кирбестен, кыргыз тилиндеги бул тыбыштарга жакын кош эринчил б, п тыбыштары менен алмашылып келген. Кийин орус тилин өздөштүрүүнүн натыйжасында, ошондой эле, радионун, телевидениенин, графиканын жана башкалардын таасири менен жаштардын, интеллигенттердин басымдуу көпчүлүгүнүн кебинде **в, ф** фонемалары орус тилинде да ошондой эле өз алдынча фонемалык даражага жетти.

**в** фонемасы орус тилинен өздөштүрүлгөн сөздөрдүн бардык позициясында колдонула берет: **вальс, валюта, ванна, ведомость, винт; гавань, директива, дивизия, диван, товар; аккредитив, актив, объектив, позитив** ж.б. Бирок оозеки кепте сөз аягындагы жумшак **в** көбүнчө каткалаң ф түрүндө айтылат жана ага мүчө жалганганда да мүчөнүн башындагы жумшак үнсүз каткалаң болуп угулат. Мисалы:

жазылышы: **актив, активдүү;**

айтылышы: **актиф, актифтүү** ж.б.

ф фонемасы да **в** сыяктуу эле сөздүн бардык позициясында колдонулат: **факт, февраль, ферма, фарфор, фотограф, географ, эпиграф** ж.б.

**Уччул үнсүздөр**. Буга **д, т, н, з, с, ж, ш, л, р, ц, щ** фонемалары кирет.

Уччул **д, т** фонемалары жасалуу ыгы боюнча жарылма, жумшак таңдайдын абалына карай оозчул, үн менен шыбыштын катышына карай д жумшак, **т** каткалаң үнсүз.

**д** фонемасы негизинен сөз башында жана сөз ортосунда колдонулат: **дос, дары, адыр** ж.б. Орус тилинен кирген сөздөрдө сөз аягында д тыбышы жазылат, бирок айтылганда көбүнчө **каткалаң т** тыбышына өтүп айтылат. Мисалы:

жазылышы: **парад, завод, доклад;**

айтылышы: **парат, завот, доклат.**

Каткалаң үнсүз менен аяктаган уңгуга д менен башталган мүчө жалганганда, мүчөдөгү **д** тыбышы **т** тыбышына өтүп кетет. Мисалы:

**таш+дай=таштай, чөп+дан=чөптөн** ж.б.

Кээ бир сөздөрдө диалектилик өзгөчөлүк катары сөз башында **д** жана **т** тыбыштары алмашылып колдонула берет. Мисалы:

**дөбө — төбө, даяр — таяр, дагдыр — тагдыр, дукаба — тукаба** ж.б.

**т** фонемасы сөздүн бардык позициясында келет: **төө, талаа, ата, кат** ж.б.

**н** фонемасы уччул, жарылма, мурунчул, уяң үнсүз болуп эсептелет жана адабий тилде сөздүн бардык позициясында келе берет. Мисалы:

**найза, анык, кан** ж.б.

Бирок кыргыз тилинин түндүк говорлорунун көпчүлүгүндө сөз башында **н** тыбышы түшүрүлүп айтылат. Мисалы:

адабий тилде: **Нарын, найза, намыс, начар;**

түндүк говорлордо: **Арын, айза, амыс, ачар** ж.б.

Бир сөз ичинде да, сөз аралыгында да **н** тыбышы **б, к, г** менен катар келгенде **м** же **ң** тыбыштарына өтүп айтылат. Мисалы:

жазылышы: **нанбы, он бир, санга, сен кел;**

айтылышы: **намбы, ом бир, саңга, сең гел** ж.б.

Мүчөнүн башындагы **н** тыбышы уяң үнсүздөрдөн кийин **д** тыбышына жана каткалаң үнсүздөрдөн кийин **т** тыбышына өтөт. Мисалы:

**жол+ны=жолду, ай+нын=айдын; ат+нын=аттын, таш+-ны=ташты** ж.б.

Жумшак **з** жана каткалаң **с** фонемалары жасалуу орду боюнча уччул, жасалуу ыгына карай бир фокустуу жумуру жылчыкчыл үнсүз болуп эсептелет. Адабий тилде экөө тең сөздүн бардык позицияларында колдонулат. Мисалы:

**сары, ысык, кес; заман, азыр, сөз** ж.б.

Бирок **з** тыбышы негизинен араб, иран жана орус тилдеринен кабыл алынган сөздөрдө гана сөз башына келет.

Түндүк говорлорунун көпчүлүгүндө жана түштүк говорлорунун анчамынчасында (Ала-Бука, Чаткал, Аксы) **з** жана **с** фонемаларынын анчалык ажырамдалбагандыгын көрөбүз. Мисалы:

адабий тилде: **залкар, зайпана, кызыл, музоо, кыз;**

говорлордо: **салкар, сайпана, кысыл,** мусоо, **кыс;**

же тескерисинче, адабий тилде: **жаса, сыя, сары зил, тос;**

говорлордо: **жаза, зыя, зары зил, тоз.**

Сөз аягындагы **з** каткалаң үнсүздөр менен катар келгенде бир сөз ичинде да жана сөз ортосунда да **с** тыбышына өтүп айтылат. Мисалы:

жазылат: **тузсуз, сөз тап;**

айтылат: **туссуз, сөс тап** ж.б.

Талас, Чаткал говорлорунда мунун тескерисинче **с** тыбышы интервокалдык абалда жумшарып, **з** тыбышына өткөндүгүн байкайбыз. Мисалы:

**ата+сы=атазы, бала+сы=балазы** ж.б.

Кээде сөз башындагы **з** тыбышы (**ж**) менен жана **с** тыбышы **ш** же **ч** менен алмашылып колдонулган учурлары да болот. Мисалы:

**забыр//жабыр, зампа//жампа; сорпо//шорпо, сайла//шайла, сыз//чыз, соз//чоз** ж.б.

**ш** фонемасы уччул, бир фокустуу жалпак жылчыкчыл каткалаң үнсүз болуп эсептелет. Ал сөздүн бардык позициясында тең колдонулат. Мисалы:

**шам, шор, баш, түш, кашык, аштык** ж.б.

**л** фонемасы - уччул уяң үнсүз. Аны айтканда тилдин учу үстүңкү

тиштин түбүнө тийип, чыгып келаткан аба тилдин эки капталынан өтөт. Адабий тилде л сөздүн бардык позициясында кезигет, бирок сөз башында көбүнчө сырттан кирген сөздөрдө колдонулат. Мисалы:

**бала, тал, лагерь, лампа, лакап** ж.б.

Сөз башындагы *л* тыбышынан мурда говорлордо көбүнчө үндүү тыбыш кошулуп айтылат. Мисалы:

адабий тилде: **лакап, лампа, лампук, лагман;**

говорлордо: **ылакап, ылампа, ылампук, ылаңман**.

Сөз аягындагы *л* тыбышы шилтеме ат атоочтордо туруктуу эмес. Мисалы:

**Бул–бу, ал–а, ушул–ушу, ошол–ошо.**

Бирок башка сөздөрдө сөз аягындагы л тыбышы туруктуу жана абдан кеңири колдонулат. Мисалы:

**ал-, кел-, мал, жол, көл** ж.б.

Сөз ортосундагы л тыбышы көпчүлүк учурда туруктуу, бирок кээ бир сөздөрдөн анын түшүп же башка тыбыштар менен алмашканын байкоого болот. Мисалы:

**олтур–отур, алпар–апар; мусулман–мусурман, улуксат–уруксат, мылтык–мынтык, мүлүшкөр–мүнүшкөр, жалгыз–жаңгыз** ж.б.

Мүчөнүн башындагы л тыбышы **й, р** тыбыштарынан башка жумшак үнсүздөрдөн кийин д тыбышына жана каткалаң үнсүздөрдөн кийин т тыбышына өтөт. Мисалы:

**жан+луу=жандуу, сөз+лык=сөздүк, эм+ла=эмде, кат+лар=каттар, иш+ла=иште, таш+луу=таштуу.**

Ал эми **р, й** тыбыштарынан кийин бул тыбыш д тыбышына өтүп да, өтпөй да колдонулат. Мисалы:

***шаар+лык=шаардык//шаарлык, шор+ луу = шордуу//*** **шорлуу; үй+лүү=үйдүү//үйлүү, Чүй+лык=чүйдүк//чүйлүк, бирок шаар+лар =шаардар** эмес **шаарлар, жар+лар=жардар** эмес **жарлар; кой+лар=койдор** эмес **койлор, сый+ла=-сыйда** эмес **сыйла.**

**р** фонемасы - үччул, дирилдеме, уяң үнсүз. Ал да л тыбышы сыяктуу адабий тилде сөз ортосунда жана сөз аягында кеңири колдонулуп, сөз башында сырттан кирген сөздөрдө гана келет. Мисалы:

**сары, кара, бөрү, көрк; сыр, жар, төр, ур; радио, район, ракета, режим, роман, рамазан, райкан, ранс** ж.б

Араб-иран тилдеринен кирген сөздөрдө, ошондой эле оозеки кепте орус тилинен кирген сөздөрдө да сөз башындагы р тыбышынан мурда үндүү тыбыш кошулуп айтылат. Мисалы:

**ракат–ыракат, райымдуу–ырайымдуу, руксат–уруксат; рапорт–ырапорт, район–ырайон** ж.б.

Кыргыз алфавитинде «ж» тамгасы менен эки тыбыш белгиленет:

1) Орус тилинен кирген **журнал, жюри, абажур, лыжа, пейзаж, стаж, гараж** деген сөздөрдөгү жасалуу орду боюнча уччул, жасалуу ыгы боюнча эки фокустуу жылчыкчыл, үндүн катышына карай шыбышчыл жумшак **ж** тыбышы. Ал сөздүн бардык позициясында колдонулат.

2) Кыргыздын төл сөздөрүндөгү орточул, жушмак аффриката (**ж**) тыбышы. Бул тыбыш сөз башында жана сөз ортосунда кеңири колдонулат. Мисалы:

**жаш, жол, ажал, олжо** ж.б. Сөз аягында **муктаж, күж-күж, баж-баж** деген сыяктуу бир-эки сөздө гана болбосо, башка сөздө эч учурабайт.

**ц** фонемасы кыргыз тилине орус тилинен өздөштүрүлгөн уччул каткалаң аффриката болуп эсептелет. Орусча сабаттуу адамдардын кебинде бул тыбыш орус тилиндегидей мүнөзгө ээ. Ал эми орус тилин өздөштүрбөгөн адамдардын кебинде **с** же **тс** катарында айтылгандыгын байкоого болот. Мисалы:

**цирк (сирк), центнер (сентнер), лекция (лексия), абзац (абзас), доцент (дотсент ), офицер (офитсер), процент (протсент)** ж.б.

Уччул каткалаң аффриката **щ** тыбышы да орус тилинен өздөштүрүлгөн. Ал дагы көбүнчө улгайган адамдардын кебинде **ш** менен алмаштырылып айтылат. Мисалы:

**забойщик (забойшик), плащ (плаш), щетка (шетка)** ж.б.

**Орточул үнсүздөр.** Буга (ж), ч, й фонемалары кирет.

**ч** фонемасы - орточул каткалаң аффриката. Ал сөздүн бардык позициясында келет. Мисалы:

**чөп, ач, көчө** ж.б.

Сөз аягындагы **ч** тыбышынан кийин удаа **ч, т, с** тыбыштары келсе, бир сөз ичинде да, сөз аралыгында да ал **ш** тыбышына өтүп айтылат. Мисалы:

жазылышы: **жыгаччы, учта, ичсин, чач чыкты, күч толду, үч сом;**

айтылышы: **жыгашчы, ушта, ишсин, чаш чыкты, күш толду, үш сом** ж.б.

**й** фонемасы – орточул бир фокустуу жалпак жылчыкчыл жумшак үнсүз. Ал кыргыз тилинде сөз ортосунда жана сөз аягында кеңири колдонулуп, сөз башында орус тилинен кирген сөздөрдө гана келет. Мисалы: **кийим, тыйын, коён, аяк**[1], **кой, үй, жай; йод, январь,**

1. Орфографиялык эрежe боюнча кыргыз тилинин төл сөздөрүндө й тыбышы а, о, э, у үндүүлөрүнөн мурда келгенде **я, е, ё, ю** тамгалары менен берилет. Орус тилинен кирген сөздөр орусча кандай болсо, ошондой жазылат

ёлка, юбилей ж.б.

**Артчыл жана түпчүл үнсүздөр.** Кыргыз тилинин алфавитинде «к» тамгасы менен жасалыш ыгы жана үн менен шыбыштын катыш даражасы боюнча жарылма каткалаң болуп бири-бирине туура келген, бирок жасалыш орду жагынан айырмаланган төмөнкүдөй тыбыштар белгиленет.

1) Бир муун ичинде тил алды (ичке) үндүүлөр менен гана катар келүүчү **киши, көк, күрөң, кел** деген сөздөрдөгү артчыл үнсүз. Бул тыбышты шарттуу түрдө **k** менен белгилейбиз.

2) Тил арты (жоон) үндүүлөр менен катар келүүчү кара, кой, кыз, куш деген сөздөрдөгү үнсүз «к» нын түпчүл көрүнүшүн ќ менен белгилейбиз.

Бул эки тыбышты өзүнчө эки башка фонема катары кароого болбойт, себеби ќ жана **k** тыбыштары биринин ордуна экинчиси колдонулуп, сөзгө жаңы маани бере албайт жана эч качан бир муун ичинде **k** жоон үндүүлөр менен, же ќ ичке үндүүлөр менен тизмектешпейт (**kол** болбостон **ќол**, же **kиши** болбостон **ќиши** гана болот). Демек, бул катар айтылган үндүүнүн таасири менен гана жасалуу ордун өзгөрткөн бир фонеманын эки варианты болушат.

3) Алфавитте «к» тамгасы менен жогоркудан башка орус тилинен кирген **комета, комедия, кино, клуб, кадр, трактор** деген сөздөрдөгү артчыл үнсүз да белгиленет. Бул тыбыш акустикалык жагынан алганда **k** жана қ тыбыштарынын экөөнө тең окшош. Бирок жасалуу орду боюнча жогорку фонеманын биринчи вариантына көбүрөөк жакын турат. Андан таңдайлашпай айтылышы боюнча гана айырмаланат. Бул тыбыш кыргыз тилине кирүүнүн алгачкы мезгилинде орус тилиндегидей болуп кирбестен, қ же **k** тыбыштары менен алмашылып келди.

Бирок азыр кыргыздардын басымдуу көпчүлүгүнүн кебинде к орус тилиндегидей айтылып, қ жана **k** тыбыштарынан айырмаланат. Ошондой эле ал жалпы акустикалык окшоштугуна карабастан, сөздүн маанисин айырмалоочу касиетке ээ. Анын үстүнө к тыбышы қ жана **k** тыбыштарынын айырмаланып, тил алды жана тил арты үндүүлөр менен бир муун ичинде тизмектеше берет. **К** тыбышынын сөздүн маанисин айырмалоочулук касиетке ээ экендигин далилдеш үчүн төмөндөгү мисалдарды карап көрөлү:

**Қарта** – жылкынын ич эти; **карта** – жер бетинин кагазга шарттуу белгилер менен түшүрүлгөн сүрөтү.

**Қулақ** – угуу органы; **кулак** – жалданма эмгекти эксплуатациялоочу, башкалардын эмгегинен пайдалануучу, эмгекчилерди эзүүчү бай дыйкан.

**марка** – «кичүү» деген сөздүн синоними; **марка** – документ же кат-

ка жабыштырылуучу төлөө белгисин билгизүүчү кичинекей кагаз.

**тоқ** – «ачканын» антоними; **ток** – электр тогу.

**бақ** – 1. жемиш багы; 2 «ырыс», «таалай» деген сөздөрдүн синоними; **бак** – суюк нерсе куюлуучу темир идиш.

**Бараќ** – кагаздын барагы; **барак** – обочолонуп салынган үй ж.б.

Бул мисалдардан **к** тыбышынын ар кандай позицияда сөздүн маанисин айырмалоочулук касиетке ээ экендигин көрдүк. Демек, бул тыбыш өзүнчө фонема болот.

Жогорудагы **k**, қ, к тыбыштары сөздүн бардык позицияларында келе берет. Мисалы:

**ќал-, эки, элиk, қой, арақ; кино, октябрь, блок** ж.б.

Интервокалдык абалда бул үчөө тең уңгу менен мүчөнүн ортосунда өздөрүнүн жумшак түгөйлөрүнө өтүшөт. Мисалы:

**ак+ыш=агыш, көк+үш=көгүш, ток (электр тогу) +ы=тогу.** Бирок жанаша айтылган эки сөздүн ортосунда қ, k жумшарат, к жумшарбайт. Мисалы:

**ак иш (аг иш** болуп айтылат), **ала кел (ала гел** болуп айтылат), **киши келди (киши гелди** болуп айтылат), бирок **жакшы кино (жакшы гино** болбойт).

Ушундай эле алфавитте «г» тамгасы менен белгиленген **гүл, эгин, түгөй** деген сөздөрдөгү тил алды үндүүлөр менен келүүчү артчыл, жарылма, жумшак шыбышчыл г (гъ) тыбышы менен **ага, тогуз, угут** деген сөздөрдөгү тил арты үндүүлөр менен катар келүүчү түпчүл жумшак жылчыкчыл **г** (ғ) тыбышы бир фонема болот жана сөздүн башында, ортосунда колдонулат. Мүчөлөрдө булар уңгунун аягындагы каткалаң үнсүздөрдөн кийин келгенде каткалаң түгөйлөрүнө өтүшөт. Мисалы:

**ат+га=атка, кеп+га=кепке** ж.б.

Ал эми орус тилинен өздөштүрүлгөн **газета, агитация, генерал** деген сөздөрдөгү артчыл, жумшак, жарылма г тыбышы өзүнчө фонема болот жана ал сөздүн бардык позицияларында келет. Мисалы:

**газ, агроном, хирург, геолог** ж.б.

х фонемасы – артчыл, бир фокустуу жалпак жылчыкчыл, каткалаң үнсүз. Ал кыргыздын төл сөздөрүнө мүнөздүү эмес, бирок көбүнчө орус тилинен кирген сөздөрдө, анча-мынча араб-иран сөздөрүндө колдонулат. Мисалы:

**химия, хор, художник, техника, халат, халва, тарых, пахта.**

**ң** фонемасы – артчыл, уяң, мурунчул үнсүз. Ал сөз башында таптакыр учурабайт, сөз ортосунда жана сөз аягында гана келет. Мисалы:

**таң, дөң, аңчы, үңкүр** ж.б.

# МУУН

Жогоруда биз тыбыштарды өзүнчө айрым турган абалында мүнөздөдүк. Бирок тыбыштар адамдар ортосундагы пикир алышууну камсыз кылуу максатында фонетикалык жактан өз ара тизмектешип, кеп агымында колдонулат. Мына ушул кеп агымында айтылуучу эң кичине бирдик болуп муун эсептелет, себеби кепти айтканда, ал айрым тыбыштарга ажырабастан, бири биринен тыным аркылуу бөлүнүп турган, артикуляциялык жактан ажырабас бекем бирдикти түзгөн муунга гана ажырайт. Кеп агымынын муунга бөлүнүшү артикуляциялык жактан дем чыгаруу жана дем алуу процесси менен, башкача айтканда, көөдөн булчуңунун жыйрылуу жана бошоо процесси менен байланыштуу каралат. Демек, бир жолку дем чыгаруу менен айтылган бир же бир нече тыбыш **муун** деп аталат. Муун сүйлөгөндө дем чыгаруудагы абанын күчүнөн келип чыгат.

Көпчүлүк башка тилдердегидей эле кыргыз тилинде да муунду үндүү тыбыш түзөт. Ошондуктан сөздө канча үндүү болсо, ошончо муун болот. Үндүү тыбыш жеке туруп да жана үнсүз тыбыш менен айкашып келип да муун жасайт.

Кыргыз тилинин төл сөздөрүндө муун бирден төрткө чейинки тыбыштан түзүлөт. Атап айтканда: а) бир тыбыштан турган муун: **а(та), э(не), ө(рүк)** ж.б.; б) эки тыбыштан турган муун: **ба-ла, ат, эр** ж.б. в) үч тыбыштан турган муун: **жаш-тык, дос-тук, көз, өрт** ж.б.; г) төрт тыбыштан турган муун: **кант, калк, шарт, даңк** ж.б. Ал эми орус тилинен кирген сөздөрдө муун бешке чейинки тыбыштан тургандыгын көрөбүз. Мисалы:

**справ-ка, текст** ж.б.

Бир муун ичиндеги үндүү жана үнсүздөрдүн орун тартибине карай муундун төмөнкүдөй типтери бар (шарттуу түрдө үндүүнү – V, үнсүздү – С менен белгилейбиз);

үндүү – V: **а(дам), э(гин)**;

үндүү + үнсүз – VC: **иш, ук, ак, аз;**

үнсүз + үндүү – CV: **ки-ши, ка-ра;**

үнсүз + үндүү + үнсүз – CVC: **жол-дош, жаш-тар;**

үнсүз + үндүү + үнсүз + үнсүз – CVCC: **төрт, көрк, барк.**

Ар бир тилдин өзүнө тиешелүү муун өзгөчөлүктөрү болот. Ошондуктан кыргыздын төл сөздөрү жогорку гана муун типтеринен жана алардын өз ара комбинацияларынан түзүлөт. Орус тилинен өздөштүрүлгөн сөздөрдүн эсебинен кыргыз тилинин муун системасында мындан башка да төмөнкүдөй жаңы муун типтери пайда болду:

үнсүз + үнсүз + үндүү – CCV: **про(цент), про(ект), бри(-гада), пси (хология);**

үнсүз + үнсүз + үндүү + үнсүз – CCVC: **трак(тор), клуб, хлор, плащ** ж.б.

үнсүз + үнсүз + үндүү + үнсүз + үнсүз – CCVCC: **штамп, спорт, тракт, фронт;**

үндүү + үнсүз + үнсүз + үнсүз - VCCC: **Омск, Авст(рия);**

үнсүз + үндүү + үнсүз + үнсүз + үнсүз – CVCCC: **Маркс, пункт, текст;**

үнсүз + үнсүз + үнсүз + үндүү – CCCV: **стра(тосфера), взво(ду), взно(су), скла(ды);**

үнсүз + үнсүз + үнсүз + үндүү + үнсүз – CCCVC: **штрих, штраф, справ(ка), струк(тура), страх(касса)** ж.б.

Жогоруда көрүнгөндөй, орус тили өзүнүн жагымдуу таасирин кыргыз тилинин жалпы эле фонетикалык системасына, анын ичинде муун түзүлүшүнө сан жагынан да, сапат жагынан да тийгизип жаткандыгын байкай алабыз. Бул кыргыз тилинин фонетикалык системасынын өнүгүшүндөгү жакшы тенденция болуп эсептелет.

Бир сапаттан экинчи сапатка өтүү дароо эле болбостон, акырындык менен болот. Муну орус тилинин фонетикалык системасынын кыргыз тилинин фонетикасына, анын ичинде муун түзүлүшүнө да тийгизген таасиринен ачык көрөбүз. Кыргыз элинин жалпы сабаттуулугунун жогору көтөрүлүшү жана интеллигенциянын тез өсүшүнө байланыштуу акырындык менен орус тилинен өздөштүрүлгөн сөздөрдү орус тилиндеги айтылышына жакын айтуу көнүмүшү пайда болууда.

Кыргыз адабий тилинин муун системасында, ошондой эле тыбыштардын айкалышында орус тилинин таасири менен келип чыккан төмөнкүдөй тенденцияларды белгилөөгө болот:

1) Кыргыз тилинин төл сөздөрүндө муун бир гана үнсүз менен башталган болсо, эми катар келген эки, ал гана эмес үч үнсүз менен башталган муун типтери пайда болду. Мисалы:

**пленум, пролетариат, структура** ж.б.

2) Ошондой эле, кыргыз тилинде мурда экиден ашык үнсүз менен аяктаган муун болбосо, эми орус тилинен кирген сөздөрдө муундун аягында үч үнсүз катар келе берет. Мисалы:

**текст, пункт** ж.б.

3) Революцияга чейинки кыргыз тилинин лексикасында уңгунун ичинде бир эле фонеманын катар келген учуру болбосо, азыр **коммерция, класс, касса** деген сыяктуу сөздөрдө бир эле фонеманын кабатташып келгенин көрөбүз.

4) Жазуунун таасири менен оозеки сүйлөөдө да сөздүн аягына шыбышчыл жумшак **б, д, г, ж** үнсүз тыбыштары келип айтылуу өздөштүрүлүп баратат. Мисалы:

**клуб, штаб, доклад, рейд, педагог, геолог, этаж, тираж** ж.б.

5) Сөз башында **л, р, г, й** тыбыштарынын келип айтылышы да орус тилинин таасирине байланыштуу. Мисалы:

**реформа, ремонт, лирика, лекция, газ, галстук, ёлка, январь** ж.б.

6) Бир сөз ичинде эки башка үндүү тыбыштын катар келиши да орус тилинен өздөштүрүлгөн сөздөрдө гана учурайт. Мисалы:

**аэропорт, радио, биография, поэма** ж.б.

Албетте, булардын бардыгы азыркы кыргыз тилинин жалпы фонетикалык системасындагы, муун түзүлүшүндөгү биротоло калыптанган норма эмес, жакшы тенденция гана болуп эсептелет. Келечекте жогоркулар толук нормага айланышы мүмкүн.

## Муундун түрлөрү

Кыргыз тилиндеги муундар үндүү, үнсүз тыбыштар менен аякталышына жана башталышына карата төмөнкүдөй түрлөргө бөлүнөт.

1) Муундун аякталышына карай ачык жана жабык муун болуп бөлүнөт:

а) **Ачык муун**. Үндүү тыбыш менен аяктаган муун ачык муун деп аталат. Мисалы:

**а-та, э-не, ба-ла, ка-ра, та-лаа** ж.б.

Ачык муун V жана CV тибиндеги бир жана эки тыбыштуу муундардан турат.

б) **Жабык муун**. Үнсүз тыбыш менен аяктаган муун жабык муун деп аталат. Мисалы:

**мек-теп, кыш-так, ат-сыз, ач-кыч** ж.б.

Жабык муун VC, CVC, VCC, CVCC тибиндеги экиден төрткө чейинки тыбыштуу муундардан турат.

2) Башталышына карай муун жабылбаган жана жабылган болушат:

а) **Жабылбаган муун**. Үндүү тыбыш менен башталган муун жабылбаган муун деп аталат. Мисалы:

**и(ни), ал(ма), ук(муш), арт(та)** ж.б. Буга V, VC, VCC тибиндеги муундар кирет.

б) **Жабылган муун**. Үнсүз менен башталган муун жабылган муун деп аталат. Мисалы:

**ки-ши, кө-лө-кө, жар-дам, төрт-төн** ж.б. Буга CV, CVC, CVCC тибиндеги муундар кирет.

Сөздөрдү муунга бөлүштүрүүнүн практикалык да мааниси чоң: жазууда сөздөрдү ташымалдоо муунга жараша болот; ыр саптары муун өлчөмүнө ылайыкташып түзүлөт. Биринчи класста балдарды жазууга жана окууга үйрөтүүдө да сөз муундары эсепке алынат.

## Муундардын сыйлыгышуулары жана жылышуулары

Тилде тыбыш менен тыбыш, муун менен муун тизмектелип келип сөз курайт да, сөздөр өз ара тизмектешип сүйлөмдү түзөт. Сүйлөмдөр аркылуу адамдар өз ара катнашуу каражатына ээ болушат.

Сөздөгү жанаша келген эки муундун арасы **муун чеги** деп аталат. Көп учурда муун менен муун тизмектешкенде, муун чектери өзгөрүүгө дуушар болуп, бир типтеги муундан тигил же бул тыбыш экинчи бир типтеги муунга өтүп, башка үчүнчү типтеги муунду пайда кылышы же эки муун биригип бир муун түзүп калышы мүмкүн. Маселен: CVC тибиндеги **сан** деген уңгуга V тибиндеги - **а** мүчөсүн жалгасак, **са-на** болуп, CV - CV тибиндеги эки муунга ажырагандыгын көрөбүз, же CV тибиндеги де-деген уңгуга VC тибиндеги -**ыш** мүчөсүн жалгасак, мындан **деш**- болуп, CVC тибиндеги муунга биригип кетти.

Демек, сөздөгү муун типтеринин бир кыйласы туруктуу эмес, өз ара сыйлыгышып, жылышып өзгөрүп турат экен. Биз төмөндө муун чектеринин кайсы учурда кандайча өзгөрө тургандыгын карап көрөбүз.

1. CV тибиндеги ачык муундан кийин V, VC тибиндеги жабылбаган муундар келсе, катар келген үндүүлөрдүн бирөө сыйлыгышып түшөт да, эки муун биригип келип, бир муунду түзүп калат, башкача айтканда, CV + V = CV же CV + VC = CVC болот. Мисалы:

**(ал)ты + оо =(ал)тоо, (же)ти + өө = (же)төө, (иш)те + өө =(иш)төө; же + ыш =жеш, (са)на + ыш = (са)наш** ж.б.

Мындай көрүнүш **муундардын сыйлыгышуулары** деп аталат.

2. Жабык муундарга жабылбаган муундар тизмектешкенде биринчи муундун аягындагы үнсүз тыбыш экинчи муунга өтөт да, экинчи муун жабылбаган муунга айланат, тактап айтканда, VC, CVC, VCC, CVCC тибиндеги муундарга V, VC тибиндеги муундарды кошкондо, алар төмөнкүдөй болуп кайрадан муундарга ажырайт:

а) VC + V = V - CV (эл + и = э-ли);
б) CVC + V = CV - CV (мал + ы = ма-лы);
в) VCC + V = VC - CV (ант + ы =ан-ты);
г) CVCC + V = CVC - CV (дањк + ы = дањ-кы);
д) VC + VC = V - CVC (ак + ыш = а-гыш);
е) CVC + VC = CV - CVC (көк + үш = кө-гүш);

ж) VCC + VC = VC - CVC (арт + ым = ар-тым);

з) CVCC + VC = CVC - CVC (көрк + ың = көр-күң).

Мындай көрүнүштөр муундардын жылышуулары деп аталат.

Албетте, бардык эле муун типтери тизмектешкенде муундарда сыйлыгышуулар, жылышуулар боло бербейт. Үнсүз менен аяктаган жабык же үндүү менен аяктаган ачык муундардан кийин үнсүз менен баштаган жабылган муундар келген учурда муун чектери өзгөрбөйт. Мисалы:

**ки-ши + бы = ки-ши-би, ал-ма+лар = ал-ма-лар;**

**ат + лар =ат-тар, кыз + лар =кыздар** ж.б.

## Сөздүн муун түзүлүшү

Бир жолку дем чыгаруу менен пайда болгон сөз бир муундуу сөз деп аталат. Мисалы:

**ат, нан, кант, эрк** ж.б.

Бир нече жолу абаны бөлүп чыгаруу менен пайда болгон сөздөр көп муундуу сөздөр болуп эсептелет. Мисалы:

**а-та, э-не, жыл-кы, ке-ле-чек, мам-ле-кет** ж.б.

Кыргыздын төл сөздөрүндөгү түп уңгулардын көпчүлүгү бир же эки муунду болушат. Үч муундуу түп уңгулар жокко эсе. Бирок анын лексикасында бул тилдин агглютинативдүү түзүлүшүнө байланыштуу көп муундуу туунду сөздөрдүн арбын экендигин көрөбүз. Ошондой эле башка тилдерден, өзгөчө орус тилинен өздөштүрүлгөн сөздөрдүн көпчүлүгү көп муундуу сөздөр болуп эсептелет.

Бир муундуу сөздөр төмөндөгүдөй муун типтеринен турат: а) Бир гана кыска же созулма үндүүдөн турган (V тибиндеги) сөздөр: **уу** - I. Ууктуруучу зат. II. Мергенчилик, аңчылык; **ээ**-кожоюн; **оо** - бир жагына кыйшаюу; **а** =ал; сырдык сөздөрдөн **а**! - таңданууну, өкүнүүнү, наааразылыкты билдирет; **ээ**! - кайгырганды, наарazы болгондукту билдирет; **и**! - суроо, кубаттоо иретинде айтылат; **а** - байламтасы ж.б.

Бу типтеги сөздөр кыргыз тилинде өтө аз санда жана теги боюнча башка типтеги сөздөрдөн келип чыккан.

б) Үнсүз менен үндүүнүн айкалышынан турган (CV тибиндеги) сөздөр: **бу, же, де, ме, не, да, баа, боо, буу, суу, маа, саа** ж.б.

CV тибиндеги сөздөр да анчалык көп эмес. Анын үстүнө булардын көпчүлүгү да чыгыш теги боюнча башка типтеги сөздөргө туура келет.

| | |
|---|---|
| **бу<бул** | **боо<бог** |
| **ме<мына** | **суу<суб** |
| **не<эмне** | **буу<бог** |
| **да<даа<дагы** | **маа<мага** |
| **баа<баһо** | **саа<сага** |

Демек, CV тибиндеги уңгу сөздөр да байыркы кыргыз тилиңе мүнөздүү болгон эмес.

в) Үндүү жана үнсүздөн турган (VC тибиндеги) сөздөр: **ат, от, ак, аз, өз, эр, эс, ич, өз, ал** ж.б.

г) Үндүү жана эки үнсүздөн турган (VCC тибиндеги) сөздөр: **ант, өрт, арт, эрк, алп, айт** ж.б.

VC тибиндеги сөздөр VCC тибиндегиге караганда кеңири учурайт.

д) Үнсүз, үндүү жана үнсүздөн турган (CVC тибиндеги) сөздөр: **бал, кел, кол, көл, жыл, тур, түр** ж.б.

Бул типтеги сөздөр бардык башка типтерге караганда кеңири тараган.

з) Үнсүз, үндүү жана эки үнсүздөн турган (CVCC тибиндеги) сөздөр: **кант, шарт, март, калп, тынч, даңк, тарт, төрт, тарс, тырп** ж.б.

Эки муундуу жана көп муундуу сөздөрдү жасалыш ыгы жана түзүлүшү боюнча төмөнкүдөй типтерге бөлүүгө болот:

а) Түп уңгу сөздөр, мисалы: **бала, ата, эне, балта** ж.б.

Кыргыз тилинин уңгу сөздөрүнүн көпчүлүк бөлүгүн эки муундуу сөздөр түзөт жана этимологиялык жактан булардын басымдуу көпчүлүгү кыргыз тилинин лексикасынын байыркы катмарларына кирет.

б) Мүчөлөрдүн жалгануусу менен жасалган туунду уңгу сөздөр, мисалы:

**койчу, балалык, китепкана, ишмер, жоокер** ж.б.

в) Эки же андан ашык уңгудан биригип түзүлгөн бириккен сөздөр, мисалы:

**бүгүн <бу +күн, быйыл<бу +жыл, быяк<бу+жак, аяк<ал- +жак, тыяк<тиги+жак, апар < алып + бар, кантип <каны +этип, кайнене < кайын + эне, тайке < тай + аке** ж.б.

г) Кыскартылган сөздөр, мисалы:

**маммүлк, райаким, филфак, пединститут, профсоюз** ж.б.

д) Кош сөздөр. Бул типтеги сөздөрдүн бардыгы фонетикалык жактан да, лексикалык жактан да бир бүтүндүктү түзөт. Мисалы:

**чай-пай, китеп-ситеп, ат-сат, кой-пой, ага-ини, алай-дүлөй, ың-жың** ж.б.

е) Эки жана көп муундуу уңгу сөздөргө ошондой эле башка тилдерден, анын ичинде орус тилинен өздөштүрүлгөн сөздөрдү да кошууга болот. Мисалы:

**мамлекет, демократия, приватизация, экономика, астрономия, республика** ж.б.

Мындай сөздөр - терминдер орус тилинен кыргыз тилине өзгөчө Октябрь революциясынан кийинки мезгилде көп кире баштады.

# БАСЫМ

Тил илиминде тилдин ар башка деңгээлине тиешелүү фразалык басым, синтагмалык басым жана сөздүк басым деген түшүнүктөр бар экендиги белгилүү. Булардын ичинен фразалык басым менен синтагмалык басым фонетиканын чегинен чыгып, сүйлөмдү жана сөз тизмегин уюштуруучулук касиетке ээ болуп, андагы бир элементти башка элементтерден бөлүп көрсөтүү милдетин аткаргандыктан, аларды синтаксистик деңгээлдин объектиси катары карап, бул жерде биз сөздүк басым жөнүндө гана кеп кылмакчыбыз.

Эки же андан көп муундуу сөздүн курамындагы бир үндүүнүн башка муундагы үндүүлөргө караганда үндүн күчү, тондун бийиктиги, созулушу менен айырмаланып айтылышы сөздүк **басым** болот.

Жалпы тилдерде акустикалык мүнөзүнө карай басымдын үч негизги түрү бар:

1) Күчтүк же динамикалык басым – мында басым түшкөн муун башка муундарга караганда күч менен айтылат;

2) Музыкалык же тоникалык басым – мында бир муун башка муундардан тондун бийиктиги менен айырмаланат;

3) Сандык же квантитативдик басым – мында басым түшкөн муундагы үндүү башка үндүүлөрдөн созулушу менен айырмаланат. Традициялык көз караштa кыргыз тилиндеги басым жөнөкөй угумга негизделип, күчтүк (динамикалык) басым катары мүнөздөлүп келген. Бирок кийинки эксперименттик-фонетикалык изилдөөлөрдө басым түшкөн муун башка муундардан жалаң гана үндүн күчү менен айырмаланбастан, үндүн узактыгы менен да айырмалана тургандыгы аныкталган. Демек, кыргыз тилиндеги басым **күчтүк-сандык** (динамикалык-квантитативдик) басым болуп эсептелет[1].

Сөздөгү ээлеген ордуна карай басымдын эки тибин белгилөөгө болот.

Тилдеги сөздөрдүн белгилүү бир гана муунуна түшүүчү басым **орунтуктуу басым** деп аталат. Кыргыз тилинин төл сөздөрүндө жана мурда өздөштүрүлгөн сөздөрдүн бардыгында дээрлик басым сөздүн акыркы муунуна түшөт. Ошондуктан кыргыз тилиндеги басым ээлеген позициясы боюнча орунтуктуу болуп эсептелет. Мисалы:

**бала́, эне́, ките́п, мекте́п, дара́к, бөтөлкө́** ж.б.

Сөздөгү созулма үндүүлөр басымга эч кандай таасир тийгизбейт. Мисалы:

**саама́й, боорукерле́р, саанчыла́р, тала́а.**

---

[1] А.О.Орусбаев, К.Т.Токтоналиев. Исследование по фонетике кыргызского языка: часть II, Суперсегментные единицы - Бишкек: Илим, 1991, стр. 140.

Үч жана андан көп муундуу сөздөрдө негизги басымдан башка да андан бир кыйла начар угулган экинчи басым бар экендигин белгилөөгө болот. Ал көбүнчө биринчи муунга түшөт[1]. Мисалы:

**а̀лака́н, а̀кырын, дөңгө́лөк** ж.б.

Ал эми орус тилиндеги басым – эркин басым. Ал сөздөрдүн белгилүү бир гана муунуна түшпөстөн, кээ бир сөздөрдүн башына, кээсинин ортосуна, кээсинин аягына түшө берет. Мисалы:

**а́лгебра, ко́фе, рюмка, те́нор, ава́рия, абстра́кция, вера́нда, косме́тика, автома́т, ветера́н, гастроно́м, мавзоле́й** ж.б.

Кыргыз тилиндеги орус тилинен кийин өздөштүрүлгөн сөздөрдүн бардыгына басым орус тилиндегидей эле ар кайсы муунга түшөт. Ошондуктан азыр тилибиздин бүт сөздүк составын эске тутканда, басым дайыма сөздүн акыркы муунуна түшөт деген түшүнүк өзүнүн мурдагы маанисин жогото баштады.

Кыргыз тилинин агглютинативдик түзүлүшү жана басымдын көпчүлүк учурда акыркы муунга түшүшү кыргыз тилиндеги басымдын туруксуз, көчмө болушун шарттайт, башкача айтканда, уңгуга улам жаңы мүчө уланган сайын басым акыркы муунга жылышып отурат. Мындай сөздүн формасынын өзгөрүшү менен алган орду өзгөрүлүп турма басым **туруксуз басым** деп аталат. Мисалы:

**жылкы, жылкы́чы, жылкычыла́р, жылкычылардá** ж.б.

Орус тилинен өздөштүрүлгөн сөздөргө мүчө уланган учурда, негизги басым улам акыркы муунга жылышат. Бирок уңгудагы басым да басаңдаган түрдө мурунку ордунда сакталып кала берет. Мисалы:

**авто́бус + да =автобустá, га̀зе́та + лар =газетала́р, а̀втор + лар + ыбыз = авторлору̀бу́з** ж.б.

Төмөнкү мүчөлөрдү уңгуга жалгаганда, негизги басым акыркы муунга жылып отурат:

1) бардык сөз жасоочу мүчөлөр: **орокчу́, жоолукту́к, тилекте́ш, жатала́к, оюнчу́к** ж.б.;

2) айрым форма жасоочу мүчөлөр;

а) тангыч **-ба** мүчөсү: **окуба́, уктаба́**;

б) жөндөмө мүчөлөр: **баланын, балага́, баланы, балада́, балада́н**;

в) көптүк сандын - **лар** мүчөсү: **окуучула́р, жеткинчекте́р**;

г) таандык мүчөлөр: **китебим, китеби́ң, китеби́, китеби́биз**;

д) жоктукту, кемчиликти көрсөтүүчү - **сыз** мүчөсү: **баласыз, дараксыз, түшүмсүз** ж.б.

---

[1] Негизги басымды ( ´ ) менен, кошумча басымды ( ` ) менен белгилейбиз

Ошону менен бирге кыргыз тилинде сөздүн формасынын өзгөрүшү менен алган орду өзгөрүлүп турбаган туруктуу басымдын да бар экендигин белгилөөгө тийишпиз. Атап айтканда, кыргыз тилинин сөз өзгөртүү системасында басым кабыл албай турган мүчөлөрдүн да бар экендигин көрөбүз. Бул учурда басым акыркы муундарга жылышпай, уңгунун аягындагы муунда кала берет. Мындай басым кабыл албоочу мүчөлөргө төмөнкүлөр кирет:

1) жак мүчөлөр: **бала́мын, жылкычысын, оку́йсуз, иште́йсиз** ж.б.

2) буйрук ыңгайдын мүчөлөрү: **жа́зчы, оку́чу, иште́гин, көтөргүн, ырда́гыла, ойно́гула, карма́ңыз, оту́руңуз** ж.б.

3) каалоо-тилек ыңгайдын мүчөлөрү: **бара́йын, келе́йин, жаса́йын, иште́йин, көрөлүк, уга́лы** ж.б. Бул мүчөлөр жалганганда, басым акыркы муундан мурунку муунга түшөт.

4) сурама **-бы** мүчөсү: **бала́бы, оку́йбу, кызылбы, ошо́лбу** ж.б.

5) фамилияны, атасынын атын көрсөтүүчү **-ов, -ев, -ович, -евич, -овна, -евна** деген мүчөлөр: **Аса́нов, О́смо́нович, Алымку́ловна** ж.б.

Ошондой эле сүйлөөнүн кырдаалына жараша да негизги басым акыркы муунга түшпөй калган учурлар болот:

а) эсептик сандарды ирети менен саноодо: **бир, эки, үч, төрт, беш, а́лты, же́ти, се́гиз, то́гуз, он, жыйырма, о́туз, кырк, элүү, а́лтымыш, же́тимиш, се́ксен, то́ксон** ж.б. Ал эми бул сандарды иретти менен санабастан, башка сөздөрдүн тизмегинде айтканда, басым кадимкидей эле акыркы муунга түшөт. Мисалы:

**алты китеп, жыйырма́ студент, тогу́з окуучу, жети кыз** ж.б.

б) суроолуу сүйлөмдөгү интонация аркылуу белгиленген сурама ат атоочтордо басым көбүнчө биринчи муунга түшүп айтылат: **ка́йсы? ка́ндай? ка́йда? ка́нча?** ж.б. Мисалы:

**Ка́йсы** окуу жайында окуйсуң? Жайында **ка́ндай** эс алдың? Ата-энең **ка́йда** иштейт? **Ка́нча** бир тууганың бар?

Жай сүйлөмдүн тутумундагы сурама ат атоочтордо басым демейдегидей эле акыркы муунга түшүп айтылат. Мисалы:

Бүркүт уядан **эмнени** көрсө, учканда ошону алат (макал). Жазында **эмне́** эксең, күзүндө ошону оросуң (макал). **Кайда́** барса, Мамайдын көрү (лакап) ж.б.

в) **ка́пкара, са́псары, топтоголо́к, а́пачуу** деген сыяктуу күчөтмө сын атоочто басым биринчи муунга түшөт. Ал эми сын атоочтун жай, салыштырма даражаларында, ошондой эле күчөтмө даражанын башка формаларында басым акыркы муунга эле түшөт. Мисалы:

**Жакшыга́** жанаш, **жаманда́н** адаш (макал). Биздин тоолор **өтө бийик**. Бул алмурут тигинден **чоңура́ак**. **Эң соңу́н** жаңылык экен. **Өтө кызыл** тез оңот (макал).

Компоненттери семантикалык жана фонетикалык жактан өз бетинчелигин жое элек татаал сөздөрдө ар бир компоненти өзүнчө басымга ээ болот Мисалы

**ата́-эне́, ага́-тууга́н, улу́у-кичү́ү** ж.б

Эгер компоненттери семантикалык жактан да, фонетикалык жактан да бузулууга учурап биригип кеткен болсо, биринчи компоненти басымын жоготот Мисалы

карагат (кара+кат), жынайла́к (жалаң+аяк) ж.б [1]

---

[1] Юнусалиев Б М , Киргизский язык - В кн Языки народов СССР Том II Тюркские языки М , 1966, 486 бет

## КЕП АГЫМЫНДАГЫ ТЫБЫШТАРДЫН ӨЗГӨРҮҮЛӨРҮ

### Тыбыштардын өзгөрүүлөрүнүн артикуляциялык себептери

Үндүү жана үнсүз тыбыштар тилде жекече колдонулбастан, бири-не-бири тизмектешип, кеп агымында колдонулганда, алар өз ара бири-бирине таасирлерин тийгизип, өзгөрүүлөргө дуушар болот.

Тыбыштардын мындай өзгөрүүлөрүнүн себептери төмөндөгүгө байланышкан. Бардык тыбыштардын айтылышы үч артикуляциялык фазага ээ болушат: 1) Сүйлөө органдарынын мурдагы абалдан тигил же бул тыбышты айтууга ылайыкталган абалга келиши. Бул фаза **экскурсия**[1] же **киришүү** (приступ) деп аталат; 2) Сүйлөө органдарынын ээлеген абалда өзгөрбөй токтолуп туруп учуру. Бул фазаны **выдержка же токтолуп туруу** деп атайбыз; 3) Сүйлөө органдарынын ээлеген абалдан чегинүү учуру. Бул **рекурсия**[2] же **чегинүү** (отступ) фазасы болот. Кеп агымында тизмектешип келген тыбыштардын биринин чегинүү фазасы бүтө электе экинчисинин киришүү фазасы башталат да, мындан алардын өзгөрүүлөрү келип чыгат. Мисалга **дос** деген сөздү алып көрсөк, **д** тыбышынын рекурсиясы аяктай электе эле **о** тыбышынын экскурсиясы башталып, эрин алдыны көздөй чормоёт да, **д** эринчил түр алат, ал эми **о** айтылып бүтө электе **с** тыбышын айтуу башталып, **о** тыбышынын чегинүүсү **с** тыбышынын киришүүсүнө туура келет да, **с** да эринчил мүнөзгө ээ болот, башкача айтканда, **дос** түрүндө айтылат.

Сүйлөө процессиндеги тыбыштардын өз ара таасирлеринин натыйжасында келип чыккан өзгөрүүлөрү **комбинатордук**[3] өзгөрүүлөр деп аталат. Буга сингармонизм (үндөшүү) закону, ассимиляция, диссимиляция, аккомодация сыяктуу фонетикалык процесстер кирет.

Булардын ар бирине жекече токтолобуз.

### Сингармонизм (үндүүлөрдүн үндөшүү) закону

Бир сөздүн курамындагы үндүү тыбыштардын өз ара таасирлеринин натыйжасында бири-бири менен үндөшүүсү, башкача айтканда, бирдей сапатка ээ болушу **сингармонизм**[4] **(үндөшүү)** закону деп аталат.

Кыргыз тилинде бир сөз ичиндеги үндүүлөр тил күүсү боюнча жана эрин күүсү боюнча үндөшөт. Ошондой эле алар бири менен бири тыгыз

---

[1] Экскурсия – лат. excursio - "жүгүрүп чыгуу", "качып чыгуу" деген сөздөн алынган.
[2] Рекурсия – лат. recursus - "кайра кайтуу" деген сөздөн алынган.
[3] Комбинатордук – лат. combinare - "бириктирүү", "тизмектештирүү" деген сөздөн алынган.
[4] Сингармонизм – гр. Syn "бирге" жана harmonia "үндөшүү" деген сөздөрдөн алынган.

байланышта жана бир учурда аракетке келет. Ошондуктан көп морфемалуу сөздөрдө да сингармонизм закону сөздүн башынан аягына чейин бекем сакталгандыгын көрөбүз. Мисалы, **ата** деген сөзгө бир нече мүчө улап *көрсөк*, **ата+лар+ыбыз+дыкы+на** болуп, биринчи муундагы тил арты эринсиз үндүүгө карай кийинки үндүүлөрдүн бардыгы тил арты эринсиз үндүү болуп үндөшүп кетти. Эгер **ата** деген сөздү тил алды үндүү менен келген **эне** деген сөзгө алмаштырып, ошол эле мүчөлөрдү уласак, **эне+лер+ибиз+дики+не** болуп, кийинки муундагы үндүүлөр тил алды эринсиз үндүүлөргө өтөт. Эгер ошол эле мүчөлөр **бөлө** деген сөзгө жалганса, анда **бөлө+лөр+үбүз+дүкү+нө** болуп, үндүүлөрдүн бардыгы биринчи муундагы эринчил тил алды үндүүгө карай үндөшөт, ал мүчөлөрдү **дос** деген сөзгө уласак, дос+тор+убуз+дуку+на болуп, тил арты эринчил үндүүлөр өз ара үндөшөт.

**Тил күүсү** боюнча үндөшүү дегенибиз бир сөз ичиндеги үндүүлөрдүн же жалаң тил алды (ичке) үндүү болуп, же жалаң тил арты (жоон) үндүү болуп келиши эсептелет. Муну таблицада көрсөтсөк, төмөнкүдөй болот:

№3 таблица

| Биринчи муундагы үндүү | | Кийинки муунда келүүчү үндүүлөр | Мисалдар |
|---|---|---|---|
| Тил арты (жоон) үндүүлөр | а | а, ы | ата, бала, сайкын, азыр; |
| | ы | а, ы | кызыл, кылым, чырак, жыргал; |
| | о | о, у | токой, жомок, комуз, томук; |
| | у | у, оо, а, ы | кулун, булуң, буроо, улак, тумак, булактын; |
| Тил алды (ичке) үндүүлөр | э | э, и, өө, ө, үү, ү | эне, эмне, эки, эчки, энөө, энөөлөн, |
| | и | э, и, үү, ү, ө, өө | ини, ийин, ийне, китеп, иштүү, иштүүлүк, бийлөө, бийлөөгө; |
| | ө | ө, ү | көркөм, бөлөк, көмүр, өмүр; |
| | ү | ө, ү, өө, үү | күлүк, күлкү, күмүш, күрөң, күбө, күйөө, күчтүү; |

**Эрин күүсү** боюнча үндөшүү дегенибиз бир сөз ичиндеги үндүүлөрдүн же жалаң эринсиз болушу, же жалаң эринчил болушу менен мүнөздөлгөн үндөшүү болуп эсептелет. Муну төмөнкүдөй таблицада көрсөтөбүз:

Жалпы эле түрк тилдеринин мүнөздүү белгилеринин бири болгон сингармонизм закону кыргыз тилинин төл сөздөрүндө абдан бекем сакталган. Өзгөчө тил күүсү боюнча үндөшүү уңгунун ичинде да, уңгу ме

| Биринчи муундагы үндүү | | Кийинки муунда келүүчү үндүүлөр | №4 таблица<br>Мисалдар |
|---|---|---|---|
| Эринсиз үндүүлөр | а, аа | а, аа, ы | ата, бала, балык, ачы, аары, баары |
| | ы | а, аа, ы | бычак, ыраак, ыңырчак, кылык, кыраан; |
| | э, (е), ээ | э (е), ээ, и | белек, элес, эки, ээле, мээле, ээлик, келин; |
| | и | э (е), ээ, и | ийне, илээнди, илээш, ини, ийин, кийим; |
| Эринчил үндүүлөр | о, оо | о, оо, у, уу | оро, ороо, короо, орун, ооруу, оордук, ойлуу; |
| | у, уу | у, уу, оо | узун, урук, ууру, улуу, уулуу, буроо, суроо, уктоо, мууздоо; |
| | ө, өө | ө, өө, ү, үү | бөлөк, көлмө, өрөөн, көмүр, бөлүү, өөнө, өөнчүл; |
| | ү, үү | ү, үү, ө, өө | үкү, күчтүү, үзөңгү, күрөш, күнөө, күрөө, бүлөө, күүлө, күүлүү; |

нен мүчөнүн ортосунда да өтө туруктуу, ал эми буга караганда эрин күүсү анчалык туруктуу эмес, башкача айтканда, үндүүлөр тил күүсү боюнча үндөшүп, бирок эрин күүсү боюнча үндөшпөй калышы мүмкүн. Мына ушуга карай **толук** жана **толук эмес** сингармонизм болуп бөлүнөт. Үндүүлөр бир эле учурда тил күүсү боюнча жана эрин күүсү боюнча үндөшсө, мындай үндөшүү **толук сингармонизм** деп аталат да, үндөшүү тил күүсү боюнча гана болуп, эрин күүсү боюнча болбой калса, толук эмес сингармонизм деп аталат. Мисалы, **бала, жаштык, көркөм, сулуулук** деген сөздөрдө бир эле учурда үндүүлөр тил күүсүнө карай да, эрин күүсүнө карай да үндөшкөн, ал эми **булак, улар, элүү** деген сөздөрдө уңгунун ичинде, **ардактуу, отурат, жашоо** деген сөздөрдө уңгу менен мүчөнүн ортосунда үндүүлөр тил күүсүнө карай үндөшүп, эрин күүсүнө карай үндөшкөн эмес.

Эне тилибиздин ички факторлоруна байланыштуу эрин күүсүнүн бузулушу төмөнкү учурларга мүнөздүү:

1) Тил арты (жоон), кууш, эринчил, кыска **у** жана созулма **уу** тыбыштарынан кийин көпчүлүк учурда тил арты (жоон), кең, эринсиз, кыска **а** жана созулма **аа** тыбыштарынын келиши кенири учурайт: **кулак, курак, бука, куурай, жууркан, куурма, муунак, ууаа, ургаачы** ж.б.

2) Сөздүн биринчи муунундагы тил арты (жоон), созулма, эринчил **оо** тыбышынан кийин (уңгу ичинде да, мүчөдө да) тил арты (жоон), эринсиз, кыска **а** тыбышынын келиши мүмкүн: **тоодак, ооба, оочан, оодар, оона, жоола** ж.б.

3) Уңгу ичинде тил алды (ичке), эринсиз, кыска э(е), и тыбыштарынан кийин тил алды (ичке), эринчил, созулма үү тыбышы да келип калат: **элүү, серүүн, тирүү, кичүү** ж.б.

4) Уңгудагы тил арты (жоон), эринсиз **а, аа, ы** жана тил алды (ичке), эринсиз **э(е)**, ээ, **и** тыбыштарынан кийин кыскартылган парадигмалуу **-луу/-лүү** (сын атооч жасоочу), **-оо/-өө, -уу/үү** (кыймыл атоочту уюштуруучу), **- чу/ -чү** (адат өткөн чакты уюштуруучу), **-ооч/-өөч** (зат атооч жасоочу) мүчөлөр уланганда, эрин күүсү сакталбайт: **жандуу, жаандуу, элдүү, зээндүү, кырлуу, иштүү; жашоо, жазуу, келүү, билүү, сызуу, берүү, белгилөө; бешөө, алтоо, жетөө; келчү, барчу, алчу, таанычу, жаачу; байлооч, тирөөч, атооч, айкындооч** ж.б.

Тил күүсүнө карай үндөштүүнүн өтө туруктуулугуна карабастан, иран-араб тилдеринен кирген сөздөр акырындап кыргыз тилиндеги бул процесске да белгилүү «түзөтүүлөрдү» киргизген[1]. Бул тилдерден өздөштүрүлгөн көп сөздөрдө бир эле уңгунун ичинде тил алды үндүүлөр менен тил арты үндүүлөр, эринсиздер менен эринчил үндүүлөр катар келе бере тургандыгын көрөбүз. Мисалы:

> **абзел, абийир, адилет, далил, далис, дарек, каснет, каниет, мамиле, маселе, мамлекет, мисал, макүрөө, мендубана, тарбия, табият** ж.б.

Орус тилинен жана орус тили аркылуу жаңы кирген сөздөр сингармонизм законунун бузулуш процессин андан ары терендеткен. Мисалы:

> **операция, комитет, география, аудитория, кафедра, факультет, хрестоматия, диктатура, океан, секунд, профессор, метро, коммерция, акционер** ж.б.

Иран тилдеринен өздөштүрүлгөн кесипти, кызматты, жөндөмдүүлүктү билдирүүчү **-кер, -кор, -кеч (жоокер, жароокер, жемкор, сүткор, арабакеч, асылкеч)**, орунду, өлкөнү билдирүүчү **-кана, -стан (ишкана, Өзбекстан, Тажикстан)**, араб тилинен өздөштүрүлгөн **-ий (адабий, тарыхый, саясий, табигый, маданий, рухий)** сыяктуу мүчөлөр кыргыздын төл сөздөрүнө же башка тилдерден кирген сөздөргө жалганган учурда да сингармонизмдин бузулушуна алып келет. Ошондой эле иран тилдеринен кирген **бей-, на-** сыяктуу префикстер да сингармонизм законунун бузулушун шарттайт. Мисалы:

> **бейбаш, бейжай, бейкабар, бейорун, беймаал, бейкүнөө, натуура** ж.б.

Сингармонизмдин бузулушу жалаң башка тилдердин таасиринин натыйжасы гана болбостон, кыргыз тилинин өзүнүн ички өнүгүш про-

---

1 Юнусалиев Б.М. Киргизский язык. - В кн. Языки народов СССР. Том II. Тюркские языки. -М., 1966, 487-б.

цессинде да мындай көрүнүштүн бар экендигин байкоого болот. Атап айтканда, тарыхый жактан эки башка уңгунун бир уңгуга биригип кетишкенинен пайда болгон татаал сөздөрдүн бир кыйласында сингармонизм бузулууга дуушар болгон. Мисалы:

**таажеңе<тай жеңе, таажезде<тай жезде, кантип<кан этип, канткенде<кан эткенде, барбекен<бар+бы экен, кечкурун < кеч курун (кур+ын), эчак<не чак, небак<не убак** ж.б.

Ошондой эле эркелетүү жана кичирейтүү маанисиндеги -ке, -ек, -тай, -бай сыяктуу кыргыз тилинин өзгөрбөс төл мүчөлөрү жалганганда да уңгу менен мүчөнүн ортосунда сингармонизм сакталбайт. Мисалы:

**атаке, абаке, коёнек, кыргыек, жеңекетай, жеңекебай.**

Бирок сингармонизм сакталбаган сырттан кабыл алынган сөздөргө же сингармонизм бузулган кыргыздын төл сөздөрүнө сөз жасоочу же сөз өзгөртүүчү мүчөлөр жалганганда, сөзсүз, мүчөдөгү үндүү тыбыш уңгунун акыркы муунундагы үндүүгө карай үндөшүп, сингармонизм кайра калыбына келет. Мисалы:

**демократия+лык=демократиялык, кино+нын=кинонун, адабият+нын=адабияттын, кантип+сыз=кантипсиз, кыргыек+дай=кыргыектей** ж.б.

Мунун өзү да кыргыз тилиндеги сингармонизмдин туруктуулугун күбөлөйт.

Үндөшүүнүн багытына карай сингармонизм **прогрессивдүү**[1] жана **регрессивдүү**[2] болушат. Алдыңкы үндүүгө арткы үндүүнүн үндөшүүсү **прогрессивдүү сингармонизм** болот да, арткыга алдыңкынын үндөшүүсү **регрессивдүү сингармонизм** болот. Жогорудагы келтирилгендердин баргы прогрессивдүү сингармонизмге мисал боло алат. Кыргыз тилинде үндүүлөр негизинен алга карай үндөшөт. Ошону менен бирге арткы үндүүгө карай алдыңкы үндүүнүн үндөшкөн учурлары да бар. Мисалы:

**бир+өө=бүрөө** (орф.бирөө), **эки+өө=өкөө (орф.экөө), бул+дай=мундай>мындай, бул+да=мында, бул+дан=мындан, муну этип>минтип, бу күн>бүгүн, бу жыл>быйыл, бу жак >быяк, тиги жак>тыяк, ал жүз> өйүз, бу жүз>бүйүз** ж.б.

Сингармонизм законунун кыргыз тилинде өтө туруктуу аракеттениши аны кадыресе фонетикалык процесстердин чегинен чыгарып, сөздүн калыптанышында да чоң мааниге ээ кылат. Атап айтканда, ал өз ара үндөшкөн муундарды фонетикалык жактан бир сөзгө бириктирет жана сөздөгү муундардын баштан аяк «түспөлдөштүгү» сөздүк басым менен бирге кеп агымында сөздөрдүн чегин бири биринен ажыратып турат.

---

[1] Прогрессивдүү - лат. progressus "алга карай кыймыл" дегенден алынган.
[2] Регрессивдүү - лат. regressio "артка карай кыймыл" дегенден алынган.

## Ассимиляция

Кеп агымында ар башка үнсүз тыбыштардын өз ара таасир көрсөтүүлөрүнүн натыйжасында биринe экинчиси окшошуусу **ассимиляция**[1] деп аталат Үнсүз тыбыштардын окшошуусу алардын каткалаң-жумшактык, эринчил-эринчил эместик, үчүл-арттылдык, мурунчул-мурунчул эместик, татаал-жөнөкөйлүк белгилери боюнча ишке ашат Мисален, **ат** деген сөзгө **-лар** мүчөсүн уласак, **атлар** болбостон, унгунун аягындагы **т** тыбышынын таасири менен мүчөдөгү **л** тыбышы өзгөрүп, **аттар** болот

Бир үнсүз тыбыш экинчи бир үнсүз тыбышты өзүнө бардык белгилери боюнча толук окшоштуруушу да жана айрым белгилери боюнча жарым-жартылай окшоштуруусу да мүмкүн Мына ушуга карай ассимиляция **толук** жана **толук эмес** болуп бөлүнөт Толук ассимиляцияга жогорудагы мисалдардан башка да **эт+дан=эттен, кат+ны=катты, сабак+га=сабакка, көп+бы=көппү** дегендерди көрсөтсөк болот Ал эми толук эмес ассимиляцияга **таш+дан=таштан, көп+га=көпкө, дос+лык=достук, иш+бы=ишпи** деген сыяктууларды келтирсек, мында эки үнсүз тыбыш бири-бирине бардык белгилери боюнча окшошпостон, айрым белгилери боюнча, тактап айтканда, каткалаңдыгы боюнча гана окшошкондугун көрдүк

Ассимиляция бир сөз ичинде унгу менен мүчөнүн ортосунда жана жанаша айтылган сөз аралыгында да болот

Окшошуунун багытына карай ассимиляция да **прогрессивдүү** жана **регрессивдүү** ассимиляция деп бөлүнөт

Алдынкы үнсүз тыбышка арткы үнсүз окшошсо, **прогрессивдүү ассимиляция** болот Кыргыз тилинде прогрессивдүү ассимиляция боюнча сөз ичинде **г, б, д, л, н** тыбыштары менен башталган мүчөлөр өзгөрөт жана андагы үндүү, үнсүз тыбыштардын өзгөрүүлөрүнө байланыштуу алардын ар бири 6дан 12ге чейин комбинатордук варианттарга ээ болушат

1) Он эки варианттуу мүчөлөргө составында созулма үндүүлөр болбогон **л** жана **н** тыбыштары менен башталган төмөнкү мүчөлөр кирет

а) зат атоочтун көптүк санын көрсөтүүчү **-лар, -лер, -лор, -лөр, -дар, -дер, -дор, -дөр, -тар, -тер, -тор, -төр** мүчөсү,

б) атоочтордон этиш жаасоочу **-ла, -ле, -ло, -лө, -да, -де, -до, -дө, -та, -те, -то, -тө** мүчөсү,

в) илик жөндөмөнүн **-нын, -нин, -нун, -нүн, -дын, -дин, -дун, -дүн, -тын, -тин, -тун, -түн** мүчөсү,

---

[1] Ассимиляция лат assimilatio "окшошуу деген сөзүнөн алынган

г) табыш жөндөмөнүн **-ны, -ни, -ну, -нү, -ды, -ди, -ду, -дү, -ты, -ти, -ту, -тү** мүчөсү;

д) жалпы таандыктын **-ныкы, -ники, -нуку, -нүкү, -дыкы, -дики, -дуку, -дүкү, -тыкы, -тики, -туку, -түкү** мүчөсү;

е) абстрактуу зат атоочту жана катыштык сын атоочту жасоочу **-лык, -лик, -лук, -лүк, -дык, -дик, -дук, -дүк, -тык, -тик, -тук, -түк** мүчөсү.

2) Сегиз варианттуу мүчөлөргө **г, д, б** менен башталган төмөнкү мүчөлөр кирет:

а) барыш жөндөмөнүн **-га, -ге, -го, -гө, -ка, -ке, -ко, -кө** мүчөсү;

б) жалпы өткөн чактын **-ган, -ген, -гон, -гөн, -кан, -кен, -кон, -көн** мүчөсү;

в) жатыш жөндөмөнүн **-да, -де, -до, -дө, -та, -те, -то, -тө** мүчөсү;

г) чыгыш жөндөмөнүн **-дан, -ден, -дон, -дөн, -тан, -тен, -тон, -төн** мүчөсү;

д) айкын өткөн чактын **-ды, -ди, -ду, -дү, -ты, -ти, -ту, -тү** мүчөсү;

е) аркылуу мамиленин **-дыр, -дир, -дур, -дүр, -тыр, -тир, -тур, -түр** мүчөсү;

ж) сурама **-бы, -би, -бу, -бү, -пы, -пи, -пу, -пү** мүчөсү;

з) тангыч **-ба, -бе, -бо, -бө, -па, -пе, -по, -пө** мүчөсү;

и) көптүк сандагы I жактын жак мүчөсү **- быз, -биз, -буз, -бүз, -пыз, -пиз, -пуз, -пүз** мүчөсү ж.б.

3) Алты варианттуу мүчөгө сын атооч жасоочу **-луу, -лүү, -дуу, -дүү, -туу, -түү** деген гана мүчө кирет.

Жанаша айтылган эки сөздө биринчи сөздүн аягындагы каткалаң үнсүзгө карай экинчи сөздүн башындагы **б** тыбышы каткалаң **п** тыбышына өтүп айтылат, бирок жазууда берилбейт. Мисалы:

жазылышы: **көп бала, таап бер, баш бак;**

айтылышы: **көп пала, , таап пер, баш пак** ж.б.

Уяң үнсүздөр жана шыбышчыл жумшак **з** менен аяктаган сөздөн кийин каткалаң **к** менен башталган сөз келсе, айтууда **к** тыбышы **г** тыбышына өтөт, бирок жазууда берилбейт. Мисалы:

жазылышы: **эл келди, ар кандай, миң киши, аз калды;**

айтылышы: эл **гелди, ар гандай, миң гиши, аз галды.**

Арткы үнсүзгө карай алдыңкы үнсүздүн окшошуусу **регрессивдүү ассимиляция** болот. Кыргыз тилинде бир сөз ичиндеги регрессивдүү ассимиляцияны төмөнкү учурлардан көрөбүз:

1) Уңгунун аягындагы **з** тыбышы мүчөнүн башындагы каткалаңдар менен келгенде, каткалаң **с** тыбышына өтүп айтылат. Мисалы: **сөз+сыз=сөссүз** (орф. **сөзсүз**), **туз+сыз=туссуз** (орф. **туссуз**), **кыз+ча=-кысча** (орф. **кызча**) ж.б.

2) Уңгунун аягындагы ш тыбышы да мүчөдөгү с менен катар келгенде с тыбышына өтөт. Мисалы:

**түш+сүн=түссүн** (орф. **түшсүн**), **жаш+сың=жассың** (орф. **жашсың**) ж.б.

3) Уңгунун аягындагы н тыбышы кош эринчил м же б тыбыштарынан мурда келгенде кош эринчил м тыбышына өтөт. Мисалы:

**нан+бы=намбы** (орф. **нанбы**), **мен+мын=меммин** (орф.- **менмин**) ж.б.

4) Уңгунун аягындагы н тыбышы мүчөдөгү түпчүл г тыбышынан мурун келсе, артчыл ң тыбышына өтүп айтылат. Мисалы:

**район+га=районго** (орф. **районго**), **он+га=оңго** (орф. **онго**) ж.б.

5) Сөздүн уңгусундагы **б**, **п** тыбыштары кийинки мурунчул тыбыштардын таасири менен м тыбышына өтүп кетет. Мисалы:

**бу+нын=мунун, жап+ын=жамын, теп+ин=темин, чап+ынды=чамынды, муун<буун, мен<бен** ж.б.

Регрессивдүү ассимиляция бир сөз ичинде эле эмес, жанаша айтылган эки сөз аралыгында да болот.

1) Жанаша айтылган эки сөздүн биринчиси з менен аяктап,экинчиси каткалаң **с, ш**, т, ч тыбыштары менен башталса, з тыбышы да каткалаң с болуп айтылат. Мисалы:

жазылышы: **сиз сыяктуу, сөз тап, кыз чыкты;**

айтылышы: **сис сыяктуу, сөс тап, кыс чыкты** ж.б.

2) Экинчи сөз **ш**, с менен башталса, биринчи сөздүн аягындагы ч тыбышы ш тыбышына өтүп айтылат. Мисалы:

жазылышы: **үч шарт, үч сом;**

айтылышы: **үш шарт, үш сом** ж.б.

3) Бир сөз ичиндегидей эле биринчи сөздүн аягындагы н тыбышы экинчи сөздөгү эринчил м, б тыбыштарынын таасири менен эринчил м тыбышына өтөт. Мисалы:

жазылышы: **мен барам, он бир, он миң, тон менен;**

айтылышы: **мем барам, ом бир, ом миң, том менен** ж.б.

4) Биринчи сөздүн аягындагы н экинчи сөздөгү к менен катар келгенде ң болуп айтылат. Мисалы:

жазылышы: **бүгүн келди, Асан келди;**

айтылышы: **бүгүң келди, Асаң келди** ж.б.

Кыргыз тилинде жанаша айтылган эки сөздүн ортосунда ң менен к тыбыштары катар келгенде, алар өз ара бири-бирине кайчылаш таасир көрсөтүп, экөө тең өзгөрүүгө дуушар болгондугун көрөбүз. Маселен, **нан көп, сен кара** деген сөз тизмектерин айтууда **нaң гөп, сең гара** болуп, уяң н тыбышынын таасири менен к тыбышы г тыбышына өтөт да,

г тыбышынын таасири менен н тыбышы ң тыбышына өтөт, башкача айтканда, кайчылаш ассимиляцияланат. Мында прогрессивдүү да, регрессивдүү да ассимиляция бар. Ошондуктан муну **кайчылаш ассимиляция** деп атайбыз.

Ассимиляция жанаша турган тыбыштардын ортосунда да жана жанаша эмес башка тыбыштар менен бөлүнүп турган тыбыштардын ортосунда да болот. Буга карата ассимиляция **контактылуу**[1] жана **дистактылуу**[2] ассимиляциялар деп да бөлүнөт. Контактылуу ассимиляцияга жогоруда келтирилген **аттар, сөссүз** (орф. **сөзсүз**), **ом бир** (орф. **он бир**), **үш шарт** (орф **үч шарт**) деген сөздөрдөгү, дистактылуу ассимиляцияга **мүйүн, жамын, темин** деген сөздөрдөгү ассимиляцияны мисал кылып көрсөтүүгө болот.

## Диссимиляция

Ассимляцияга карама-каршы келип, кеп агымында бирдей же окшош эки тыбыштын өз ара таасирлеринен бирөөнүн башка тыбышка өтүп кетиши, башкача айтканда, окшошпой калышы **диссимиляция**[3] деп аталат.

Кыргыз тилинде диссимиляция көрүнүшүн н, л, ч жана өтө сейрек р тыбыштарынан көрүүгө болот. Мисалы

**нан+ны=нанды, мал+лар=малдар, жыгач+чы=жыгашчы** (орф **жыгаччы**)

Мында н тыбышы менен аяктаган уңгуга н менен башталган мүчө жалганганда жана л менен аяктаган уңгуга л менен башталган мүчө жалганганда, мүчөдөгү н, л тыбыштары өзгөрүп, д тыбышына өтүп кеткен, ал эми ч тыбышы менен аяктаган уңгуга ч менен башталган мүчө жалганганда, уңгунун аягындагы ч тыбышы айтууда ш тыбышына өткөн.

Бардык белгилери боюнча бирдей тыбыштардын диссимиляциясы **толук диссимиляция** деп аталат. Алсак, н менен аяктаган уңгуга жалганганда, илик жөндөмөнүн **-нын (эгин+нин=эгиндин)**, табыш жөндөмөнүн **-ны (күн+ны=күндү)**, жалпы таандыктын **-ныкы (жаан+ныкы=жаандыкы)** мүчөлөрүнүн, л менен аяктаган уңгуга жалганганда, көптүк сандын **-лар (көл+лар=көлдөр)**, этиш жасоочу **-ла (кол+ла=колдо)**, катыштык сын атоочту жана абстрактуу зат атоочту жасоочу **-лык (кал+лык=калдык)**, сын атооч жасоочу **-луу (көл+луу=көлдүү)** мүчөлөрүнүн башкы н, л тыбыштары диссимиляцияланат

---

[1] Контактылуу - лат contactus - "тийишүү", "чектешүү" деген сөздөн

[2] Дистактылуу - лат dis терс - ба мүчөсүнө туура келет жана tactum - "тийүү" дегенден алынган, жалпысынан "тийишпөө", "арасы ачылуу" деген маанide

[3] Диссимиляция - лат dissimilatio - "окшошпой калуу"

Катар келген **лл** тыбыштарынын диссимиляциясын уңгу менен мүчөнүн арасынан гана эмес, араб-иран тилдеринен кабыл алынган бир эле уңгунун ичинен да көрөбүз. Мисалы:

**алда<эллаһ, молдо<молла, дилде<тилла, келде<кэлле, селде<сэлле** ж.б.

Бирок орус тилинен кирген сөздөргө бул эреже тараган эмес. Мисалы:

**аллея, аллегория, аллитерация, биллиард, доллар, каллиграфия** ж.б.

Мисалдардан көрүнгөндөй **нн, лл** тыбыштарындагы диссимиляция багытына карай **прогрессивдүү** болду, мында алдынкы тыбыш өзгөрбөстөн **нд, лд** болуп арткы тыбыш өзгөрдү. Ал эми **чч** тыбыштарындагы диссимиляция **регрессивдүү** болот, анда арткысы өзгөрбөстөн, алдынкы ч тыбышы **ш** тыбышына өтөт. Мисалы:

**жыгач+чы=жыгашчы** (орф. **жыгаччы**), **ач+чы=ашчы** (орф. **аччы**), **уч+чыл=ушчул** (орф.уччул) ж.б

**ч** тыбышынын диссимиляциясы бир сөз ичинде эле эмес, жанаша айтылган эки сөздүн ортосунда да боло берет. Мисалы:

жазылышы: **кеч чыкты, көч чубады;**

айтылышы: **кеш чыкты, көш чубады** ж.б.

Диссимиляция толук бирдей тыбыштардын ортосунда эле болбостон, тигил же бул белгилери боюнча бир типтүү окшош тыбыштардын ортосунда да болот. Мындай диссимиляция толук эмес **диссимиляция** деп аталат. Алсак, **лн, рн, йн, мн, ңн, нл, мл, ңл** сыяктуу эки уяң үнсүздөн турган тыбыш айкалыштарында уяң үнсүз **н**, л тыбыштары диссимиляциянын натыйжасында шыбышчыл д тыбышына өтөт. Мисалы:

**мал+ны =малды , шаар+нын =шаардын, сарай+ны=сарайды, коом+ныку= коомдуку, миң+ны=миңди, жан+луу=жандуу, том+лар=томдор, кең+лык =кеңдик** ж.б

Толук эмес диссимиляция көрүнүшүндө анча-мынча бузулуулардын бар экендигин көрөбүз. Атап айтсак, уңгунун аягындагы уяң **й** тыбышынан кийин мүчөнүн башындагы уяң **л** тыбышы диссимиляцияланбайт. Мисалы:

**сарай+лар=сарайлар, кой+луу=койлуу, жай+ла=жайла, сый+ла=сыйла, бай+лык=байлык** ж.б.

Ошондой эле, уңгунун аягындагы уяң **р** тыбышынан кийин мүчөнүн башындагы **л** тыбышы диссимиляцияланбай да, диссимиляцияланып да айтылышы мүмкүн. Мисалы:

**шаар+лык=шаарлык//шаардык, түр+лүү=түрлүү//түрдүү, кар+ла=карла//карда** ж.б

Кыргыз тилинде диссимиляция анчалык кеңири тараган эмес жана бүт дээрлик **контактылуу** болот. Айрым гана учурда, атап айтканда, **кыр** - деген этишке аркылуу мамилени - **ыр** мүчөсүн жалгаганда **кыйыр** - болуп, **рр** тыбыштары дистактылуу диссимиляцияланат. **Кара** деген сын атоочко этиш жасоочу - **ар** мүчөсүн жалгасак, **карар** да, **карай** да болот.Мисалы:

**каш карарганда //каш карайганда.**

## Аккомодация

Жогоруда биз сингармонизм, ассимиляция, диссимиляция көрүнүштөрү жөнүндө сөз кылып, үндүүлөр менен үндүүлөрдүн, үнсүздөр менен үнсүздөрдүн кеп агымында бири-бирине таасирлерин тийгизе тургандыгын көрдүк. Ошондой эле кеп агымында үндүүлөр менен үнсүздөр да өз ара бирине бири таасирлерин тийгизишет.

Жанаша келген үндүү жана үнсүз тыбыштардын өз ара бири бирине ыңгайлануусу **аккомодация**[1] деп аталат.

Мында жогоруда аталган фонетикалык процесстердеги сыяктуу үндүүлөр менен үндүүлөрдүн, үнсүздөр менен үнсүздөрдүн өз ара толук же толук эмес окшошуулары же окшошпой калуулары жөнүндө сөз болбостон, үндүүлөр менен үнсүздөрдүн өз ара бири бирине ыңгайлашуусу жөнүндө гана болушу мүмкүн. Анткени, үндүү тыбыштар менен үнсүз тыбыштар акустикалык жана артикуляциялык белгилери боюнча эки башка сапаттагы тыбыштардын катарына кирет. Ошондуктан алардын ортосунда эч кандай окшошуу же окшошпой калуу деген түшүнүктөрдүн болушу мүмкүн эмес, бар болгону үндүү менен үнсүз тыбыштардын ортосунда айрым бир белгилер боюнча өз ара ыңгайлашуусу гана болот.

Кыргыз тилиндеги аккомодация процесси төмөнкү учурларды өз ичине камтыйт:

1) Үндүүлөрдүн жасалуу ордуна карай үнсүздөрдүн ыңгайлашуусу. Муну кыргыз тилиндеги сөздөрдө тил алды үндүүлөр менен катар келгенде к, г фонемалары артчыл болуп, ал эми тил арты үндүүлөр менен келгенде түпчүл болуп айтылышынан ачык байкоого болот. Мисалы: **kир—қыр, kер—қар, эгиз—ағыз** ж.б.

Мында **k,** қ тыбыштары **к** фонемасынын жана **гь,** ғ тыбыштары г фонемасынын катар келген үндүүлөрдүн таасири менен жасалуу ордун өзгөрткөн комбинатордук варианттары болушат.

2) Үнсүздөрдүн жасалуу ордуна карай үндүүлөрдүн ыңгайлашуусу. Кыргыз тилинде **акиташ, акимдик** деген сыяктуу бирин-эки сөздө **k** тыбышынын таасиринде **а** тыбышы тил орточул мүнөзгө ээ болот. Мын-

---

[1] Аккомодация - лат. accomodatio - "ыңгайлашуу" дегенди билдирет.

дан башка орус тилинен кабыл алуунун алгачкы мезгилинде (ошондой эле, азыр да адабий айтуунун нормасы сакталбаган учурда) артчыл, **к** тыбышына ыңгайлашып, **справка, пачка, посылка** деген сыяктуу сөздөрдөгү к тыбышынан кийин келген а тыбышынын э(е) тыбышына өтүп, **ыспарапке, пачке, пасылке** болуп айтылганын көрөбүз

3) Интервокалдык позицияда үнсүздөрдүн жумшарышы Уңгунун аягындагы **к, п** тыбыштарынан кийин үндүү менен башталган мүчө жалганса, эки үндүүнүн ортосунда жогорку аталган каткалаң үнсүздөр өздөрүнүн жумшак түгөйлөрү **г, б** тыбыштарына өтөт Мисалы

**ак+ыш=агыш, бак+ы=багы, топ+ым=тобум, сеп+уу=себүү** ж.б

Бирок тууранды сөздөрдүн аягындагы **к, п** тыбыштары интервокалдык абалда жумшарбайт Мисалы

**бак+ылда=бакылда, дүк+үлдө=дүкүлдө, топ+ылда=топулда, дүп+ылда=дүпүлдө** ж.б

Ошондой эле кээ бир башка сөздөрдө да эки үндүүнүн ортосунда бул тыбыштардын жумшарбай калган учурун көрүүгө болот Мисалы

**кек+ен=кекен, бек+и=беки** ж.б

Эки үндүүнүн ортосунда **к, п** тыбыштарынын жумшарып **г, б** тыбыштарына өтүп айтылышы бир сөз ичиндеги уңгу менен мүчөнүн арасында гана болбостон, жанаша айтылган эки сөздүн арасында да болот, бирок булар жазууда берилбейт Мисалы

жазылышы **ак ала, жок эле, ала кел, кара кой, көп ал, кеп ук** ж.б

айтылышы **аг ала, жог эле, ала гел, кара гой, көб ал, кеб ук** ж.б

Башка комбинатордук өзгөрүштөр сыяктуу аккомодация да багытына карай **прогрессивдүү** жана **регрессивдүү** болуп бөлүнөт Кийинки тыбыштын экскурсиясы мурунку тыбыштын рекурсиясына ыңгайлашса, аккомодация прогрессивдүү болот Мисалы

**көрө гел** (орф **көрө кел**), **бара гой** (орф **бара кой**) ж.б

Анын тескерисинче, алдыңкы тыбыштын рекурсиясы арткы тыбыштын экскурсиясына ыңгайлашса, аккомодация регрессивдүү болот Мисалы

**көк+ыш=көгүш, тоб ойно** (орф **топ ойно**) ж.б

## Фонетикалык башка процесстер

Кыргыз тилинде тыбыштардын өз ара бири бирине тийгизген таасирине эмес, сөз ичинде тыбыштардын ээлеген орduна, курчап турган фонетикалык

чөйрөсүнө ылайык да тыбыштар ар кандай сандык жана сапаттык өзгөрүүлөргө дуушар болот. Мындай өзгөрүүлөр **позициялык**[1] өзгөрүүлөр деп аталат.

Кыргыз тилиндеги үндүү жана үнсүз тыбыштардын төмөнкү позициялык өзгөрүүлөрүнө токтолобуз.

## Үндүүлөрдүн редукциясы

Басым түшпөгөн муундагы үндүүлөрдүн басаңдап, угулуш сапатынын өзгөрүшү, түшүп калуу абалына чейин жетиши **үндүүлөрдүн** редукциясы[2] деп аталат.

Мындай кубулуш айрыкча кууш ы, и, у, ү тыбыштарына тиешелүү.

Азыркы кыргыз тилинде редукция кубулушу дайыма эле үзгүлтүксүз учурай бербейт. Ал айрым сөздөрдө жана сөз формаларында гана болушу мүмкүн.

1) Аягы **-йыл, -йын, -йым, -йыр, -рын, -рым** тибиндеги муундардан турган бир катар сөздөргө кууш үндүүлөр менен башталган мүчөлөр (жак таандык мүчөлөр жана чакчылдын **-ып** мүчөсү) уланып, басым кийинки муунга жылып кетсе, жогоруда аталган муундардагы кууш үндүүлөр редукцияланат. Мисалы:

**айыл+ым=айлым, ийин+иң=ийниң, кийим+и=кийми, үйүр+ү=үйрү, эрин+и=эрди, орун+у=орду, кайыр+ып=-кайрып, ийир+ип=ийрип, жарым+ыбыз=жармыбыз** ж.б.

Булардын эки түрдүү жазылышына тең жол берилет: **айылы – айлы, кийими – кийми, буюруг – буйругу, эрини – эрди** ж.б.

Ушул типтеги кээ бир сөздөргө жак таандык мүчө уланганда, кууш үндүүнүн редукцияланып айтылганына карабастан, жазууда жол берилбейт: **тыйын+ы-тыйыны** (**тыйны** эмес), **союл+ым=союлум** (**сойлум** эмес).

2) Айрым атооч сөздөргө этиш жасоочу **-а** мүчөсү жалганганда, уңгунун акыркы муунундагы кууш үндүү таптакыр түшүп калат жана ошондой болуп айтылат жана жазылат: **орун+а=орно, оюн+а=ойно, кыйын+а=кыйна, жыйын+а=жыйна, жумуш+а=жумша.**

3) Кууш үндүү менен аяктаган айрым тактооч сөздөргө **-кы** мүчөсү жалганганда, уңгунун аягындагы кууш үндүү түшүп калат жана ошол формасында айтылат жана жазылат: **тышкары+кы =тышкаркы, илгери+кы=илгерки, жогору+кы=жогорку, эми+ки=эмки.**

4) Редукция процесси кээ бир жеке сөздүн конкреттүү формасында учурашы мүмкүн: *ууру+ла=уурда.*

5) Жанаша айтылган эки сөздүн биринчи сөзүнүн аягындагы **р** ты-

---

[1] Позициялык - лат. positio "турган орду" деген сөздөн.

[2] Редукция - лат. reductio "кайтуу" деген сөздөн.

бышынан кийин келген кууш үндүүлөр түшүрүлүп айтылат, бирок жазууда жол берилбейт. Мисалы:

жазылышы: **ары жак, бери жак, тору жорго, сары чычкан, сары зил;**

айтылышы **ар жак, бер жак, тор жорго, сар чычкан, сар зил.**

6) Жанаша айтылган эки сөздүн биринчиси созулма үндүүлөр менен аяктап, экинчи сөзү үндүү менен башталса, биринчи сөздүн аягындагы созулма үндүү сандык кыскарууга дуушар болуп, кыска үндүү сыяктуу айтылат. Бирок жазууда берилбейт. Мисалы:

жазылышы: **суу ал, тоо алма;**

айтылышы: **су ал, то алма.**

Мында жалаң эле созулма кууш үндүү сандык кыскарууга учурабастан, созулма жарым кууш үндүүнүн да кыскарганын көрдүк.

7) Эки же андан көп муундуу сөздөрдөгү басым түшкөн муундан мурунку муундагы кууш үндүү өтө эле кыска, алсыз айтылат, бирок биротоло түшүп калбайт. Мисалы:

**к(и)ши, к(ы)зыл, б(и)лим, көп(ү)рө, кор(у)тунду, ок(у)муштуу** ж.б.

## Апокопа, синкопа, гаплология, элизия.

Үндүү жана үнсүз тыбыштардын түшүрүлүп айтылышы апокопа, синкопа, гаплология жана элизия сыяктуу кубулуштар менен да байланыштуу.

Сөз аягындагы бир же бир нече тыбыштын түшүрүлүп айтылышы **апокопа**[1] деп аталат.

Кыргыз тилинде апокопа кубулушуң төмөнкү учурлардан көрөбүз:

1) Башка тилдерден өздөштүрүлгөн сөздөрдө сөз аягындагы үндүү тыбыштар түшүрүлүп айтылат: *дайыма – дайым* (ар.), *далбаса – далбас* (ир.), *минута – мүнөт* (ор.), *секунда – секунт* (ор.), *каникулы – каникул* (ор.), *макароны – макарон* (ор.), *папиросы – папирос* (ор.) ж.б.

2) Башка тилдерден өздөштүрүлгөн сөздө сөз аягындагы үнсүз тыбыштар түшүрүлүп айтылат: **ырас (ир. раст), дарак (ир.дэрехт), дос (ир. дуст); поезд – поюз, текст – текс, повесть – повес, август – авгус, артист – артис, тракторист – тракторис** ж.б.

3) Төл сөздөрдө сөз аягындагы үнсүздөрдүн түшүрүлбөй да, түшүрүлүп да айтылган учурлары катар колдонулат: **телчик – телчи; ал – а, тигил – тиги; атайын – атайы, өрүүн – өрүү, соогат – соога, калдырт – калдыр, дүбүрт – дүбүр** ж.б.

[1] Апокопа - гр. apokope "аягын кыскартуу" деген сөздөн

Сөз ичиндеги бир же бир нече тыбыштын түшүрүлүп айтылышы **синкопа**[1] деп аталат.

Синкопа кубулушун төмөнкү учурлардан көрөбүз:

1) Уңгу ичинде көбүнчө уяң үнсүздөрдөн кийинки к, г тыбыштары түшүрүлүп да, түшүрүлбөй да айтылат: **элек — элгек, орок — оргок, жымыр — жымкыр, көмөр — көмкөр, көмөрөсүнөн — көмкөрөсүнөн, кыцай — кыңкай, тара — тарка, уруй — уркуй, чуму — чумку** ж.б

2) Уңгу ичинде көбүнчө уяң үнсүздөн, кээде каткалаң үнсүздөн кийин да, **м** тыбышы түшүрүлүп, түшүрүлбөй колдонула берет: **күлүндө — күлмүндө, тырыш — тырмыш, тытала — тытмала** ж.б.

3) Сөз ичинде уяң *л, н* тыбыштарынын эки мүчөнүн жалгашкан жеринде да түшүп калган учурларын кезиктиребиз. Атап айтканда, жалпы өткөн чактын **-ган** мүчөсү менен 1-жактан *-мын* мүчөсүнүн ортосунда **н** тыбышы түшүрүлүп да, түшүрүлбөй да колдонула берет: *туул+ган+мын =туулганмын//туулгамын//туулгам, иште+ган+мын=иштегенмин//иштегемин//иштегем* ж.б. Ошондой эле зат атоочтун II жактагы мүчөсү **-ың** менен көптүк сандын *-лар* мүчөсүнүн ортосунда **л** тыбышынын түшүшүнөн азыркы кыргыз адабий тилинде *нормага айланган -ыңар (ың+лар)* мүчөсү келип чыккан: *атыңар, китебиңер, үйүңөр* ж.б.

Катар келген эки окшош муундун бирин түшүрүп айтуу **гаплология**[2] деп аталат.

Кыргыз тилиндеги гаплология кубулушуна төмөнкү мисалдарды келтирсек болот: **чычыркана к — чыркана к, арыраак — араак, берирээк — берээк** ж.б.

Уңгу менен мүчөнүн же жанаша келген эки сөздүн ортосундагы катар келген эки үндүүнүн бирөөнүн жоюлуп кетиши **элизия**[3] деп аталат.

Элизия кубулушунун төмөнкү учурларын белгилейбиз:

1. Аягы үндүү менен бүткөн сөзгө үндүү менен башталган мүчө улаганда, уңгунун аягындагы же мүчөнүн башындагы үндүүлөрдүн бирөө сыйлыгышып түшүп калат: **алты+оо=алтоо, жети+өө=жетөө, нече+өө= нечөө, башта+оо=баштоо, иште+өө=иштөө, же+ыш=жеш, ата+ым= атам, жаса+ын=жасан** ж.б.

Жанаша айтылган эки сөздүн биринчиси үндүү менен аяктап, экинчиси үндүү менен башталса, биринчи сөздүн аягындагы үндүү түшүрүлүп айтылат. Мисалы:

жазылышы: *кара үй,эки айыл, бара алат;*
айтылышы: *кар үй, эк айыл, бар алат.*

---

[1] Синкопа - гр. synkope "кыскартуу" деген сөздөн

[2] Гаплология -гр. haplogos "жалгыз, бир бирден" жана "сөз" деген сөздөрдөн алынган

[3] Элизия - лат. elisio "сыгуу, түртүп чыгаруу" деген сөздөн

Жогоруда белгиленгендерден башка, сөз башында **н** тыбышынын түшүрүлүп айтылышы кыргыз тилине мүнөздүү фонетикалык көрүнүш болуп эсептелет: а) иран-араб тилдеринен өздөштүрүлгөн сөздөрдө: **начар–ачар, нике–ике, нуска–уска, насыя–асыя, намаз–амаз** ж.б. Төл сөздөрдө: **нөшөр–өшөр, нече–эче, нук–ук, ноюо–ою, ноён–оён, нокто–окто, ноокас–оокас, нуку–уку** ж.б.

## Протеза жана эпентеза

Кыргыз тилинде **протеза**[1] (сөз башына кошумча тыбыш кошуп айтуу) жана **эпентеза**[2] (сөзгө мурда болбогон тыбышты кошуп айтуу) кубулуштары көбүнчө сырттан кирген сөздөрдү өздөштүрүү процессинде учурайт.

Сөз башына кыргыз тилине мүнөздүү болбогон **л, р** тыбыштары келгенде, ошондой эле сөз эки же үч үнсүз катар келген муун типтери менен башталган учурда, алардын айтылышын кыргыз тилинин фонетикалык системасына ылайыктап, жеңилдетиш үчүн үндүү тыбыштар кошулуп айтылат: **лампа–ылампа, радио–ырадио, район–ырайон, станок–ыстанок, справка–ыспрапке, стол–үстөл; ыраазы** (ар. **раази**), **ырайым** (ар.**рэхим**), **уруксат** (ар.**рухсэт**), **убакыт** (ар.**вэѓт**),-**ырас(**ир.**раст**), **ырай** (ир.-**руй**), **элечек (ир.лэчэк)**.

Иран-араб тилдеринен өздөштүрүлгөн сөздөрдүн дээрлик көпчүлүгү жана анча-мынча мурда өздөштүрүлгөн орус сөздөрү протезаланган түрүндө колдонулат жана жазылат: **илеген (ир. лэгэн), илеп (ир. лэб), ирекет** (ар.**рэкэт**), **ирет (ар.рэд)**, **орозо** (ир.**рузе**), **оромол** (ир.**руй мал**<-**руй-бет, мал-таандык**), **оруздама** (ир.**руз нау < руз–күн, ноу–жаңы**); **орус** (ор.**русь**), **ыстарчын** (ор. **старшина**).

Орус тилинен кийин өздөштүрүлгөн сөздөрдүн бардыгы протезаланбай жазылат: **рельс, ресурс, лагерь, линза, стандарт, студент, стипендия** ж.б. Ошондой эле айрым иран-араб сөздөрүн да протезалабай жазуу тенденциясы байкалат: **рахмат, рахат, рух, рухий, руханий, райкан, расмий, лакап, лаазым, лаззат** ж.б.

Кыргыз тилинде эпентеза кубулушун төмөнкү учурлардан байкайбыз:

1. Кыргыз тилинин фонетикалык законуна туура келбеген **-ск, -нк, -нс, -фть, -кт, -нг, -нд** тыбыштык айкалыштары менен аяктаган сөздөргө оозеки сүйлөшүүдө бир үндүү тыбыш кошулуп айтылат: **аванс–аванса, шланг–шланга, фланг–фланга, танк–танка, акт–акты, факт–факты** ж.б. Ал эми аларга үнсүз менен башталган мүчөлөр жалганганда, уңгу менен мүчөнүн ортосуна бир үндүү кошулуп жазылат: **Омск+ га-**

[1] Протеза - фр. prothese "кошуу", "кошумчалоо" деген сөздөн
[2] Эпентеза - гр. epenthesis "ичине салуу", "арасына коюу" деген сөздөн.

=**Омскиге, Минск+да=Минскиде, танк+га=танкага, нефть+нын=нефтинин, акт+сыз=актысыз, факт+бы=фактыбы, митинг+га=митингиге, фонд+га=фондуга** ж.б.

2) Башка тилдерден кабыл алынган сөздөрдөгү кыргыз тилинин тыбыштык айкалыш эрежелерине ылайык келбеген эки үнсүздүн арасына үндүү тыбыш кошулуп айтылат:

а) Орус тилинен кирген сөздөрдө: **литр-литир, гимн-гимин, трактор-тырактор, председатель-пирсидатель** ж.б. Мында айтылышы боюнча жазууга жол берилбейт.

б) Иран-араб тилдеринен кирген сөздөрдө: **ысым- (ар.эсм), атыр (ар.этр), тукум (ир. тохм), өмүр** (ар.**омр)** ж.б. Булар эпентезаланган түрүндө айтылат жана жазылат.

3. **Кыргыздын төл сөздөрүндө жана кээ бир эски өздөштүрүлгөн сөздөрдө сөз ичинде үч үнсүз (р же з+каткалаң үнсүз+каткалаң үнсүз) катар келип калса, оозеки сүйлөшүүдө биринчи үнсүз менен экинчи үнсүздүн** ортосуна кууш үндүү **ы** кошулуп айтылат. Мисалы:

жазылышы: **арстан, барскан, барктуу, эрксиз, Кыргызстан;**

айтылышы: **арыстан, барыскан, барыктуу, эриксиз, Кыргызыстан** ж.б.

## Метатеза

Бир сөз ичиндеги же жанаша айтылган эки сөздүн ортосундагы тыбыштардын орун алмаштырылып айтылышы **метатеза**[1] деп аталат. Мисалы:

**тегирмен - темирген, күнөм - күмөн, төңкөр - көңтөр, мычкы - мыкчы, бүйүрмө - бүйрүмө** ж.б.

Метатеза кубулушу үндүүлөр менен үнсүздөрдүн жана үнсүздөр менен үнсүздөрдүн орун алмашуулары**н өз ичине камтыйт.**

Өз ара орун алмашкан тыбыштар бири бирине жанаша турушу жана бири биринен алыс турушу мүмкүн. Бири бирине жанаша турган тыбыштардын орун алмашуулары **контактылуу метатеза** деп аталат. Мисалы:

**чепкен — чекпен, кепшир — кепшир, сарымсак — сармысак, кырмычык — кырымчык, курумшу — курмушу, кайырмак — кайрымак, ыктыт — ыткыт, күрткү — күртүк, ыйсап — ыйсап** ж.б.

Мында үнсүздөр менен үнсүздөр, үнсүздөр менен үндүүлөр орундарын алмаштырышы мүмкүн.

Бири биринен башка тыбыштар аркылуу бөлүнүп, аралыкта турган тыбыштардын орун алмашуусу **дистактылуу метатеза** деп аталат.

1. Метатеза - гр. metathesis "орун алмаштыруу" деген сөздөн.

Мисалы

**кыргый — кыйгыр**, зоболо — **золобо, кыйнал — кыйлан, жыцалач — жыланач, жыланбаш — жыцалбаш, балчык — балкыч** ж.б

Мында жалаң гана үнсүз тыбыштардын орун алмашуусу болот

Өтө сейрек болсо да, метатеза жанаша айтылган эки сөздүн ортосунан да кезигет Мисалы

**кош ууч>кочуш** ж.б

# ГРАФИКА

Тил илиминде **графика**[1] деп жазууда колдонулуучу бардык белгилердин системасы – алфавиттеги тамгалар, түрдүү шарттуу белгилер аталат

Графика тил жөнүндөгү илимдердин практикада колдонулуучу бөлүгү болуп, ар кайсы тилдин алфавитиндеги тамгалардын составын, алардын басма жана жазма түрүндөгү жазылыштарын, тамгалар менен тыбыштардын ортосундагы мамилелерди, тактап айтканда, тамгалардын тыбыштык маанилерин аныктайт

## Кыргыз жазуусунун тарыхынан кыскача маалымат

Тил коомдук кубулуш, анын пайда болушу жана өнүгүшү коомдун өнүгүп өсүшү менен байланыштуу Ошондуктан кыргыз тилинин жана анын жазуусунун тарыхы да кыргыз элинин тарыхы менен түздөн түз байланыштуу текшерилүүгө тийиш

Кыргыз эли өзүнүн улуттук жазуусуна Октябрь революциясынан кийин гана ээ болду Бирок мындан революциядан мурдагы мезгилдерде кыргыздар эч кандай жазууну билген эмес, башкача айтканда, жазуусу болгон эмес деген жыйынтык чыгарууга болбойт

Археология жана тарых илимдеринин маалыматтарына жана жазма эстеликтерге караганда, кыргыз эли бизге белгилүү болгон бир нече жазуу системасынан пайдаланып келген

## Орхон-Енисей жазма эстеликтери. Алардын табылышы жана окулушу.

Биздин замандын VII–VIII кылымдарында Енисей дарыясынын жогорку агымында жашашкан түрк уруулары, анын ичинде кыргыздардын ата-бабалары да, өздөрүнүн тил өзгөчөлүктөрүнө ылайыктуу болгон орхон-енисей жазуусу же байыркы түрк алфавити деп аталган алфавит системасынан пайдаланышкан Ал алфавит кийинчерээк Орхонго (Монголияга), Орто Азияга чейин таралган Ал жазуу байыркы түрктөрдөн калган эстеликтерде - хандардын, аскер башчылардын, уруу жетекчилеринин мүрзөлөрүнүн үстүнө коюлган эстелик таштардын беттеринде, аскалардын боорунда, металлдан, чоподон жана жыгачтан жасалган идиштердин, түрдүү башка буюмдардын беттеринде сакталып калган

[1] Графика гр grapho "жазамын "чиемин', "сүрөт тартам' деген сөздөн алынган

Орхон-Енисей жазуусу менен жазылган эстеликтер илимде XVII кылымдын аягынан баштап белгилүү боло баштаган. Сибирдин картасын түзгөн белгилүү географ, картограф жана этнограф Семен Ульянович Ремезов 1697-жылы Енисейдеги жазуу эстеликтери жөнүндө алгач ирет кабарлайт. Андан кийин Сибирге жети жыл бою саякат жасаган немец натуралисти Д.Г.Мессершмидт бул жазуу жөнүндө өзүнүн күндөлүгүндө белгилеген.

Петр I нин убагындагы Полтава урушунда туткунга түшүп, Сибирге айдалган швед армиясынын офицери Филлип Иоганн Табертфон Страленберг Тоболь шаарында 12 жыл жашап, Сибирдин тарыхын, географиясын, этнографиясын жана тилдик материалдарын изилдеген. Ал кийин ата журтуна кайтканда, сүргүндө жүргөндөгү изилдөөлөрүнүн негизинде «Улуу Татарстанды географиялык жактан жаңыдан баяндап жазуу» жана «Европанын жана Азиянын түндүк жана чыгыш бөлүктөрү» деген эки китеп жазып, 1730-жылы жарыялаган. Эмгек тез эле англис, француз, испан тилдерине которулуп, батыш европалыктар Сибирдин Енисейинде нечен кылымдар мурда жазуу-сызуусу бар калк жашагандыгын, алардан бөтөнчө тамгалар менен жазылган таш эстеликтер калгандыгын билишет.

Орус окумуштуусу Г.И.Спасский 1818-жылы «Сибирский вестник» журналында «Сибирдин эзелки өткөндөрү жөнүндө записакалар» деген макаласын жарыялаган. Ал макала кийинчерээк латын тилине которулуп, көпчүлүк өлкөлөрдүн окумуштууларынын арасында кеңири белгилүү болот жана Енисей эстеликтеринин сырын ачууга кызыгууларды арбытат.

Страленберг да, Мессершмидт да бул жазууну окуй алышпагандыктан, Енисей эстеликтериндеги жазууну батыш германиялыктардын, скандинавиялыктардын рун жазуусуна окшоштуруп, муну да ушундай деп аташкан. Ошол негизсиз коюлган аты азыр деле кала элек. Ал эми табышмактуу жазуунун кайсы элге тиешелүүлүгү жөнүндө окумуштуулар арасында ар түрдүү пикирлер айтылып келген. Рун аталгандыктан, немецтер өз энчисине басууга умтулушса, финдер «ата-бабаларыбыз ошол жактан оогон, табылга бизге таандык» деп чыгышты. Ошол себептен бул жазуу эстеликтерине фин окумуштуулары көбүрөөк кызыгып, экспедициялар уюштуруп, 1889-жылы Енисейдеги жазуулардын көлөмдүү атласын басып чыгарышкан. Ошол эле жылы сибирлик археолог Николай Михайлович Ядринцев Орхон дарыясынын аймагынан белгисиз жазуулуу зор эки таш тапкандыгы жөнүндө орус археологдорунун жыйынында маалымдайт. Ошол мезгилден тартып бул жазуу Орхон-Енисей жазуусу деген атка ээ болот.

1890-жылы Орхонго финдер археологиялык экспедиция уюштурат. Кийинки жылы мындай экспедицияны Орус илимдер академиясы да жөнөткөн. Академик В.В.Радлов башкарган бул экспедицияга Н.М.Яд-

ринцев да катышкан. Орхон дарыясынын жээгиндеги Кошо-Цайдам деген жерден табылган эстеликтин төрт кырынын бириндеги кытай иероглифи менен жазылган жазуу аркылуу бул эстеликтер түрк каганы Билгеге (кытайча Могилянга) жана кол башчы Күлтегинге арналып орнотулганы, демек калган беттериндеги жазуулар түркчө экени окуялардын мазмунунан билинет. Мына ушул эстеликтин табылышы белгисиз жазуунун сырын ачуунун алтын ачкычы болгон. Ыңгайды кыраакылык менен пайдаланган даниялык илимпоз, Копенгаген университетинин салыштырма тил илими кафедрасынын профессору Вильгельм Людвиг Томсен алгач «түрк», «тенгри» деген сөздөрдү окуйт. 1893-жылы 25-ноябрда бардык арипттерди аныктайт. В.В.Радлов Енисей жана Монголиядан табылган эстеликтердин көпчүлүгүн окуп, аларга талдоо жүргүзгөн. Демек, эстеликтердеги жазууларды биринчилерден болуп окуган окумуштуулар В.Томсен жана В.В.Радлов болгон.

Мындай жазуу эстеликтеринин бир канчасы кыргыздардын кийинки мекени Кыргызстандын аймагынан да табылып, изилдөөлөргө алынган.

Байыркы түрк жазуусунун чыгышы жөнүндө илимде ар түрдүү көз караштар бар. Айрым окумуштуулар анын чыгыш тарыхын арамей (байыркы еврей) жазуусуна байланыштуу карап, ал түрктөргө пехлеви, хорезм, согди алфавиттери аркылуу өткөн деген пикирди айтышса, айрымдары байыркы түрк урууларынын эн тамгалары (уруунун белгилери) менен байланыштырышат.

Бул тамгалардын ким тарабынан түзүлгөндүгү жөнүндө илимде эч кандай маалымат жок. Орхон-Енисей эстеликтеринде сакталган байыркы түрк алфавити негизинен 38 тамгадан турган. Алар 8 үндүү, 16 үнсүз, бардыгы 24 фонеманы билдирген.

Бул жазуу системасында тамгалар ондон солго же жогортон төмөн карай жазылган. Үндүү тыбыштар көп учурларда жазылган эмес. Ошондуктан бул жазуунун системасын консонанттык деп атоого болот.

Орхон-Енисей жазуусу менен жазылган эстеликтерди изилдеген көрүнүктүү түркологдор академик В.В.Радлов жана профессор С.Е. Малов бул алфавит менен жазылган Енисей дарыясынын боюндагы эстеликтер байыркы кыргыз урууларына тиешелүү деген пикирди айтышкан. Бул пикирди профессор И.А.Батманов да колдоп, Енисей эстеликтери алтай, тува, хакас жана кыргыздардын ата-бабаларына тиешелүү экендигин көрсөтөт. Окумуштуулардын бул пикирлери кыргыз каганы Барсбекке арналган эстеликтеги жазуулар менен да бекемделет. Биринчи жолу Барсбектин атын кыргыздар жана аны менен тектеш, бирок анын жоосу болгон түрктөр VIII кылымдын баш ченинде

таш бетине чегишкен. Атап айтканда, 710-711-жылдар аралыгында Түрк мамлекетинин кыргыз мамлекетине капысынан жасаган жортуулу түрктөрдүн канзаадасы, аскер башы Күлтегиндин эстелигинде эки жерде, Билге кагандын жана кагандын акылман кеңешчиси, кол башчы Тонукөктүн эстеликтериндеги жазууларда да кеңири берилип, бири-бирин толуктап турат. Күлтегиндин эстелигиндеги көлөмдүү жазуунун Капаган каган бөлүмүндө: «Барсбек эле, каган атагын мында биз бердик, *сиңдимди жар кылып* бердим. Өзү *жаңылды*, каны өлдү, эли күң, кул болду. Көгмөн жер-суусу ээсиз калбасын деп, аз кыргыз элин курап келдик»[1] — десе, ошол эле эстеликтин Күлтегин бөлүмүндө: «Күлтегин жыйырма алты жашында кыргызга карай жортуулдадык. Сүңгү (найза) бою карды жиреп, Көгмөн черин ашып, кыргыз журтун уйкуда бастык. Каны менен Суңа черинде сайыштык... Кыргыз канын өлтүрдүк, элин алдык»[2] деп жазылган.

Барсбек башында турган кыргыз мамлекети VIII кылымдын башында бир кыйла күч алат. Чыгыш түрк каганатынын Енисейге жасаган чабуулдары кыргыздардын чек арасынан ары өтө албай калат. Кыргыздардын күчүн байкаган Капаган каган жоолашууну токтотуп, тынчтык келишимин түзөт да, Барсбектин кагандык титулун официалдуу түрдө тааныйт. Мындан ары касташпоо максатында карындашын, Илтериш кагандын кызын, Барсбекке аялдыкка берет. Бирок Барсбек түрк мамлекетинин келечектеги коркунучун алдын ала сезип, кытай, түргөштөр менен биргелешип, согуштук келишимин түзүү аракетин баштайт. Бул түрктөргө каршы согуштук келишимдин түзүлүп жатканы Капаган каган менен Тонукөккө дайын болуп калат.

Барсбектин түпкү максаты түрк мамлекетин кулатып, Борбордук Азияда кыргыздардын улуу мамлекетин орнотуу эле. Бирок бул максат ишке ашпайт. Акылман Тонукөк, биргелешкен келишим ишке ашкычакты, кыш чилдесине карабай, бир бирден талкалоонун планын түзүп, аны тез арада иш жүзүнө ашырат. Ошол согуштук күчү жагынан теңдешсиз жоо менен салгылашта курман болгон Барсбек каганга (түркчө Ынанчу Алп билге каган) арнап, кыргыз эли да ташка жазылган эстелик орнотушкан. Бирок бул эстеликтеги жазуу Күлтегин, Тонукөктүн эстеликтериндегидей сюжеттүү поэма эмес, жоктоо мотивиндеги кошокко окшоп кетет.

Бул эстеликтин табылышы жана окулушу төмөнкүчө. *1878*-жылы Миңсуулук дыйкан Е.Ф.Корчаков Алтын-Көл көлүнүн жан-жакасынан түшүнүксүз жазуусу бар, киши боюнан алда канча бийик эки ташты

---

[1] Орхон-енисей тексттери. - Фрунзе: Илим, 1982, 64-бет.
[2] Ошондо эле, 66-67-беттер.

тапкан. Кийин ал таштарды Минсуу (Минусинск) музейине жеткиришкен, ал таштар азыр да ошол жерде сакталып турат.

1893-жылы Н.П.Евстифеев алиги таштардагы жазууларды кагазга көчүрөт. Алар орусча которулуп, китептерге киргизилет. Бирок бул жазуулар так эмес көчүрүлүп, калпысыраак которулуп калыптыр. Муну сезген тарыхчы-түрколог окумуштуу Сергей Григорьевич Кляшторный эстеликти кайрадан изилдеп, 1972-жылы Минусинск музейине барып, түп нускасын окуп, тактап которот. Ал жерден С.Г.Кляшторный Алтын-Көлдөгү эки эстеликти окуп, каталарын оңдоо менен, бири Барсбек каганга, экинчиси Барсбектин кеңешчиси, чет өлкөлөргө төрт жолу барып келген кыргыз элчиси Эрен Улукка арналып жазылган таш эстеликтер экенин аныктады[1].

## Байыркы уйгур жазуусу

Орхон-Енисей жазуусу IX-X кылымдарга чейин колдонулуп келген. Тарыхый маалыматтарга караганда бул мезгилдерден кийин түрк уруулары уйгур жазуусу деп аталган жазуу системасына өтүшкөн.

Бул жазуунун уйгур жазуусу деп аталып калышынын себеби – уйгурлар Борбордук Азияда өзүнчө мамлекет болуп, маданияты өнүгүп турган мезгилде согди алфавитинин негизинде түрк урууларынын фонетикалык закон ченемдүүлүгүнө ылайыкталган жаңы түрк алфавитин түзүшкөндүгүнө байланыштуу болсо, экинчиден, ал алфавит менен жазылган эстеликтердин көпчүлүгү уйгурлар жашаган жерлерден табылгандыгына байланыштуу.

Кыргыз элинин байыркы доорлордогу тарыхы жана маданий турмушу жөнүндө маалыматтар жокко эсе. Ушуга байланыштуу кыргыздардын уйгур жазуусунан колдонгондугуна жеткиликтүү далил боло ала турган материалдар да жок эле дээрлик. Чех окумуштуусу Ч.Лоукотка уйгур алфавитинен Туркстанда жана Монголияда жашаган бардык эле түрк жана монгол уруулары колдонгон деген пикирди айткан[2]. Буга караганда кыргыздардын ээлки тукумдары да бул алфавиттен пайдаланса керек деп болжолдоого болот[3].

Уйгур алфавити менен жазылган эстеликтерди изилдөө иши XIX кылымдын биринчи жарымынан башталган. Бул жазуу 1881-жылы фран-

---

[1] Кляшторный С.Г., Стелы Золотого озера: К датировке енисейских рунических памятников // Turcologica: к 70-летию акад. А.Н.Кононова. - Л., 1976, -с. 258-266.

[2] Лоукотка Ч., Развитие письма. -М.: 1950, 137-бет;

[3] Дыйканов К., Кудайбергенов С., Яншансин Ю. Кыргыз жазуусунун тарыхынан. -Фрунзе: 1958, 25-26-б.

цуз окумуштуусу Ю.Клапрот тарабынан биринчи жолу окулган. Байыркы уйгур жазуусун окуп үйрөнүүдө да акад. В.В.Радловдун эмгеги баа жеткис, бул жагынан анын эмгектери сапат жагынан гана эмес, сан жагынан да, көлөм жагынан да эч кимге ат салдырбайт[1].

Уйгур алфавитинин составы үндүүлөрдү белгилөөчү 5 тамга, үнсүздөрдү белгилөөчү 17 тамгадан туруп, 28 фонеманы билгизген. Алардын жазылышы жана түзүлүш принциби орхон-енисей алфавитине окшош жана ал сыяктуу эле бардык түрк урууларынын тилин тейлөөгө ылайыкталып түзүлгөн.

## Кыргыздардын араб жазуусунан пайдаланышы.

Орхон-Енисей жана уйгур жазууларынан кийин кыргыз эли араб алфавитинен пайдаланган.

VII-VIII кылымдарда арабдар Борбордук жана Орто Азияны басып алгандан кийин жергиликтүү элдерге арабдардын дини жана алфавити тарала баштаган. Кыргыз элине араб жазуусу өзбек, уйгур жана татар динчилери тарабынан көбүнчө дин китептерин окутуу аркылуу тараган. Ал кезде алфавитти үйрөнүү динден ажырагыс эле, анткени окуу китептеринин ордуна дин китептери колдонулган.

Жазма эстеликтердин сакталбагандыгына байланыштуу кыргыздардын араб алфавитин пайдалана баштаган мезгилин так айтуу мүмкүн эмес. Кыргыз элинин өткөн тарыхынын оозеки энциклопедиясы болгон «Манас» эпосунда кыргыздардын жазуу пайдалангандыгы жөнүндө бир нече жеринде айтылат. Мисалы, жети кан куралып, Манаска каршы ультиматумун кат жүзүндө жиберет·

Кандардын берген кагазын
Калдайтып сууруп алышты,
Алаканга салышты,
Арстандардын астына
Арзын тосуп калышты[2].

эми ал катты:

Сыргак баатыр зымпыйып,
Ордунан туруп кымпыйып,
Басып келип калганы,
Баягы катын алганы.
Баатырынын астына

[1] Малов С Е , Памятники древнетюркской письменности М -Л , 1951, 96-бет
[2] Манас IV китеп Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча - Фрунзе Кыргызстан, 1982, 29-бет Мындан кийинки мисалдар да ушул китептен алынат

Барып жазып салганы.
Ойрон болгон султанын
Окуп-окуп билди эми,
Мыйыгынын күлдү эми.

Жети кандын элчилери Манаска барып кайра келгенде:

Алты бедөө ат берди,
Колубузга кат берди.
Эшикте бедөө аты деп,
Мына бу берген каты деп,
Акылына току деп,
Алып, молдо, оку деп,» - элчилер кандарга катты сунат.

«Манаста» айтылган бул жазуунун башка жазуу эмес араб жазуусу экенин далилдей турган бир деталь бар. Ал мындай· Чоң казатка аттанаарда кол башчы кылып мурда Бакайды шайлап алып, кийин кол баштоону Алманбетке берүүнү өтүнүп, Бакайга киши жибергенде, ыраазычыгын билдирип:

Катчыга катын жаздырып,
Касиеттүү эр Бакай
Калдайта мөөрүн бастырып
Ажыбай менен Серекке

Жарлык катын тийгизип, аларды жолго салат. Ал катты:

Чай куйганы Бозуул,
(Чала молдо байкуш бул),
Жердеги катты алганы,
Окуюн деп калганы
Бээнин ордун «төө» деди,
Төөнүн ордун «бээ» деди.
Билбей калган бир жерин
Абдылдадан сурады:
Ажаке, берегиси не деди» - деп,

чала сабат Бозуулдун кантип окугандыгы айтылат. Мында сөз төрт түлүк малга тиешелүү бээ менен төө жөнүндө болуп жаткан жери жок. Жашоо тиричилигин мал менен өткөргөн кыргыз тукуму Бозуул бээ менен төөнү ажырата албай калса, Манаска чоро болбой эле, акылынан адашкан делбе болуп калбайбы. Бул жерде сөз араб алфавитиндеги катар келүүчү, жазылышы окшош, диакритикалык белгилеринен гана айырмаланган экинчи арип ب (аталышы бā) жана үчүнчү арип ت (аталышы тā) жөнүндө болуп жатат.

Мындай оозеки маалыматтар башка чыгармаларда да айтылат.

Ал эми XVIII-XIX кылымдарда араб алфавити менен кыргыз ти-

линде жазылган анча-мынча документтерди атап көрсөтсөк болот. Белгилүү окумуштуулар В.М.Плоских менен С.К.Кудайбергеновдордун изилдөөлөрүнө караганда, улуу жүздөгү казактар менен түндүк кыргыздардын 1847-жылкы тынчтык келишими, ага чейинки Россиянын карамагына кошуп алуу жөнүндөгү кыргыз бийлеринин Петербургга, Омскиге жаздырган каттары уйгур же өзбек молдолорунан окуган кыргыз тарабынан араб алфавити менен жазылган[1].

Ошондой эле башка окумуштуулар да араб алфавити менен жазылган бир катар акындардын, молдолордун кол жазмалары, «Манас» эпосунун үзүндүлөрү бар экендигин далилдеп жатышат. Мисалы, «Манас» эпосунун үзүндүсү «Кыз Сайкал» 1896-жылы Казань университетинин типографиясында араб тамгасы менен өзүнчө китеп болуп чыккан «Манас» эпосунун экинчи үзүндүсү 1899-жылы Казань шаарындагы К.Чирковдун типографиясында басылган[2]. Ж.Ш.Шүкүров Алматынын тарыхый архивинен араб алфавити менен кыргыз тилинде жазылган жана авторлору да кыргыз болгон үч документти тапкан. Алардын биринчиси 1854-жылга, экинчиси 1861-жылга, үчүнчүсү 1863-жылга таандык. Казак окумуштуусу А.Маргулан архивден тапкан «Көкөтөйдүн ашы» сыяктуу кол жазма да белгилүү.

XIX кылымдын биринчи жана экинчи жарымында жазылган, автору өз кол тамгасы менен калтырган акын Молдо Нияздын санаттарынын биринчи кол жазма китебинин табылып (1957-жыл), анын изилдениши[3], экинчи жана үчүнчү кол жазма китептеринин (1962, 1988-жылдар) жана башка чыгармаларынын табылышы, акыры алардын өзүнчө китеп болуп басылып чыгышы[4] өткөн кылымда кыргыздар колдонгон жазуу жөнүндөгү баа жеткис маалымат болуп эсептелет.

Бул кол жазмалардын жана басылмалардын негизинде кыргыздар араб алфавитин XIX кылымдын биринчи жарымынан баштап колдоно баштаган болсо керек деген жыйынтык чыгарууга болбойт. Кыргыздар араб алфавитин бул мезгилдерден мурда да колдонуп келген болуу керек.

XX кылымдын башында, 1911-1914-жылдарда, кыргыз тилинде араб алфавити менен төрт китеп басылып чыккандыгын билебиз. 1911-жылы Казанда Молдо Кылычтын «Кысса-и-зилзала» деген китеби басып чыккан. Бул чыгармада ошол жылы кышында Кемин өрөөнүндө болгон

---

[1] Плоских В.М., Кудайбергенов С.К. Ранние киргизские письменные документы. -Известия Академии наук Киргизской ССР, №4, 1968, 77-78-беттер

[2] Мамытбеков З., Новые материалы о "Манасе". - "Советская Киргизия" газетасы, 1964, 24-ноябрь

[3] Юнусалиев Б.М., Отражение диалектных особенностей в санатах Молдо Нияза. -Китепте Тюркологические исследования, Фрунзе. Илим, 1970

[4] Молдо Нияз, Санат дигарасттар. Арап тамгасындагы эски жазмадан азыркы тамгага Р.Зулпукаровдун көмөгү менен көчүргөн, китеп кылып түзгөн жана Баш сөзү менен сөздүктөрүн, кошумчаларын жазган Омор Сооронов. - Бишкек, 1993

кыйраткыч жер титирөө жана андан элдин көргөн азап-тозогу жөнүндө баяндалган. 1913-1914-жылдары Уфада Осмоналы Сыдык уулунун «Мухтасар тарых Кыргызия» («Кыргыздардын кыскача тарыхы») жана «Тарых кыргыз Шадмания» («Шабдан жеринин тарыхы») деген китептери басылган. Бул китептерде негизинен кыргыз урууларынын санжырасы берилген. Ошондой эле Уфа шаарындагы Галия медресесинде окуган кыргыз Эшенаалы Арабаев жана казак Хафза Сарсикеевдер түзгөн «Алифба йаки төтө оку» китеби 1911-жылы Уфадагы «Товарищество Каримова, Хусаинова» деген типографиядан басылган. Бул алиппе китеби кыргыз жана казак балдарына арналып, жеңилдетип түзүлгөн.

Булардан тышкары 1980-жылдардын аягында жаш окумуштуу Сатыбалды Мамытов Казань университетинин китепканасынан буга чейин белгисиз болгон «Форьядлар» (арабчадан кыргызчага которгондо «зарлануу», «ызаланып ыйлоо» дегенди билдирет») аттуу кыргыз китебин тапкан[1]. Бул жыйнак 1908-жылы июнь айында Каракол шаарынын кыргыз-татар коому аркылуу басмаканага берилип, революцияга чейин Казандагы эң прогрессивдүү басмаканалардын бири болгон «Шараф» электротипографиясында Сабыр Габделмановдун ысымы менен басылып чыгат. Сабыр Габделмановдун улуту татар экен. Бирок ал жаш кезинен тартып өз тагдырын кыргыз элинин тагдыры менен байланыштырып, кыргыз элинин тилин, адеп-салтын, үрп-адатын, турмушун терең үйрөнүп, жазган чыгармалары менен XX кылымдын башындагы кыргыз маданиятынын өнүгүүсүнө чоң салым кошуп, улуттук адабиятыбызды байыткан.

Демократ акын Тоголок Молдо (Байымбет Абдрахманов) жана жазгыч акын Ысык Шайбеков жана башкалар да революцияга чейин эле өздөрүнүн чыгармаларын араб алфавитинде жазышып, эл арасына кол жазма түрүндө таратып келишкен.

## Революциядан кийинки мезгилдерде кыргыздар колдонгон жазуулар

Башка бир катар түрк элдериндей эле, кыргыз эли да, революциядан кийинки алгачкы он жылдын ичинде өз жазуусу катарында реформаланган араб алфавитинен пайдаланды. Кыргыз элинин тарыхында өз эне тилинде чыккан тунгуч газета «Эркин Тоо» 1924-жылы 7-ноябрда араб алфавити менен басылган. Ал 1925-жылдын май айында өткөн Кыргыз автономиялуу областынын илимий - педагогикалык 1 съездинде мамлекеттик алфавит катарында официалдуу түрдө кабыл алынган. Ре-

[1] Мамытов Сатыбалды , "Зарлануулар" же алгачкы кыргыз ырлар жыйнагы -Ала-Тоо" журналы, 1990, №1, 141-152-беттер

формаланган араб алфавити кыргыз тилинин фонетикалык өзгөчөлүктөрүнө мүмкүн болушунча ылайыкташтырылып түзүлгөн, башкача айтканда, анын курамынан кыргыз тилине керексиз болгон бир катар тамгалар алынып ташталган, тескерисинче, кыргыз тилинин тыбыштык өзгөчөлүктөрүнө зарыл болгон айрым тамгалар кошумча киргизилген.

Реформаланган араб алфавитинде үндүү тыбыштарды белгилөөчү 5, үнсүз тыбыштарды белгилөөчү 19 тамга алынган. Ошентип ал алфавиттин курамы төмөндөкүдөй 24 тамгадан турган. №5 таблица

| жазылышы | окулушу | жазылышы | окулушу |
|---|---|---|---|
| آ | а | ق | к |
| ب | б | ک | к |
| پ | п | گ | г |
| ت | т | ڭ | ң |
| چ | ч | ل | л |
| ج | ж | م | м |
| د | д | ن | н |
| ر | р | و | о,ө |
| ز | з | ۇ | у,ү |
| س | с | ە | е |
| ش | ш | ى | и,ы |
| ع | г | ي | й |

Реформаланган араб алфавити кыргыз тилинин тыбыштык өзгөчөлүктөрүнө канчалык жакындаштырылса да, анын бөтөнчөлүктөрүн толук бере алган эмес. Ошону менен бирге анын төмөнкүдөй дагы бир катар кемчиликтери болгон:

1) Үндүүлөр толук белгиленбеген;

2) Ар түрдүү диакритикалык[1] белгилер өтө көп болгон,

3) Бир эле тамга сөздөгү алган ордуна карай түрдүү жазылган;

4) Тамгалардын бири-бири менен кошулуп жазылышында да айыр-

[1] тамгалардын үстүнө, астына же жандарына коюлуучу кошумча белгилер. Алар ошол тамганын башка окшош тамгалардан айырмалуу окула турганын көрсөтөт

Мисалы ن - н, ت - т, ب -б, پ - п ж.б

малар болгон. Бир катар тамгалар өзүнөн мурдагы тамга менен гана кошула алса, бир катары өзүнөн мурунку жана кийинки тамгалар менен тең кошулуп жазылган.

5) Тамгалар оңдон солго карай жазылса, цифралар тескерисинче солдон оңго карай жазылган. Бул басма иштеринде көп кыйынчылыктар келтирилген.

Араб алфавитинин бул сыяктуу кемчиликтери жалпы кыргыз элинин маданий деңгээлин, сабаттуулугун тез аранын ичинде көтөрүүгө мүмкүндүк бербеди. Ошондуктан башка түрк элдери сыяктуу кыргыз эли да андан баш тартып, латын алфавитине өтүүгө мажбур болду

Түрк элдеринин жазуусун араб алфавитинен латын алфавитине өткөрүү маселеси 1926-жылы март айында Бакуда өткөн I түркологиялык съезд тарабынан чечилген Мына ушундан баштап, Кыргызстанда да латын алфавитине өтүү боюнча жаңы алфавиттин долбоорун, окуу куралдарын түзүү ж.б. бир катар чаралар көрүлө баштайт.

1927-жылы декабрда латын алфавити мамлекеттик алфавит катарында кабыл алынат. Бирок араб алфавитинен латын алфавитине өтүү бир эле мезгилде болбостон, 1929-жылдын аягына чейин басма сөздөрдө ал эки алфавит катар колдонулуп келди 1930-жылдан баштап гана бардык жерлерде латын алфавити колдонулууга өттү

Латын алфавитинин негизинде түзүлгөн кыргыз тилинин жаңы алфавитинин курамы төмөнкүдөй 25 тамгадан турган. a(а), в(б), p(п), t(т), g(ж), c(ч), d(д), r(р), z(з), s(с), ş(ш), g(г), q(к), k(k), g(гь), ŋ(ң), l(л), m(м), n(н), o(о), u(у), e(э), ь(ы), j(й), v - (кыбачы)

Кийинки кездерде турмуштук талаптарга ылайык алфавиттин курамында айрым өзгөрүүлөр киргизилип турган.

Алсак, 1928-жылы алфавиттин курамы кыргыз тилинин тыбыштык өзгөчөлүгүнө ылайык ө(ө), y(ү), *i* (и) жана кыргыз тилине башка тилдерден кирген сөздөрдү туура жазуу максатында киргизилген v (в), x(х), h, f (ф) тамгалары менен толукталып, v (кыбачы) чыгарылып ташталган 1930-жылы алфавиттин составынан h тамгасы чыгарылып, баш тамгалар киргизилген, 1938-жылы орус тилинен кирген сөздөрдү туура жазуу үчүн *z* (ж) тамгасы алфавитке кошулган.

Кыргыз элинин сабаттуулугун арттырып, маданий деңгээлин көтөрүүдө латын алфавити өз убагында чоң роль ойноду. Бирок бара-бара ал алфавиттин да бир катар кемчилиги бар экендигин турмуш көрсөтө баштады Баарыдан мурда, латын алфавити орус тилин кыргыз элинин кеңири массасынын тезирээк өздөштүрүшүнө толук мүмкүндүк бербеди. Анткени орус тилин үйрөнүү үчүн орус алфавитин өздөштүрүү зарыл болгон, бир эле тамганын латын жана орус алфавиттеринде эки башка окулушу жазуу ишин кыйындаткан; латын алфа-

вити менен орус тилинен кирген бир катар сөздөрдү жана терминдерди орус орфографиясынын негизинде жазууга мүмкүн болбогон. Мындан башка шрифтердин ар түрдүү болушу басма иштеринде да кыйынчылык келтирген.

Натыйжада коомчулук тарабынан орус алфавитине өтүү маселеси козголуп, 1939-жылдан баштап республикалык басма сөздөрдүн беттеринде талкуу жүрө баштады. Анын жыйынтыгы 1940-жылы декабрда Кыргыз ССР Жогорку Советинин сессиясында чыгарылып, орус графикасынын негизинде түзүлгөн жаңы алфавиттин долбоору жана орфографиясы кубатталды. Ал 1941-жылы 12-сентябрда Кыргызстандын өкмөтү тарабынан бекитилди.

Кыргыз жазуусунун орус алфавитине өткөрүлүшү кыргыз элинин улуттук маданиятынын өнүгүү жолунда ири кадам болду. Жаңы алфавит кыргыз элинин маданиятынын орус элинин маданияты менен дагы жакындашуусуна, ал эки элдин бир туугандык достугунун чыңалышына өбөлгө түздү. Баарыдан мурда ал кыргыз жаштарынын орус тилин тез өздөштүрүшүнө, ал эми ал аркылуу дүйнөлүк илимдин, техниканын жана алдыңкы маданияттын жетишкендиктерин тез жана терең үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк туудурду.

## Азыркы кыргыз алфавити

Тилдин жазуу системасында колдонулган бардык тамгалардын кабыл алынган белгилүү орун тартипте берилген тизмеси алфавит деп аталат.

Орус графикасынын негизинде түзүлгөн азыркы кыргыз алфавити 36 тамгадан куралган. Анын курамында орус алфавитиндеги тамгалар бүт алынган. Аларга кошумча кыргыз тилинин тыбыштык өзгөчөлүгүн берген **ө, ү, ң** тамгалары киргизилген.

Булардын ичинен 22 тамга үнсүз табыштарды, 8 тамга үндүү тыбыштарды билдирет. 4 тамга (**я, е, ё, ю**) кыргыз тилинде йоттошкон тыбыштарды билдирсе[1], орус сөздөрүндө өздөрүнөн мурдагы үнсүз тыбышты жумшартуу үчүн да кызмат кылат. Эки тамга (ь,ъ) эч кандай тыбышты билдирбейт. Алар муундарды ажыратуу же үнсүз тыбыштарды жумшартуу үчүн колдонулат.

Алфавиттеги **к, г, ж** тамгаларынын ар бири экиден тыбышты билдирет. Мисалы: **к, г** тыбыштары кыргыздын төл сөздөрүндө тил арты үндүүлөр менен катар келсе, түпчүл ќ(q), ѓ(g), ал эми тил алды үндүүлөр менен жанаша келсе, тил артчыл к, г тыбыштарын билдирет. Орус сөздөрүндө орус тилиндеги окулушундай эле окулат. Ал эми **ж** тамгасы

[1] Мектеп окуу куралдарында жана айрым илимий эмгектерде буларды үндүү тыбыштардын составына кошуп жүрүшөт. Биздин оюбузча бул туура эмес. Анкени бул тамгалар өз алдынча бир үндүү тыбышты эмес, үнсүз жана үндүү тыбыштан турган тыбыштык тизмекти билдирет.

болсо орус, же ал аркылуу башка тилдерден кирген сөздөрдө орус тилиндеги **ж** (мисалы: **журнал, абажур**) тыбышын билдирсе, кыргыздын төл сөздөрүндө ж (ђ) тыбышын билдирет.

Тамгалар негизинен орус алфавитиндеги тартип боюнча эле жайгаштырылган. Бирок бир өзгөчөлүк - алфавитке кошумча киргизилген **ө, ү, ң** тамгалары өздөрүнө жакын тамгалардан кийин орун алган.

Ар бир тамганын жазылышынын басма жана жазма түрлөрү менен катар баш жана кичине түрлөрү бар.

Алфавиттеги ар бир тамга өзүнө берилген ат менен аталат: үндүүлөрдү билдирүүчү тамгалар бир эле тыбыш менен, ал эми үнсүздөрдү билдирүүчү тамгалар эки тыбыш менен айтылат.

Кыргыз тилиндеги тамгалардын орун тартиби, алардын жазылыш түрлөрү жана аталыштары төмөнкүдөй:

№6 таблица

| катар №№ | Басма тамгалар | | Жазма тамгалар | | Тамгалардын аттары |
|---|---|---|---|---|---|
| | баш тамгалар | кичине тамгалар | баш тамгалар | кичине тамгалар | |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| 1 | А | а | *А* | *а* | а |
| 2 | Б | б | *Б* | *б* | бэ |
| 3 | В | в | *В* | *в* | вэ |
| 4 | Г | г | *Г* | *г* | гэ |
| 5 | Д | д | *Д* | *д* | дэ |
| 6 | Е | е | *Е* | *е* | е (йе,э) |
| 7 | Ё | ё | *Ё* | *ё* | ё (йо) |
| 8 | Ж | ж | *Ж* | *ж* | жэ, джэ |
| 9 | З | з | *З* | *з* | зэ |
| 10 | И | и | *И* | *и* | и |
| 11 | Й | й | *Й* | *й* | ий |
| 12 | К | к | *К* | *к* | ка |
| 13 | Л | л | *Л* | *л* | эл |
| 14 | М | м | *М* | *м* | эм |
| 15 | Н | н | *Н* | *н* | эн |

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
|---|---|---|---|---|---|
| 16 | Ң | ң | *Ң* | *ң* | ың |
| 17 | О | о | *О* | *о* | о |
| 18 | Ө | ө | *Ө* | *ө* | ө |
| 19 | П | п | *П* | *п* | пэ |
| 20 | Р | р | *Р* | *р* | эр |
| 21 | С | с | *С* | *с* | эс |
| 22 | Т | т | *Т* | *т* | тэ |
| 23 | У | у | *У* | *у* | у |
| 24 | Ү | ү | *Ү* | *ү* | ү |
| 25 | Ф | ф | *Ф* | *ф* | эф |
| 26 | Х | х | *Х* | *х* | ха |
| 27 | Ц | ц | *Ц* | *ц* | цэ |
| 28 | Ч | ч | *Ч* | *ч* | чэ |
| 29 | Ш | ш | *Ш* | *ш* | ша |
| 30 | Щ | щ | *Щ* | *щ* | ща |
| 31 | Ъ | ъ | *Ъ* | *ъ* | ажыратуу белгиси |
| 32 | Ы | ы | *Ы* | *ы* | ы |
| 33 | Ь | ь | *Ь* | *ь* | ичкертүү белгиси |
| 34 | Э | э | *Э* | *э* | э |
| 35 | Ю | ю | *Ю* | *ю* | ю (йу) |
| 36 | Я | я | *Я* | *я* | я (йа) |

# ОРФОГРАФИЯ

## Орфография жөнүндө жалпы түшүнүк

Жазууда сөздөгү тыбыштар алфавиттеги тамгалар аркылуу берилет. Бирок адамдар ортосунда жазуу жүзүндө пикир алышуу үчүн жеке эле тилдин графикалык системасы жетишсиздик кылат. Анткени анын жардамы менен бир эле сөздүн айтылышына карай ар ким ар түрдүү жазышы мүмкүн. Мисалы: **нанга, нанбы, кара уй, көз сал, түнкү, чабалекей** сыяктуу сөздөр **наңга, намбы, кар уй, көс сал, түңкү//түңгү, чабылекей//чабыкекей** ж.б. түрүндө жазылышы мүмкүн. Бул сыяктуу бир эле сөздүн бир нече түрдө жазылышы адамдардын бири биринин оюна толук түшүнүшүнө бир топ кыйынчылык келтирип, жазууда чаржайыттыкты туудурар эле.

Жазуу ишиндеги мындай баш аламандыкты белгилүү тартипке салууда тилдин **орфографиясы**[1] зор роль ойнойт. Анткени, ал туура жазуу үчүн зарыл болгон эрежелерди белгилейт. Ошентип, орфография дегенибиз белгилүү бир тилдеги сөздөрдү жана алардын маани берүүчү бөлүктөрүн бир түрдүү жазуу үчүн белгиленген эрежелердин системасы болуп эсептелет. Анын эрежелери ошол тилдин жазуусунан пайдаланган бардык адамдар үчүн бирдей жалпы милдеттүү болот.

Орфография жеке эле сөздөрдүн жазылыш эрежелерин гана белгилебестен, ошол тилдин жергиликтүү говор, диалектилеринде ар түрдүү тыбыштык комплексте айтылып жүргөн сөздөрдүн кайсы түрүн адабий норма катары алуу керек экендигин да аныктайт. Мисалы: кыргыз тилинин ар кайсы жергиликтүү говорлорунда **бакта//пакта// пахта, баки//паки//маки, быйаз//мыйаз//пияз, элгек//элек, жигде//жигдэ//жийде, зенжир//жынжыр//чынжыр, пээлэт//лаапат//паалат, лэглэк//лейлек//илегилек** ж.б. түрүндө кездешүүчү сөздөрдүн кыргыз орфографиясы тарабынан адабий тилге алынган түрү: **маки, пияз, элек, жийде, чынжыр, паалат, илег-илек.** Мындан орфографиянын адабий тилди нормалдаштырууда да зор кызматы бар экендиги көрүнөт.

Сөздөрдү колдонууда жана жазууда орфографиянын эрежелери толук сакталган учурда гана жазма кептин жардамы менен коомдун мүчөлөрүнүн өз ара эркин пикир алмашуусу мүмкүн болот. Ошентип, орфография сөздөрдүн жазылышын бирдиктүү калыпка салууда, алардын нормаларын аныктоодо зор мааниге ээ болуп, адамдар ортосунда жазма кепте байланыш жүргүзүүнүн куралы катарында кызмат кылат.

---

[1] Орфография - гр. orphos "туура" жана grapho "жазам" деген сөздөрдөн түзүлүп, туура жазуу деген маанини билдирет

## Кыргыз орфографиясынын принциптери

Тыбыштык жазуудан пайдаланышкан тилдердин орфографиялык эрежелеринде бир нече түрдүү принциптер колдонулуп жүрөт. Алардын негиздүүлөрү катарында фонетикалык, морфологиялык, тарыхый (традициялык), символдук (дифференциалдык, иероглифтик) принциптерди көрсөтүүгө болот. Бул айтылган принциптердин бардыгы бүт тилдердин орфографиясында толук кездеше бербейт. Ар бир тил өз орфографиясы үчүн өзүнүн фонетикалык өзгөчөлүгүнө, жазуу традициясына ж.б. ылайык келүүчү тигил же бул принциптерди гана негизге алат. Мисалы, орус тилинин орфографиясы негизинен фонетикалык, морфологиялык, аз да болсо тарыхый принциптердин негизинде түзүлгөн. Немец тилинде морфологиялык жана тарыхый принцип негиз кылып алынган. Ал эми англис, француз тилдеринин орфографиясы үчүн тарыхый принцип негиз болгон. Ар бир тилдеги сөздөр ал тилдин орфографиясына негиз кылынып алынган принциптердин негизинде гана жазылат. Ошондуктан сөздөрдүн жазылышы бардык эле тилдерде бирдей болбойт.

Мурдатан үзгүлтүксүз традициялуу жазуусу болбогон кыргыз тилинин орфографиясын түзүүдө жогоруда көрсөтүлгөн принциптердин ичинен фонетикалык жана морфологиялык принцип негизге алынган.

Кыргыз тилинде сөздөр уңгу жана мүчө болуп, эки негизги бөлүккө бөлүнөт. Кыргыз тили агглютинативдүү түзүлүштөгү тилдердин катарына киргендиктен, андагы көпчүлүк уңгу сөздөр бардык учурларда тыбыштык жагынан эч өзгөрүүгө учурабай туруктуу келет. Ал эми мүчөлөрдүн составындагы үндүү жана үнсүз тыбыштар уңгунун акыркы муунундагы үндүү, үнсүз тыбыштарга карай комбинатордук өзгөрүүлөргө учурап, ар түрдүүчө өзгөрүп айтылат. Тилибизге мүнөздүү болгон бул сыяктуу өзгөчөлүккө байланыштуу сөздөрдүн, уңгуларын да, мүчөлөрүн да бир түрдүү принциптин негизинде жазуу мүмкүн болгон эмес. Натыйжада сөздөрдүн уңгуларын жазуу үчүн бир принцип, мүчөлөрдү жазуу үчүн экинчи принцип негиз кылып алынган.

Сөздөрдүн уңгуларынын жазылышы **морфологиялык принципке** негизделген. Бул принцип боюнча уңгу сөздөр бардык учурларда бир түрдүү жазылыш керек. Башкача айтканда, уңгу сөздөрдүн составындагы тыбыштардын ар түрдүү фонетикалык закондорго ылайык өзгөрүп айтылышы эсепке алынбастан, алардын алгачкы тыбыштык формасынын сакталып жазылышы талап кылынат. Мисалы:

**чаптуу** эмес **чачтуу**, **нанга** эмес **нанга**, **бүрөө** эмес **бирөө**, **көс сал** эмес **көз сал**, **сар оору** эмес **сары оору** түрүндө жазылуута тийиш. Ант-

кени өзгөрүп айтылган жогорку сөздөрдүн баштапкы формалары болуп чач, нан, бир, көз, сары эсептелет.

Уңгу сөздөрдүн тыбыштык жагынан өзгөрүп айтылышы көбүнчө аларга мүчө уланган учурларда үнсүз тыбыштардын алга жана артка карай ассимиляцияланышы же диссимиляцияланышы, үндүүлөрдүн эринге жана тилге карай үндөшүп өзгөрүү, ошондой эле сөз курамындагы айрым тыбыштардын позициялык абалына карай жумшарып же каткаландашып айтылуу закондоруна жана башкаларга байланыштуу болот. Бирок жазууда бул сыяктуу өзгөрүүлөр берилбей, уңгулардын алгачкы тыбыштык составы сакталат. Буга төмөнкү мисалдарды келтирүүгө болот:

| айтылышы: | жазылышы: | айтылышы: | жазылышы: |
|---|---|---|---|
| **тынштык** | **тынчтык** | **бирдеме** | **бир неме** |
| **жыганчы** | **жыгаччы** | **баягүнү** | **бая күнү** |
| **ашты** | **ачты** | **жооv ал** | **жооп ал** |
| **тымба** | **тынба** | **ак паш** | **ак баш** |
| **намбы** | **нанбы** | **карацгүн** | **каран күн** |
| **нацга** | **нанга** | **кар жилик** | **кары жилик** |
| **түңкү** | **түнкү** | **сар оору** | **сары оору** |
| **бүрөө** | **бирөө** | **бер жак** | **бери жак** |
| **өкөө** | **экөө** | **кара гер** | **кара кер** |
| **түрүү** | **тирүү** | **коюңголтук** | **коюн колтук** ж.б. |
| **түнүчүндө** | **түн ичинде** | | |

Морфологиялык принцип боюнча ар бири өз алдынча мааниге ээ болгон сөздөрдөн түзүлгөн татаал сөздөрдүн ар бир компоненти бөлөк-бөлөк жазылат. Мисалдар:

| айтылышы: | жазылышы: | айтылышы: | жазылышы: |
|---|---|---|---|
| **агниет** | **ак ниет** | **кераяк** | **кер аяк** |
| **бешманча** | **беш манжа** | **кулат** | **кула ат** |
| **бироөз** | **бир ооз** | **миңбашы** | **миң башы** |
| **биртууган** | **бир тууган** | **сарайгыр** | **сары айгыр** |
| **демалыш** | **дем алыш** | **эканжы** | **эки ажы** ж.б |

Ал эми сөз мүчөлөрүнүн жазылышы үчүн **фонетикалык принцип** негиз болгон. Башкача айтканда, кыргыз орфографиясында мүчөлөр уңгуга уланганда кандай тыбыштык өзгөрүүгө учураса, ошол түрү боюнча жазылышына жол берилген. Мисалы:

**аталар, энелер, тоолор, көчөлөр, айбандар, кийимдер, коён-**

**дор, үнсүздөр, балыктар, жемиштер, тооктор, чөптөр, баласыз, энесиз, тузсуз, колсуз, барчу, келчү** ж.б.

Анткени кыргыз тилинде сөз мүчөлөрүнүн жогоркудай болуп, уңгунун аякы муунундагы үндүү жана үнсүз тыбыштарга карай өзгөрүп, ар түрдүү варианттарда айтылышы өтө мүнөздүү. Алардын баарын бир формага келтирип жазуу тилибиздин фонетикалык законуна эч туура келмек эмес.

Кыргыз орфографиясында жогоруда көрсөтүлгөн эки принциптин нормалары бардык сөздөрдө эле туруктуу боло бербейт. Алсак, уңгу сөздөрдүн жазылышына негиз болгон морфологиялык принцип бардык уңгу сөздөрдүн жазылышында колдонулбай, кээде анын ордуна фонетикалык принцип колдонулуп калган учурлар да кездешет. Натыйжада бир катар уңгу сөздөр морфологиялык принциптин негизинде эмес, өздөрүнүн алгачкы тыбыштык составын сактабай, кандай өзгөрүп айтылса, ошол калыбында, башкача айтканда, фонетикалык принципке негизделип жазылат. Аларга мисал катары төмөнкү сөздөрдү көрсөтүүгө болот:

1. Тыбыштык жагынан орчундуу өзгөрүүгө учурап, өз ара бирибири менен ажырагыс ширелишип кеткен бириккен сөздөр фонетикалык принципке негизделип, айтылышы боюнча жазылат. Мисалы:

**быйыл (бул жыл** эмес**), бүгүн (бу күн** эмес**), антпе (аны** этпе эмес**), минтип (муну этип** эмес**), агайын (ага, ини** эмес) ж.б.

2. Тыбыштык жагынан өзгөрүүгө учурап, бир уңгуга айланып кеткен эки же андан көп сөздөрдөн түзүлгөн адам аттары фонетикалык принцип боюнча жазылат. Мисалы:

**Таабалды (Таап алды** эмес), **Өмүрзак (Өмүр узак** эмес), **Мырзакмат (Мырза Акмат** эмес), **Бегаалы (Бек Аалы** эмес) ж.б.

3. Араб, иран тилдеринен кирип, кыргыз тилинин лексикасына өтө сиңип кеткен адам аттары да кандай айтылса, ошондой жазылат. Мисалы:

**Мухамбет//Мукамбет//Мамбет//Мамат//Амат//Махмут//Макмут//Мамыт; Нурмухамбет//Нурмухамет//Нурмат//Урмамбет; Жусуп//Усуп//Нусуп//Нүсүп//Үсүп** ж.б.

4. Тилибиздин фонетикалык закон ченемдүүлүктөрүнө ылайык тыбыштык жагынан орчундуу өзгөрүүгө дуушар болгон, азыркы учурда төл сөздөр катары лексикабызга бекем сиңип кеткен монгол, араб, иран тилдеринен кирген сөздөр фонетикалык принциптин негизинде жазылат. Мисалы:

**талкуу** (монг. **талхы**), **сонун** (монг. **сонин**), **унаа** (монг. **унига**), **бараан** (монг **бараға(н)**), **белек** (монг. **бэлэхэн**), **апта** (ир. **hафте**), **мейман** (ир. **мәhман**), **баа (ир. бәhа)**,

**өнөр** (ир. **honəp**), **перзент** (ир. **фарзанд**), **аба** (ар. **həва**), **кызмат** (ар **хэдмəт**), **маалым** (ар. **маглум**), **мамиле** (ар **моамəле**), **пайда** (ар. **файедə**) ж.б.

5. Орус тилинен жана орус тили аркылуу башка тилдерден кабыл алынган сөздөрдүн төмөнкүдөй айрым топтору да фонетикалык принцип боюнча жазылат:

1) Орус тилинен кыргыз тилине революциядан мурдагы мезгилдерде эле кирип, тыбыштык өзгөргөн түрүндө жалпы элдин кебинде биротоло калыптанышып калган **борум (форма), соко (соха), желетке ( жилетка), кожоюн (хозяин), меш (печь), чот (счет), чиркөө (церковь), чыт (ситец), каамыт (хомут), мүштөк (мундштук)** ж.б. у.с. сөздөр;

2) Кыргыз тилинде орус тилиндеги алгачкы тыбыштык формасы сакталбай, аяккы үндүүлөрү түшүрүлүп айтылуучу **секунд (секунда), минут (минута), каникул (каникулы), октябрят (октябрята), макарон (макароны), папирос (папиросы), одеял (одеяло), конфет (конфета)** сыяктуу жана аяккы үндүүлөрү башка тыбыштар менен алмаштырылып айтылышы кеңири сиңип кеткен **ботинка (ботинки), сутка (сутки), консерва (консервы), мастерской (мастерская), столовой (столовая)** сыяктуу орус тилинде көптүк санда гана айтылуучу сөздөр;

3) Аягы **ск, нк, фть, кт, нг, нд** тыбыштары менен бүткөн сөздөргө мүчөлөр уланганда, уңгу менен мүчөнүн ортосунда **а, ы, и, у** үндүү тыбыштарынын бири кошулуп айтылат. Аларды ошол айтылышы боюнча жазууга жол берилет. Мисалы:

**Минск – минскилик, Минскиге // акт – актысы, актыда**
**танк – танкасы, танкадан // митинг – митингине, митингиден**
**нефть – нефтичи, нефтинин // фонд – фондусу, фондудай** ж.б

6. Аягы **к, п** тыбыштары менен бүткөн сөздөргө үндүү менен башталган мүчөлөр уланса, **к, п** тыбыштары жумшарып айтылат жана ошол жумшарган түрүндө жазылат. Мисалы:

**кап + ы =кабы, бак + ы = багы,**
чап + ыш = чабыш, тик + иш = тигиш,
**ак + ыраак = агыраак, көп + ыраак = көбүрөөк** ж.б.

7. Айрым мүчөлөр уланганда алгачкы тыбыштык составы өзгөрүүгө дуушар болгон айрым сөздөр да фонетикалык принципте жазылат. Мисалы:

**мынча < бул + ча, мындай < бул + дай, мунун < бул + нын, андай < ал + дай, мага < мен + га, сага < сен + га** ж.б.

8. Фонетикалык принциптин негизинде жазылуучу сөздөргө кээ бир мүчөлөр уланганда курамындагы айрым тыбыштар түшүрүлүп, кыс-

картылып айтылган төмөнкү учугуларды да кошууга болот: **бала + лар =балдар, оюн + а =ойно, жумуш + а = жумша, орун + ы =орду, эрин + ы =эрди, кайыр + ык =кайрык, айыл + ым = айлым, сана + оо = саноо, кызыл + гылтым =кызгылтым** ж.б.

Жогоруда белгиленгендей, кыргыз тилинин орфографиясына жалпысынан морфологиялык жана фонетикалык принциптер негиз болгону менен, анда орфографиянын башка принциптеринин элементтери да бар. Алсак, айрым сөздөрдүн жазылышы **символикалык (дифференциялык)** принципке да негизделет. Аларга тыбыштык жагынан окшош болгон жалпы аттардан энчилүү аттарды, карапайым сөздөрдөн урматтоо, сыйлоо иретинде айтылган сөздөрдү айырмалоо максатында баш тамга менен жазылышын көрсөтүүгө болот. Мисалы:

**күмүш** - кымбат баалуу жаркырак ак металл, **Күмүш** - энчилүү ат; **максат** - көздөгөн тилек, каалаган ой, **Максат** - энчилүү ат; **жылдыз** - асман телосу, **Жылдыз** - энчилүү ат; **Кыргыз Республикасы**; Мага **Сиздин** университеттин филология факультетине кирүү экзамендерин тапшырууга уруксат берүүнүздү суранам; Бизге **Адам** деген ат ардактуу ж.б.

Тилибиздин лексикалык байлыгынын өнүгүшүнө орус тили зор таасир тийгизди жана тийгизип да жатат. Айрыкча Октябрь революциясынан кийинки жылдарда кыргыз тилине орус тилинен жана ал аркылуу башка тилдерден көп сандаган сөздөр жана терминдер өздөштүрүлдү. Азыркы кыргыз орфографиясында ал сөздөрдүн жазылышы жалпысынан **традициялык принципке** негизделген. Башкача айтканда, ал сөздөрдүн оозеки сүйлөөдө кандай айтылышына карабастан, орус орфографиясынын традициясында кандай жазылса, ошол тиите жазылат Мисалы, салыштыр:

| айтылат: | жазылат: | айтылат: | жазылат: |
|---|---|---|---|
| **тавил** | **табель** | **оvулус//оvулас** | **область** |
| **кыvартал** | **квартал** | **жемпир** | **жемпер** |
| **айропорт** | **аэропорт** | **ведумус** | **ведомость** ж.б. |
| **састап** | **состав** | | |

## Кыргыз орфографиясынын тарыхынан кыскача маалымат

Кыргыз тилинин азыркы орфографиясынын түзүлүү жана өнүгүү тарыхын 20-жылдардын орто ченинен баштап эсептөөгө болот. Анткени мына ушул жылдардан баштап кыргыздын улуттук жазуусу түзүлүп, жазма адабий тили калыптана баштаган. 1924-жылы 7-ноябрде

кыргыз тарыхында биринчи болуп, өз эне тилинде «Эркин Тоо» (кийинчерээк «Кызыл Кыргызстан», азыркы «Кыргыз туусу») газетасынын биринчи саны чыкты. 1924-1925-жылдардан баштап кыргыз тилинде алгачкы окуу китептери жана окуу куралдары,ар түрдүү адабияттар чыга баштады. Муну менен катар орфографиянын айрым эрежелери да иштелип чыгылды.

Алгачкы кездерде араб алфавитинин негизинде кыргыз тилинин тыбыштык өзгөчөлүктөрүнө ылайык келген алфавитти түзүү, андагы тамгалардын колдонулушу жана сөздөрдүн жазылышы жөнүндөгү эрежелерди иштеп чыгуу иштери жүргүзүлдү. 1925-жылы араб тамгасынын негизинде түзүлгөн кыргыз алфавити кабыл алынды. Анын курамында бардыгы 24 тамга болгон. Үндүүлөрдү белгилөө үчүн болгону 5 тамга алынып, ичке ө, ү, и тыбыштары үчүн атайын белги алынбаган. Эгер сөздүн башына ичкертүү белгиси ٔ(кыбачы) коюлуп жазылса, анын курамындагы о тыбышы ө, у тыбышы ү, ы тыбышы и болуп окулууга тийиш болгон.

Сөздөрдүн жазылышында төмөнкүдөй айрым эрежелер колдонулган: алфавитте баш тамгалар алынбагандыктан, сөздөр бардык учурда кичине тамга менен жазылган, сөз аягында каткалаң к тыбышы жазылбай, анын ордуна эски традиция боюнча жумшак б тыбышы жазылып келген; башка тилдерден кирген сөздөр кыргыз тилинин фонетикалык законуна толук баш ийдирилип жазылууга тийиш болгон. Натыйжада алардын көпчүлүгү түрдүүчө жазылып жүргөн учурлары көп кездешчирилет.

1927-жылы араб алфавити латын тамгасынын негизинде түзүлгөн алфавит менен официалдуу түрдө алмаштырылды. Бирок кеңири эл массасын араб алфавитинен латын алфавитинин негизиндеги жаңы алфавитке дароо эле өткөрүүгө мүмкүн болбогон. Ошондуктан элди латын алфавитине үйрөтүү жана жатыктыруу максатында араб алфавити 1929-жылга чейин латын алфавити менен катар колдонулуп келди. Бул мезгилдерде латын тамгасынын негизинде түзүлгөн алфавиттин курамындагы тамгалардын саны да, жазылыш эрежелери да мурдагы араб алфавитиндегидей эле болуп, андан эч айырмаланган эмес.

Кыргыз элинин турмушунда болгон жана болуп жаткан коомдук кайра курулууга, экономиканын, маданияттын, чарбачылыктын, илим-техниканын өсүшүнө байланыштуу кыргыз адабий тилинин сөздүк курамы улам жаңы сөздөр менен толукталды. Айрыкча орус тилинен, ал аркылуу башка тилдерден көп сандаган терминдер жана сөздөр синди. Орус тили аркылуу кирген орус жана интернационалдык сөздөрдү жана терминдерди туура жазуу үчүн төл сөздөрдү жазууга гана ылайыкташтырылып түзүлгөн алфавиттин алгачкы курамы жетишсиз болуп калды.

Натыйжада алфавиттин курамын кайрадан карап чыгуу зарылдыгы туулуп, 1928-жылы май айында Кыргызстан Эл агартуу Комиссариаты тарабынан орфографияга төмөнкүдөй айрым өзгөрүүлөр киргизилген:

*а) ичке үндүүлөрдү белгилөө үчүн ө, у, і тамгалары алынган;*

б) ага байланыштуу ичкертүү белгиси √ (кыбачы) орфографиядан чыгарылып ташталган;

в) алфавиттин курамын да жаңыдан v, ʃ, x, h тамгалары киргизилген.

Алфавиттин курамына жаңыдан кошулган жогорку тыбыштарды колдонуу менен четтен кирген сөздөрдүн бардыгын туура жазууга мүмкүн эмес эле.

Орфографиянын айрым маселелерин талкуулоо максатында 1930-жылы июлда Фрунзе шаарында мугалимдердин жана маданий кызматкерлердин кеңешмеси чакырылат. Ал кеңешмеде алфавитке баш тамгаларды киргизүү жана анын курамынан h тамгасын чыгарып салуу боюнча чечим кабыл алынган. 1930-жылда бекитилген орфография 1938-жылга чейин колдонулуп келди.

1938-жылы кыргыз тилинин жаңы орфографиясы кабыл алынат. Бул орфография мурдагыларга караганда бир кыйла артыкчылыкка ээ болуп, ага чейин орун алып келген айрым кемчиликтер жоюлган. Кийинки орфографияда сөздүн маани берүүчү бөлүктөрүнүн жазылышы такталып, сөздүн уңгусунун жазылышы морфологиялык принципке, ал эми сөз мүчөлөрүнүн жазылышы фонетикалык принципке негизделген. Ошону менен бирге четтен кирген сөздөрдү туура жазуу максатында алфавитке z (ж) тамгасы киргизилген. Ошентип, 1938-жылы орфографиянын негизги принциптери аныкталып, анын эрежелери дагы да толукталган жана белгилүү деңгээлде нормага салынган.

Орус эли менен бир туугандык достук байланыштардын тармагы күчөп, кыргыз эл массасы дүйнөлүк маданиятты, илим-техниканы өздөштүрүүнүн ачкычы болгон орус тилин үйрөнүүгө кызуу умтула баштады. Өз учурунда латын тамгасынын негизинде түзүлгөн алфавит элибиздин жапырт сабаттуулукка жетишип, маданий деңгээлинин көтөрүлүшүндө белгилүү өлчөмдө роль ойносо да, орус жана кыргыз алфавиттеринин ар башка болушу кыргыз жаштарынын орус тилин тез өздөштүрүүсүнө белгилүү өлчөмдө терс таасирин тийгизип жаткандыгын турмуш өзү көрсөттү. Латын алфавитинин ушул сыяктуу дагы бир катар кемчиликтерине байланыштуу 1940-жылы декабрда болгон Кыргыз ССР Жогорку Советинин сессиясында кыргыз жазуусун орус графикасынын негизинде түзүлгөн алфавитке өткөрүү жөнүндө чечим кабыл алынды. Ал эми 1941-жылы 12-сентябрда кыргыз орфографиясынын негизги эрежелери Кыргызстандын өкмөтү та-

рабынан официалдуу түрдө бекитилди. Бул орфография 1953-жылга чейин колдонулуп келди. 1953-жылы ага төмөнкүдөй бир катар өзгөртүүлөр киргизилди:

1) Мурда алфавиттин аягында жайгаштырылган тилибиздин фонетикалык бөтөнчүлүгүнө байланыштуу орус алфавитине кошумча киргизилген ө, ү, ң тыбыштары өздөрүнүн түгөйлөрүнөн кийин (б.а. ө тамгасы о тамгасынан, ү тамгасы у тамгасынан, ң тамгасы н тамгасынан кийин) жайгаштырылды.

2) Ц, щ тыбыштарынын жазылуу эрежеси орфографиядан алынып ташталды.

3) Мүчө уланганда уңгунун аягында ичкертүү белгисинин (ь) түшүрүлүп жазылышы сунуш кылынды.

4) Өздөштүрүлүп алынган аягы ск, нк, кт, фт сыяктуу тыбыштык айкалыштар менен бүткөн сөздөргө мүчө уланганда уңгу менен мүчөнүн ортосуна үндөштүк законуна ылайык ы же и тыбыштарынын бири кошулуп жазылышына жол берилди.

5) Орус тилинен өздөштүрүлгөн сөздөрдү орус орфографиясындагыдай жазуу сунуш кылынды.

Мындан башка баш тамгаларды жазуу, дефисти коюу жана татаал сөздөрдүн жазылыш эрежелерине айрым тактоолор киргизилди. Ошентип, ал 1953-жылдын 30-майында Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен кайрадан бекитилди.

1955-жылы Кыргыз ССР Агартуу министрлиги тарабынан өткөрүлгөн тилчилер менен практикалык кызматкерлердин кеңешмесинде 1953-жылы бекитилген орфографияга дагы төмөнкүдөй айрым өзгөрүүлөр киригизилген:

1) Кыргыз тилинин фонетикалык законуна ылайык тыбыштык жактан өзгөрүүгө учураган түрүндө эл арасына кеңири сиңип кеткен орус тилинен кирген бир катар сөздөрдүн эки түрдүү жазылышына жол коюлду.

2) Аягы ск, кт, фт, нг, нм, мн, нд, нк сыяктуу тыбыштык айкалыштар менен бүткөн сөздөргө мүчө уланганда, уңгу менен мүчөнүн ортосуна үндөштүк законуна ылайык а, ы, и, у тыбыштарынын бирин кошуп жазуу белгиленди.

3) Иреттүү сандардан кийин дефис коюу эрежеси сунуш кылынды.

1953-жылы бекитилген орфографиялык эрежелер 1955-жылы киргизилген жогоркудай өзгөрүүлөрү менен кийинки кездерге чейин практикада колдонулуп келди. Бирок ал эрежелердин да айрым пункттары, айрыкча татаал энчилүү аттардын жазылыш эрежелери так иштелбей калгандыгы басма иштеринде, педагогикалык практикада ачык көрүндү. Ал кемчиликтерди жоюу максатында 1971-жылдынкюКыргыз

ССР элге билим берүү министрлиги атайын приказ кабыл алды. Анда кыргыз тилиндеги татаал энчилүү аттарды жазуу эрежелерине бир катар өзгөртүүлөр киргизилди.

Ошентип, 1924-1971-жылдардын ичинде жаңыдан гана калыптанып, өнүгүүнүн жолуна түшкөн жазма адабий тилибизге туура багыт берүү максатында маданий турмуштун улам жаңы таламдарына ылайык кыргыз алфавитинин составын тактоо, орфографиялык эрежелерди жакшыртуу боюнча бир катар орчундуу иштер жүргүзүлдү. Натыйжада кыргыз орфографиясынын эрежелери барган сайын такталып, жакшырып келди.

## ЭРФОЭПИЯ

### Орфоэпия жөнүндө жалпы түшүнүк[1]

Кыргыз тили өзүнүн азыркы өнүгүш этабында эки түрдүү формада жашап жатат. Тактап айтканда, анын ар түрдүү адабияттар, окуу китептери жана окуу куралдары, газета-журналдар басылып, радио жана телеберүүлөр уктурулуп, сабак окутуу жана ар кандай коомдук иштер жүргүзүлүп жаткан адабий тил формасы жана белгилүү аймакта жашаган жергиликтүү калктын пикир алышуу, карым-катнаш жүргүзүү куралы катары кызмат кылып жаткан жергиликтүү диалектилер, говорлор сыяктуу төмөнкү формасы бар.

Кыргыз тилинин адабий формасы жергиликтүү диалект, говорлордон белгилүү өлчөмдө иштелип чыккан лексикалык, грамматикалык, орфографиялык жана айтылыш (фонетикалык) нормаларынын болушу менен айырмаланат.

Мисал үчүн **баш, жоолук, бал, боз үй, бетеге** деген сөздөр адабий тилдин лексикалык нормасына туура келет. Бул сөздөрдүн ордуна колба, **оромол,** же **чарчы, әсәл, кыргыз үй** же **кара үй, гөдө** деген сөздөрдү колдонсок, адабий тилдин лексикалык нормасынан четтегендик болот. Ошондой эле, кыргыз адабий тилинин нормасына алынган **атасына, бара жатат, келиңиз** сыяктуу формалардын **атасыта, баратыры** же **бара жатыры, келиң** деген сыяктуу формалар колдонулса, адабий тилибиздин грамматикалык нормасы бузулат.

Адабий тилдин жазма жана оозеки түрү болот. Лексикалык жана грамматикалык нормалар адабий тилдин жазма түрүнө да, оозеки түрүнө да бирдей эле тиешелүү келет. Ошону менен катар адабий тилдин бул эки түрүнүн ар биринин өздөрүнө гана тиешелүү болгон спецификалык нормалары да бар. Адабий тилдин жазма түрү орфографиялык нормага ээ болсо, оозеки түрү айтылыш нормасына ээ болот. Адабий тилдин айтылыш нормаларын орфоэпия[2] аныктайт. **Орфоэпия** дегенибиз оозеки сүйлөөдө бирдиктүү адабий айтылыштын нормаларын аныктай турган эрежелердин жыйындысы болуп саналат. Орфоэпия да, орфография сыяктуу, адабий тилдин практикалык, күндөлүк турмушта колдонулуучу ажырагыс бир жагы болуп, өзүнүн алдына тилдин айтылыш (произносительное) маданиятын көтөрүү жана калыптандыруу, ошол ар-

---

[1] Орфоэпия боюнча бөлүмдү жазууда проф. Н Бейшекеевдин ушул маселеге арналган эмгектери негизге алынды

[2] Орфоэпия - гр. orphos - "туура" жана epos "сөз, сүйлөө" деген түшүнүктөрүнөн алынып, "туура сүйлөө" деген маанини берет.

кылуу аны коомдогу байланыш - катыштын, пикир алышуунун ийкемдүү куралына айландыруу милдетин коёт.

Тил адамдардын ортосундагы байланышуу, пикир алышуу куралы катары өзүнүн коомдук милдетин жалпыга бирдей түшүнүктүү жана жеткиликтүү болгон учурда гана толук аткара алат. Жазуудагы баш аламандыктар, туура эмес жазылган текстти окууга, аны түшүнүүгө канчалык жолтоо болсо, оозеки сүйлөөдөгү адабий айтылыштан четтөөлөр, туура эмес айтылыштар да кептин түшүнүктүү болушуна ошондой эле өлчөмдө кедерги болот. Бул айтылгандардан тилдик катышта сөздөрдү жана анын маани берүүчү бөлүктөрүн бир түрдүү норма менен жазуу, орфографиялык бирдиктүү эрежелерди сактоо, канчалык зарыл болсо, аларды бир түрдүү айтуу, орфоэпиялык эрежелерди сактоо да, ошончолук зарыл экендиги даана көрүнөт.

Орфоэпия өз эрежелерин нормалдаштырууда тилдин фонемалык системасын, фонемалардын позициялык өзгөрүү закондорун негизге алат. Ошого ылайык адабий айтылыш үчүн оозеки сүйлөөдө колдонулуп жүргөн айтылыштардын ичинен тилдин традициясына, анын өнүгүш тенденциясына, айтылыш системасындагы ырааттуулукка төп келгендерин тандоо аркылуу адабий айтылыштын бирдиктүү нормасын белгилейт.

## Азыркы кыргыз тилинин орфоэпиясынын калыптануу өзгөчөлүгү

Кыргыз тили Октябрь революциясынан мурда негизинен күндөлүк турмушта гана колдонулуп, кеңири байланыш - катыштын куралы боло алган эмес. Натыйжада оозеки сүйлөөдө айтылыштын белгилүү бир нормаларынын болушунун да практикалык зарылдыгы болгон эмес. Октябрь революциясынан кийин кыргыз тили улуттук адабий тил болуп калыштанды. Анын жазма түрү менен катар оозеки формасынын да колдонулуш сферасы кеңиди. Оозеки сүйлөө мамлекеттик жана коомдук уюмдардын ар түрдүү жыйналыштарында, конференцияларында, съезддеринде, сессияларында, слеттордо, мектеп жана ар кандай окуу жайларында, театрларда, радио берүүлөр жана телевизордук көрсөтүүлөрдө колдонулуп, кеңири байланыш-катыштын куралы болуп калды. Натыйжада сүйлөөнүн угуучуларга жеңил түшүнүктүү жана толук жеткиликтүү болушу үчүн сөздөрдү жана анын маани берүүчү бөлүктөрүн тыбыштык жактан бир түрдүү калыпташтыруу, айтылыштын жалпыга бирдиктүү нормасын жөнгө салуу талабын койду. Ошентип, адабий тилибиздин түзүлө баштаган алгачкы күндөрүнөн баштап эле анын лексикалык, грамматикалык, орфогра-

фиялык жана стилистикалык нормалары менен катар орфоэпиялык нормалары да калыптана баштады.

Кыргыз тилинин адабий айтылыш нормаларына тигил же бул говордун, диалектинин айтылыш нормалары бүтүндөй негиз болгон деп айтуу мүмкүн эмес. Анткени азыркы жашап жаткан жергиликтүү говорлордун эч биреөнүн айтылыш нормасы ага толук дал келбейт. Аны кыргыз говорлоруна мүнөздүү болгон бир катар белгилер даана көрсөтөт. Айсак, түндүк диалектиге кирүүчү говорлордун көпчүлүгүнө мүнөздүү болгон сөз башындагы **«й»** тыбышынын түшүрүлүп айтылышы (мисалы: **Арын, айза**); айрым гана сырдык сөздөрдү эсепке албаганда, сөз башында каткалаң **«п»** тыбышынын колдонулбасы (мисалы: **байда, бадыша**); Ысык-Көлдөн башка түндүк говорлордо бардык позициядагы «з» тыбышынын ордуна **«с»** тыбышынын колдонулушу (мисалы: **самана, кысыл, күс**); Чүй, Талас говорлорундагы учур чактын татаал түрүн уюштуруучу жардамчы этиштердин **жатыры, отуру, туру, жүрү** түрүндө айтылышы (мисалы: **келе жатыры// келатыры, ойноп жүрү**) ж.б. сыяктуу өзгөчөлүктөр түндүк диалектиге кирүүчү говорлордун адабий тилдин айтылыш нормасынан айырмалуу экендигине далил боло алат. Ал эми түштүк диалектиге кирүүчү говорлорго жалпы мүнөздүү болгон тогузунчу үндүү ә фонемасы (мисалы: **әсәл, тәтти, жәйлөөw**); III жакты көрсөтүүчү ат атоочтун **ол** түрүндө айтылышы; һ, х тыбыштарынын кеңири колдонулушу (мисалы: **һәр ким, бәһәр, халк, хат**); сөз башында п, г тыбыштарынын жүйүр айтылышы (мисалы: **полот, пут, гәп, гилем**); көпчүлүк түштүк говорлордо эринчил созулма үндүүлөрдүн ордуна эринчил дифтонгдордун айтылыш өзгөчөлүгү (мисалы: **тоw, суw, күw**); ичкилик говоруна мүнөздүү айрым мүчөлөр уланганда бир муундуу этиш сөздөрдүн аягындагы **«л»** тыбышынын түшүрүлүп айтылышы (мисалы: **боvойт, кеген**); жанаша айтылган эки сөздүн экинчисинин **«к»** тыбышынын жумшак үнсүздөрдөн жана үндүүлөрдөн кийин жумшарбай айтылышы (мисалы: **ала карга, һәр кандай**) сыяктуу тыбыштык өзгөчөлүктөр, буйрук ыңгайдын II жагынын жекелик сылык түрүнүн **-ың** формасы менен айтылышы (мисалы: **алың, барың**); даанalык сандарды уюштуруучу **тә//та** мүчөсүнүн колдонулушу (мисалы: **питтә, опта**), сүйлөмдөрдү же сөз менен сөздү байланыштыруучу **ки, лекин, һәм//йәм** байламталары жана **һәм//йәм, күү, гочу** бөлүкчөлөрүнүн колдонулушу, ичкиликтердин тилине мүнөздүү болгон этиштин көптүк түрүнүн **-лар** мүчөсү менен уюштурулушу (мисалы: **келеттер, бардылар**), таандык уландынын үчүнчү жагында турган зат атоочтордун өзгөчө жөндөлүшү (мисалы: **атыга, атыны, атыда, атыдан**) сыяктуу грамматикалык өзгөчөлүктөр жана башкалар түштүк диалектиге кирүүчү говорлорду адабий тилдин орфоэпиялык нормасынан айырмалап турат.

Кыргыз тилинин азыркы адабий айтылыш нормаларына жалпы көз жүгүртсөк, ага негиз болуп, сүйлөө тилдеги айтылыштардын ичинен эл массасынын басымдуу көпчүлүгүнө мүнөздүүлөрү, тыбыштардын позициялык өзгөрүү закон ченемдүүлүгүнө төп келгендери, тилибиздин өнүгүш тенденциясына ылайыктуулары алынгандыгы көрүнөт. Ошого байланыштуу кыргыз адабий тилинин орфоэпиялык нормасында да, лексикалык, грамматикалык, орфографиялык ж.б. нормалары сыяктуу эле тибилиздин жалпы элдик спецификалык бөтөнчөлүктөрү көбүрөөк сакталган түндүк диалектиге кирүүчү говорлордун айтылыш өзгөчөлүктөрү басымдуу орун алат.

Кыргыз тилинин адабий айтылыш нормалары жазма тилдин күчтүү таасиринин астында жазма тил менен сүйлөө тилдин бири-бирине жакындашуусунун негизинде өнүккөн жана өнүгүүдө. Ошондуктан кыргыз адабий тилинин орфографиялык нормалары менен орфоэпиялык нормаларынын ортосунда бир катар окшоштуктар бар. Ага тилибиздеги кыйла сөздөрдүн жана морфемалардын жазылышы менен айтылышынын бирдей болушу далил боло алат.

Азыркы мезгилде кыргыз тилинин адабий айтылышы толук нормага салынып, калыптанып бүтө элек, али да болсо түзүлүү процессин баштан өткөрүп жатат. Чарбачылыктын, илим менен техниканын, маданияттын ар түрдүү тармактарында эмгектенип жаткан кыргыз интеллигенттери, окуучулар менен студенттер, ошондой эле элибиздин негизги массасынын сүйлөө тилинде айтылыштын адабий нормасы күн сайын кенири орун алууда. Бирдиктүү адабий айтылыш нормаларын калыпташтыруу жана аларды кенири массага жайылтууда ар түрдүү маданий агартуу мекемелери, кийинки кездерде, айрыкча радио жана телевизордук берүүлөр өтө зор роль ойноп жатат.

Ошого карабастан сүйлөө речте али да болсо адабий тилдин орфоэпиялык нормаларынан четке чыгуулар кездешпей койбойт. Андай четтөөлөрдү жалпысынан адабий тилди жакшы билишкен интеллигенттердин, маданий жана искусство кызматкерлеринин сүйлөгөнүнөн да угууга болот. Адабий айтылыштан четтөлөрдүн негизги булактары төл сөздөрдү айтууда сүйлөөчүнүн жергиликтүү говордук айтылыштарга жол берүүсү болсо, орус тилинен өздөштүрүлгөн сөздөрдү айтууда алардын жазылышындагы тыбыштык комплексин сактап сүйлөө же ал сөздөрдү кыргыз тилинин тыбыштык өзгөчөлүктөрүнө ылайык айтуу болот.

Адабий айтылыштан четтөөлөр сүйлөөчүнүн кеп маданиятын төмөндөтөт, анын угуучуларга толук түшүнүктүү болушуна жолтоо болот. Ошондуктан ар бир адам жалпыга бирдей адабий айтылыш нормаларын билүүгө, аны өзүнүн оозеки кебинде сактап сүйлөөгө милдеттүү.

Тилибиздин адабий айтылыш нормаларын жаш муундардын тилине бекем сиңирүүдө мектепке зор роль таандык. Анткени, орфоэпиялык

эрежелерди өздөштүрүүнүн негизи мына ошол мектепте салынууга тийиш. Ал үчүн мектепте грамматикалык жана орфографиялык эрежелерди үйрөтүү боюнча окуучулар менен кандай иштер алынып барылса, орфоэпиялык эрежелерди үйрөтүү боюнча да ошондой эле иштер жүргүзүлүшү зарыл. Окуучулардын оозеки сүйлөө маданиятын жогорулатуу жана ага күндөлүк камкордук кылуу - ар бир мектеп мугалиминин, айрыкча тил жана адабият мугалимдеринин ыйык милдети.

## Азыркы кыргыз орфоэпиясынын негизги эрежелери

Кыргыз адабий тилинин бирдиктүү орфографиялык нормалары кыргыз жазуусу түзүлүп, басма иштери өнүгө баштаган күндөн баштап түзүлө баштады. Анын эрежелери турмуштук зарылчылыктарга ылайык улам жаңы эрежелер менен толукталып, айрымдары такталып, өркүндөтүлүп жакшырып келди. Азыркы учурда кыргыз адабий тилинин орфографиялык эрежелери белгилүү деңгээлде тартипке келтирилип, иштелип чыгылган дешке толук негиз бар. Ал эми адабий тилибиздин оозеки формасынын жалпыга бирдей нормалары - орфоэпиясынын бирдиктүү эрежелери жөнүндө муну айтуу мүмкүн эмес. Анткени ушул күнгө чейин оозеки сүйлөөдөгү ар түркүн айтылыштарды изилдөө, системага салуу, илимий негизге таянуу менен тилибиздин адабий айтылыш нормаларын белгилөө, орфоэпиялык эрежелерди иштеп чыгуу боюнча жеткиликтүү иш алынып барыла элек. Бул, албетте, кыргыз тилчи-окумуштуулары тарабынан чукул арада иштелүүгө тийиш болгон эң негизги маселелердин бири.

Бул окуу куралында кыргыз адабий тилинин айтылыш нормаларын толук иштеп чыгуу максаты көздөлбөйт. Ошондуктан мында азыркы кыргыз тилинин адабий айтылыштарынын бирдиктүү жана жалпы нормаларын өз ичине алган эң негизги орфоэпиялык эрежелери гана берилет.

Орфоэпиянын эрежелери негизинен адабий тилдин жазма түрү менен оозеки түрүнүн ортосундагы айырмаларга карай түзүлөт. Андай айырмалар жеке турган уңгу сөздөрдүн айтылышында да, мүчө уланган сөздөрдүн айтылышында да, ошондой эле кеп агымында жанаша келген сөздөрдүн айтылышында да кездешет. Ошого ылайык аларды үч негизги топко бөлүүгө болот.

**1. Жеке турган уңгу сөздөрдүн туура айтылыш эрежелери:**

1) Уңгу сөздүн курамында эки үндүүнүн ортосунда жана уяң **р, л, й** тыбыштарынан кийин келген **б** тыбышы жумшарып, кош эриндик жылчыкчыл **v** тыбышына өтүп айтылат. Мисалы:

орфогр. **кабар** – орфоэп. **кavар**, орфогр. **жибек** – орфо-

фоэп. **живек**, орфогр **арбын** – орфоэп. **арвын**, орфогр. **кербен** – орфоэп. **кервен** , орфогр. балбан – орфоэп. **балван**, орфогр. **калбыр** – орфоэп. **калвыр**, орфогр. **айбан** – орфоэп. **айван**, *орфогр.* **обон** – *орфоэп.* **овон** ж.б.

2) Кыргыз тилинде үнсүз тыбыштардын сөз курамындагы позициялык колдонулуш өзгөчөлүгү боюнча жумшак **б, в, г, д, ж** тыбыштары сөз аягында колдонулбайт. Ошого ылайык орус тилинен өздөштүрүлгөн *сөздөрдүн аягында келген жогорку тыбыштар катканданышып,* **б** тыбышы **п** тыбышына (мисалы: орфогр. **клуб** – орфоэп. **клуп**, орфогр. **дуб** – офроэп. **дуп** ж.б.); **в** тыбышы **п** (же **ф**) тыбышына (мисалы: орфогр. **архив** – орфоэп. **архип//архиф**, орфогр. **актив** – орфоэп. **актип//актиф**); **г** тыбышы **к** тыбышына (Мисалы: орфогр. **митинг** – орфоэп. **митинк**, офрогр. **пролог** – орфоэп. **пролок** ж.б.); **д** тыбышы **т** тыбышына (мисалы: **завод** – орфоэп. **завот**, орфогр. **доклад** – орфоэп. **доклат** ж.б.); **ж** тыбышы **ш** тыбышына (мисалы: орфогр. **блиндаж** – орфоэп. **блиндаш**, орфогр. **шарж** – орфоэп. **шарш** ж.б.) өтүп айтылат.

Сөз аягындагы жогорку тыбыштардын катканданышып айтылышы орус орфоэпиясы үчүн да мүнөздүү.

3) Орус тилинен совет доорунда кабыл алынган сөздөрдүн айтылышында орус орфоэпиясынын нормасы сакталат.

4) Тилибизге Октябрь революциясынан мурдагы мезгилдерде кирген, бирок тыбыштык жагынан анча орчундуу өзгөрүүгө учурабастан, азыркы учурда да көпчүлүк элдин турмушунда кеңири колдонулуунун натыйжасында орус тилиндеги айтылышына жакындаша баштаган **үстөл//стол, бечет//печет//печать, машийна//машина, бут//пут//пуд, закүн//закон, бөтөлкө//бутылка, бөлкө//булка, агорот//огород, тырыйка//трико, керебет//кровать, чайнек//чайник, картөшкө//картошка, резиңка//резинка, панар//фонарь** ж.б. сыяктуу сөздөрдүн айтылышы да орус орфоэпиясына көбүрөөк ыкташып баратат.

5) Ал эми кыргыз тилине революциядан мурда кирип, тыбыштык жагынан орчун өзгөрүүнүн натыйжасында кыргыздын жалпы элдик төл сөздөрү менен таанылгыс ширелишип кеткен орус тилинен кирген **меш, чиркөө, соко, чот, порум, орус, мүштөк**, коңшулаш тилдер аркылуу араб тилинен өздөштүрүлгөн **адабият, адилет, абал, насип, саат, тарых, пикир, калк, ынтымак** ж.б., иран тилинен кирген **падыша, тарбия, кампа, дагара, маки, сабиз, пайда, чалдыбар, шайы, шаар, ырас** ж.б сыяктуу сөздөрдүн кыргыз тилинин тыбыштык өзгөчөлүгүнө ылайык айтылышы адабий айтылышка жатат. Ал сөздөрдүн жазылыштары да айтылыштарына толук дал келет.

**2. Үнгүгө мүчө уланган учурдагы туура айтылыш эрежелери:**

1) Унгунун аягы үндүү же уяң **й**, **л**, **р** тыбыштары менен аякталса, ага уланган мүчөнүн башындагы **б** тыбышы жумшарып, кош эринчил жылчыкчыл **v** тыбышы сыяктуу айтылат. Мисалы:

орфогр. **балабыз** – орфоэп. **балаvыз**, орфогр. **койбо** – орфоэп. **койvо**, орфогр. **талбы** – орфоэп. **талvы**, орфогр. **жерби** – орфоэп. **жерvи** ж.б.

2) Үндүү менен башталган мүчөлөр уланганда, унгунун аягындагы катталаң **п** тыбышы жумшарып, кош эринчил жылчыкчыл  тыбышына өтөт. Мисалы:

орфогр. **табыл** – орфоэп. **таvыл**, орфогр. **кабы** – орфоэп. **каvы** ж.б.

3) Аягы үччул **н** тыбышы менен бүткөн сөздөргө эрин-эринчил **б**, **м** тыбыштары менен башталган мүчөлөр уланганда, **н** тыбышы **м** тыбышына өтүп айтылат. Мисалы:

орфогр. **менби** – орфоэп. **мемби**, орфогр. **тунма** – орфоэп. **тумма** ж.б.

4) Үччул **н** тыбышы менен аяктаган сөздөргө **к**, **г** тыбыштары менен башталган мүчөлөр уланса, сөз аягындагы **н** тыбышы **ң** тыбышына өтөт. Мисалы:

**нанга** – орфоэп. **наңга**, орфогр. **бүгүнкү** – орфоэп. **бүгүңкү** ж.б.

5) Үччул жумшак **з** тыбышы менен аякталган сөздөргө катталаң **с**, **ч** тыбыштары менен башталган мүчөлөр уланганда, мүчөнүн башындагы тыбыштардын таасири менен **з** тыбышы катталаң **с** тыбышына өтүп айтылат. Мисалы:

орфогр. **азсыра** – орфоэп. **ассыра**, орфогр. **жазчу** – орфоэп. **жасчу**, орфогр. **тузсуз** – орфоэп. **туссуз**, орфогр. **казча** – орфоэп. **касча** ж.б.

6) Сөз аягында **ч** тыбышы **с**, **т**, **ч** тыбыштары менен башталган мүчөлөрдүн алдында **ш** тыбышына өтүп кетет. Мисалы:

орфогр. **ачты** – орфоэп. **ашты**, орфогр. **учта** – орфоэп. **ушта**, орфогр. **жыгаччы** – орфоэп. **жыгашчы**, орфогр. **үччул** – орфоэп. **ушчул**, орфогр. **качса** – орфоэп. **кашса**, орфогр. **күчсүз** – орфоэп. **күшсүз** ж.б.

7) Орус тилинен өздөштүрүлгөн сөздөрдүн аягындагы жумшак **б**, **в**, **г**, **д** тыбыштарынын катталандашып **п**, **в//ф**, **к**, **т** тыбыштарына өтүп айтылышына байланыштуу аларга мүчөлөрдүн катталаң варианттары уланып айтылат. Мисалы:

орфогр. **масштабга** – орфоэп. **масштапка**, орфогр. **ак-**

тивдер - орфоэп, **активдер//актифдер**, орфогр. **хирург-дар** — орфоэп. **хирурктар**, орфогр. **докладда** — орфоэп. **доклатта** ж.б.

**3. Сөздөрдүн өз ара жанаша айтылган учурдагы туура айтылыш эрежелери:**

1) Биринчи сөз каткалаң үнсүздөр менен аяктап, экинчиси жумшак **б** тыбышы менен башталса, **б** тыбышы каткалаң **п** тыбышына өтүп айтылат. Мисалы:

орфогр. **таш бар** — орфоэп. **таш пар**, орфогр. **ат басты** — орфоэп. **ат пасты**, орфогр. **көп бер** — орфоэп. **көп пер** ж.б.

2) Жанаша айтылган эки сөздүн биринчиси **п** тыбышы менен бүтүп, экинчиси үндүүлөр менен башталса, **п** тыбышы жумшарып, кош эринчил жылчыкчыл **v** тыбышына өтүп айтылат. Мисалы:

орфогр. **китеп алды** - орфоэп. **китеv алды**, орфогр. **төп ойно** - орфоэп. **төv ойно**, орфогр. **көп иш** - орфоэп. **көv иш** ж.б.

3) Аягы **к** тыбышы менен бүткөн сөздөрдөн кийин үндүү тыбыштар менен башталган сөздөр жанаша айтылса, биринчи сөздүн аягындагы **к** тыбышы жумшарып **г** тыбышына өтүп айтылат. Мисалы:

орфогр. **ак үй** — орфоэп. **аг үй**, орфогр. **көк ала** — орфоэп. **көг ала** ж.б.

4) Жанаша айтылган сөздөрдүн биринчиси **н** тыбышы менен аякталып, экинчиси **к** тыбышы менен башталса, биринчи сөздүн аягындагы **н** тыбышы **ң** тыбышына, ал эми экинчи сөздүн башындагы **к** тыбышы **г** тыбышына өтүп айтылат. Мисалы:

орфогр. **мен келдим** — орфоэп. **мең гелдим**, орфогр. **Асан кайда** — орфоэп. **Асаң гайда**, орфогр. **жөн гана** — орфоэп. **жөң гана** ж.б.

5) Экинчи сөздүн башындагы эрин-эринчил **б**, **м** биринчи сөздүн аягындагы **н** тыбышына таасир кылып, эрин-эринчил **м** тыбышына өткөрөт. Мисалы:

орфогр. **тон быч** — орфоэп. **том быч**, орфогр. **он бир** — орфоэп. **ом бир**, орфогр. **нан мына** — орфоэп. **нам мына** ж.б.

6) Биринчи сөз үндүү же уяң **й, л, м, н, ң, р** тыбыштары менен аякталса, экинчи сөздүн башындагы **к** жумшарып, **г** тыбышына өтүп айтылат. Мисалы

орфогр. **ала карга** - орфоэп. **ала гарга**, орфогр. **чай кой** - орфоэп. **чай гой**, орфогр. **кол кап** - орфоэп. **кол гап**, орфогр. **кам көр** - орфоэп. **кам гөр**, орфогр. **келгин күш**

- орфоэп. **келгиң гуш**, орфогр. **он кой** - орфоэп. **оң гой**, орфогр. **ар кайсы** - орфоэп. **ар гайсы** ж.б.

7) Жанаша айтылган эки сөздүн биринчисинин аягы жумшак з тыбышы менен бүтүп, экинчиси каткалаң **с, ч, т** тыбыштары менен башталса, кийинки сөздүн башындагы каткалаң үнсүздөрдүн таасири менен з тыбышы каткаландашып, с тыбышына өтүп айтылат. Мисалы:

орфогр. **туз сал** - орфоэп. **тус сал**, орфогр. **аз чач** - орфоэп. **ас чач**, орфогр. **тез тур** - орфоэп. **тес тур** ж.б.

8) Экинчи сөздүн башындагы **т, с, ч** тыбыштарынын таасири менен биринчи сөздүн аягындагы **ч** тыбышы **ш** тыбышына өтүп айтылат. Мисалы:

орфогр. **чач тарак** - орфоэп. **чаш тарак**, орфогр. **кеч чыкты** - орфоэп. **кеш чыкты** ж.б.

9) Жанаша айтылган сөздөрдүн биринчисинин аягы үндүүлөр менен бүтүп, экинчиси да үндүүлөр менен башталса, биринчи сөздүн аягындагы үндүү тыбыш түшүрүлүп айтылат. Мисалы: орфогр. **кара үй** – орфоэп. **кар үй**, орфогр. **алты ай** – орфоэп. **алт ай** ж.б.

10) Эгерде жанаша айтылган эки сөздүн биринчиси созулма үндүүлөр менен аяктап, экинчи сөзү үндүү менен башталса, биринчи сөздүн аягындагы созулма үндүү кыска үндүү сыяктуу айтылат. Мисалы орфогр.: **суу ал** - орфоэп. **су ал**, орфогр. **тоо алма** – орфоэп. **то алма** ж.б.

11) Эки сөз жанаша айтылганда биринчи сөздүн аягындагы р тыбышынан кийин келген үндүүлөр түшүрүлүп айтылат. Мисалы: орфогр. **ары жак** – орфоэп. **ар жак**, орфогр. **тору жорго** – орфоэп. **тор жорго**, орфогр. **сары чычкан** – орфоэп. **сар чычкан** ж.б.

Жогоруда азыркы кыргыз тилинин адабий айтылышынын бирдиктүү жана жалпы болгон негизги эрежелери сунуш кылынды. Кыргыз тилинин адабий айтылыш нормаларын толук иштеп чыгуу атайын изилдөөнүн предмети болууга тийиш.

# ЛЕКСИКОЛОГИЯ

## Лексикология, анын объектиси жана милдеттери

Адамдар өз ара бири менен бири катнаш жасап, пикир алышуу үчүн сүйлөмдөрдү пайдаланышат. Сүйлөмдөр сөздөрдөн түзүлөт. Сөздөр жана аны түзүүчү элементтер (уңгулар жана мүчөлөр) тыбыштардан куралат. Бирок тилдеги ар кандай эле тыбыштардын куралмасы (комплекси) сөз боло албайт. Маселен, «алма» дегенди сөз деп карайбыз да, «алра» дегенди сөз дебейбиз. Сырткы көрүнүшү боюнча алганда бул экөө тең бирдей сандагы тыбыштардан, бирдей муун типтеринен турган өз алдынча тыбыштык комплекс болуп эсептелет. Бирок «алма» - өз алдынча сөз, анткени мунун тийиштүү мааниси бар. Ал эми «алра» болсо тыбыштык комплекс экендигине карабастан, сөз боло албайт, анткени анда эч кандай маани жок. Дагы башка бир мисал: «алты» жана «ылта» деген тыбыштык комплекс бирдей тыбыштардан куралган, бирок алардын жайланыш тартиби гана тескерисинче болгондуктан, биринчиси мааниге ээ болуп жатат да, экинчиси маани менен байланышпайт. Демек, сөз болуш үчүн, тыбыштык комплекс белгилүү бир мааниге ээ болуп керек. Эч кандай маани менен байланышы болбогон курулай тыбыштык айкалыш сөз болуу касиетине ээ эмес.

Ошентип, сөз дегенибиз көбүнчө бир нече тыбыштан куралып, белгилүү бир мааниге ээ болгон жана кепте өзүнчө бир бүтүн катары колдонулган тилдин эң маанилүү бирдиги болуп эсептелет.

Тилибиздеги кээ бир сөздөр жалгыз тыбыштан да турат. Мисалы: **а** I «ал» деген ат атоочтун кыскарган формасы; **а** II - таң калгандыкты, өкүнгөндүктү, наааразылыкты билдирүүчү сырдык сөз ; **а** III - сүйлөмдөрдү байланыштыруучу байламта; **а** IV - күчөтүү, ырастоо маанисин билдирүүчү бөлүкчө; **аа** - таң калгандыкты, кейигендикти, өкүнгөндүктү, бир нерсени эске түшүргөндүктү билдирген сырдык сөз; **и** - кандайдыр бир нерсе жөнүндө суроо алдында, кубаттоо иретинде ж.б. ички сезимди билдирүү үчүн колдонулган сырдык сөз; **о** - тандануу, кубануу, кубаттоо, жактырбоо, өкүнүү сыяктуу ички сезимди билдирүү үчүн колдонулуучу сырдык сөз; **оо** - бир жагына кыйшаюу, бир жагына карай оордук абалда болуу; бир жактан экинчи жакка которулуу; жер которуу; **уу** I - ууктуруучу зат; **уу** II - мергенчилик, аңчылык; **ээ** - кожоюн; сүйлөмдүн ээси ж.б.

Бирок мындай сөздөр эң эле аз. Негизинен сөздөр бир нече (эки же андан көп) тыбыштардан куралат. Эгер сөз тыбыштардан турбаган болсо, анда аны бирөөгө айтууга, айтылган сөздү экинчи тарап угуп кабыл алууга же сөздү тамгалар аркылуу жазууга, басмага түшүрүүгө мүмкүн болбос эле. Ошентип, тыбыштар сөздүн материалдык формасы болуп

саналат. Ал эми маани болсо сөздүн ички маңызын, мазмунун түзөт. Сөз маани аркылуу гана адамга түшүнүктүү боло алат. Маани аркылуу гана биз *тоо, таш, жер, суу, киши, жаратылыш, акылмандык, жакшы, жаман, кел-, кет-* ж.б. сыяктуу сөздөрдүн эмнени билдирип жатканын түшүнө алабыз.

Сөз тилдин негизги элементи. Сөздөн ар кандай сөз тизмектерин, сүйлөмдөрдү түзүүгө болот. Сүйлөм аркылуу адамдар бири-бирине ой-пикирин айтып, байланыш-катыш жасашат. Ал эми пикир алышуу, бири-биринин оюн түшүнүү коом үчүн эң зарыл. Мына ошол зарылдыктан улам гана адам баласынын тили пайда болот.

Белгилүү бир тилдеги сөздөрдүн бардыгы биригип келип, ал тилдин **сөздүк курамын** же **лексикасын**[1] түзөт. Кыйла кылымдык өнүгүүнүн натыйжасы болгон тилибиздин сөздүк курамы татаал, бай жана ар түркүн. Сөздүк курам же лексика жөнүндөгү тил илиминин бир бөлүгү **лексикология**[2] деп аталат. Лексикология тилдин сөздүк курамын бүтүндөй бир система катары карап, аны ар тараптан текшерип үйрөтөт жана ошол милдетине жараша ал өз ичине төмөнкүдөй маселелерди камтыйт.

Сөздөрдүн маанилик жагы, башкача айтканда, сөздүн мааниси деген эмне, анын кандай типтери болот, маанилер кандайча өзгөрөт, жеке маанилүү жана көп маанилүү сөздөр кайсылар, алардын пайда болуу жолдору, сөздөрдүн маанилик жактан өз ара катыштары, башкача айтканда, омоним, синоним, антонимдер жөнүндөгү маселелер лексикологиянын **семасиология**[3] бөлүмүндө изилденет. Семасиология лексикологиянын жөнөкөй гана бөлүмү болбостон, эң маанилүү бөлүмү болуп эсептелет, анткени сөздүн мааниси, образдуу айтканда, сөздүн «жаны» болот.

Сөздөрдүн чыгыш тегин, лексиканын тарыхый жактан калыптанышы жана өнүгүш маселелерин текшерүү да лексикологиянын милдетине кирет. Ошого байланыштуу тилдеги эскирген жана жаңы лексиканы, алардын жаңыдан пайда болуу жана сөздүк курамдан чыгып калуу себептерин да ушул лексикологияда карайбыз.

Лексикология тилдин лексикасынын колдонулуш чөйрөсүнө карата бөлүнүштөрү жана стилдик жактан колдонулуш өзгөчөлүктөрүн үйрөнүүнү да өз ичине камтыйт.

Ошондой эле тилдеги туруктуу сөз айкаштары лексикологиянын өзгөчө бөлүмү болгон **фразеологияда**[4] окуп үйрөнүлөт.

Лексикология менен тыгыз байланыштуу тил илиминин бир бөлүмү - **лексикография**[5]. Мында сөздүктөрдү түзүүнүн теориясы, практикасы

[1] Лексика - гр. lexikos "сөздүк" < lexis "сөз" дегенинен алынган.
[2] Лексикология - гр. Lexikos + logos "түшүнүк", "окуу" деген сөздөрдөн.
[3] Семасиология - гр. semasia "белгилөө" + logos деген сөздөрдөн.
[4] Фразеология - гр. phrasis "сөз", "айтылыш", "сүйлөм" + logos деген сөздөрдөн турат.

жана методикасы үйрөтүлөт

Лексикология тилдин сөздүк курамын азыркы кездеги абалында да сыпаттап текшерүүсү же өсүп өнүгүү абалында тарыхый жактан да үйрөтүшү мүмкүн. Мына ушуга карай **сыпаттама** жана **тарыхый** лексикология болуп экиге бөлүнөт. Бул курста азыркы кыргыз тилинин бөлүгү катары сыпаттама лексикология өтүлөт. Бирок азыркы тилдеги лексикалык айрым кубулуштардын табиятын туура түшүнүү үчүн кээ бир учурларда тарыхый экскурс жасалышы да мүмкүн .

# СЕМАСИОЛОГИЯ

## Сөз жана түшүнүк

Адамдын ойлоосунда заттардын жана көрүнүштөрдүн жалпы жана маанилүү касиеттерин, белгилерин, байланыш-катыштарын чагылдырган түшүнүктөр пайда болот. Бул түшүнүктөр тилде сөз аркылуу туюнтулат, башкача айтканда, ар кандай түшүнүктөр аталышка ээ болот. Демек, сөз - бул түшүнүктүн аты. Бирок дайыма эле түшүнүк менен сөз бири-бирине туура келе бербейт. Бир эле сөз бир түшүнүктү да, бир нече түшүнүктү да туюнтат. Ошондой эле ойлоонун формасы катары түшүнүк жалпы адамзаттык болсо, тилдин бирдиги катары сөз - улуттук көрүнүш. Ошондуктан бирдей эле түшүнүктөр ар башка тилде ар башкача аталат.

## Сөздүн мааниси жана анын типтери

Сөз - эки жактуу көрүнүш. Сөздүн тыбыштык жагы анын сырткы формасы болот да, мааниси анын ички мазмунун түзөт. Сөздүн тыбыштык жагы аркылуу адамдар аларды бири-бирине айтууга, бири-биринен угууга (жазууда болсо, тамгалар аркылуу белгилөөгө, окууга) мүмкүнчүлүк алса, анын мааниси аркылуу адамдар чындыктагы көрүнүштөрдү, нерселерди, буюмдарды туюнта алышат. Демек, сөздөрдүн тыбыштык жагы менен анын маанисинин ажырагыс бирдиги аркылуу гана адамдар өз ара байланыш жасоо, бири бирин түшүнүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Ошол себептен сөз тилдин негизги бирдиги болуп эсептелет.

Сөздүн угулушу, башкача айтканда, тыбыштык жагы менен чындыктагы белгилүү көрүнүштүн ортосундагы тарыхый байланыш, катыш **сөздүн лексикалык мааниси** болот.

Маселен, *к, и, т, е, п* деген беш тыбыштын ушул тартипте тизмектешип келип айтылышы, угулушу (жазылышы, окулушу) менен «бас

[5] Лексикография - гр lexikon "сөздүк" + grapho "жазамын" деген сөздөрдөн

мадан мукабаланып чыгарылган, берактуу, түрдүү мазмундагы чыгармалардын жыйындысы» жөнүндөгү түшүнүктүн ортосундагы адамдардын аң-сезиминде тарыхый жактан бекемделген байланыш, катыш ошол *китеп* деген сөздүн лексикалык мааниси болуп эсептелет. Мында сөздүн угулушу менен туюнтулуп жаткан түшүнүктүн ортосунда кандайдыр бир табийгый байланыш бардай сезилет. Чындыгында андай эмес. Муну туура сезиш үчүн төмөнкүдөй эксперимент жасап көрөлүк: кыргыздар менен бирге кыргыз тилин таптакыр билбеген башка улуттагы адамдарды чогуу коюп туруп, жогоруда кеп болгон *китеп* деген сөздү айтсак, алардын бардыгы тең эле бирдей угат, бирок кыргыздар укканын дароо китептин түшүнүгү менен байланыштырат, ал эми кыргыз тилин билбеген адамдар аны эч кандай түшүнүк менен байланыштыра алышпайт. Алар үчүн «китеп» деген угулуш жөн гана тыбыштардын чогултундусу болот, ал эч кандай мааниге ээ эмес, демек, сөз да боло албайт. Качан гана «китеп» деп айтып, китепти көрсөтө турган болсок, бул учурда *китеп* деген сөздүн мааниси алар үчүн да түшүнүктүү болуп, ал сөзгө айланат. Экспериментибизди жыйынтыктап айтканда, сөздүн мааниси сөздүн угулуш, тыбыштык жагы менен чындыктагы көрүнүштүн ортосундагы байланыш табийгый байланыш эмес, адамдын аң-сезиминде калыптанган тарыхый байланыш экен. Ошол себептен сөздүн маанилери менен алардын тыбыштык курамынын ортосунда омонимдик жана синонимдик катыштар келип чыгат.

Тилдеги сөздөрдүн көпчүлүгү лексикалык мааниге ээ болушат, башкача айтканда, нерселерди, буюмдарды, кыймыл-аракетти ж.б. атайт. Мындай сөздөр **толук маанилүү сөздөр** деп аталат. Буга зат атоочтор *(таш, кум, жер, тоо, суу, китеп, дептер, бычак, тумак, өтүк, жаан, шамал, акыл, достук, киши, бала, кыз, студент, мугалим, жылкы, кой, карышкыр, жолборс* ж.б.), сын атоочтор (*кызыл, көк, жашыл, кара, ак, ачуу, таттуу, кычкыл, узун, ийри, тоголок, учтуу* ж.б.), сан атоочтор (*бир, эки, үч, он, жыйырма, бешинчи, отузунчу, жыйырма - жыйырма беш, жүзгө жакын*), ат атоочтор (*мен, сен, ошол, ушул, тигил*), этиштер (*бар-, кел-, отур-, тур-, ал-, бер-, жаз-, оку-, көр-, бил-, жүгүр-, иште*), тактоочтор (*өйдө, төмөн, аз, көп, ылдам, жай, бүгүн, эртең*) жана тууранды сөздөр (*жарк-журк, тарс-турс, элең-элең, дүп-дүп, шалдыр-шулдур*) кирет.

Бирок бардык эле сөздөр лексикалык мааниге ээ эмес, алар жогоркудай чындыктагы көрүнүштөрдүн аттарын аташпастан, алардын ортосундагы байланыш, катыштарды көрсөтөт, аларга кошумча маани беришет, башкача айтканда, жардамчы кызмат аткарышат. Ошондуктан булар **кызматчы сөздөр** деп аталышат да, буга байламталар (*жана, менен, да, же, бирок, себеби, анткени*), жандоочтор (*чейин, дейре,*

*жөнүндө, тууралуу, үчүн*), бөлүкчөлөр, модаль сөздөр (*го, гана, эле, балким, албетте, сөзсүз, шекилдүү*) кирет.

Сырдык сөздөр жөнүндө өзүнчө айтууга болот. Булар нерселердин, буюмдардын, көрүнүштөрдүн, кыймыл-аракеттин, сандын, белгинин аттарын да атабайт жана сөздөрдүн ортосундагы грамматикалык байланышты да көрсөтпөйт. Алар адамдагы ички сезимди, эркти билгизет да, интонациялык жактан өзгөчөлөнүп турат.

Лексикалык толук маанилүү сөздөрдүн берген маанилери да бир кылка эмес. Ошондуктан аларды бир канча типке бөлүп карайбыз.

**I. Конкреттүү жана абстрактуу маанилүү сөздөр.**

Сезүү органдары (угуу, көрүү, даам билүү, жыт билүү жана тыюу органдары) аркылуу кабыл алууга мүмкүн боло турган конкретүү нерселерди, түшүнүктөрдү атаган сөздөрдү **конкреттүү маанилүү** сөздөр дейбиз. Мисалы:

*жыгач, айнек, жылдыз, кант, сут, суук, ысык, таттуу, ачуу, катуу,жумшак* ж.б.

Бирок бардык эле көрүнүштөрдү, белгилерди көз менен көрүп, кулак менен угуп, тил менен даамдап, мурун менен жыттап, тери менен туюута мүмкүн эмес. Алар адамдардын акылында жалпыланып гана түшүнүлөт. Мындай түшүнүктөрдү туюнткан сөздөр **абстрактуу маанилүү сөздөр** деп аталат. Мисалы:

*ой, кыял, билим, ниет, тилек, жакшылык, жамандык, акылдуулук, наадандык, адамкерчилик, жөндөмдүүлүк* ж.б.

Конкреттүү маанидеги сөздөр да, абстрактуу маанидеги сөздөр да жалпыланган түшүнүктү билдирет. Маселен, *терезе, дарак, стол, үй* дей турган болсок, алардын ар кайсынысы конкреттүү бир гана терезени, же даракты, же столду, же үйдү билдирбестен, жалпы эле терезе, дарак, стол, үй жөнүндөгү жалпыланган түшүнүктү берет. Бул түшүнүктөрдүн, нерселердин, буюмдардын ар биринин ар башка көптөгөн түрлөрү болушу закондуу нерсе. Алсак, үй эски же жаңы, чоң же кичине, кыштан же жыгачтан салынган, бир же бир нече кабат ж.б. түрдө болушу мүмкүн. Бирок анын бардыгы жалпыланып, бир гана сөз менен айтылат да, ал аркылуу биздин ойлообузда үй жөнүндө белгилүү бир түшүнүк пайда болот. Сөздүн мына ушундай өзгөчөлүгү жөнүндө В.И.Ленин «Всякое слово (речь) уже обобщает,» - деп көрсөткөн.

**2. Сөздүн номинативдик жана туунду маанилери.**

Сөздүн чындыктагы затка, көрүнүшкө, кыймыл-аракетке, белгиге, сапатка тике багытталган негизги, тике мааниси **номинативдик маани** деп аталат. Маселен, бет деген сөздүн «адамдын башынын алдыңкы жагы,» *ак* деген сөздүн «кардын, сүттүн өңүндөй түс» деген маанилери

номинативдик маанилер болот. *Бет, ак* деген сөздөрдү контексттен тышкары жеке өзүн гана айтсак, ираддыда эле жогоруда биз келтирген маанилерди түшүнөбүз. Ошондуктан бул маанилер адепки уютку маанилер болуп эсептелет.

Тилдин өнүгүү процессинде номинативдик мааниден ошол маани менен кандайдыр бир окшоштук, жакындык байланышы бар туунду маанилер пайда болот. Адепки номинативдик мааниден келип чыккан кийинки маани **туунду маани** деп аталат. Жогорудагы эле *бет* деген сөздүн «жердин бети, тоонун бети, китептин бети» деген сыяктуу, *ак* деген сөздүн «таза, адал, күнөөсүз, айран-сүт, көздүн чечи, чачтын агы» деген сыяктуу маанилери туунду маанилер болот. Туунду маанилер номинативдик маанилер аркылуу туюнтулган түшүнүктөр сыяктуу эле ошол түшүнүк менен кандайдыр бир байланышы бар башка түшүнүктөрдү туюнтат. Ошондуктан туунду маанилер да котормо, түшүндүрмө сөздүктөрдө номинативдик мааниден удаа араб цифрасы менен (I........, 2........, 3.... ....) бөлүнүп көрсөтүлөт. (к.: К.Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгүн» жана «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүн»).

**3. Сөздүн түз жана өтмө маанилери.**

Сөздөр түз мааниде жана өтмө мааниде да колдонулат. Объективдүү чындыктагы кубулуштарга, нерселерге, кыймыл-аракетке ж.б. тике багытталган жана аларды билдире турган сөздүн лексикалык мааниси **түз маани** деп аталат. Түз маани номинативдик да, туунду да болушу мүмкүн Маселен, *алтын* деген сөздүн түз мааниси «кымбат баалуу сары түстүү жаркырак металл, химиялык элемент»: «*Алтын*, күмүш эшилген кендериң бар Алатоо» (Ж.Б.). «*Алтын* чирибейт, акыл азбайт» (макал). Ал эми сөздүн түз маанисинен башка дагы нерсени, кубулушту, сапаты образдуу, эмоциялуу туюнтуу үчүн колдонулган маанилери **өтмө маани** деп аталат. Маселен, ушул эле *алтын* деген сөз «кымбат, баалуу, сонун, эң жакшы» деген өтмө мааниде колдонулат: «Алатоо жериң *алтын*, Биле элек элиң баркын» (А.Т.). «*Алтын* билим, өнөрдүн Сүтүн берген муталим» (Ж.Б.). «Айтканың кантип унутам Сендей *алтын* баланын» («Олжобай менен Кишимжан»). «Эсил *алтын* жаштыкты Эскерип обон салалык» (Жең.). Ошондой эле «сары түстүү» деген маанини да билдирет. «Жашырылган түрдүү чөп *Алтын* сындуу көрүнөт» (Эр Төштүк»). Дагы мисалдар келтирелик: *түлкү* – түз мааниде «иттер тукумуна кирүүчү сүт эмүүчү жырткыч айбан»: «Далбага бүркүт айланса, калтар *түлкү* булактап, канжыгага байланса» (А.Ү.), өтмө мааниде «куу, кытмыр, митайым». «О курбум, ишенбегин алдап кетет, Ал күлгөн буландаган карган *түлкү*» (А.Т.). *Сүлүк* – түз мааниде «тузсуз сууларда болуучу денеге жабышып

алып кан соруучу курт», өтмө мааниде «бирөөнүн канын соргон, жабыркаткан, башкаларды эзген зулум». «Бир жагынан динчил залим *сүлүк* болуп сорушкан». (А.Т.). *Жылан* – түз мааниде «сойлоп жүрүүгө ылайыктуу узун, жумуру денелүү, буттары жок, көбүнчө уулуу жаныбар». Кара чаар *жылан*. Суу *жылан*. Сары жылан. Өтмө мааниде «заардуу, каардуу». «Самтырканды биз билебиз. Анын тили *жылан* катын» (Н.Б.). Ошондой эле *азуулуу* деген сөз түз маанисинде «азуусу бар» деген мааниде колдонулса, «*Азуулууга* бар заман, азуусузга тар заман» (Токт.) дегенде «бийлиги, байлыгы бар, зулум, канкор адам» деген өтмө мааниде колдонулду. «Эр *азыгы* – элден, бөрү *азыгы* – жолдон» (макал) дегенде *азык* «тамак, тамак-аш, жем» деген түз мааниде. «Окуу – билим *азыгы*, билим – ырыс *азыгы*» (макал) дегенде өтмө мааниде колдонулду.

Өтмө маани образдуулукту, эмоциялуулукту, элестүүлүктү, тактыкты берүү үчүн көркөм адабиятта, поэтикалык чыгармаларда, фольклордо адабий троп катары, ошондой эле оозеки кепте да кеңири колдонулат.

Сөздүн туунду маанилеринен айырмаланып, өтмө маанилердин бардык колдонулуш учурлары сөздүктөргө каттала бербейт. Эгер тилде колдонулуп, туруктуу мүнөзгө ээ болуп калган өтмө маанилер сөздүктөргө киргизилсе, анда *өт* (өтмө мааниде) деген атайын белги менен белгиленет. «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө» (I том, 1984) *бел* деген сөздүн номинативдик, туунду жана өтмө маанилеринин кандайча берилгендигин мисалга келтирелик.

БЕЛ 1. Дененин жамбашка жакын ичкерээк тартып кеткен арка жак бөлүгү, арканын жамбашка жакын бөлүгү. *Кынча бел. Бураң бел...* 2. Бир нерсенин орто чени, орто бөлүгү... *Чайнектин белине чейин суу куюп, чай кой.* 3. *өт.* Жөлөк, таяныч, тирек. *Уул жакшы өссө, атага бел* (Сыдыкбеков)... 4.Тоо кыркаларынын ашып өтүүгө ылайык келген жону, кайкыраак жери. *Ашуусу болбой, бел болбойт* (Тоголок Молдо).

## Сөздүн грамматикалык мааниси.

Сөздөр жекече колдонулбастан, грамматиканын карамагына түшүп, сүйлөм тизмегинде колдонулат. Бул учурда сөздүн лексикалык маанисинин үстүнө сөздөрдүн ортосундагы катнаштарды көрсөткөн грамматикалык маанилер да кошулат. Мисалы, *«Бу баланан эки жомогу боло турган»* (Ч.А.) деген сүйлөмдө *бу, бала, эки, жомок, бол, тур* деген сөздөрдүн жеке лексикалык маанилеринен башка *бу* - атооч жөндөмөдөгү шилтеме ат атооч, сүйлөмдүн аныктооч мүчөсү, *баланын* - илик жөндөмөдөгү зат атооч, сүйлөмдүн аныктоочу, *эки* - эсептик сан атооч, аныктооч, *жомогу* - III жакка таандык атооч жөндөмөдөгү зат атооч, сүйлөмдүн ээси, *боло*

*турган* - өткөн чактагы татаал этиш, сүйлөмдүн баяндоочу экендигин көрсөткөн грамматикалык маанилер да кошулду.

Сөздүн лексикалык мааниси менен грамматикалык маанилери өз ара тыгыз байланыштуу. Лексикалык маанисине карата сөздөр белгилүү грамматикалык мааниге ээ болот. Сөздүн грамматикалык маанилери тил илиминин грамматика (морфология, синтаксис) бөлүмүндө окуп үйрөнүлөт.

## Жеке маанилүү жана көп маанилүү сөздөр.

Тилибиздеги сөздөр жеке маанилүү да жана көп маанилүү да болушат. Башкача айтканда, сөз катары кызмат аткарган бир тыбыштык комплекс бир эле түшүнүктү туюнтса, **жеке маанилүү сөз** же **моносемия**[1] деп аталат. Мисалы: *аары* – гүлдүн ширесин чогултуп, аны балга айландыруучу чымын-чиркейдин бир түрү; *абажур* – жарыкты топтоп чагылдыруу үчүн лампанын үстүнө кийгизилүүчү калканч; *апкыт* – бут кийимдин согончокко туура келген арткы катуу бөлүгү; *араа* – жыгачты, металлды кесүү үчүн колдонулуучу курч темирден жасалган тиштүү аспап; *балка* – бир нерсени ургулоо, кагып киргизүү үчүн колдонуучу сабы бар аспап, *балык* – сууда сүзүүгө ылайыкталган канатчалары, куйругу бар, бакалоору менен дем алуучу омурткалуу суу жаныбары; *жамгыр* – суу тамчы түрүндө жаачу жаан; *жамбы* – ар түрдүү формада жана ар кандай салмакта уютулган, мурунку убакта акча ордуна жүргөн күмүш; *зайып* – аял, жубай; *зыкым* – колунан эч нерсе чыкпаган катуу баш, саран, битир; *кабелтең* – дене түзүлүшү, көрүнүшү москоол, бакыбат, күч-кубаттуу ж.б. Бул келтирилген мисалдагы сөздөр жалпыга маалым, жалпы колдонулган бир гана мааниге ээ болушат. Бирок бул сөздөрдү конкреттүү кырдаалда башка өтмө мааниде да колдонуу мүмкүн. Анда бул жалпы тилдик маани эмес, жекече колдонулган маани болуп калат.

Мезгилдин өтүшү менен сөздөрдүн маанилери кеңейип, дагы кошумча жаңы маанилерге ээ болушу мүмкүн. Бул учурда бир эле тыбыштык комплекс мурдагы билгизген түшүнүк менен жаңы пайда болгон түшүнүктөрдү да туюнтуп калат. Маселен, адамдын же жаныбарлардын көрүү органын билгизген *көз* деген сөз өзүнүн алгачкы маанисинен башка да ийненин *көзү*, терезенин *көзү*, тузактын *көзү*, булактын *көзү*, жаранын *көзү*, куржундун *көзү*, күндүн *көзү*, шакектин *көзү*, кездеменин *көзү*, картошканын *көзү* деген сыяктуу бир нече түшүнүктү атап калды. Демек, мында **көп маанилүү сөз** же **полисемия**[1] пайда болду.

---

[1] Полисемия - гр poly "көп" + sema деген сөздөрдөн

Сөздүн көп маанилүүлүгү дегенибиз бир эле сөздүн бир нече мааниге ээ болуу жөндөмдүүлүгү, башкача айтканда, сөз катары кызмат аткарган бир эле тыбыштык комплекстин бир нече түшүнүк үчүн материалдык оболочка болуу мүмкүнчүлүгү эсептелет. Мисалдар келтирелик: Бир эле *баш* деген сөз төмөндөгүдөй маанилерди билдирет: 1. адамдын, жаныбарлардын башы (орган); 2. эгиндин башы; 3. ист. начальник, башчы *(жүз башы, кербен башы)*; 4.бир нерсенин жогорку бөлүгү, чокусу *(тоонун башы, теректин башы)*; 5. бир нерсенин башталышы *(суунун башы, иштин башы, айдын башы)*; 6. бир нерсенин учу *(үч колунун башы менен тууралган эттен бир алды)*; 7. адам, жан *(адамдарды саноодо: биздин үй-бүлө беш башпыз)*; 8. даана (кээ бир нерселерди саноодо: *бир баш пияз)* ж.б. *Кол*: адамдын эки ийнинен баштап, манжаларынын учуна чейинки мүчөсү; 2. малдын алдыңкы буту; 3. беш манжа; 4. кимдир бирөөнүн жазуудагы, тамга тартуудагы өзүнө мүнөздүү болгон өзгөчөлүгү ж.б. маанилерди билгизет.

Тилдеги сөздөрдүн көпчүлүгү көп маанилүү болушат. Сөздөрдүн көп маанилүүлүгү - тилдин ажырагыс касиеттеринин бири. Мына ушул касиет гана тилдеги жаңы сапаттын эволюциялык түрдө акырындык менен өнүгүшүн, эски сапаттын андан да акырындык менен сүрүлүп чыгарылышын жана, ошонун натыйжасында, тилдин адамдар ортосундагы катнаш каражаты катары узакка жашашын жана үзгүлтүксүз аракеттенүүсүн камсыз кылат. Эгерде жаңыдан пайда болгон ар бир түшүнүк өзүнчө айрым-айрым тыбыштык комплексти талап кыла турган болсо, анда тилдин сөздүк курамы ал тилде сүйлөгөн коллективдин мүчөлөрү үчүн өздөштүрүүгө күч жеткис зор өлчөмдө болор эле жана тилдеги абдан тез өсүү, сөзсүз, коомдук турмушта пикир алмашууга кыйынчылык туудурмак[1].

Көп маанилүүлүк чындыктагы көрүнүштөрдүн биринин атынын экинчисине өтүшүнүн, башкача айтканда, семантикалык өнүгүүнүн натыйжасы болуп эсептелет. Сөздөрдүн семантикалык өнүгүү процесси - адамдын ойлоосунан келип чыккан түшүнүктү сөз аркылуу туюнтуунун негизги амалдарынын бири. «Адам түшүнүгү кыймылсыз эмес, кайра дайыма кыймылда болуп турат, бири-бирине өтүп, бири-бирине куюлуп турат. Мунсуз ал жандуу турмушту чагылтып көрсөтө албас эле»[2]. Адамдын ойлоосунан пайда болгон ар бир түшүнүк тилде жалаң гана жаңыдан жасалган фонетикалык сөз менен туюнтулбастан, сөздүн жаңы маанилери аркылуу да туюнтулат. Тилдин байлыгы анын сөздүк кура-

[1] Дегтярева Т.А., Формы проявления семасиологических законов. - В кн.: Законы семантического развития в языке М., 1961, 3-4-беттер

[2]Ленин В.И., Философиялык дептерлер. Чыг., Т.38. Кыргызча биринчи басылышы. - Фрунзе: Кыргызмамбас, 1961, 281-бет.

мында болгон сөздөрдүн санына гана эмес, ал сөздөрдүн берген маанилерине да жараша болот. Бул тууралуу академик Л.В.Щербанын «Сөздөр бир нече мааниге ээ болот деп ойлоо туура эмес, бул, чынын айтканда, формалдуу жана ал турсун тек гана типографиялык көз караш. Чындыгында белгилүү фонетикалык сөз канча мааниге ээ болсо, ошончо сөз бар»[1] деп образдуу айтканын эске алсак орундуу болот.

## Көп маанилүүлүктүн пайда болуу жолдору

Жаңы мааниге ээ болгон сөздөр ошол сөздүн мурдагы маанилерин да кошо сактоо менен сөздөгү көп маанилүүлүктү пайда кылат. Жаңы пайда болгон маани менен бирге мурдагы маанилердин катар жашашы сөздүн негизги маанисинин туруктуулугуна жараша болот. Сөздүн маанисинин туруктуулугу өз кезегинде туюнткан түшүнүгүнүн туруктуулугу менен шартталат[2].

Тилде мурдатан жашап келе жаткан сөздүн жаңы мааниге ээ болушу, башкача айтканда, нерсенин, буюмдун, белгинин, кыймыл-аракеттин атынын жаңы пайда болгон нерсеге, буюмга, белгиге, кыймыл-аракетке өтүшү башаламан эле туш келди өтө бербестен, ошол сөз аркылуу туюнтулган эски түшүнүк менен жаңы пайда болгон түшүнүктөрдүн ортосундагы окшоштук, жакындык, ордун басуучулук, жалпылык жана жекелик ассоциацияларынын негизинде өтүшөт. Булардын ар бирине өз өзүнчө токтолобуз.

1. **Метафора**. Жаңы пайда болгон тигил же бул түшүнүк, ошол түшүнүк менен кандайдыр бир белгиси (формасы, өңү-түсү, көлөмү, чоңдугу же башка бир сапаты, кыймыл-аракетинин мүнөзү, аткарган кызматы) боюнча окшош эски түшүнүктү атаган сөз аркылуу туюнтулат. Бул жаңы маанинин **метафора**[3] ыгы менен пайда болушу деп аталат. Метафоралык ык – көп маанилүүлүктү пайда кылуунун негизги ыгы. «Сөздүн лексикалык мааниси, – деп жазат бул жөнүндө проф. Е.М.Галкина-Федорук, – көп учурда нерсе менен ошол нерсенин кандайдыр бир маанилүү өзгөчөлүгү аркылуу байланышат. Нерселер өз ара бири-бирине окшош болгондуктан, нерсени атоо үчүн көп убакта мурда эле болгон сөз колдонулат»[4]. Мисалы, *мүчө* деген сөз мурда дене бөлүктөрүнүн маа-

[1] Щерба Л.В., Опыт общей теории лексикографии. - Известия отделения литературы и языка АН СССР. 1940, №3, 107-бет.
[2] Юнусалиев Б.М., Киргизская лексикология - Фрунзе. 1959, 112-бет.
[3] Метафора - гр. metaphora "ташымалдоо, көчүрүү" деген сөздөн.
[4] Галкина-Федорук Е.М., Значение слова и понятие. - Вестник Московского Университета. 1961. №1, 77-бет

нисинде колдонулган. Азыр тирүү организмдин дене бөлүктөрүнүн маанисинде колдонулуу менен бирге, ага окшоштурулуп, бул сөз коомдун, уюмдун жана башкалардын мүчөсү деген мааниде да колдонулат. «Өзүлөрүнүн сунуштарын Өкмөттүн башка *мүчөлөрү* да айтышты» (»ЭТ», 19. 03. 95). Жазуучулар союзунун *мүчөсү*. Академиянын анык *мүчөсү*. Ошондой эле *мүчө* деген сөз окшоштук ассоциациянын негизинде термин катары грамматикада, математикада да колдонулат. *Сөз мүчөсү. Сүйлөм мүчөсү* (грамматикалык термин). *Көп мүчө. Бир мүчө* (математикалык термин).

*Уюл* мурдагы маанилери боюнча адамдын төбөсүндөгү же жылкынын мандайындагы чачтын, жүндүн уюлгуп, буралган жерин жана жыгачтын уюлгуп, буралган жерин билгизген. Кийин адамдын төбөсүндөгү уюлду жер шарынын полюстарына окшоштуруунун натыйжасында уюл деген сөз жаңы мааниге ээ болду. Түндүк *уюл*. Түштүк *уюл*.

Тирүү организмдин, өсүмдүктөрдүн муундарына окшоштуруп, кыргыз тилинде өз эне тилинин грамматикасынын, фонетикасынын түзүлүшү менен сөздөгү бир жолку дем чыгаруу менен айтылган тыбыш же тыбыштардын тизмеги *муун* деп аталды. «... сөздө канча үндүү тыбыш болсо, ал *сөз ошончо муунга бөлүнөт». (Э.Абдулдаев ж.б. Кыргыз тили).*

Ушундай эле окшоштук ассоциациясынын негизинде *уңгу* деген сөз да грамматикалык термин катары алынган. *Уңгу* мурда кетмендин, же найзанын, же башка куралдардын сапка саптала турган бөлүгүнө карата гана колдонула турган. Мисалы: «Алтын жаак айбалта, *уңгусу* алтын сай болот» (»Манас»). Куралдын бул негизги бөлүгүнүн аты сөздүн түпкү составдык бөлүгүнө да берилген. «*Уңгу* - сөздүн морфемалык составындагы негизги элемент» (Э.Абдулдаев ж.б. Кыргыз тили).

*Жаа* деп аталган атуу куралынын сырткы окшоштугуна карап, математикада хорда менен тартылган айлананын кесиндиси да *жаа* деген термин менен аталат.

Кайсы бир кыймыл-аракет процесси мүнөзү боюнча башка бир кыймыл-аракеттин процессине окшош болуусу ыктымал. Мына ошол окшоштуктун натыйжасында тилдеги бир кыймыл-аракетти туюнткан эски тыбыштык форма экинчи башка бир кыймыл-аракетти туюнтуу үчүн да колдонулат. Мисалы: *бас* – деген этиштин «үстүнөн ыктоо, ныгыруу» (кийиз басуу, кырман басуу) деген мурдагы маанисинен «басмадан чыгаруу» (китеп басуу) деген, *котор* – деген этиштин «алмаштыруу, ордуна башканы коюу, оодаруу» деген маанисинен «бир тилдеги текстти, оозеки сүйлөшүүнү башка тилдин каражаты менен берүү» (китеп которуу) деген, *тер* – *деген этиштин* «жыйноо, чогултуу, иргеп алып таштоо» деген маанисинен «арип терүү» деген, *өндүр* деген этиштин «эгин өндүрүү, үгүт өндүрүү» деген маанисинен «продукция

өндүрүү деген» *чыгар* – деген этиштин «кандайдыр бир нерсени ич жактан сыртка алып чыгуу» деген маанисинен «басмада жарыялоо» (китеп, макала чыгаруу) деген, *аткар* – деген этиштин «орундатуу, орундоо, жүзөгө ашыруу» деген маанисинен «музыкалык чыгарманы же ролду аткаруу» жана *жарыш-мелдеш* – деген сөздөрдөн «ат чабуу же жөө чуркоо жагынан мелдешке чыгуу; балбандардын, баатырлардын күчүн сыноо үчүн болгон мөрөй» деген маанилеринен «эмгекте, спортто жарышуу, мелдешүү» деген маанилери революциядан кийинки эле мезгилдерде аталган сөздөрдүн мурдагы турмуштук маанилерине окшоштуруунун натыйжасында пайда болгондуктарын сезүү кыйын эмес.

Аттары нерселердин, кыймыл-аракеттин сырткы окшоштуктарына негизделип, бири-бирине өтүшкөн метафораларга караганда аткарган кызматынын, функциясынын окшоштугуна карай аттары бири-бирине өтүшкөн метафоралар бир кыйла татаалыраак. Маселен, мурда жаа менен атылган учу курч, түз, узун жебе *ок* аталган болсо, кийин мылтык, замбирек сыяктуу атуу куралдарынын пайда болушу менен мылтыктан атылган кичине коргошун, замбиректен атылган снаряд да аткарган кызматтарынын окшоштугуна карай *ок* деп аталып калды.

Мурда адамдар үй ичинде жарык кылыш үчүн малдын (көбүнчө эчкинин) майын же башка майдан билик коюп жасаган чырак **шам** аталган. Азыр мейли шаарда болсун, мейли кыштакта болсун, ар бир үйдө электр жарыгы жаркырады. Жалпы эле жарык кылуу кызматынын окшоштугуна карай эл оозунда, адабий чыгармаларда электр жарыгы да **шам** деп айтылат. Шам деген сөз көбүнчө өлкөнү электрлештирүү жөнүндөгү лениндик идеянын турмушка ашырылышына байланыштырылып, *Ильич шамы, өчпөс шам* жана башка ушул сыяктуу эпитеттер менен бирге айтылат. Мисалы: «Алатоого *Ильич шамы* күйгөндө, таң калышты асмандагы жылдыздар» (А. Т.), «Быйыл ар бир үйдө *өчпөс шамдар* жанат» (Т.С.).

Дагы бир мисал. Тарыхый жактан мурда *бийлик* деген сөз эски коомдук түзүлүшкө байланыштуу түшүнүктү туюнткан. Бул сөз *бий* деген уңгудан жана *-лык* деген сөз жасоочу мүчөдөн туруп, «бийдин абалын же кызматын»[1] билгизген. Кийин бул сөздүн тар мааниси кеңейип, «мамлекетти башкаруу укугу, саясий үстөмдүк»[2] деген мааниге өткөн. *Бийликтин* үч бутагы. Мыйзам чыгаруу *бийлиги*. Аткаруу *бийлиги*. *Сот бийлиги* ж.б. Мында бул сөздүн генетикалык мааниси «жөнөкөйлөшүү» процессинин натыйжасында реалдуу маанисинен сүрүлүп чыккан[3].

Лексикалык метафораны поэтикалык метафорадан айыра билүүбүз

[1] Юдахин К.К., Кыргызча-орусча сөздүк. -М., 1965, 133-бет.
[2] Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Эки томдук, I том. - Фрунзе: Мектеп, 1984, 158-бет.
[3] Богородицкий В.А., Введение в татарское языкознание. -Казань: 1953, 133-137-беттер.

керек. Лексикалык метафора тилде биротоло калыптанган, жалпы кабыл алынган, туруктуу колдонулган туунду маани болуп эсептелет. Ал эми поэтикалык метафора – көркөм чыгармада экспрессивдүү каражат катары колдонулган троптун бир түрү. Ал индивидуалдык мүнөзгө ээ, башкача айтканда, лексикалык метафора тилдик бирдик болсо, поэтикалык метафора – кептик (речтик) бирдик. Мисалы:

«Айланган тоонун *бүркүтү*
Ак жерден торго чалындым.
Комузду күүгө келтирген
Колума кишен салындым» (Токт.)
«Күү чертип эркин сайраган
*Кукук* элем, наалыдым.
Күжүрмөн тынбай чуркаган
*Күлүк* элем, талыдым» (Токт.)
«Мен бир туткун мусапыр,
Алдында зарлап турумун,
Ажырап калды аркамда
Тирүүлөй жетим *кулунум*» (Токт.)
«Төркө жашы барганда
Таңга маал торгойдой
*Сайрап* турган балалык.
Жоогазындай жайлоодо
*Жайнап* турган балалык» (Жең.)

Жогорку ыр саптарында Токтогул өзүн айланган тоонун *бүркүтүнө*, эркин сайраган *кукукке*, тынбай чуркаган *күлүккө* окшоштурса, тирүүлөй жетим калган уулун *кулунга* окшоштуруп, поэтикалык көп маанилүүлүктү пайда кылган. Женижок болсо, балалыкты торгойдун *сайраганына*, жоогазындай *жайнаганына* окшоштуруп, сайроочу куштун, гүлдөөчү өсүмдүктүн кыймыл-аракет процессин адам баласынын балалык курагына ооштурган.

2. **Метонимия**. Тилде мурдатан белгилүү болгон аттар жаңы нерселерге, түшүнүктөргө окшоштук ассоциациянын негизинде гана өтпөстөн, нерселердин өз ара жакындык (мезгилдик, мейкиндик боюнча, логикалык жакындык же башка ички байланыш боюнча) ассоциациясынын негизинде да өтөт. Бул жаңы маанинин **метонимия**[1] ыгы боюнча келип чыгышы болот. Мисалы: «60 минутага барабар убакыт» жана «суткалык убакытты өлчөө үчүн колдонулуучу прибор» (Кол *саат*. Чөнтөк *саат*. Дубал *саат*) деген түшүнүктөрдүн *саат* деген бирдей ат менен аталышы ушул эки түшүнүктүн ортосундагы ички байланыштын натыйжасында

[1] Метонимия - гр. metonymia "атын өзгөртүү, атын алмаштыруу" деген сөздөн.

келип чыккан, тактап айтканда, биринчи түшүнүк - убакыт бирдиги, экинчиси ошол убакытты өлчөөчү прибор.

*Ай* деген сөздүн «күн нуруна чагылышып жаркырап көрүнүп туруучу асман телосу» (*Ай* нуру бизге төгүлдү, Алтыным аччы көңүлдү. Элдик ыр) деген мааниси менен «Жылдын он экиден бир бөлүгүн көрсөтүүчү мезгил» (январь *айы*, февраль *айы* ж.б.) деген экинчи мааниси да жакындык байланышта келип чыккан. Анткени жылдын айларга бөлүнүшү Ай планетасынын улам жаңырып көрүнүү мезгилине негизделген.

Жер жана башка планеталар тегерегинде айланып жүрүүчү, жылуулук, жарык таратуучу асман телосун туюнтуучу *Күн* деген сөздөн жакындык ассоциациянын негизинде төмөнкүдөй дагы бир нече маанилер келип чыккан: 1. Эртеден кечке чейинки сутканын бир бөлүгү. (*Күн* узара баштады); 2. Сутка, 24 саатты ичине алган мезгил (январь айы 31 *күн*); 3. Жалпы эле убакыт, мезгил, учур «Күлүк *күнүндө*, тулпар тушунда» (Макал); 4. Өмүр, жашоо, тиричилик, турмуш. «Балыктын *күнү* көл менен, жигиттин *күнү* эл менен» (макал); 5. Белгилүү окуяга арналган дата ( 1-Май - эмгекчилердин эл аралык күнү); 6. Аба ырайы, жаанчачын. «*Күн* бүркөк, себелеп жаап турат» (К.Б.). «Күүгүм кире *күн* дыбырап жаап кирди» (Н.Б.)

*Жибек* – 1. Тыт жыгачынын жалбырагы менен азыктанган курттардан өндүрүлүп алынуучу жылмакай була, жип (келеп *жибек*); 2. ушул жиптен токулган кездеме. (*жибек* көшөгө, *жибек* көйнөк).

*Аудитория* – 1. Лекция, доклад окула турган жай; 2. лекция, доклад, сөз угуучулардын жалпы аталышы.

Поэтикалык метонимия да адабий чыгармада образдуулукту, экспрессивдүүлүктү бериш үчүн көркөм каражат катары айрым авторлор тарабынан колдонулуп, тилде калыптанган лексикалык метонимиядан айырмаланат. Мисалы: «Жазуу келечегим жөнүндө көп ойлойм. *Лермонтовду* окуп-окуп таң калам» деген А.Осмоновдун күндөлүгүнөн алынган сүйлөмдө автордун аты менен анын чыгармалары туюнтулуп жатат.

С.Эралиевдин «Кечиккен кат» деген ырынан алынган

«Карагандан айбыгам,
Каттын сүрү бир башка.
Келген экен *айлынан*
Курман болгон курдашка»-

деген үзүндүдө белгилүү бир жердеги жашаган кишилердин ордуна алар жашаган жер аталган.

3. **Синекдоха**. Бир эле аттын бүтүндүн жана анын бөлүгүнүн аты катары колдонулушу **синекдоха**[1] болот. Маселен: *баш* деген сөз «адам-

[1] Синекдоха - гр. synekdoche "бирге ойлоо, кошуп түшүнүү" деген сөздөн.

дын дене бөлүгүн» атоо менен бирге «адамдын өзү» деген маанини да билгизет: 1. »*Баш* кесмек бар, тил кесмек жок» (макал); 2. «Баштык ичпейт, *баш* ичет» (макал). Мында биринчи мисалда *баш* адамдын дене бөлүгүн билгизсе, экинчисинде адамдын өзүн түшүндүрүп жатат. «Мал берди кудай, *башым* аз, жалгыз балам Бокмурун» (»Манас»). Биздин үй-бүлө беш *баш* эле.

Ошондой эле *көз* деген сөз «адамдын, жаныбарлардын көрүү органын» атоо менен «ошол көздүн ээсинин так өзү» деген маанини да билгизет. 1. «Баш – акылдын кабы, *көз* – жандын айнеги» (макал). Мында *көз* адамдын көрүү органынын маанисинде бөлүктүн атын билгизди; 2. «*Көзү* жоктун өзү жок» (макал); *Көзү* жокто эле жамандай бериш болбойт; Саткан жерден койдун *көзү* таанылып, анын уурулугу чыгып калды; Уурдалган буюмдун *көзү* табылды. Кийинки мисалдарда *көз* адамдын, малдын, буюмдун өзүн – бүтүндү билгизип жатат.

Дагы бир нече мисал келтирелик: *Алма* – 1. мөмө жыгачы. «*Алма*, өрүгү көтөрө албай мөмөсүн, Денин жыйып жүгүнгөнүн көрөсүң» (А.Т.); 2. ушул жыгачтын мөмөсү. «Көмкөрүлгөн чыныдай кызыл *алма*, Чөмүлгөнсүң жыпарга кайсы жайда» (Т.Ү.). Мында бүтүндүн аты да, бөлүктүн аты да *алма* аталып жатат.

*Туяк* – 1. малдын бутунун жерди басуучу мүйүздүү бөлүгү. «Чоңтору чарадай *туяктары* менен... каражолду тап-тап басат» (Т.С.); 2. малдын өзү. Анын анча-мынча майда *туягы* бар. 3. «бала, эркек бала» деген өтмө мааниде да колдонулат. Мисалы, Жеңижоктун «Балам жок» деген ырында:

«Аргымак жалы кайрылса
Арман эмей эмине.
Артында *туяк* калбаса,
Арман эмей эмине.
Тобурчак жалы кайрылса,
Арман эмей эмине.
Өзүңдөн *туяк* болбосо,
Күйүт эмей эмине».

Бул ырда да *туяк* деген бөлүктүн аты бүтүндүн аты катары колдонулду.

Эми жалпынын аты жекенин аты катары колдонулушуна мисал келтирели: *куш* - 1. жалпы эле канаттуулардын аты. Үй *куштары*. Суу *куштары*. Сайроочу *куштар*. 2. кекилик, чил сыяктуу илбээсиндерди алуучу жырткыч канаттуу «Мүнүшкөр болгон адамга Алгыр чыккан *куш* жакшы» (К.Ж.) 3. «карчыганын ургаачысы» деген маанини да билгизет. «*Куш* – ургаачы, чүйлү – эркек – бир уянын баласы» (фольк.).

*Мал* деген үй айбандарынын жалпы аты, түштүк кыргыздарда малдын бир түрү болгон «уй» деген мааниде да колдонуулары диалектологиялык изилдөөлөрдө аныкталган.

Синекдоха поэтикалык троп катары да колдонулат. Мисалы, «Чалкан» журналында берилген сүрөттүн алдында жазылган сатиралык пародияда: «Шар аккан суунун боюнда,

Шампарым болсо колумда.
Козусун *койго* алмашып,
Союп жеп жатсам сонун да»

деп, *кой* деген төрт түлүк малдын бир түрү болгон майда жандыктын жалпы аты козуга каршы коюлуп, «соолук кой, тубар кой» деген жеке мааниде колдонулган.

Синекдоханы метонимиянын өзгөчө түрү катары караган пикирлер да бар. Чындыгында эле метонимияда да, синекдохада да өз ара жакын түшүнүктөр бирдей ат менен аталат. Бирок метономиядагы жакындык мейкиндик, мезгилдик жана логикалык байланышка негизделсе, синекдохада жакындык бүтүн менен бөлүктүн, жалпы менен жекенин ортосундагы байланышка негизделет. Ошондуктан синекдоха метонимиядан ажыратылып, полисемиянын өзүнчө тиби катары каралат.

## Омонимдер

Кыргыз тилинде тыбыштык жактан бирдей болуп, бирок ар башка маанилерди билдириши жактан көп маанилүү сөздөргө окшош көрүнүш – **омонимдер**[1] бар. Бирок бул окшоштук сырткы гана окшоштук. Көп маанилүү сөз (полисемия) менен омонимдер бири биринен айырмаланышат. Полисемияда маанилердин айырмасы бир сөздүн ичинде болот да, ал маанилер бири бирине көз каранды болуп, өз ара бир өзөккө биригишет. Ал эми омонимдер болсо, тыбыштык жактан бирдей болгон ар башка сөздөр. Алардын ортосунда азыркы учурда генетикалык жана семантикалык эч кандай байланыш жок. Же болбосо, тилибиздин өнүгүшүнүн өткөн мезгилдеринде көп маанилүү сөздөр болсо да, азыркы кезде ал маанилердин ортосундагы байланыштар үзүлүп, тилдин ээси болгон элдин эсинде сакталбай унутулуп калган. Демек, **омоним** деп бир тилдин ичиндеги тыбыштык курамы окшош, бирок мааниси ар башка сөздөрдү айтабыз.

Азыркы котормо жана түшүндүрмө сөздүктөрдүн бардыгында дээрлик көп маанилүү сөздөр бир сөздүк макаланын ичинде берилип, сөздүн маанилери араб цифрасы (1...; 2...; 3...) менен ажыратылат. Муну

---

[1] Омоним - гр homos "бирдей" onyma, onoma "ат" деген сөздөрдөн

К.К.Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгүнөн» (1965) жана «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүнөн» (1984) алынган мисалдар аркылуу көрсөтөлү (сөздүк макалалар кыскартылып берилет):

**абийирдүү** I. пользующийся хорошей репутацией; 2. скромный, стыдливый; *абийирдүү киши* 1) человек с хорошей репутацией; 2) скромный человек (ЮКОС).

**Аалам** I. Асман мейкиндиги, андагы жалпы планеталар, жылдыздар. *«Адамдар эзелден бери ааламга учуп чыгууну эңсешкен эле».*

2. Бүткүл жер жүзү, дүйнө жүзү... *«Ааламга топон суу келсе, Асырап турган көп элди Көтөрүп алчу кемеге»* («Семетей»). (КТТС I).

Ал эми омоним сөздөрдүн ар бири өзүнчө сөздүк макала түрүндө берилип, алар рим цифрасы (I, II, III, IV, V...) менен белгиленет. Мәселен, «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүктөрүндө» (1969, 1984) омонимдер төмөнкүчө берилген:

**От** I *зат*. I. Тутанып күйүп турган газ, жалын.... *Кызартып көлкүлдөтүп отко салып, Чоюнду саймалантып жатат курап* (Бөкөнбаев). 2. Жарык берүүчү приборлордун нуру, жылтылдаган жарык. *Араң гана лампочкадан Булбулдөгөн от жанат* (Бөкөнбаев).

**От** II *зат*. I. Жашаң чөп. *«[Кычан кунанды] от жерге аргамжылап коюп, үйларды жөө тосмолойт»*. (Бейшеналиев)

2. Жылкынын айрым үйүрү... *«Ошо күндө келбесе, От-оту менен жылкыңды Оюм менен тиемин»*. («Курманбек»).

**От** III: алакандын оту. Беттин оту. (КТТС).

**Аз** I Көлөм, сан ж.б. жагынан кичине, көп эмес, кемчил жагы бар, жетише бербеген.... *Жигитке жетимиш түрлүү өнөр аз* (макал).

**Аз** II I. Тентүү, каңгуу, бозуп кетүү. *«Азып кетип айылдан Абаке Кошой акыры. Аман көрдүм өзүңдү»* («Манас»). 2. Арыктоо, жүдөө тартып, өңүнөн, этинен түшүү, жабыгуу. *«Көптөн бери жол жүрүп, өзүбүз азып калдык»* (Элебаев). 3. Жакырдануу, түгү жок кедей болуу, жардылануу. *«Азаматтын азганы - көчкөндө жөө басканы»* (макал). (КТТС I).

**Сан** I *зат*. Буттун жамбаштын тизеге чейинки бөлүгү. *Буттарың буура санындай, мурдагы жаштык барында, Булкушар балбан табылбай* (Токтогул).

**Сан** II *зат*. I. Эсеп ишин жүргүзүүгө, бир нерсенин эсебин, канча экенин көрсөтүүгө колдонулган түшүнүк. *Бүтүн сан. Так сан. Жуп сан, Бөлчөктүк сан.* 2. Газета, журналдын улам чыгып турган белгилүү кезеги, номерлери. 3. *грам*. Көптүктү же жекеликти билдирүүчү морфологиялык каражаттар менен берилген грамматикалык категория. *Жекелик*

*сан. Көптүк сан.* 4. Өтө көп, эсеп жеткис... «Сан гүлдөн башы адашты» (Сыдыкбеков).

**Сан** III: сан-сан болуу. «*Көк дүрүйө көйнөгү, сан-сан болуп бөлүнүп*» (Эр Төштүк»).

**Сан** IV зат. «Барк, атак-даңк». «*Кейитермин жаныңды, кетирермин саныңды*» (КТТС).

**Жар** I Жубайлардын бири, аялы же күйөөсү... «*Азамат эрге табылса, Айнектей сулуу жар кызык*» (Токтогул).

**Жар** II: Мойну жар бербөө...

**Жар** III. Бир жагын суу жеп же урап калган тик жер, кемер, суунун кемерленген бийик жээги, тоонун бир жагы урап калган бети... *Жаза басса ат туягы Жардан таштар куланат* (Бөкөнбаев).

**Жар** IV. Жарчы аркылуу жарыяланган, айтылган кулактандыруу, оозеки жарыя кылынган кабар. *Ошондо Көкөтөйдүн Бокмурун, Калкка жарын угузду* («Эр Төштүк»).

**Жар** V I. Жыгачты, кандайдыр бир башка нерселерди бөлө чаап ажыратуу, жаракалоо, чаап, уруп, бөлүктөргө бөлүү. «*Чоң балта менен килейген бир дүмүрдү жарып кирди*» (Байтемиров). 2. Айыра чабуу, айрылган, тилинген абалга келтирүү. «*Тоголотуп тепкилеп, Жара чапкан бетти деп*» (Тоголок Молдо). 3. Талкалоо, жарылуучу заттарды колдонуу менен бузуу, кыйратуу... *Кара зоону как жарып, Түбү менен оодарып* (Калык). 4. Дал ортосунан бөлүп кирүү, аралап өтүү. «*Алда кайдан үрккөн жылкы көчөнү как жара тобу менен дүрбөп өттү*. (Айтматов). 5. Абдан белгилүү болуу, кеңири тароо (көбүнчө атак-даңк жөнүндө)... *Атагы чыгып жер жарып, Алышкан жоону жеңелик* («Эр Табылды»/КТТС I).

Омонимдер маанилери боюнча жана чыгыш теги боюнча эч байланышы жок сөздөрдүн тыбыштык жактан кокусунан дал келип калышынан да жана полисемиянын бузулушунун натыйжасында да келип чыгат.

## Омонимдердин пайда болуу жолдору.

Омонимдердин пайда болуу себептери ар түрдүү. Кыргыз тилинде омонимдер негизинен төмөнкү жолдор менен пайда болот:

1. Башка тилдерден кабыл алынган сөздөр менен кыргыздын төл сөзүнүн же башка тилден кирип, кыргыз лексикасында мурдатан колдонулуп жүргөн сөздөрдүн тыбыштык жактан окшошуп калышынан омонимдер пайда болот[1]. Мисалы:

*Аба* I Ага, байке, жалпы эле өзүнөн улуу эркек адамдарга кайрыл-

[1] Бекжанова Р , Башка тилдерден кирген сөздөрдүн таасири менен кыргыз тилинде пайда болгон омонимдер - Китепте Кыргыз тилинин грамматикасынын жана лексикасынын очерктери Фрунзе, 1965

ганда айтылуучу сөз (төл). *Бекбай абабыз кары киши* (Ж.Мав.)

*Аба* II. Көбүнчө азот менен кислороддун кошундусунан туруп, жердин атмосферасын түзүүчү газ сыяктуу зат (ар.һава) *Таза аба. Аба ырайы.*

*Айран* I. Сүттөн уютулуп жасалган тамак (төл). *Айран ичкен кутулду, челек жалаган тутулду* (макал).

*Айран* II. Таң калгандык, аң-таң болгондук (ар. һейран). *Айткан кеби орунсуз, Адам айран ишине* (Тог. М.).

*Айт* I. Өзүнүн оюн сөз менен түшүндүрүү, бир нерсе жөнүндө баяндоо, сүйлөө (төл). *Алды менен билип алып, анан айт* (Ч.А.).

*Айт* II. Ислам динındеги элдердин жылына бир жолу өткөрүлүүчү майрамы (ар. эйд). *Айттын болгонунан болоту кызык* (макал).

*Бал* I. Ширелүү өсүмдүктөрдөн аарылар аркылуу иштелип чыгылган, саргыч түстөгү илээшкек коюу таттуу зат (төл). *Кумшекер, каймак, бал менен Дасторкон кенен жайышкан* (М.Т.).

*Бал* II. Төлгө (ар. фал) *Кана, сынчы, балыңды ач* («Эр Табылды»).

*Бал* III. Бийлөө менен боло турган зоок кече (ор.).

*Кез* I. Белгилүү бир учур, мезгил, маал (төл). *Кедейлер сага сөз келди, айта турган кез келди* (Тог.М.).

*Кез* II. Узундугу 0,71 метрге туура келген өлчөм, чен (ир. гэз). «*Үч кез дубалы мыктап салынган бак-дарактуу короолор биздики*» (Ч.А)

*Кез* III. Ааламды кыдыруу, жер арытуу (төл). Дүйнөнү кез.

*Кеп* I. Канаттуулардын, жаныбарлардын туюк сыйрып алынган терисинин өзүндөй кылып катырылган кебетеси, ага окшош форма, маска (төл). *Аюу талпактар, илбирстин катырылган кеби бурчта атырылган кабылында турат* (Т.К).

*Кеп* II. Адамдардын бири-бирине сүйлөгөн сөзү (ир. гап) «*Нузуп ордо тартиптеринен, тарыхынын кеп тартты*» (Т.К.).

*Май* I. Жаныбарлардын этинде, сүтүндө ж.б. болуучу сууда эрибей турган зат (төл). *Эт май экен.*

*Май* II. Календардык жыл эсебинин бешинчи айы (ор.). *Баарыбызга бакыт ачкан сулуу май* (А.О.).

*Шар* I. Катуу аккан суу агымы жана анын шоокуму (төл). «*Асантай көбүктөнгөн шарга араң туруштук берип теминтеңдеди*» (Т.С.).

*Шар* II. Тоголок форма жана ушундай формадагы нерселер (ор.). «*Асмандагы күн оттуу шар болуп көктөн ылдый дөңгөлөнүп келаткансыйт*» (Ч.А.).

*Баян* I Кандайдыр бир нерсенин жөнжайы, ал-абалы, мазмуну жөнүндө билдирген кабар, маалымат (ар. байан). «*Аз өмүрдүн өзүндө ар адамдын баштан өткөргөнү өзүнчө баян*» (Т.С.).

*Баян* II. Чоң кыяк, гармонь, музыкалык аспап (ор.). *Баян тартуу.*

*Март* I. Берешен, колу ачык, колдо болгонун аябаган жоомарт (ир. мард). *Берген март эмес, алган март* (макал).

*Март* II. Календардык жыл эсебинин үчүнчү айы (ор.) *«Март айы болсо да, азыр бул жерде жаз белгиси жок* (К.Ж.)

2. Фонетикалык деформациянын натыйжасында, башкача айткан-да, мурун тыбыштык көрүнүшү ар башка болгон сөздөр фонетикалык жактан өзгөрүүнүн негизинде омонимдерге айланат. Мисалы:

*Буу* I. Суу ж.б. суюктуктар ысыганда, кайнаганда же тердегенде денеден бөлүнүп чыккан газ, газ сыяктуу зат; бай. түрк. *бу* (ДТС, 119)[1], өзб., азерб., уйг., *буг*, ног. *був*, башк. *быу*. *«Көбүнчө пилла түрүүчү цехтерге ысык суу жана буу дайыма керек»* (С.С.).

*Буу* II. Бир нерселердин оозун, эки учун бекитип байлоо; бай. түрк. *боғ* (ДТС, 109), азерб., түркм., уйг. *боѓ*, хак. *пог*. *Каптын оозун буу.*

*Жаа* I. Дого сыяктуу ийилип, эки башы кайыш же жип менен кере тартылып, жебе менен атууга ылайыкталган курал; бай. түрк. *йа* (ДТС, 221), каз. *жайа*, тат. *жая*, башк. *йайа*, өзб. *ёй*. *Жаа атууга ыктуусуң, Төштүк. Мергендик жакка шыктуусуң, Төштүк* («Эр Төштүк»)

*Жаа II* Жамгыр, кар, мөндүр түшүү; бай, түрк. *йаѓ* (ДТС, 223), каз. *жау*, уйг., азерб. *йаг*, өзб. *ёг*. *Жаа, жаа, жамгырым, жумшарт эгин тамырын* (А.О.).

*Бий* I. Революцияга чейинки эл ичинде ар кандай чыр-чатакты, арыз-дооматтарды чечип турган бийлик өкүлү; бай. түрк. *бег* (ДТС, 91), тув., хак. *паг*, түрк *баг*, уйг. *бак*. *«Көп узабай мени бийге чакыртты»* (Т.С.).

*Бий* II. Музыканын ыргагына ылайыктуу дене кыймылы, искусст-вонун бир түрү; бай. түрк. *бүдик//бүдиг* (ДТС, 131). *-Ушул учурда бий күүлөрү тартылды»* (Ж.Т.).

*Аяк* I. Бут; бай. түрк. адак (ДТС, 14//*айак* (ДТС, 27)//азак (ДТС, 72), тув. *адак*, хак. шор. *азак*, монг. *адаг*. *Аяк талды.*

*Аяк* II. Жыгачтан тегерек оюп жасалган идиш; бай. түрк. *айак* (ДТС, 27). *«Өлбөгөн адам алтын аяктан суу ичет»* (макал).

3. Полисемиянын өнүгүшүнүн түпкү натыйжасынан, башкача айт-канда, көп маанилүү сөздөрдүн айрым маанилеринин бири-биринен алы стап, өз ара байланышы үзүлүп калган түшүнүктөрдү берип калышынан же конверсия процессинин натыйжасында өзүнүн морфологиялык ку-рамын өзгөртпөстөн туруп эле, башка сөз түркүмүнө өтүү менен да омо-нимдер пайда болот. Алсак, төмөнкү омонимдик катарлар мурунку жалпы маанилердин ажырап кетишинен пайда болгон:

---

[1] "Байыркы түрк сөздүгүнөн" алынган мисалдар азыркы кыргыз алфавитине транслитерация-ланып алынды жана сөздүктүн бети көрсөтүлдү

*Көк* I Көгөргөн түс – сын атооч. *Көк асман. Көк шибер.*

*Көк* II Асман – зат атооч. *«Көктөн жалгыз жылдыз учту»* (Ч.А.) *Ат аяган жер карайт, куш аяган көк карайт* (макал).

*Көк* III. Малдын чылгый терисинен тилинип алынган ичке кайыш тасма – зат атооч. *Кереге көктөөчү көк.*

*Көк* IV. Жашыл чөп, от – зат атооч. *«Жаңыдан көк кылтая баштаганга аба тазара түшкөн»* (Т.С.).

*Көк* V. Өз билгенин бербеген, айтканынан кайтпаган, өжөр, кежир – сын атооч. *Айткан кебин бербеген, Адамдан башка көк болот* (Тог. М.). *Эр болсоң көк бол, сөзүңө бек бол* (макал).

*Кош* I. Эки түгөй, жуп, эки даана - сын атооч. *Кош ооз мылтык. Кош колдоп учураშты. Коркконго кош көрүнөт.* (макал).

*Кош* II. Бир нерсеге кошумча кылуу, көбөйтүү, бириктирүү – этиш. *Экиге экини кош. «Кысталганда Мендиштин акылына акыл кош»* (К.Ж,).

*Кош* III. Соко, сокону унаасы, шайманы, жер айдоо – зат атооч. *«Алайда кыш узак болот да, кош кеч чыгат»* (К.Ж.). *Жалгыз өгүз кош болбойт, жаакташкан дос болбойт.* (макал).

*Кош* IV. Арабага, сокого өгүздү, атты чегүү – этиш. *«Араба кошуп, ат айдап, кандайсың буудай тартканга»* (О.Б.).

*Кош* V. Бирөөнүн иши, кыял-жоругу, турмушу ж.б. жөнүндө жамактап айтып ырдоо, ыйлоо – этиш. *«Султаным атам өттү деп, үйүңдө кошуп ким калат»* (К.Ж.).

*Ач* I. Тамак ичпеген, наар албаган, ачка – сын атооч. *«Курсак ач, кийим жыртык, ... балдар шекер деген эмне экенин билбейт»* (Ч.А.).

Ач II. Ачка болуу, курсагы ачуу – этиш. *«Курсактары ачса, аны да сезишпеди»* (Т.С.).

*Той* I. Тамактанып, азыктанып, кардын тойгузуу, жеп ичүү – этиш. *«Тамакка той да, ишиңе жөнө».*

*Той* II. Бала төрөлгөндө, кыз бергенде, келин алганда ж.б. байланыштуу эл чакырып, ар кандай оюн-тамаша болуп, тамак берилүүчү салтанат. *«Эртеси Шопок бир кой союп, Дүйшөнкулдун бешик тоюн берди»* (Ж.Б.).

*Бүт* I. Баштаган иштин ж.б. акырына чыгуу, аяктоо – этиш. *«Ишти эрте бүт, – деди, апам мага карап»* («А. – Т»).

*Бүт* II. Толугу менен, бардыгы чогуу, бүткүл - тактооч. *«Окуучулар бүт чыгышты».*

*Көч* I. Конуш, журт же орун которуу үчүн бир жерден экинчи жерге, жүктөрү менен жөнөө, келүү – этиш. *«Ошо күздө Танабай жылкычы болуп тоого көчтү»* (Ч.А.).

*Көч* II. Бир ордунан экинчи орунга журт, конуш которуу үчүн

келе жаткан жүк, кире – зат атооч. *«Көч бөйсалдуу болсун, конуш жайлуу болсун!»*

Кээ бир учурда мындай көп маанилүүлүктүн бузулушунан чыккан омонимдерди полисемиядан так ажыратуу кыйынчылыкты туудурат. Бул тууралуу проф. Л.А.Булаховский «Сөздөрдүн көп маанилүүлүгү менен омонимдигинин ортосунда абсолюттук чек жок, себеби өзүнүн чыгыш теги боюнча (этимологиялык жактан) көп маанилүү сөздөр убакыттын өтүшү менен, мурунку маанилердин байланышы сүйлөөчүлөрдүн эсинен чыгып, чындыгында биз үчүн омонимдерге айланып кетиши мүмкүн»[1] – деп көрсөтөт.

4. Морфологиялык каражаттар да омонимдердин пайда болушунда чоң мааниге ээ. Атап айтканда, уңгу түрүндө турганда бири-биринен айырмаланган сөздөрдөн сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы менен жаңы маанидеги сөз жасалганда, тышкы формалары жагынан окшошуп, омоним сөздөр чыгып калат. Маселен, *ач-* жана *ачы-* деген башка уңгудан *-ын* мүчөсүнүн жалгануусу менен ачын I «жамынчысы ачылып калуу, ачык жатып калуу» деген (*жуурканын ачынды*) жана *ачын* II «ызалыктан, ачуусу келгендиктен жаалдануу, жанына батуу» деген (*Жаны ачынгандын жанына барба* – макал) омоним сөздөр пайда болду.

Ошондой эле, *кары-* жана *карга* – деген сөздөрдүн биринчисине *-ган*, экинчисине *-ын* мүчөлөрүн жалгоо менен *карган* I «кары, картайган, улгайган» *(карган киши)* жана *карган* II «актыгын, айыптуу эмес экендигин билдирүү же актануу иретинде өзүнө карата каргыш айтуу» (*Ууру тойгончо жеп, өлгөнчө карганат* - макал) деген омонимдердин жаралганын көрөбүз.

*Жылы-* жана *жыл-* деген этиштерден *жылуу* I «муздак эмес»

*(Жылуу суу. Күн жылуу болду), жылуу* II «ордунан козголуу, акырын кыймылдоо» *(Артка жылууга болбойт)* деген омонимдер жасалган.

*Курак* I. «ар кандай өөн, кесинди, кыйыктар жана алардан бириктирилип жасалган буюмдар» *кура-* деген этиштен *(Курак жууркан. Кырк курак)* жана *курак* II «белгилүү мезгил, учур, жаш өлчөмү» *курбу, курдаш, теңкур* деген сөздөр менен уңгулаш *кур* деген уңгудан түзүлгөн. *Курагы* элүүдөн ашып калган (К.Ж.).

Омонимдерди пайда кылуучу мындан башка себептер, жолдор да болушу мүмкүн. Биз жогоруда негизгилерине гана токтолдук.

---

[1] Булаховский Л.А., Введение в языкознание: ч. II. -М.. Учпедгиз, 1953, 48-бет.

## Омонимдердин түрлөрү

Кыргыз тилиндеги бири-бири менен омонимдик катышта болгон сөздөр морфемалык курамы жагынан да, грамматикалык формалары жана сөз түркүмдөрүнө тиешелүүлүгү боюнча да бирдей эмес. Жалпысынан омонимдик катарды түзгөн сөздөрдү төмөнкүдөй айрым белгилерине карата бир нече топторго бөлүп көрсөтүүнү ылайык көрөбүз.

I. Морфемалык курамы боюнча омонимдер тубаса жана туунду болуп бөлүнөт

1. **Тубаса омонимдер.** Буга тилибиздин өнүгүшүнүн азыркы абалында уңгу жана мүчөгө ажыратууга мүмкүн болбогон омонимдер кирет. Мисалы:

*Аз* I *Аз болсо да, саз болсун* (макал).

*Аз* II. *Өңдөн аз.*

*Без* I. *Эттин бези.*

*Без* II. *Бекерчиден безе кач* (макал).

*Үй* I *Балалуу үй базар, баласыз үй мазар* (макал).

*Үй* II. *Чөп үй ж.б.*

Бир муундуу сөздөрдөн болгон омонимдердин көпчүлүгү дээрлик тубаса омонимдер болушат.

2. **Туунду омонимдер.** Мындай омонимдерди морфемалык бөлүктөргө бөлүүгө болот. Мисалы:

*Жарык* I *(жар+ык). Жердин жарыгынан чыга калгандай.*

*Жарык* II. *(жары+к). Бир үйдүн жарыгы бир үйгө түшпөйт* (макал).

*Курак* I *(кура-к). Курак төшөк. Курак түшкийиз.*

*Курак* II. *(кур-ак). Алтымыш менен жетимиш – абышканын курагы.*

II Өз ара бири-бирине омоним болгон сөздөр сөз түркүмдөрүнө тиешелүүлүгү боюнча, демек, грамматикалык формалары боюнча да ар түрдүү.

1. Бир грамматикалык-семантикалык категорияга (бир сөз түркүмүнө) тиешелүү болуп, тыбыштык жактан бардык сөз формалары боюнча дал келип, лексикалык жактан гана айырмаланган омоним сөздөр лексикалык толук омонимдер болот. Маселен, *конок* I «мейман», *конок* II «таруу сыяктуу майда дандуу кара эгин» жана *конок* III «көздүн сезгенишинин натыйжасында каректи басып калган кичинекей ак чел» деген сөздөр бир сөз түркүмүнө – зат атоочко тиешелүү бардык грамматикалык формалары (жөндөмө, таандык, сан) боюнча тыбыштык жактан (айтылыш жана жазылышы боюнча да) дал келишет. Дагы бир мисал:

*Сыр* I (зат атооч). *«Дарбазасы жашыл сыр менен сырдалган үй»*

*Сыр* II (зат атооч). *Көңүлдөгү сырды көз билет* (макал).

*Сыр* III (зат атооч) – *«сүт продуктысынын бир түрү».*

2. Ар башка сөз түркүмүнө тиешелүү болгон жана айрым гана грамматикалык формаларында (көпчүлүк учурда бир гана сөз формасында) тыбыштык жактан бири-бирине дал келип, калган формалары боюнча тыбыштык жактан туура келбеген омонимдик катарлар **толук эмес омонимдер** болушат. Мындай омонимдерди **омоформалар**[1] деп да аташат.

Маселен, *кой* I деген зат атооч менен *кой* II деген этиштин түп уңгу түрүндөгү формалары, ошондой эле зат атоочтун жекелик сандагы табыш жөндөмө формасы *(койду бак)* менен этиштин жекелик сандагы айкын өткөн чак формасы *(китепти столго койду)* гана омоним болуп, зат атоочтун башка сөз формалары (*койдун, койго, койдо, койдон, коюм, коюң, койлор* ж.б.) менен этиштин сөз формалары (*койгон, коет, коёмун, коесуң, коюшат, коюп* ж.б.) омоним боло алышпайт.

Кыргыз тилинде омонимдик катарлардын көпчүлүгүн ар башка сөз түркүмдөрүнө тиешелүү сөздөр түзөт. Мисалдар келтиребиз:

*Кара* I (этиш) *«Жигит айтты: тике кара көзүмө*
*Ишенбеймин, ишенбеймин сөзүңө»* (Т.Ү.).

*Кара* II (сын атооч). *«Үйгө кирди, алды кара шамшарды,*
*Сөзгө келбей, эне кардын аңтарды»* (Т.Ү.)

*Ал* I (ат атооч) *«Ал олуялар бар экенине ишенчү эмес»* (М.Б.)

*Ал* II (этиш). *«Бир сом берсем уят, үч сом ал дейин»* (М.Б.)

*Тоң* I (зат атооч). *Жерге тоң түштү.*

*Тоң* II (этиш). *Күн караган суукка тоңот, бай караган ачтан өлөт.* (макал).

*Той* I (зат атооч). *Көп менен көргөн той* (макал).

*Той* II (этиш). *Адам ойго тойбойт, бөрү койго тойбойт* (макал).

*Ой* I (зат атооч). *Ой – сөздүн сандыгы* (макал).

*Ой* II (зат атооч). *«Ой-тоо бут карга чулганган».*

*Ой* III (сырдык сөз). *«Ой, сен кайдан чыга калдың?»*

*Ой* IV (этиш). *Кашык ой. Шырдак ой.*

*Жак* I (зат атооч). *Оң жак. Сол жак.*

*Жак* II (этиш). *От жак. Чырак жак.*

*Жак* III (этиш) *Туура сөз тууганга жакпайт* (макал).

*Бак* I (зат атооч). *Жемиш багы. Алма бак.*

*Бак* II (зат атооч). *Майданда жүргөн жериңде, бак консун сенин башыңа* (фольклор)

*Бак* III (этиш) *Эсиң кетсе, эчки бак* (Токт.).

---

[1] Омоформа - гр homos + лат forma "форма"

Толук жана толук эмес омонимдерден омографтарды жана омофондорду айырмалай билүүбүз керек.

Жазылышы бирдей, бирок айтылышы жактан айырмаланган сөздөр **омографтар**[1] деп аталат. Мисалы:

*Карта* I Жылкынын майлуу жоон ичегиси. *«Семиз тай союлуп, казанга казы менен карта толтура салынган»* (К.Ж.).

*Карта* II. Жер бетинин кагазга түшүрүлгөн чиймеси. *Географиялык карта. Жер шарынын картасы.*

*Бак* I Бир түп же көп жыгач. *Бак тикти. «Бак ичи кызыл-тазыл гүлгө оронгон»* (А.Б.).

*Бак* II Суюктук куюлуучу темир идиш. *Бензин куюлган бак.*

*Кулак* I Адамдын, жаныбарлардын угуу органы. *«Акбар кулагы менен бетин суукка алдырып жибериптир»* (А.У.).

*Кулак* II. Жалданма эмгекти эзүүчү бай дыйкан. *«Ошол айылда Түлөберди деген кулак бар эле»* (Н.Б.).

*Арка* I Дененин арт жагы, жон жагы, омурткалар турган бөлүгү. *«Ат аркасын суутуп, эки-үч күн туралы!»* («Олжобай менен Кишимжан»)

*Арка* II Архитектуралык термин. Эки дубалдын же эки таянычтын догого окшоп ийилип келип кошулган жери.

*Курсант* I Бир нерсеге ыраазы болгондук, абдан алымсынгандык. *«Ишиңди көрүп курсант болдум».*

*Курсант* II. Курста окуган адам.

*Марка* I Кенже. *Марка бала. Марка уул.*

*Марка* II Катка же банка документтерге чапталуучу төлөө белгиси. *Аксиз маркасы.*

Бул мисалдардагы сөздөр окшош жазылганы менен, айтылышы жактан бирдей эмес. Булардын окшоштугу тилдин орфографиялык нормалары менен байланыштуу.

Айтылышы бирдей, бирок жазылышында айырма болгон сөздөр **омофондор**[2] деп аталат. Мисалы: *Күл* – заттын күйүп бүткөндөн кийинки калдыгы. *Гүл* – өсүмдүктүн гүлү, гүлдүү – өсүмдүк. *«Шылтоо кылып, чочубасын дегенсип, Жакандагы кызыл гүлдөн жыттадым»* (Мид. А.). Айтылганда *күл* көбүнчө *гүл* болуп угулат.

*Сулуу* – өңдүү-түстүү, өңү-түсү, мүчөсү келишимдүү, татынакай. *«Түнүк сулуу Каныкай, Он алтыда, өзү жаш»* («Курманбек»).

*Сулу* – даны көбүнчө жем үчүн колдонулуучу дан өсүмдүгү жана анын даны. *«Жемдик арпа, сулуу капмада толуп турду»* (С.С.). Оозеки сүйлөөдө экөө тең эле *сулуу* түрүндө айтылат.

---

[1] Омограф - гр homos "бирдей" + grapho "жазамын" деген сөздөрдөн

[2] Омофон - гр homos + phone "үн, тыбыш" деген сөздөрдөн

*Карындаш* – эркек адамдын кичүү кыз бир тууганы. *Карандаш* – калем. Оозеки сүйлөөдө бул экөө тең *карындаш* болуп айтылат. Кыргыз тилинде омографтар, өзгөчө омофондор аз кезигет.

## Синонимдер

Сырткы тыбыштык форма менен ички мазмундун ортосундагы катыш боюнча көпчүлүк учурда синонимдерди омонимдерге карама-каршы коюшат. Омонимдердеги окшоштук тыбыштык жактан болсо, синонимдерде маани боюнча окшоштук бар.

**Синоним**[1] деп бир тилдин ичиндеги негизги мааниси боюнча окшош же бири-бири менен өтө жакын, бирок тыбыштык курамы боюнча, ошондой эле кошумча маанилери же стилистикалык өзгөчөлүктөрү боюнча айырмаланган сөздөрдү айтабыз.

Кыргыз лексикасы синонимдерге өтө бай. Тилдин жалпы лексикалык байлыгы ошол тилдеги синонимдердин байлыгы менен да өлчөнөт.

Синонимдер төмөндөгүдөй белгилер менен мүнөздөлөт:

1) Синоним сөздөрдүн биринчи мүнөздүү белгиси болуп, жалпысынан бир гана түшүнүктү же бири-бирине өтө жакын түшүнүктөрдү билдириши эсептелет.

2) Синонимдердин экинчи белгиси – алардын тыбыштык курамы жактан ар башка болушу.

3) Сырткы формасына, тыбыштык өзгөчөлүктөрүнө карабастан, синонимдердин маанилештиги алардын бир сөз түркүмүнө тиешелүү болушуна алып келет. Синонимдеш сөздөр эки башка сөз түркүмдөрүнөн кезикпейт. Мисалы:

*адам – киши, асман – көк, акыл – эс, кептер – көгүчкөн, кант – шекер, шаар – калаа, аспап – куурал – жабдык – шайман, эл – калк – журт – калайык, эр – баатыр, арга – амал – айла* (зат атооч) *кооз – сулуу – көрком, көйрөң – мактанчаак – желөпкө* (сын атооч)*; айт - де – сүйлө, адаш – жаңыл, сама – дегде – эңсе, кубан – сүйүн* (этиш)*; илгери – мурун, башка – бөлөк, айрыкча – башкача – бөтөнчө – өзгөчө – бөлөкчө, бат – тез – дароо – ылдам – чапчаң – заматта* (тактооч)*; сыяктуу – шекилдүү, чейин – дейре, тууралуу – жөнүндө* (жандооч) ж.б.

4) Синоним сөздөрдүн семантикалык жактан окшоштугу жана грамматикалык жактан бир категорияга (бир сөз түркүмүнө) тиешелүүлүгү алардын синтаксистик бирдей функцияны аткарышын шарттайт, б.а. сүйлөмдүн бир мүчөсүнүн милдетин аткарат.

---

[1] Синоним - гр. synonymos "аты бирдей" деген сөзүнөн

Бирок синонимдер бир түшүнүктү билдирип, бир сөз түркүмүнө тиешелүү болгону менен, алар бири-биринен ар биринин өзүнө тиешелүү кошумча маанилери, колдонулуш чөйрөсү, стилистикалык өзгөчөлүгү, башка сөздөр менен болгон айкашуу мүмкүнчүлүгү боюнча айырмаланышат. Маселен, *сулуу – өңдүү – түстүү – чырайлуу – кооз – көркөм – көрктүү* деген сын атоочтор – сулуулукка, кооздукка, көркөмдүккө байланыштуу түшүнүктү билгизген маанилери жакын сөздөр. Булардын ичинен *сулуу* деген сөз *сулуу кыз, сулуу келин, сулуу жигит, сулуу жылкы, сулуу куш, сулуу жер* болуп, адамга да, айбанга да, канатууга да, жер, сууга да тиешелүү сапатты билгизип, семантикалык жактан кеңири колдонуп чөйрөсүнө ээ болсо, *өңдүү-түстүү, чырайлуу* деген сөздөр негизинен адамга гана тиешелүү сапатты туюнтат. Ал эми *кооз, көркөм, көрктүү* деген сөздөр *кооз чымчык, кооз сайма, кооз жасалга, көркөм адабият, көркөм чыгарма, көркөм дүйнө, көрктүү кийим* болуп, адамдан башка жандуу, жансыз заттарды, абстрактуу түшүнүктөрдү туюнткан сөздөр менен гана тизмектеше алат.

*Адам, киши* деген сөздөр мааниси жана колдонулушу жактан негизинен бирдей болуп, бирин-бири алмаштыра ала тургандыгына карабастан, *адамзат, адам баласы, адам ата* болуп айтылат да, *кишизат, киши баласы, киши ата* болуп колдонулбайт.

Ошондой эле, *көтөрүп турган асманың болсо, таштап жибер!* деген сөз айкашындагы *асман* деген сөздү ага синонимдеш *көк* деген сөз менен алмаштырып, *көтөрүп турган көгүң болсо, таштап жибер!* деп айтууга болбойт. Тескерисинче, *Төбөсү ачык көк урсун!* деген эски антты *Төбөсү ачык асман урсун!* деп өзгөртүп колдонууга мүмкүн эмес.

Демек, синоним сөздөрдү дайыма эле биринин ордуна экинчисин колдоно берүүгө болбойт. Ар кандай синоним болгон сөздүн өзүнө тиешелүү кошумча мааниси болот. Ошондуктан синоним сөздөрдү өз орду менен колдонуу керек.

Эгер синоним сөздөр кошумча мааниси боюнча бири-биринен айырмаланбаган болсо, анда тилде алардын ичинен бирөө гана калып, калганы колдонулуудан чыгып калар эле. Маселен, 30-жылдары орус тилинде, ошондой эле кыргыз тилинде да, *аэроплан, самолет* деген сөздөр бирдей колдонулган болсо, кийин *аэроплан* колдонулуудан чыгып калды да, тилде ал түшүнүктүү *самолёт* гана жеке ээледи.

Бир эле көрүнүштү, нерсени, сапатты, кыймыл-аракетти ж.б туюндурууда өз ара катышта болгон сөздөрдүн тобу **синонимдик катар** деп аталат. Синонимдик катар эки сөздөн да жана андан көп сөздөрдөн да турат. Мисалы:

*адам–киши, адаш–жаңыл, ажыра–айрыл, азыр–эми,*

*айлан—тегерен* — эки сөздөн, *бой—тулку — дене, иш—кызмат — жумуш доомат—милдет — док* — үч сөздөн, *атак—даңк—мартаба—даража* — төрт сөздөн, *бет—жүз—ирең—өң—ажар—дидар*—алты сөздөн туруп синонимдик катарларды түздү.

Синонимдик катарлардын курамы ачык болушат, башкача айтканда, өз ара синонимдик катышта болгон сөздөрдүн саны туруктуу эмес, алар жалпы эле тилдин лексикалык өнүгүш процессине жараша өзгөрүлүп, толукталып турушу мүмкүн.

Синонимдер полисемия кубулушу менен тыгыз байланышта болот. Полисемиянын ар башка маанилери ар башка сөздөр менен синонимдик катарды түзө алат. Мисалы. *аалам* деген сөз «бүткүл жер жүзү, дүйнө жүзү» деген мааниде *дүйнө, жер жүзү, дүйнө жүзү, жаан* деген сөздөр менен синонимдик катарды түзсө, «асман мейкиндиги, андагы жалпы планеталар, жылдыздар» деген мааниде *космос* деген сөз менен синоним болот.

*Ат* деген сөз «адамга энчиленип берилген ат» маанисинде *ысым*, «жер -суута, мекемеге, газета-журналдарга ж.б. берилген ат» маанисинде *наам* деген сөздөр менен синонимдик катарда болсо, «элге белгилүү болуу, таанылуу» маанисинде *атак, даңк, даңаза* деген сөздөр менен синонимдик катарды түзөт. *«Атың чыкпаса, жер өрттө», «Жоону сайса ким сайды, аты калды Манаска»* деген макалдарда *ат* энчиленген ат, ысым, наам эмес, атак, даңк, даңаза жөнүндө айтылып жатат. Мындан ар кайсы сөздөрдүн, сөз топторунун өз ара лексикалык байланыштарынын, катыштарынын татаал жана ар түрдүү экендигин көрүүгө болот жана бул көрүнүш лексикалык системалуулуктун мыйзамченемдүү көрүнүшү болуп эсептелет.

Синонимдик катардагы сөздөрдүн ичинен кандайдыр бир сөзү үстөмдүк кылуучу абалда болот. Ал сөз катардагы башка сөздөргө караганда семантикалык жактан сыйымдуу келип, стилистикалык жактан бейтарап болот, башкача айтканда, кошумча стилистикалык, экспрессивдүүлүк түскө ээ эмес. Синонимдик катардагы мындай өзөктүү, негизги, таяныч сөз **доминанта**[1] деп аталат. Мисалы: *бет—жүз—өң—дидар* деген синонимдик катардагы сөздөрдүн ичинен *бет* доминанта болот. Анткени ал *адамдын бети, тоонун бети, көлдүн бети, жер бети, китептин бети* ж.б. болуп, семантикалык жактан сыйымдуу келип, синтаксистик жактан кеңири сөз айкашуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Ал эми *өң—жүз—дидар* деген синонимдеш сөздөрдүн башка сөздөр менен айкашуу мүмкүнчүлүгү чектелүү, *адамдын өңү, жүзү, дидары* болгон менен, *тоонун тескей жүзү, көлдүн көпкөк дидары, китептин онунчу өңү* болуп айтылбайт.

[1] Доминанта - лат. dominans "үстөмдүк кылуу" деген сөздөн

## Синонимдердин пайда болушу

Кыргыз тилиндеги синонимдер негизинен төмөндөгүдөй жолдор менен пайда болот:

1. Синонимдердин пайда болушунда негизги булактардын бири болуп кыргыздын төл сөздөрү эсептелет. Кыргыздын айрым төл сөздөрү уңгу түрүндө туруп, бири-бири менен синонимдеш болот. Мисалы:

*эр—баатыр, эп—ык, көк—өч, бут—аяк, тамак—аш, чий—сыз, чал—абышка—карыя, алыс—узак—ыраак, калп—жалган* ж.б.

2. Сөз жасоочу мүчөлөр аркылуу синонимдер түзүлөт. Мындай туунду синонимдер кыргыз тилинде эки түрдүүчө кездешет:

а) Бир уңгудан маанилеш мүчөлөрдүн жалгануусу менен синоним сөздөр жасалат. Мисалы:

*-лык* жана *-чылык* мүчөлөрүнүн жалгануусу менен: *тынчтык-тынччылык, жаштык-жашчылык, жолдоштук—жолдошчулук, мүмкүндүк—мүмкүнчүлүк, жоктук—жокчулук, эсендик—эсенчилик* ж.б.

*-сыз* жана *бей-* мүчөлөрүнүн жалгануусу менен: *күнөөсүз-бейкүнөө, камсыз-бейкам, адепсиз-бейадеп, убаксыз-бейубак, капарсыз-бейкапар* ж.б.

*-чы* жана *кер* мүчөлөрүнүн жалгануусу менен: *кызматчы-кызматкер, жумушчу-жумушкер, пахтачы-пахтакер* ж.б.

б) Ар башка уңгулардан бирдей мүчөнүн жалгануусу менен да синонимдер түзүлөт. Мисалы:

*-чы* мүчөсүнүн жалгануусу менен: *кароолчу—күзөтчү, жүргүнчү—жолоочу, аңчы—мергенчи, калпычы—жалганчы, жардамчы—көмөкчү* ж.б.

*-чылык* мүчөсүнүн жалгануусу менен: *айырмачылык — өзгөчөлүк.*

*-ыч* мүчөсүнүн жалгануусу менен: *сүйөнүч—таяныч—жөлөнүч, кубаныч—сүйүнүч.*

*-чаак* мүчөсүнүн жалгануусу менен: *эринчээк—ышынчаак.*

*-лык* мүчөсүнүн жалгануусу менен: *зордук—зомбулук, оoздук—суулук.*

*-ла* мүчөсүнүн жалгануусу менен: *далдала—калкала.*

*-ыш* мүчөсүнүн жалгануусу менен: *айкалыш—кучакташ, бурулуш—имерилиш* ж.б.

3. Адабий тилдин жардамчы булагы болгон жергиликтүү диалектилер да синонимдерди түзүүдө белгилүү мааниге ээ. Бир эле буюмду,

түшүнүктү жергиликтүү диалектилерде, говорлордо адабий тилден башкача атоонун натыйжасында тилдин сөздүк курамында синонимдер пайда болот. Мисалы:

*чака*(ад.) – *челек, пакыр* (түшт.д.), *жумуртка* (ад.) – *тукум* (түшт.д.), *уй* (ад.) – *сыйыр* (түшт.д.), *жоолук* (ад.) – *оромол* (түшт. д.), *темене* (ад.) – *жувалдыз* (түшт.д.), *бал* (ад.) – *асел* (түшт.д.), *кычкач* (ад.) – *лакшегер* – *аташкүрөк* (түшт.д.) ж.б.

4. Кыргыз тилиндеги синонимдердин пайда болушунун негизги булактарынын бири башка тилдерден кирген сөздөр болуп эсептелет. Башка элдердин тилдеринен кирген сөздөр кыргыздын кээ бир сөздөрү менен маанилеш келип, алар менен параллель колдонулуп, синонимдерди түзөт. Мисалы:

*адам* (ар.) – *киши* (төл), *асман* (ир.) – *көк* (төл), *калк* (ар.) – *эл, журт* (төл), *аял* – *зайып* (ар.) – *катын* (төл), *акыл* (ар.) – *эс* (төл), *кан* (ир.) – *токоч* (төл), *кеп* (ир.) – *сөз* (төл), *кептер* (ир) – *көгүчкөн* (төл), *пешене* (ир.) *маңдай* (төл), *кожоюн* (ор.) – *ээ* (төл), *диктант* (ор.) – *жатжазуу* (төл), *разведчик* (ор.) – *чалгынчы* (төл) ж.б.

Кыргыз тилине башка тилден кабыл алынган сөздөр өз ара синонимдерди түзүшү да мүмкүн. Мисалы:

*шекер* (ар.) – *кант* (ар.), *аэроплан* (ор.) – *самолет* (ор.), *врач* (ор.) – *доктор* (ор.), *кирпич* (ор.) – *кыш* (ир.), *мугалим* (ар.) – *педагог* (ор.) ж.б.

5. Кыргыз тилинде жеке сөздөгү синонимдер менен катар фразеологиялык айкаштардан түзүлгөн синонимдер да бар[1]. Мисалы:

*Кылдан кыйкым табуу – жумурткадан кыр чыгаруу; Күлүн көккө сапыруу – ташын талкан кылуу – тополоңун тоз кылуу; эгиз козудай – союп каптап койгондой – эки тамчы суудай; ашкан чебер – колунан көөрү төгүлгөн; таң заардан – таң кулан өөк салганда – таң супа салганда – таң кылайганда* ж.б.

Фразеологиялык синонимдер жеке сөздөгү синонимдерден бирибиринен ажырагыс бир нече сөздөрдүн туруктуу айкашынан тургандыгы менен айырмаланат. Бул айкаштардын жардамы менен бир эле ойду, түшүнүктү ар түркүн кылып, көркөм, эмоциалдуу, экспрессивдүү, образдуу кылып берүүгө болот.

Фразеологиялык айкаштар өз ара да жана жеке сөздөр менен бирге да бир синонимдик катарды түзөт. Мисалы:

[1] Фразеология жөнүндө кеңири түшүнүк кийинчерээк өз кезегинде берилет

*бат—тез—дароо—ылдам—чапчаң—көз ачып жумганча—бир заматта—алеки заматта—каш—кабактын ортосунда—айта—буйта дегиче; сүйүнүү—кубануу—маңдайы жарылуу—кубанычы койнуна батпоо—жүрөк жарылуу—төбөсү көккө жетүү—чечекейи чеч болуу; өкүнүү—бармак тиштөө—оозун кармоо; калп—жалган—беш өрдөгүн учуруу* ж.б.

6. Тилибизде синонимдердин пайда болушуна эвфемизм[1], табу[2], тергөө сөздөр да себепчи болгондугун көрөбүз.

Чөйрөгө, шартка ылайыксыз айрым одоно, осол сөздөрдү башка бир ылайыктуу, сылыгыраак сөздөр менен алмаштырып айтуу үчүн эвфемизм сөздөр колдонулат жана ал эвфемизм сөздөр өздөрү алмаштырган сөз менен биригип, синонимдик катарды түзөт. Маселен, *өлдү* деген эле түшүнүктү *дүйнөдөн өттү, дүйнөдөн кайтты, көз жумду, каза тапты, каза болду, жер жазданды, о дүйнө кетти, жан таслим болду, үзүлдү, чарчады* (жаш балага карата) деген сыяктуу эвфемизмдер аркылуу берүүгө болот. Буга мисал катары Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында «өл» деген түшүнүктү кандай эвфемизмдик синонимдер аркылуу берилгендигин карап көрөлүк: «Байдалыны *өлдү* деген кагаз Мырзакулдун жанында» (»Бетме-бет»). «Көрсө Касымдын кара кагазы жарым ай мурун колхозго келген экен, Москвадан ары чабуулда, Ореховка деген кыштакта *каза таап тыр*» («Саманчынын жолу»). «Тотойдун күйөөсү Байдалы Сталинградда *курман болду* деп кагаз келген» («Бетме-бет»). «Мынакей, эми согушта жүрүп, алда качан кабарсыздайынсыз кетиң, *курман болдуң*» («Саманчынын жолу»). «Дүйшөн кардыккан, мүдүрүлгөн үн менен: -Биздин Ленин атабыз *дүйнөдөн кайтыптыр*, балдар – деп угузду» («Биринчи мугалим»). «Душман менен кармашып жатып ээн жерде *окко учтуңбу*, же токойдо адашып кеттиңби, же колго түшүп кармалдыңбы, айтор, тирүү болсоң, эмдигиче бир шек-шыбаң чыгар эле го, балам» («Саманчынын жолу»). «Ойлоп отурсаң, кызык, айланайын туулган жер, согуш башталат экен да, ал согушта адам баласынын эң асыл колунан көөрү төгүлгөн азаматтары иштеп жаткан ишин таштап, биринин *канын* бири *төгүп*, бирин-бири *өлтүрүүгө* аргасыз болушат экен» («Саманчынын жолу»). «Дүйнөнүн туткасы ошол сыяктуу мээнеткечтер эмеспи: элди тойгузган да ошолор, жоо келгенде колуна курал кармап, мекен коргоп, *кан төккөн* да ошолор» («Саманчынын жолу»). «Сен ошентип *жаздым болдуң*, Жайнагым, кенжетайым, жаш кетип элдин эсинде да анча калган жоксуң» («Саманчынын жолу»). «Он экиден бир гүлүң ачылбай, кай жерге барып *жалп эте туштуң*

---

[1] Эвфемизм - гр. euphemismos < eu "жакшы" + phemi "сүйлөймүн" деген сөзүнөн.
[2] Табу - полинезия тилдеринен алынган "өзгөчө белгиленген" деген мааниде

экен?» («Саманчынын жолу»). «Бала да түштү, Алимандын да *жаны кете баштады»* («Саманчынын жолу»). «Кайрат кыл, Толгонай, Субанкул менен Касымдан *айрылдык»* («Саманчынын жолу»). *«...күнүбүз өчтү, айыбыз өчтү*, окшоцкон жесирбиз, - деп Алиман мени кучактап боюн таштады» («Саманчынын жолу»).

Ошондой эле, *туулу* деген сөз *төрөдү, көз жарды, боюнан бошонду, кош колун бооруна алды; бооз* деген сөз *кош кабат, кош бойлуу, жүктүү, боюнда бар, эки кат; туубас* деген сөз *согончогу канабаган* деген сөз айкашы менен, ал эми *талгак* деген сөздүн орду *кош көңүл* сыяктуу эвфемизмдер менен берилет да, тилде синонимдерди пайда кылат.

Эвфемизмдер – тилдеги жакшы көрүнүш. Ал кебибизди жатык жана эмоциялуу кылат. Тилибиз эвфемизм сөздөргө канчалык бай болсо, кебибиз ошончолук сылык жана жагымдуу болот да, ар кандай одоно, чөйрөгө ылайыксыз нерселер жөнүндө да, ыңгайсыз абалда калтырбастан эле, жакшынакай түшүндүрүүгө болот. Буга мисал катары Коргоол ырчынын Токтогулга анын баласынын өлгөнүн угузган ырынан үзүндү келтирели:

«Жапасы күчтүү замана
Жабыркатты адамды.
Сен алыстан келгенче,
*Аткардык жалгыз балаңды.*
Учук өтпөс ийнеден,
Уулуң Топчу жалгызды
*Учурдук жалган дүйнөдөн.*
Жибек өтпөс ийнеден,
*Жибердик жалган дүйнөдөн.*
Буулумду кийип кирдеткен,
Бууруллу минип тердеткен,
Муңайба жаман адамча,
Булбулуң жалгыз Топчубай
*Мусапыр сапар жол кеткен.*
Күлгүндү кийип кирдеткен,
Күлүктү минип тердеткен,
Күкүгүң жалгыз Топчубай
*Күн тийбес сапар жол чеккен».*

Бирок эвфемизмдерди билгичтик менен өз ордунда колдонгон учурда гана жагымдуу таасир берет. Эвфемизмдер адамга карата гана колдонулат. Эгер айбандарга карата *ит өлдү, бооз кой, уй тууду* дегендин ордуна *ит каза болду, боюнда бар кой, уй төрөдү* деп, эвфемизмдерди колдонсок, күлкү келерлик сандырак келип чыкмак. Ошон-

дуктан ар бир сүйлөөчү өз кебине өтө дыкаттык менен мамиле кылып, сөздөрдү орду менен колдоно билүү жогорку маданияттуулуктун белгиси болуп эсептелет.

Тилдеги эвфемизм сөздөргө жакын дагы бир көрүнүш - *табу*. Мифологиялык, диний ишенимдердин, ырым-жырымдардын натыйжасында айтууга, колдонууга тыюу салынган сөздөр табу болот. Табу экономикалык, маданий, дүйнө таануу деңгээли төмөн болгон элдердин тилинде көп учурайт. Кыргыз тилинде бул көрүнүш жокко эсе. Айрым гана улгайган адамдардын кебинде кээ бир жугуштуу ооруларды өз аттары менен атабастан, башкача атагандарын байкоого болот. Мисалы, *чечек* дегендин ордуна *улуу тумоо, чоң жарыктык, баягы жарыктык, баягы* деген, *чыйкан* дегендин ордуна *сыздоок* деген, *келте* дегендин ордуна *кара тумоо* деген, *кызылча* дегендин ордуна *кызамык* деген сыяктуу сөздөрдүн колдонулушу табу болуп эсептелет. Ошондой эле айрым жырткыч айбандарды да табу аркылуу атаган учурлар бар. Мисалы, малчылар көп учурда *бөрү, карышкыр* дегендин ордуна *ит-куш* деген табуну колдонушат. Мында да тыюу салынган сөздөр менен алардын ордуна колдонулган сөздөр синонимдик катарды түзөт.

Кыргыз тилинде табунун калдыгы катары тергөө иретинде айтылган сөздөрдү эсептөөгө болот. Тергөө сөздөр да тилде синонимдерди пайда кылат. Тергөөнүн эң мүнөздүү үлгүсү катары эл оозунда айтылып жүргөн төмөнкүдөй уламышты келтирсек болот. Бир келин топ камыштын ары жагындагы суунуң боюнда койду карышкыр жеп жатканын көрүп, бычакты бүлөөгө бүлөп алып, тез келсин үчүн күйөөсүн: *«Шабыраманын ары жагында, шаркыратманын бери жагында маараманы улума жеп жатат. Суурманы суурул алып, жанымага жаный чап»,* — деп чакырган экен. Көрсө алардын уруусунда жогорку сөздөргө уйкаш *Камыш, Суусар, Койгелди, Бөрүбай, Бүлөөбай* деген адамдар бар экен. Мындай тергөөнүн натыйжасында мына ошол келиндин лексиконунда *камыш — шабырама, суу — шаркыратма, кой - маарама, бөрү — улума, бычак — суурма, бүлөө — жаныма* болуп, индивидуалдык мүнөздөгү бир нече синонимдер жаралган.

Тергөө сөздөр дайыма эле орундуу колдонула бербейт экен. Акындар аларды мыскылга алып, ыр да жазып жүрүшөт. Буга төмөнкү ырды мисал кылсак болот.

**Жеңенин тергегени:**

— Э, Молдобала,  
О, у-у, Молдобала!!  
— О - ов!  
— Бери келчи, садага,

— Келдим, жеңе,
Эмне айтмаксың мага?
— Бир ишти тапшырайын,
Ошого жара.
— Атаганат, колумдан келсе...
Айтчы, кана?
— Той бергени жатабыз,
Эл чакырып бер,
Сураарым ушул гана.
— А, болуптур, ким-кимди?
Жазып алайын,
Башынан сана.
— Эмесе булар,
Бери, мени кара:
Тиги *Көктаз, Сокур атаны,*
*Кара жаак, Аксак апаны,*
*Бүтүк көз, Кучкач энемди,*
*Шакылдак, Бултук жеңемди,*
Акелерден: *Чылпак,*
*Үңкүй кара, Куркулдакты,*
*Казанчы, Куу мурут,*
*Төө моюн, Жыртакты...»*
(Калкабай Турсалиев).

Кош сөздөрдүн түзүлүшүндө синоним сөздөрдүн мааниси чоң. Алсак, төмөнкүдөй кош сөздөр жалаң синоним сөздөрдүн эсебинен түзүлгөн: *ар-намыс, аман-эсен, акыл-эс, кайгы-капа, эл-журт, кайгы-муң, курбу-курдаш, тамак-аш, жарды-жалчы, оору-сыркоо, бөлөк-бөтөн, күч-кубат, кылык-жорук* ж.б. Синонимдеш кош сөздөр жөн эле катар келип айтылбастан, бири экинчисинин маанисин толуктап, жалпылоо, жамдоо идеясын билдирет.

## Синонимдердин бөлүнүшү

Айрым окуу китептеринде, окуу куралдарында синонимдердин өзүнчө түрү катары **толук** же **абсолюттук синонимдер** деп да бөлүштүрүп жүрүшөт. Бирок тилибиздеги синонимдик катарды түзгөн сөздөрдү карап көрсөк, алардын дээрлик бардыгы тең эле бир түшүнүктү билдирип, бир сөз түркүмүнө тиешелүү болгон менен, биринин ордун бири дайыма эле алмаштыра албай тургандыгын байкоого болот. Синонимдеш сөздөр өз ара бири биринен кандайдыр бир кошумча маанилеринин (оттенокторунун),

эмоционалдык-экспрессивдүүлүк түсүнүн болушу менен, кептин тигил же бул стилине тиешелүүлүгү, тилде колдонулуу даражасы боюнча жана башка сөздөр менен айкашуу жөндөмдүүлүгүнө жараша айырмаланышат. Тилде синонимдердин жашашынын негизги себеби да ушул болуу керек. Эгерде синоним болгон сөздөр абсолюттуу түрдө бирин-бири алмаштыра ала турган болсо, анда ал тилде артыкбаштыкты түзүп, бири экинчисин сүрүп чыгарып коюшу мыйзам ченемдүү болмок. Демек, синонимдерди түрлөргө бөлүштүрүүдө абсолюттук синонимдер жөнүндө эмес, семантикалык-стилистикалык синонимдер жөнүндө сөз кылуу жөндүү болчудай.

1. **Семантикалык синонимдер**. Жалпы түшүнүгү бир болгон менен кошумча маанилери жактан айырмаланган сөздөр семантикалык синонимдер болушат. Мисалы, *мугалим – окутуучу – педагог* деген синонимдик катарды алсак, *мугалим* көбүнчө «мектептерде сабак берген адис» маанисинде колдонулса, *окутуучу* «атайын жана жогорку окуу жайларында сабак берген адис» маанисинде колдонулат. Ошондой эле окутуучу «устат, үйрөтүүчү» деген өтмө маанide да колдонулат. Мисалы: «Токтогул жалаң гана улуу акын, композитор болбостон, улуу *окутуучу* да болгон» (Ж.Б.). *Педагог* жогорку экөөнүн тең маанисин өз ичине камтып, «окутуу жана тарбиялоо иштерин кесип кылып алган адам» катары кеңири маанини берет.

*Жамгыр – жаан* деген синоним сөздөр жалпысынан «майда тамчы түрүндө асмандан түшкөн суу» деген бир түшүнүктү берсе да, *жамгыр кара* деген сын атооч менен айкашып, *кара жамгыр* болуп, «чоң-чоң тамчы түрүндө шатырата катуу жааган жамгыр» деген маанide колдонулса, *жаан ак* деген сын атооч менен айкашып келип, *ак жаан* түрүндө «майдалап акырындап жаап отуруп узакка созулган жамгыр» маанисинде колдонулат.

*Жаман — начар* деген синонимдик түгөйдө *жаман* «сапаттын, көрүнүштүн ж.б. өтө төмөндүгүн» көрсөтсө, *начар* «сапаттын, көрүнүштүн ж.б. дурус эместигин, алымсындырбагандыгын» көрсөтөт.

*Эшик — каалга* деген синонимдеш сөздөрдүн жалпы мааниси «үйгө, короого кирүүчү жердеги ачылып-жабылып туруучу эшик» маанисинде *эшик ачылды, эшик жабылды, эшиктин туткасы* жана *каалга ачылды, каалга жабылды, каалганын туткасы* болуп, биринин ордун экинчиси алмаштыра алган менен, *эшик каалгадан* айырмаланып, «үйдүн сырты, айлана-тегеректеги» деген маанини да берет. Ошондуктан *«Мен эшикке чыктым», «Эшикте кишилер жүрөт»* деп айтылат да, *«Мен каалгага чыктым», «Каалгада кишилер жүрөт»* деп айтылбайт.

Синонимдик катышта болгон сөздөрдүн ортосундагы семантикалык айырмачылык дайыма эле ачык сезиле бербейт. Көпчүлүк учурда алардын айырмачылыктарын кеңири контексттик курчоодо гана аныктоого болот.

2. **Стилистикалык синонимдер**. Буга семантикалык маанилери бирдей, бирок кептин тигил же бул стилине тиешелүүлүгү же эмоционалдык-экспрессивдүүлүк түскө ээ болушу менен бири-биринен айырмаланган синонимдик катардагы сөздөр кирет. Мисалы: *кичине–кичинекей–тырмактай–кенедей–кымындай–мыйтымдай–быйтыкый* деген синонимдик катарды алсак, жалпысынан «көлөмү, саны, салмагы чоң эмес, аз санда» деген түшүнүктү билдирет. Булардын ичинен *кичине* бейтарап абалда болуп, бардык стилде бирдей колдонулат. *Кичинекей, тырмактай–кенедей–кымындай* өтө кичирейтүү оттеногун берип, көркөм адабиятта көбүрөөк колдонулса, *мыйтымдай, быйтыкый* эркелетүү маанисин берип, оозеки кепке тиешелүү болот.

*Кир–булганч–ыпылас–балит–кокочо* деген синоним сөздөр «таза эмес» деген жалпы түшүнүктү билгизген менен, *«кир, булганыч»* стилистикалык жактан бейтарап абалда колдонулат, *ыпылас, балит* «өтө эле кир, булганыч» маанисинде жактырбоону билдирсе, *кокочо* жактырбоо эмоциясын андан да күчөтүп, жийиркеничтүү экспрессивдүү түс берип калат.

*Чийки-кам* жана *кийит-сарпай* деген синонимдик түгөйлөрдүн биринчи сөздөрү жалпы тилдик бейтарап мүнөзгө ээ, экинчи түгөйлөрү колдонулуш жагынан чектелген диалектилик мүнөздө болот.

*Жеңе–жеңей–жеңекебай–жеңетай–жеңече* деген уңгулаш синоним сөздөрдө *жеңе* бардык калган сөздөргө карата өзөк, негиз болуп, бейтарап мүнөзгө ээ болсо, *жеңей, жеңече* сейрек колдонулуп, эркелетүү оттеногун берет, *жеңекебай, жеңетай* ынактык, сырдаштык мамиледеги урматтоо, эркелетүү эмоцияларын билдирет.

3. **Семантикалык-стилистикалык синонимдер**. Синонимдик катардагы сөздөр өз ара бири-биринен семантикалык кошумча маанилери боюнча да, ошондой эле стилистикалык мүнөздөрү боюнча да айырмаланган семантикалык-стилистикалык синонимдерге кирет. Мисалы, *даамдуу–таттуу–ширин–ширелүү* деген синонимдик катардагы сөздөрдү алсак, лексикалык жактан «жакшы даамы бар» деген жалпы бир түшүнүктү билдирет. Ошону менен бирге эле алардын ар бирине тиешелүү семантикалык жана стилистикалык айырмачылыктары да бар. *Даамдуу* деген сөз жалпы эле «тил аркылуу сезилген татыгы, татымы бар» деген бейтарап мааниде кеңири колдонулат. Даам ачуу, таттуу, кермек, кычкыл ж.б. болушу мүмкүн. Ал эми *таттуу* жалпы эле даам эмес, «кантка, балга ж.б. мүнөздүү даамы бар» деген кошумча маани берет, колдонулушу жагынан бейтарап абалда болот. *Ширин* бул маанини дагы күчөтүп көрсөтөт. *Ширелүү* жалпысынан даам жөнүндөгү түшүнүктү берүү менен бирге «ширеси бар» деген кошумча оттенокко да ээ. Ошондой эле *ши-*

*рин, ширелүү* көркөм сөздө көбүрөөк колдонулат. Бул синонимдик катардагы сөздөр өтмө маанилери боюнча да сүйлөнгөн сөзгө карата колдонулуп, семантикалык жана стилистикалык жактан бири биринен өзгөчөлөнүшөт. Тактап айтканда, *даамдуу, ширелүү* сөздүн маани, мазмун, маңыз жагына тиешелүү сапатты билдирсе, *таттуу, ширин* сөздүн уккулуктуулук, жагымдуулук, кызыктуулук, сүйкүмдүүлүк жагына тиешелүү сапатты туюнтат.

Кыргыз лексикасы бүгүнкү күнгө чейин стилистикалык жактан, ошондой эле семантикалык жактан да, атайын иликтөөгө алына элек. Ошондуктан синонимдик катарды түзгөн сөздөрдүн ортосундагы семантикалык жана стилистикалык оттеноктор ийне-жибине чейин так жиктелди деп кесе айта албайбыз.

Контексттен сырткары өз бетинче туруп эле бири-бири менен синонимдеш болгон сөздөр **нагыз синонимдер** деп аталат. Нагыз синонимдерге мисал кылып жогоруда келтирилгендердин бардыгын көрсөтүүгө болот. Өзүнүн түз маанисинде туруп эле бири-бирине синонимдеш болгон сөздөр менен катар кээ бир сөздөр белгилүү контекстте гана өзүнүн түз маанисинде эмес, өтмө мааниде экинчи бир сөзгө синоним болуп калат. Булар **контексттик синонимдер** деп аталат. Контексттик синонимдердин нагыз синонимдерден айырмасы – белгилүү бир контекстте, башкача айтканда, сүйлөм ичинде гана бири-бирине синонимдик катышта болот Эгерде ал синоним болгон сөздү сүйлөмдөн ажыратып, өзүнчө алсак, синонимдик маанисин жоготот. Мисалга Токтогулдун баласын жоктогон ырларынан эки үзүндү келтирели.

Биринчиси – Коргоол ырчы баласы өлгөнүн угузгандагы Токтогулдун ырынан үзүндү:

Түнүндө жарык *панарым,*
Туурумда калган карааным,
Түрмөдөн жаңы келгенде
Күйүтүн тарттым *баланын...*
Карманган жарык *панарым,*
Кайрылар жалгыз *карааным,*
Камоодон кайтып келгенде
Кайгысын тарттым *баланын...*
*Булбулум* учуп бурулду,
Чыгарбай ичтен муңумду,
Кантейин, тирүү көрбөдүм
Каргадай жалгыз *уулумду...*
*Күкүгүм* учту элимден,
Күлпөтүм кетти жеримден,

Көзүмдөн чыккан кара жаш
Мөлтүрөп жерге төгүлгөн,
Көрбөдүм көзүн *баланын*
Көңүлүм калды өлүмдөн!..

Экинчиси – Токтогул Сибирден келгенде Эшмамбет ырчы менен учурашкандагы ырынан үзүндү:

Мен кеткенде төрт жашар,
Аркамда калган *чырагым,*
Учуп кеткен *булбулдун*
Ордун сыйпап турамын.
Келтирип айттым саламды,
Келип көрдүм, Эшмамбет,
Кетмен-Төбө калаамды.
Келсем да, тирүү көрбөдүм
Керээзим жалгыз *баламды.*

Бул үзүндүлөрдө контекст боюнча *бала, уул* деген сөздөргө *панар, караан, булбул, кукук, чырак* сыяктуу өтмө мааниде пайдаланылган сөздөр да синонимдеш болуп колдонулду, бирок контексттен тышкаркы учурда булар өз ара синонимдеш сөздөр эмес. Контексттик синонимдер синонимдик сөздүктөргө катталбайт.

Кептин көркөмдүгүн, экспрессивдүүлүгүн түзүүдөгү тилдик негизги каражаттардын бири синонимдер болуп саналат. Тилибиз синонимдерге канчалык бай болсо, ал ошончолук ийкемдүү, көркөм болот. Адамдар синонимдерди оюн так, ачык берүү, бир эле сөздү кайра кайталай бербөө үчүн колдонушат.

## Антонимдер

Кыргыз тилинде ар башка тыбыштан турган сөздөр өз ара синонимдик байланышта эле болушпастан, маанилеринин карама-каршылыгы боюнча да байланышта болушат.

Өз ара бири-бирине карама-каршы турган, бирок бири-бири менен мамилелеш түшүнүктөрдү туюнткан сөздөр **антонимдер**[1] деп аталат Мисалы:

> *оң–сол, жакшы–жаман, чоң–кичине, жарык–караңгы, бийик–жапыз, ысык–суук, сүйүк–коюу, оору–соо, мурун–кийин, дос–душман, күн–түн, согуш–тынчтык, ач–жап, кел–кет, бар–жок* ж.б.

[1] Антоним - гр. anti "каршы" + onoma "ат" деген сөздөрдөн

Антоним болгон сөздөрдүн бири-бирине карама-каршы болушу алардын ортосунда таптакыр байланыш, катыш жок деген сөз эмес, тескерисинче, белгилүү бир жалпылыкка ээ болгон сөздөр гана бири-бирине карама-каршы боло алышат. Маселен, төмөнкү антоним болгон сөздөргө төмөнкүдөй жалпы белгилер таандык: *жакшы-жаман* (сапат), *аз-көп* (сан боюнча өлчөм), *узун-кыска* (узундук боюнча өлчөм), *бийик-жапыз* (бийиктик боюнча өлчөм), *чоң-кичине* (көлөм боюнча өлчөм), *оор-жеңил* (салмак боюнча өлчөм), *ачуу-таттуу* (даам), *тоголок-сүйрү* (форма) ж.б.

Демек, антонимдер белгилүү бир жалпылыкка ээ болгон, бирдей грамматикалык категорияга кирген сөздөр болот. Эгерде антоним деп алынган сөздөр белгилүү бир жалпылыкка ээ болбой, ар кандай сөз түркүмүнө тиешелүү болсо, анда алар антоним боло алышпайт. Антоним болгон сөздөрдү сөз түркүмдөрү боюнча төмөнкүдөй топтоштурууга болот:

Зат атооч: *кубаныч–өкүнүч, өмүр–өлүм, түндүк–түштүк, жай–кыш, дос–душман, согуш–тынчтык, жаштык–карылык, жакшылык–жамандык* ж.б.

Сын атооч: *оң–терс, ачуу–таттуу, арык–семиз, курч–мокок, ак–кара, узун–кыска, кең–кууш, жоон–ичке* ж.б.

Тактооч: *илгери–кийин, жогору–төмөн, эрте–кеч, ылдам–жай, ары–бери, күндүз–түнү, аз–көп, жайында–кышында* ж.б.

Этиш: *ач–жап, ачын–жамын, кел–кет, кир–чык, жат–тур, чач–жый, ал–бер* ж.б.

Кыймыл атооч: *келиш–кетиш, чыгыш–кириш, бармак–келмек, алмак–бермек, көбөйүү–азаюу, биригүү–ажыроо* ж.б.

Жогоруда көрүнгөндөй, бардык эле сөз түркүмдөрүнө тиешелүү сөздөр антонимдик катышта боло албайт. Атап айтканда, сан атооч, ат атооч, тууранды сөз жана сырдык сөздөр антоним болушпайт. Ошондой эле бардык зат атоочтор да өз ара бири менен бири антоним боло беришпейт. Себеби тилдеги антонимдик катыштын негизинде түшүнүктөрдүн ортосундагы карама-каршылыктар жатат. Ал эми чындыктагы бардык эле түшүнүктөр бирине-бири карама-каршы эмес. Мисалы: *дарак, буудай, төө, тоок, жылан, кымыз, сабиз, маймыл, арстан, карга, балык* сыяктуу конкреттүү маанидеги сөздөр аркылуу туюнтулган түшүнүктөрдүн карама-каршы түшүнүктөрү жок. Ошондуктан ал сөздөрдүн антонимдери да жок. Адамдын, жер-суунун ж.б. энчилүү аттарынын да антонимдери болбойт, анткени алар да карама-каршы түшүнүктөрдү туюнтпайт. Антоним болуш үчүн, сөзсүз, бир сөздүн карама-каршы маанидеги экинчи жубу болуш керек, ансыз антонимдик

жуп түзүлбөйт. Карама-каршы маанидеги сөздөрдүн негизине көбүнчө ар кандай сапаттык белгилерге, ички сезимге, мейкиндикке жана мезгилге, кыймыл аракетке жана ал-абалга байланышкан түшүнүктөрдүн ортосундагы объективдүү карама-каршылыктар жатат.

Антонимдердин негизин түзгөн карама-каршылыктар бирдей даражада эмес. Ошого жараша антонимдерди төмөнкүдөй топторго бөлүштүрүүгө болот:

1. Карама-каршылыкты тике көрсөтүүчү антонимдер. Мында жаратылыштагы, коомдогу объективдүү карама-каршы көрүнүштөр, процесстер, окуялар, кыймыл-аракеттер тике туюнтулат. Мисалы:

*тоң—ээри, бирик—ажыра, ач—жап, көбөй—азай, өмүр—өлүм, согуш—тынчтык* ж.б.

Бул антонимдердин өзгөчөлүгү болуп, алардын карама-каршылыгынын ар кандай учурда өзгөрбөстүгү эсептелет.

2. Карама-каршылыкты салыштыруу түрүндө көрсөтүүчү антонимдер. Бул топко, негизинен, сапатты, касиетти жана ал-абалды билдирген антонимдерди киргизүүгө болот. Мисалы:

*кең—тар, бийик—жапыз, жоон—ичке, чоң—кичине* ж.б.

Мында нерселердеги, көрүнүштөрдөгү сапат, касиет жана ал-абал бири-бирине салыштырылып карама-каршы коюлат.

3. Карама-каршылыкты кыйыр түрдө көрсөтүүчү антонимдер. Булар саны жактан анчалык көп эмес. Мында карама-каршылыктар тике көрсөтүлбөстөн, өтмө мааниде кыйыр, образдуу көрсөтүлөт. Мисалга, «Кыргыз тилинин антонимдер сөздүгүндө» (1988) берилген *бал-уу* деген антоним сөздөрдү алып көрөлү (41-бет): *бал* – гүлдөрдүн ширесинен аарылар даярдаган масса, таттуу суюктук, азык; *уу* – ууктуруучу ачуу зат, өтө эле ачуу суюктук. Бул жерде бал менен уунун өздөрүнүн ортосундагы тике объективдүү карама-каршылык эмес, алардын кайсы бир касиеттеринин, сапаттарынын карама-каршылыгына жараша, башкача айтканда, бирөөнүн таттуулугуна, экинчисинин ачуулугуна жараша өтмө мааниде кыйыр антонимдик катышта болгондугун көрөбүз. Ушул эле сөздүктө келтирилген *«Тилден бал да тамат, уу да тамат»* деген макалда *бал* «жагымдуу, жакшы сөз», *уу* «жагымсыз, жаман сөз» деген маанилерди берип, антоним болуп жатышат.

Ошол сөздүктөн дагы бир-эки мисал келтирелик: *ак-кара* (21-бет). Түстү көрсөтүүчү бул эки сын атоочтун бирөөнүн «кардын, сүттүн түсүндөй түс», экинчисинин «көөнүн, көмүрдүн түсүндөй түс» деген тике маанилеринде объективдүү карама-каршылык көрсөтүлбөйт, кызыл, жашыл, сары, көк түстөрдүн катарында эле түстөрдүн спектрин түзөт. Ал эми *ак* «күнөөсүз, эч күнөөсү

жок, ниети таза» жана *кара* «күнөөлүү, күнөөсү, кылган кылмышы бар, ак эмес, көңүлү бузук» деген өтмө маанилерде антонимдик катышта болот.

*Бейиш–тозок* (50-бет). *Бейиш* – диндик түшүнүк боюнча шарият жолунан чыкпай жүргөндөргө «тиги» дүйнөдөгү жыргалчылык, ырахат жайы; өтмө мааниде: жыргал. *Тозок* – диндик түшүнүк боюнча шарият жолунан чыккандарды, шариятты бузгандарды «тиги» дүйнөдөгү кыйноочу жай; өтмө мааниде: кыйынчылык, азап. Сөздүктө белгилегендей, булардагы карама-каршылык да тике болбостон, «жыргал» жана «кыйынчылык, азап» деген өтмө маанилер аркылуу берилип жатат.

Антонимдердин полисемия жана синонимдер менен катыштык жагы бар. Тактап айтканда, көп маанилүү сөздөр ар кайсы маанилеринде ар башка сөздөр менен антоним боло алат. Мисалы: *бүтүн–жарты, бүтүн–жарык, бүтүн–сынык, бүтүн–айрык, бүтүн–жыртык; дос–жат, дос–душман; акырын–тез, акырын–катуу; ачык–күңүрт, ачык–бүркөк, ачык–түнт; жалкы–жуп, жалкы–эгиз; жеңил–оор, жеңил–салмактуу* ж.б.

Ошондой эле бир синонимдик катардагы сөздөрдүн ар бири бир эле сөз менен антонимдик жупту түзө алат. Мисалы:

> *бай–жарды//кедей//кембагал//томаяк//жакыр; алгачкы-кийинки//акыркы; март–битир/сараң//зыкым; аарчы–сыйпа//сүйкө; ардакта–корсунт//кордо; ачык–жабык//жашырын//тымызын//бек* ж.б.

Демек, бир сөздүн бир гана антоними болбостон, ал бир нече сөз менен антонимдик катышта болушу мүмкүн экен.

## Антонимдердин бөлүнүшү

Антонимдер ар башка уңгудан да жана бир эле уңгудан да болушу мүмкүн.Ар башка уңгудан туруп, лексикалык жактан карама-каршы мааниде болгон сөздөр **ар башка уңгулуу антонимдер** деп аталат. Мисалы:

> *күн-түн, катуу-жумшак, баш-аяк, калп-чын, улуу-кичүү, арзан-кымбат, ары-бери, асты-үстү, атчан-жөө, ач-ток, ач-жап, ачуу-таттуу, булут-таза, баатыр-коркок, бар-жок, батыш-чыгыш, кең-тар, кий-чеч* ж.б.

Мында карама-каршылык сөздөрдүн лексикалык мааниси аркылуу берилип жаткандыктан, антонимдин бул түрүн **лексикалык антонимдер** деп да аташат.

Уңгулары бирдей болуп, бирок карама каршы маанидеги мүчөлөрдүн жардамы менен жасалган антонимдер **бир уңгулуу антонимдер** деп аталат. Мисалы:

*абийирдүү-абийирсиз, адептүү-адепсиз, алдуу-алсыз, бактылуу–бактысыз, бейкам–камдуу, бейкүнөө–күнөөлүү, бейнысап–нысаптуу, бейтааныш–тааныш, натуура–туура, наразы-ыраазы, найынсап-ынсаптуу, найүмүт-үмүттүү, советтик-антисоветтик, коммунисттик-антикоммунисттик, революциячыл-контреволюциячыл* ж.б.

Мында карама-каршы маанилер уңгулар аркылуу туюнтулбастан, карама-каршы маанилерди билдирүүчү грамматикалык каражаттардын, тактап айтканда, *-луу, -сыз* деген кыргыз тилинин сөз жасоочу төл мүчөлөрү менен, ошондой эле иран тили аркылуу өздөштүрүлгөн *бей-, на-* деген жана орус тили аркылуу өздөштүрүлгөн *анти-, контр-* деген сыяктуу префикстердин уңгуга кошулуусу менен жүзөгө ашып жатат. Ошондуктан антонимдердин мындай түрү *морфологиялык антонимдер* деп да аталат.

Антонимдердин өзгөчө түрү болуп **энантиосемия**[1] эсептелет. Мында карама-каршылык бир сөздүн ичинде болот, башкача айтканда, бир эле сөз карама-каршы мааниде колдонулат. Эгерде ар башка уңгулуу антонимдерде карама-каршылык лексикалык маани аркылуу, бир уңгулуу антонимдерде морфологиялык каражаттардын маанилери аркылуу берилсе, энантиосемияда бир сөздүн ичиндеги карама-каршылык толук бойдон контекст аркылуу гана белгилүү болот. Мисалы: *«Ай десе арксыз, күн десе көрксүз»* деген жорго сөздө *арксыз, көрксүз* деген сөздөр арктын (нарктын), көрктүн жоктугун, кемдигин, жетишсиздигин эмес, тескерисинче «өтө нарктуу», «өтө көрктүү», «наркы, көркү ашыкча» деген мааниде колдонулуп жатат. Ал эми *-сыз* мүчөсү башка учурда дайыма жалганган сөзүнө терс маани берип, жоктукту, кемчиликти, жетишсиздикти билдирет: *арксыз кеп, нарксыз жорук, көрксүз имарат* ж.б. Ошондой эле *байы-* деген сөз *«дүнүйөгө байыды», «тажрыйбасы байыды»* деген сөз айкаштарында «көбөйдү» деген мааниде колдонулса, «сүт байыды», «суу байыды» дегенде «азайды» деген маанини берет; *кызматка ал – кызматтан ал, машинеге түш – машинеден түш* деген сөз айкаштарындагы *ал-, түш-* деген сөздөр да энантиосемияга мисал боло алат. Энантиосемия көрүнүшү тилде анчалык көп учурабайт.

Синонимдер сыяктуу эле антонимдер да ***нагыз антонимдер*** жана **контексттик антонимдер** болуп бөлүнөт.

Контексттен тышкары өз бетинче турганда эле бири-бирине карама-каршы мааниде колдонулган сөздөр **нагыз антонимдер** деп аталат. Мындай сөздөрдүн бирин айтуу менен экинчисин да эске түшүрө алабыз. Маселен, *узун* деген айтуу менен *кыска* дегенди, *ачуу* дегенди айтуу менен *таттуу*

[1] Энантиосемия - гр. enantios "карама-каршы" + sema "белги, маани" деген сөздөрдөн.

дегенди, *аз* дегенди айтуу менен *көп* дегенди, *чоң* дегенди айтуу менен *кичине* дегенди дароо эске түшүрө алабыз. Нагыз антонимдер тилде туруктуу мүнөзгө ээ болуп, сүйлөөчүлөр тарабынан дайыма карама-каршы мааниде колдонулат жана алар антонимдер сөздүгүнө киргизилет.

Өз бетинче турганда карама-каршы мааниде болбогон, бирок белгилүү контекстке байланыштуу гана карама-каршы мааниге ээ болгон сөздөрдү **контексттик антонимдер** дейбиз. Мисалы, *«Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат»* деген макалдагы *билек* менен *билим, бир* менен *миң* өз алдыларынча антоним эмес, ушул контексттин ичинде булар бири-бири менен антоним болушат. Ошондой эле *«Теректей бой бергенче, теменедей акыл берсин»* деген макалда да *теректей-теменедей, бой-акыл* дегендер контексттик антонимдер болуп эсептелишет. Контексттик антонимдер макалдарда эле колдонулбастан, поэзиялык жана прозалык чыгармаларда колдонулгандыгын көрөбүз. Мисалы:

*Ынак* жолдош жүрөгүңдүн кымбаты,
*Ынак* жолдош тилегиңдин сырдашы.
*Жаман* жолдош кадырыңды кетирет,
*Жаман* жолдош жалыныңды өчүрөт.
(О.Б.Гүлшайыр)

Бул контекстте *ынак* жана *жаман* бири-бирине карама-каршы мааниде турат, бирок бул эки сөздү контексттен тышкары ала турган болсок, анда антоним боло алышпайт. *«Артынан карасаң пионер, алдынан карасаң пенсионер»* (М.Б. Элеттик жигит). Бул сүйлөмдө *пионер* жана *пенсионер* деген сөздөр өзүнчө алганда карама-каршы мааниде эмес, ал эми контексттеги маанисин алганыбызда, артынан карасаң *жаш (пионер)*, алдынан карасаң *кары (пенсионер)* деген мааниде алынган.

Дагы бир мисал:
Мен *ыйлабайм, капа тартып турганда,*
Мен *кубанбайм, бак-дөөлөткө тунганда.*
Дарым ушул, *кайгы* жана *шаттыкка*
Берчи мага,
Берчи мага,
Жарым ууртам музыка!-

деген Алыкул Осмоновдун атактуу ырынан алынган куплет бүт дээрлик контексттик антонимдерден түзүлгөн: *ыйлаба—кубанба, капа тартып турганда—бак—дөөлөткө тунганда, кайгы—шаттык.*

Контексттик антонимдер тилдик туруктуу көрүнүш эмес, кептик (речтик) кырдаалга жараша колдонулат. Ошондуктан алар антонимдик сөздүктөргө киргизилбейт.

### Антонимдердин стилистикалык жактан колдонулушу.

Адабий чыгармаларда, фольклордо көркөм каражат катары антонимдердин стилистикалык жактан аткарган кызматы чоң жана кеңири колдонулат. Ар кандай стилистикалык милдет аткаруу менен ойду эмоциялуу, образдуу кылып берүүдө антонимдерге зор роль таандык.

Антонимдердин семантикалык негизине реалдуу турмуштагы карама-каршылыктар жата тургандыктан, көркөм чыгармаларда алар көбүнчө контрасттык образды, түшүнүктү туюнтуунун каражаты катары кеңири колдонулат. Бирок антонимдердин стилистикалык кызматы муну менен гана чектелип калбайт. Ар кандай синтаксистик конструкцияларда антонимдер ажыратуу, бириктирүү, күчөтүү, толуктоо, аныктоо, кыймыл-аракеттин, ал-абалдын туруктуулугун, үзгүлтүксүздүгүн, алмашууларын көрсөтүү милдеттерин да аткарат.

Антоним сөздөрдүн катышуусу менен түзүлгөн стилистикалык фигуралардын негизгиси **антитеза**[1] болуп эсептелет. Антитезада констрасттык карама-каршы ойлор, пикирлер, түшүнүктөр, көрүнүштөр, сапаттар, көркөм образдар бири-бирине каршы коюлат. Мисалы: «Момуш шамшарын *сол* жакты койнуна катып, тапанчасын *оң* жакты чөнтөгүнө салды» (К.Ж.»Хан-Теңирлик чабан»). «Козудай чөбүрөгөн жыйырма-отуз бала *быягынан* айтып отурса, *тыягынан* кайра унутуп отурат» (М.Б.»Элеттик жигит»). «*Аларман* менен *сатармандын* ортосундагы кудайы калыс киши» (М.Б.»Элеттик жигит»). «Андан калса, *батыш* жагы балык жон болуп, *чыгыш* жагы кесе чапкандай тик» (М.Б. «Элеттик жигит»).

Акын Токтогул Сатылганов өзүнүн чыгармаларында, өзгөчө терме, санат ырларында, жакшы жана жаман, оң жана терс көрүнүштөрдү бири-бирине салыштырып, антитеза катарында колдонгон. Мисалы:

*Жаман* адам белгиси,
Өз камы үчүн жүгүрөт,
*Жакшы* адам белгиси,
Эл камы үчүн күйүнөт.
Келеринде дүнүйө,
Булутсуз тийген *күндөйсүң*.
Кетеринде дүнүйө,
Булут баскан *түндөйсүң*.
*Тууганына* батпаган,
Душманына жалынат.

Антонимдер элдик оозеки чыгармаларда, макал-лакаптарда да көп

---

[1] Антитеза - гр antithesis "карама-каршы туруу" деген сөзүнөн

колдонулат. Булар ар кандай көрүнүштөрдү бири-бирине салыштырып, сүйлөмдүн таасирдүүлүгүн күчөтөт. Мисалы:

Жарымы *жалган,* жарымы *чын.*
Жарандардын көөнү үчүн...
Көбү *төгүн,* көбү *чын*
Көпчүлүктүн көөнү үчүн («Манастан»)

*Жакшыдан жаман* туулса - *чыгаша, жамандан жакшы* туулса - *кирише. Уруш-талаш душмандыктын* белгиси, *келиш-кетиш тугандыктын* белгиси. *Билимдүүгө* дүйнө *жарык, билимсизге* дүйнө *караңгы. Жакшыны жатым* дебе, *жаманды өзүм* дебе.

Антонимдик маанидеги сөздөр контекстте бирине-бири карама-каршы гана коюлбастан, алардын синтаксистик конструкциясына жараша **ажыратуу, бириктирүү** функцияларын да аткарып калышы мүмкүн. Мәселен, «Эки арганын бири: же кармашта ажал болуп *тирүү калганың,* же кармашып жатып *өлгөнүң»* (Ч.А.) деген сүйлөмдө антоним сөздөр карама-каршы түшүнүктөрдүн бир мезгилде жашоосун жокко чыгарып, ажыратып жатат. Ал эми «*Эски* менен *жаңынын* бул жердегидей жанаша жашаганын башка эч жерден көрбөсүңүзгө мелдешип койсоңуз болот» (М.Б.Элеттик жигит) деген сүйлөмдө карама-каршы эки сапаттын бир мезгилде катар жашаганын көрсөтүп, бириктирип жатат. Мында абалдын, процесстин, көрүнүштүн, сапаттын, мамиленин карама-каршы жактарынын экөө тең камтылат да, туруктуулук, үзгүлтүксүздүк, өзгөрбөстүк, жалпылык маанилери берилет. Мисалы:

Беделдин *аркы* жагы, *берки* жагы,
Жок экен шол ашууда чөптүн даны
(Ы.Ш. Азган эл).

Бул ырда карама-каршы жактардын айырмасы жок, бирдейлиги, жалпылыгы көрсөтүлүп жатат.

Омор Хайямдын: «*Падыша* бол, *кайырчы* бол баары бир,
Өлүм үчүн бирдей сенин катарың»
деген рубаисинде (эки сап ырында) контексттик антонимдер түшүнүктөрдүн ортосундагы карама-каршылыкты жоюп, аларды бир катарга коюп жатат.

Антонимдер жалпылоочу кош сөздөр катары да колдонулуп, экспрессивдүүлүктү күчөтөт. Мисалы: «Мен *калп-чын* экенин текшергим келди» (М.Б. «Элеттик жигит»). «Карачы тиги карыпты, *жайы-кышы* көрүнгөнгө чаракер» (К.Ж.Каныбек). «*Аркы-беркини* билгендер, Темирболот менен Лизаны сүйгөндөр... жакшылыктан үмүт этишти» (К.Ж.Хан-Теңирлик чабан). «*Улуу-кичүү* кишилердин бардыгын сыйла» (К.Ж.Хан-Теңирлик чабан).

Ысык-Көл, ата-журттун күчүн сынап,

Өзүнчө *өйдө-төмөн* жүрүш кылат.

(А.О.Женишбек)

Карама-каршы көрүнүштөрдүн, касиеттердин, сапаттардын жана башкалардын ырааттуу түрдө кезеги менен алмашып турушун көрсөткөн стилистикалык фигура **алмашуу** болот. Мисалы:

Бакыт жолу бирде *ийри* да, бирде *түз* (А.О.)

Дүйшөндүн карааны *өйдө* бир өтүп, күн батарда *ылдый* бир түшүп турду» (Ч.А.»Биринчи мугалим»). «Кыйырчактын кызыл түлкүсүндөй чубалышып, бир үйдөн *чыгып,* экинчи үйгө *кирип* жок болушат» (Т.С. Батыйна)

Алмашуу жалаң нагыз антонимдерден гана түзүлбөстөн, контексттик антонимдерден да түзүлөт. Мисалы:

Ысык-Көл кээде *тынч* да, кээде *толкун,*
Жарга уруп, жаркылдаткан жаштык отун.

(А.О.Женишбек).

Турмушта карама-каршы көрүнүштөр жана башкалар өз ара бирине бири өтүшүп турат. Мына ушул диалектикалык башталышты (принципти) берүүдө **карама-каршылыктарды окшоштуруу, айландыруу, өз ара аракеттештирүү** сыяктуу стилистикалык фигуралардын ролу абдан чоң. Мисалы

**Жаш карыга айланып,**
Сүйгөндөр сүйүү сагынат (С.Э.)

Аталган фигуралар элдик оозеки чыгармаларда, макал-ылакаптарда кеңири учурайт. Мисалы: *Ачуунун таттуусу* бар, *жумшактын катуусу* бар. *Арыктын семизи* бар, *ачтын тогу* бар. *Улук* болсоң, *кичик* бол.

Жаратылыштын, турмуштун ар кандай көрүнүштөрүндөгү, каармандардын жүрүм-турумундагы жана мүнөзүндөгү олку-солкулукту, туруксуздукту, дайынсыздыкты, күңүрттүктү так, даана сүрөттөп берүүдө **стилистикалык нейтрализациянын** мааниси өтө чоң. Мисалы: «Же *жаманга* кошулбай, же *жакшыга* кошулбай, белгисиз калуудан корком» (Б.Ж.)

Бул фигура ортозаар, эт менен челдин ортосундагы арабөк адамдын образын түзүү үчүн сатиралык чыгармаларда көбүрөөк колдонулат.

Бири-бири менен логикалык жактан сыйышпай турган, бирин бири жокко чыгаруучу түшүнүктөрдү туюнта турган сөздөрдүн айкашы **оксюморон**[1] деп аталат. Мисалы:

*тирүү өлүк, тилдүү дудук, көздүү сокур, жаман жакшы, иттей сонун, арбын туруп аз болуу, түгөл туруп кемүү, эскинин жаңысы, акылдуунун акмагы, чечендин тантыгы, алдуу алсыз* ж.б.

[1] Оксюморон - гр oxymoron деген сөзүнөн Так которгондо "акылы тунук келесоо" деген маанини берет

Мисалы: «Жамандын жолдошу көп, жанына пайдасы жок» дегендей, өздөрү бекерпоз болуп, күндө ичкиликтен өзү чогула калган стакандаш *тирүү өлүк* тааныштары көп болот» («Периштем»). «Ботосун жоготкон боз ингендей мандайында *тирүү өлүк* болуп турган уулуна жете албай сыздап турду, көргөндөрдүн сай-сөөгүн кошо сыздатып» («Кылмыш жана жаза»).

Кээде оксюморон бүтүндөй *сүйлөм* аркылуу да берилет.Мисалы:

Адамга кереги жок көптүн деле,
Жана ага канчалык көп керек нерсе. (О.С.)

Оксюморондун негизги милдети болуп автордун сүрөттөлүп жаткан нерсеге карата жекече мамилесин, баасын билдирүү эсептелет.

Антонимдерди стилистикалык максатта колдонуу жогорудагылар менен эле чектелбеши мүмкүн. Аларды кеңири жана орундуу колдоно билүү кебибизди таасирлүү жана семантикалык жактан бай кылат.

## КЫРГЫЗ ЛЕКСИКАСЫНЫН ТАРЫХЫЙ ЖАКТАН КАЛЫПТАНЫШЫ

Азыркы кыргыз тилинин лексикалык курамы чыгыш теги боюнча ар түрдүү. Ал кыргыз элинин тарыхый өнүгүшү жана материалдык өсүшү менен тике байланыштуу. Кыргыз лексикасынын негизин кыргыз тилинин өзүнүн төл лексикасы түзөт. Бул төл лексиканын катмарына жеке эле кыргыз тилинин өзүнө тиешелүү сөздөр кирбестен, башка тектеш тилдер менен орток болгон сөздөр да кирет.

Ошону менен бирге кыргыздар өзүнүн кыйла кылымдык өнүгүү тарыхында башка элдер менен ар түрдүү экономикалык, саясий жана маданий байланыштарды түзүп келишкен жана ал элдердин тилдеринен көптөгөн сөздөр кирип, кыргыз тилинин лексикасын байыткан. Мына ушинтип, кыргыз лексикасы жалпысынан эки чоң катмардан: 1) **кыргыз тилинин төл лексикасынан** жана 2) **сырттан кирип кирген лексикадан** турат.

Булардын ар бирине жекече токтолобуз.

### Кыргыз тилинин төл лексикасы.

Кыргыз тилинин төл лексикасы өз ара бир нече катмарларды түзөт.

1. Кыргыз тилинин төл лексикасынын эң байыркы катмарына кыргыз тили (ошондой эле башка бардык түрк тилдери) менен **алыскы тектеш** монгол (ал гана эмес тунгус, маньчжур) тилдерине орток болгон сөздөр кирет. Түрк жана монгол тилдеринин ортосундагы мындай лек-

сикалык жалпылык аталган тилдердин түпкү тегинин бир болгонунун натыйжасында пайда болгон. Көп миндеген жылдар мурда азыркы тектеш тилдердин ээлеринин ата-бабалары тыгыз байланышта бирге жашашкан жана бир тилдик жалпылыкты түзүшкөн.

Бул тууралуу академик Б.Я.Владимирцов: «... монгол тили менен түрк жана тунгус тилдеринин теги бир, аны шарттуу түрдө алтай тили[1] деп атоого болот. Алтай тили белгисиз, бирок алтай тилдери, башкача айтканда, алтай тилинин өнүгүш процессинде келип чыккан монгол, түрк жана тунгус тилдери белгилүү[2]» деп жазган.

Мындай лексикага турмуштук эң маанилүү түшүнүктөрдү туюнткан сөздөр кирет. Мисалы: дене мүчөлөрүнүн аттары:

1) Кырг., алт., каз., ж.б. *бел*, түркм., як. *биил* – бур. монг. *бэлхуухэ(н)*, сал. монг. *бел* (тоонун боору).

2) Кырг. *жүрөк*. түркм., өзб. ж.б. *йурэк* – жазм. монг. *жирукен*, бур. монг. *зуурхэ(н)*.

3) Кырг. *мүчө*, каз. *мүше*, түрк. *мүче* = бур. монг. *мүсэ*.

4) Кырг., каз., өзб., түркм. ж.б. *сакал*, башк. һакал = монг. *сахал*, бур. монг. *һахал*.

5) Кырг., алт. *сөөл*, каз. *сүйэл*. өзб. *сүйэл*, түркм. *сиңңил* = монг. *сөөл*.

6) Кырг., алт. *томук*, каз. *тобык*, бай. уйг. *товык*, түрк. *топук* = жазм. монг. *тойиг*.

7) Кырг., каз. ж.б. *кабырга*, түркм. *хапырга* = монг. *хабирга*, бур. монг. *хабирга*.

8) Кырг., каз., өзб. ж.б. *кулак*, түркм. *гулак* = монг. *хулиха*.

9) Кырг. *көкүрөк*, каз. *көкирек* = жазм. монг. *көгүрег*.

10) Кырг., каз., өзб. ж.б. *кыл*, түркм. *гыл* = бур. монг. *хилгааха (н)* монг. *хилгасу(н)*.

11) Кырг., алт. *бөйрөк*, каз. *бүйрек*, өзб. *бүйрэк*, түркм. *бөврек* жазм. монг. *бегере*. бур. монг. *бөөрө*.

12) Кырг. *омуроо*, каз. *омурав* = жазм. монг. *омургу (н)*, аз. монг. *омруу*.

13) Кырг., каз. ж.б. *маңдай*. түркм., өзб. ж.б. *маңлай* = бур. монг. *маңлай*.

14) Кырг. *таман*, каз. *табан*, түркм. *дабан*, азерб. *дабан* = бур. монг. *табгай*.

15) Кырг., алт., орх., каз., өзб. ж.б. *кан*, түркм. *гаан*, як. *хаан*>-

---

[1] Мында "алтай тили" деген термин кеңири мааниде колдонулган

[2] Владимирцов Б.Я. Сравнительная грамматика монгольского письменного языка и халхского наречия. -Л., 1929, 45-бет

*кана-*, *гаана-*, сал. бур. монг. *хана.*

16) Кырг., каз. ж.б. *куйка*, түркм. *говка* = монг.(халх) *хуйха*, бур. *хууха.*

17) Кырг., алт. *чыйкан*, каз. *шыйкан*, түркм., азерб. *чибан* = бур.-монг. *шинха (н).*

18) Кырг., алт. ж.б. *ийин*, түркм. *эгин*, азерб., өзб. *эгин* = жазм. монг. *эгем*, бур. монг. *ээм* ж.б.

Тууган - туушкандыкка байланыштуу терминдер:

1) Кырг., каз. *абысын*, өзб. *авсын* = бур. монг. *абыhан.*

2) Кырг., каз., өзб., алт. ж.б. *ага*, түркм. *аага* = бур. монг. *аха*, монг. (халх) *ахха*, сал. каз., кырг. *агай* = бур. монг. *ахай.*

3) Кырг., каз., түркм. ж.б. *бажа*, бай. уйг. *пажа*, азерб. *бачанаг* =бур. монг. *база.*

4) Кырг., алт. *бөлө*, каз. *бөле* = бур. монг. *булэ.*

5) Кырг. алт. *жээн*, каз. *жиен*, өзб. диал. *жийэн*, бай. уйг. *йэгин.* түрк. *йэгэн*, түркм. *йэген*, жазм. монг. *жиге*, халх. *зээ.*

6) Кырг., алт., каз., өзб., түркм. ж.б. *куда* = бур. монг *худа.*

7) Кырг., каз., өзб., *кайын*, бай. кырг. *кадын*, түркм. *гайын* = бур. монг. *хадам*, монг. дерб. *хадым.*

8) Кырг. *күйөө*, түркм. *гийэv*, каз. *күйэ*, өзб. диал. *күйэгү*, бай. уйг., бай. кырг. *күдэгү*, түркм. *күрекен* = бур. монг. *хурьгэн.*

9) Кырг., алт., каз., өзб., орх., бай. уйг., бай. кырг. *эр*, чув. *ар*, түркм. *эр* = монг. *эре* ж.б.

Эмгек куралдарынын аттары:

1) Кырг., бай. кырг., каз., өзб. ж.б. *балта*, алт. *малта*, түркм. *палта* = бур. монг. *балта*, халх. *балта.*

2) Кырг. *бургу*, каз., түркм. *бургы*, өзб. *бурav* = бур. монг. *бургы.*

3) Кырг. *бүлөө*, түркм. *билеги* =жазм. монг. *билегү*, бур. монг. *бүлүү.*

4) Кырг. *тегирмен*, каз. *дийирмен*, түркм. *дегирмен* = жазм. монг. *тегерме*, бур. монг. *тээрмэ.*

5) Кырг., каз., өзб., түркм. ж.б. *тор* = монг. *тор.*

6) Кырг., алт., каз. ж.б. *капкан*, түркм. *капан* = бур. монг. *хабхаа (н).*

7) Кырг., алт., өзб., түркм. ж.б. *кайчы*, каз. *кайшы* = жазм. монг. *хайичы*, бур. монг. *хайша.*

8) Кырг., каз., алт. *калып*, өзб. *калыб*, түрк. *галып* = бур. монг. *халип.*

9) Кырг., өзб., алт. *көрук*, каз. *көрик*, түркм. *көөрук.* = монг. *хөрөг*, бур. монг. *хөөргэ.*

10) Кырг., өзб., түркм., каз. ж.б. *калкан* = бур. монг. *халха.*

11) Кырг., алт. *күрөк*, өзб., каз., түркм. ж.б. *күрек* = бур. монг. *хүрзэ.*

12) Кырг. *чанаа*, алт. *чанак*, каз. *шана*, түркм. *шаана* = бур. монг. *сана* «лыжа».

**Үй айбандарынын аттары:**

1) Кырг., түркм., өзб., алт., каз. ж.б. *айгыр*, бай. уйг. *адгыр*, хак. (саг) *аскыр*, як. *атыр* = монг. *ажирга*, бур. монг. *азарга.*

2) Кырг., орх., бай. уйг., каз., түркм. ж.б. *бука* = бур. монг. *буха*, монг. *буга.*

3) Кырг. *буура*, бай. уйг., өзб. ж.б. *бугра*, каз. *буvра*, түркм. *бугра* = бур. монг. *буура* ~ *буйра*, жазм. монг. *бугра.*

4) Кырг., түркм., каз. ж.б. *теке*, чув. *таки* = бур. монг. *тэхэ.*

5) Кырг. *бооз*, өзб., түркм. ж.б. *богаз*, каз., тат. *буvаз* = бур. монг. *боод*, халх. *богос.*

6) Кырг. *бото*, каз., түркм., бай. уйг. ж.б. *бота* = бур. монг. *ботого (н).*

7) Кырг., түркм., каз. ж.б. *байтал* = монг. (халк) *байтасун.*

8) Кырг. *музоо*, түркм. *бузаv*, тат. *бозаv*, бай. уйг. *бозагу*, өзб. *бузак* = жазм. монг. *бирагу.*

9) Кырг. *өгүз*, алт. *өгүс*, өзб., тат. *үгез*, каз. *өгиз*, түркм. *өкиз* = жазм. монг. *үкүр*. халх. *үкэр*, бур. монг. *үхэр.*

10) Кырг., каз. ж.б. *серке* = бур. монг. *һэрхэ.*

11) Кырг., алт. *төө*, бай. уйг. *тэбэ*. уйг. *түгэ*, каз. *түйэ*, түркм. *дүйэ*, азерб. *дэвэ*, чув. *тава* = жазм. монг. *темеген*, бур. монг. *тэмээ(н).*

12) Кырг., өзб. *үргачы*, каз. *үргашы*, түркм. *үркачы* = монг. (халх) *үргачи.*

13) Кырг., каз., өзб. ж.б. *кой*, орх., бай. уйг. *коин*, түрк *койун*, түркм. *койн* = жазм. монг. *хонин*, бур. монг. *хони(н)*

14) Кырг., алт. *козу*. каз., өзб. *козы*, түркм. *гузы* = бур. монг. *хурга.*

15) Кырг. *инек*, бай. уйг. *инек*, түркм. *инек*, як. *ынах* = бур. монг. *үнээ (н).*

16) Кырг., каз. ж.б. *эгиз*, түркм., өзб. *экиз* = жазм. монг. *икере*, бур. монг. *эхир*[1].

Албетте, аталган тилдерде бул сөздөрдүн тыбыштык жана маанилик жактарынан анча-мынча айырмачылыктары болушу мыйзам

---

[1] Мисалдар Б.М. Юнусалиевдин "Киргизская лексикология" (Фрунзе, 1959) аттуу эмгегинен алынды, 89-93-беттер

ченемдүү.

Азыркы кыргыз тилинде жалпы түрк жана монгол тилдерине гана эмес, тунгус-маньчжур тилдерине да орток болгон лексиканын бар экендигин көрөбүз. Мисалы: кыргыз жана башка түрк тилдеринде *бука* «бык», монг. *бухa*, маньчж. *буха//буху* «зверь», «олень», *бука* «баран»;

кырг. ж.б. түрк тилдеринде *бол-* «быть, становиться», монг. *бол-* «быть, сделаться, свариться, созреть», маньчж. *бола* - «жарить».

кырг. ж.б. түрк тилдеринде *талаа//дала* «степь», монг. *тала* «долина», маньчж. *тала* «степь, долина»[1].

2) Түрк тилдери чыгыш теги жагынан жана типологиялык белгилери боюнча өз ара **жакын тектеш** тилдердин тобун түзөт. Ошондуктан алар фонетикалык, грамматикалык жактан гана өз ара жакын болбостон, жалпы орток лексикага да ээ болушат. Кыргыз тилинин төл лексикасынын негизин, жогоруда айтылган алыс тектеш тилдерге орток лексика менен бирге, төмөнкүдөй жалпы түрк тилдерине орток лексика да түзөт (бирок ал сөздөр бардык эле түрк тилдеринде тыбыштык жагы бирдей болуп колдонулбайт). Мисалы:

а) *тоо, таш, жер, суу, көл, күн, түн, ай, киши, бала, кыз, уул, келин, эне, ата, апа, ини, баш, аяк, мүйүз, ат, тон, ээр, жук, иш, жол, эл* сыяктуу зат атооч сөздөр бардык түрк тилдерине орток;

б) *бир, эки, үч, төрт, беш, алты, жети, сегиз, тогуз, он, жыйырма, отуз, кырк, элүү, алтымыш, жетимиш, сексен, токсон, жүз, миң* деген сан атооч сөздөр жалпы түрк тилдеринде бар.

в) *мен, сен, ал, бул, сиз, өз* деген ат атоочтор түрк тилдеринин бардыгында колдонулат.

г) *кара, ак, көк, кызыл, жашыл, сары* деген сыяктуу түстүү көрсөтүүчү сын атоочтор да бүт түрк тилдерине тиешелүү;

д) *ал-, бер-, кел-, бар-, кир-, чык-, айт-, тап-* жана башка этиш сөздөрдүн бардыгы дээрлик жалпы түрк тилдери үчүн орток лексика болот.

Келтирилген мисалдар бардык түрк тилдеринин түпкү негизи бир экендигин далилдейт. Азыркы түрк тилдери (кыргыз, казак, өзбек, азербайжан, түркмөн, татар, башкыр ж.б.) бир негиз – тилден пайда болгон.

3. Түрк тилдеринин ичинен **эң жакын тектеш** тил болуп, кыргыз жана алтай (тоолук алтайлыктардын тили) тилдери эсептелет. Алар түрк тилдеринин ичинде өзүнчө к ы р г ы з - к ы п ч а к тобун түзөт. Бул тилдер фонетикалык жана грамматикалык бир топ белгилер боюнча башка түрк тилдеринен айырмаланат. Ошону менен бирге азыркы мезгилде коншулаш казак, өзбек, уйгур тилдеринде жок, бирок кыргыз жана алтай тил-

1 Мисалдар Н.А.Баскаковдун "Введение в тюркских языков" деген китебинен алынды. 120-бет.

дерине гана орток *бачым, кокуйла, чуркура, таң* («билбейм» деген маанide) деген сыяктуу сөздөр бар[1]. Мындан башка да *тебетей, мээлей, жоолук, жуургкан, кур* деген сөздөр казак, өзбек тилдеринен айырмаланып, кыргыз жана алтай тилдеринде бирдей.

Бул сыяктуу фактылар классификациялык тобу бир болгон кыргыз жана алтай тилдеринин эң жакын тектештигин ачык айкын көрсөтүп турат.

4. Кыргыз тилинин төл лексикасынын дагы бир катмары болуп, XV кылымдын экинчи жарымынан тартып, кыргыздардын азыркы жашап турган аймагында эл катары калыптанган мезгилинен[2] бүгүнкү күнгө чейин, кыргыз тилинин ички өнүгүү процессинин натыйжасында, өз бетинче пайда болгон сөздөрү эсептелет. Мындай сөздөрдү **нагыз кыргыз тилинин төл сөздөрү** деп атасак болот. Мисалы:

> *ийгилик, ийгиликтүү, жыйынтык, жыйынтыктоо, жыйналыш, кеңешме, жетекчи, жетекчилик, өндүрүү, өндүрүш, тоолуу, тоолук* ж.б.

Нагыз кыргыз тилине тиешелүү сөздөрдү жасоого жалаң гана кыргыздын мурдатан келаткан тилдик төл каражаттары эле кызмат кылбастан, ошондой эле башка тилдерден өздөштүрүлгөн сөз жасоо элементтери (уңгулар, мүчөлөр) да база боло алат. Анткени башка тилден өздөштүрүлгөн тилдик каражаттардан кыргыз тилинин сөз жасоо мыйзамченемине ылайыкталып сөздөр жасалган жана жасалып да жатат. Мисалы: *азар түмөн* (ир.-кырг.), *ак уруу* (ар.-кырг.), *ала көөдөн* (кырг.-ир.), *алабарман* (кырг.-ир.), *алдакандай* (ар.-кырг.), *алданеме* (ар.-кырг.), *анткор* (кырг.-ир.), *аңги суу* (ир.-кырг.), *абтабачы*(ир.-кырг.), *асанкайгы* (ар.-кырг.), *арбайы сууж* (ар.-кырг.), *аттарчы* (ар.-кырг.), *ашкана* (кырг.-ир.), *ашлампу* (кырг.-кыт.), *ашпоз* (кырг.-ир.), *аштымкана* (кырг.-ир.), *байбача* (кырг.-ир.), *байкери* (кырг.-ир.), *баяналуу* (ир.-кырг.), *бейбаш* (ир.-кырг.), *бейсакал* (ир.-кырг.), *боорукер* (кырг.-ир.), *даекчи* (ир.-кырг.), *дене кул* (ир.-кырг.), *жабырка* (ар.-кырг.), *жалакор* (кырг.-ир.), *жарадар* (кырг.-ир.), *жарнама* (кырг.-ир.), *жат жазуу* (ир.-кырг.), *жерпайы* (кырг.-ир.), *кадыр түн* (ар.-кырг.), *кайберен* (ар.-кырг.), *камбар ата* (ар.-кырг.), *кан заада* (кырг.-ир.), *кертбаш* (ир.-кырг.), *көйкашка* (ир.-кырг.), *көйбаатыр* (ир.-кырг.), *көйкулук* (ир.-кырг.), *көр байге* (ир.-кырг.), *кубаар заң* (кырг.-ир.), *кыз бурак* (кырг.-ир.), *кырк чилтен* (кырг.-ир.) ж.б.

Мисалдардан көрүнгөндөй, жогоруда келтирилген сөздөр тилибизге алда канча мурда кирген араб, иран сөз жасоо элементтеринин кошулушунан морфологиялык жана синтаксистик жолдор аркылуу жасалган. Бул процесс кыргыз жазма адабий тилинин түзүлүшү менен андан ары уланты-

---

[1] Юнусалиев Б.М., Киргизская лексикология, 207-бет

[2] История Кыргызстана с древнейших времен до конца XIX века - Бишкек: 1996, 197-бет

лып, дагы көптөгөн жаңы сөздөр жасалууда. Мында кыргыз тилинин, ошондой эле иран, араб тилдеринин сөз жасоо каражаттары менен бирге орус тилинен жана орус тили аркылуу кирген сөз жасоо каражаттары да активдүү кызмат аткарууда. Мисалы:

> *адистештирүү, менчиктештирүү, кыймылдаткыч, муздаткыч, автоматташтыр, автоматташтыруу, райондоштуруу, компьютерлештирүү, электрлештирүү, традициялуу, традициялуулук, тракторчу, тракторчулук, тракторлоштуруу, транспорттоо, транспорттук, транспортчу* ж.б.

Бул сыяктуу сөздөрдүн айрымдары башка түрк тилдеринде, өзгөчө коңшулаш өзбек, казак, уйгур ж.б. тилдерде, бири-бирине окшош болуп калышы да ыктымал. Бирок мындай көрүнүштөр кыргыз тилиндеги жогорку сөздөрдүн жасалышынын өз бетинчелигин жокко чыгарбайт. Жөн гана ал элдердин жашоо тиричилигинин, коомдук саясий турмушунун, чарбачылыгынын жалпылыгы жана тилдеринин сөз жасоо моделдеринин окшоштугу менен түшүндүрүлөт.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз тилинин төл лексикасын жеке гана нагыз кыргыз тилине тиешелүү сөздөр түзбөстөн, эң жакын тектеш кыргыз-кыпчак тобуна, жакын тектеш түрк тилдерине жана алыскы тектеш алтай тилдеринин бутагына кирүүчү монгол, тунгус-маньчжур тилдерине орток болгон сөздөр да түзөт.

## Кыргыз тилиндеги сырттан кирген сөздөр

Кыргыз эли өзүнүн өнүгүү тарыхында көп элдер менен ар кандай (аймактык, саясий, экономикалык, маданий) карым-катнашта болуп келген. Ошонун натыйжасында кыргыз лексикасына башка элдердин тилдеринен көп сөздөр келип кирди.

Бир тилден экинчи тилге сөздөр эки түрдүү жол менен – оозеки түрдө жана жазуу аркылуу кирет. Элдердин ортосундагы оозеки катнашуунун натыйжасында бир тилден экинчи тилге кирген сөздөр башка тилдик чөйрөгө келгенде фонетикалык жактан өзгөрүүгө дуушар болот. Башкача айтканда, сырттан кирген сөздөр кабыл алган тилдин фонетикалык законуна ылайыкталат. Алсак, иран тилдеринен кирген *соода* (таж. *савдо*), *баа* (таж. *бахо*), *өнөр* (таж. *хунар*), *шаар* (таж. *шахр*), араб тилинен кирген *сапат* (ар. *сифат*), *оокат* (ар *акват*), *мектеп* (ар *мактаб*), *текебер* (ар. *такабур*), *жооп* (ар. *жабаб*), *жыныс* (ар *жинс*), революцияга чейин орус тилинен кирген *самоор* (ор. *самовар*), *сот* (ор.-*суд*), *чиркөө* (ор. *церковь*), *каамыт* (ор. *хомут*), *чыт* (ор *ситец*), *абак*

(ор. *гауптавахта*), *абиенчик* (ор. *объздчик*), *атбекет* (ор. *адвокат*), *бош-тоо* (ор. *почта*), *боштообай* (ор. *почтовой*), *ашмушке* (ор. *осьмушка*), *биргөбөр* (ор. *приговор*) ж.б. сөздөр, жогоруда айтылгандай, кыргыз лексикасына тыбыштык түрүн өзгөртүү аркылуу өткөн. Ошондой эле бир тилден экинчи тилге сөздөр оозеки түрдө өткөн учурда маанилик жактан да өзгөрүүгө дуушар болуп, семантикасы кеңип, же тарып кириши мүмкүн.

Мисалы, орус тилиндеги эски административдик-аймактык бөлүнүштү билгизген *волость* деген сөз кыргыз тилине *болуш* болуп кирип, орус тилиндеги маанини билгизүү менен бирге ошол «болушту башкаруучу мансап адамы» деген мааниге да ээ болгон. Орус тилиндеги *уезд* деген сөз да кыргыз тилине *оёз//уйөз* түрүндө өтүп, жогоркудай эле семантикалык кеңейүүгө дуушар болгон. Анын тескерисинче, кыргыз тилиндеги *амиркен//амыркен* деген сөз орустун *американский* деген кең маанидеги сөзүнөн алынып, *амиркен маасы* деген сөз тизмегинде «лакталган булгаарыдан тигилген маасы» маанисинде гана колдонулуп, семантикалык жактан тарыган. *Болускей* деген сөз да орустун *польский* (польское серебро) деген сөзүнөн алынып, *болускей самоор* болуп, «дат баспаган ак металлдан жасалган самоор» маанисинде гана колдонулат.

Ал эми жазма адабият аркылуу келип кирген сөздөр фонетикалык жактан анчалык өзгөрүүгө учурай бербейт. Атап айтканда, кыргыздын жазма адабий тили түзүлгөндөн кийинки мезгилде орус тилинен кыргыз тилине кирген сөздөр орус тилинде кандай айтылып, кандай жазылган болсо, ошол калыбында дээрлик өздөштүрүлүүдө.

Ошондой эле, сөздөр бир тилден экинчи тилге тике кириши да жана башка тилдер аркылуу кириши да мүмкүн. Мисалы, азыркы кыргыз тилине *пароход, паровоз, самолет, луноход, совет, совхоз, комсомол, рабфак, вуз, сеялка, спутник, миноносец, обой, варенье, голубцы, антоновка* деген сыяктуу орус сөздөрү тике кирсе, ошол эле орус тили аркылуу эң көп илимий-техникалык, коомдук-саясий, спорттук, согуштук, искусствого ж.б. байланыштуу терминдер башка тилдерден кирген.

Мисалы:

> грек тилинен *грамматика, фонетика, лексикология, комедия, базис, галактика, металл;* латын тилинен *аудитория, декан, каникул, экзамен, цемент, арена, цирк, глобус, автор, депутат, акция;* немец тилинен *атака, командир, лагерь, штаб, бухгалтер, процент, галстук, шляпа;* англис тилинен *биржа, вокзал, троллейбус, трамвай, лидер, митинг, парламент, баскетбол, спортсмен, футбол, финиш, хоккей, лифт, бифштекс;* француз тилинен *батальон, гар*

*низон, эскадра, агрессия, ассамблея, пальто, актер, жонглер, пьеса, режиссер;* италян тилинен *тенор, опера, ария, бас, флейта, дует, кантата, балкон* ж.б.

Араб сөздөрү да кыргыз тилине негизинен түрк жана иран тилдеринде сүйлөгөн коңшу элдердин тилдери аркылуу келип кирген. Аралык тилдер аркылуу кабыл алынган сөздөр бир тил аркылуу да же бир нече аралык тилдер аркылуу да кириши мүмкүн. Сөздөр бир тилден экинчи тилге ар башка аралык тилдер аркылуу да өтө берет. Маселен, грек тилинен кыргыз тилине сөздөр негизинен европалык тилдер, атап айтканда, орус тили аркылуу келип кирген болсо, *калем, калемпир, апийим* деген грек сөздөрү чыгыш элдеринин – тажик, өзбек тилдери аркылуу кирген[1]. Кээ бир сөздөр бир тилден экинчи тилге өтүп, бир канча мезгилден кийин мурунку тил ал сөздөрдү кайра кабыл алган учурлар да болот. Мисалы, түрк тилдеринен орус тилине кирген *батрак, барабан, атаман, караул, карандаш, лапша, стакан, товар, чабан* деген сыяктуу сөздөр кыргыз тилине орус тилинен кайра кирди

Кыргыз тилинин лексикалык курамында монгол, иран, орус тилдеринен кирген көп сөздөр бар. Мындан башка бирин-эки санскрит, кытай, тибет жана башка тилдерге тиешелүү сөздөрдү да учуратабыз.

## Монгол тилдеринен кирген сөздөр.

Жалпы түрк жана монгол тилдеринин генетикалык тектештигине байланыштуу болгон орток лексикадан башка да кыргыз тилинин сөздүк курамында монгол тилдеринен келип кирген сөздөрдүн бар экендигин көрөбүз. Мындай сөздөргө мисал кылып, *алтын, аяк, аймак, бараан, туулга, канчык, шыраалжын, талкуу, унаа, келегей, салаа, канжыга, сонун, каалга, белен, топчу, керээз, кылжыр, таар, босого, кыргоол, кулан, дарга* жана башкаларды көрсөтүүгө болот. Бул сөздөр түрк жана монгол тилдери өз бет алдынча айрым-айрым тилдерге бөлүнүп кеткен мезгилден кийин, ал тилдердин ээлеринин ортосунда болгон ар кандай тарыхый байланыштардын натыйжасында келип кирген. Мындай сөздөрдү орток лексикадан айырмалоочу белги катары алардын көпчүлүгүнүн монгол тилинде туунду сөздөр экендиги жана аларды түзүүчү элементтердин түрк тилдеринде жоктугу эсептелет[2].

Кыргыз тилиндеги монгол сөздөрүнүн кирүү мезгилин, ордун аныктоо кыргыз тил илиминде али чечиле элек талаш маселелерден. Акаде-

[1]Ю д а х и н К К Кыргызча-орусча сөздүк -М ,1965 61, 331-беттер

[2]Юнусалиев Б М , Киргизская лексикология, 209-219-беттер, С Сыдыков К изучению тюрко-монгольских лексических параллелей -Материалы по общей тюркологии и дунгановедению Фрунзе, 1964, 12-25-беттер

мик И.А.Батманов кыргыз тилине монгол лексикасы үч мезгилде: 1) кыргыздар менен монголдордун ата-бабаларынын Алтайдагы байланыш мезгилинде; 2) XIII кылымдагы монголдордун кыймылынын мезгилинде; 3) кыргыздардын ойроттор менен жана жети-суулук калмактар менен болгон өз ара катнашынын мезгилинде жана эки түрдүү жол менен: а) кыргыздар менен монголдордун (же алардын ата-бабаларынын) тике оозеки катнашуусунун натыйжасында, б) башка тилдер аркылуу келип кирген деп көрсөтөт[1]. Ал эми академик Б.М.Юнусалиев «Кыргыз лексикологиясында» жогоруда мисалга келтирилген монгол сөздөрүнөн *керээз, топчу, кылжыр, таар, сонун, каалга, келегей, белен* сыяктуулардын алтай жана кыргыз тилдеринен башка түрк тилдеринде, ошонун ичинде азыркы мезгилде кыргыз тили менен тыгыз байланышта болгон уйгур, өзбек жана казак тилдеринде да жок экендигин негизге алып, байыркы кыргыз жана монгол тобундагы тилдерге гана орток болгон мындай лексика бул тилдердин ээлеринин ортосунда болгон тилдик катыштын натыйжасында, азыркы кыргыздардын ата бабалары Теңир-Тоого (Тянь-Шанга) оошуп келүүдөн алда канча мурда Монголияга жана Бурятияга жакын жашап турган мезгилде келип кирген болуу керек деген жыйынтыкка келет да, калган бардык божомолдорду, ошонун ичинде XII-XIII кылымдагы монголдордун басып алган мезгилинде Орто Азиядагы түрк тилинде сүйлөгөн элдерге сиңип кеткен монгол уруулары аркылуу кириши жөнүндөгү мүмкүнчүлүктү да жокко чыгарат. Андай болбогондо этностук курамына монгол тилинде сүйлөгөн кыйла уруулар кирген казактарда да, өзбектерде да жогорудагы аталган сөздөрдүн болушу тийиш эле деп көрсөтөт[2]. Бирок кийин чыккан «Кыргыз тилинин тарыхы боюнча пикирлер» деген макаласында аталган сөздөрдүн ичинен *белен, сонун, сонурка, каалга* жана башкаларды гана байыркы кыргыз доорунда (болжолу, мезгил жагынан биздин заманга чейинки II кылымдын акырынан биздин жыл эсептөөнүн сегиз-тогуз кылымын ичине алат) монгол тилдеринен тува, хакас жана алтай тилдери менен бирге кабыл алган сөздөр дейт да[3], *темене, шибеге, топчу, таар, керээз, салаа, унаа, келегей* жана башка сөздөрдү орто кыргыз доорунда (X кылымдан XV кылымга чейин) кыргыз-алтай жалпылык мезгилинде кирген деп белгилейт[4].

Биздин пикирибизче, XIII-XV кылымдарда, монголдордун басып алуу мезгилинде, түрк урууларынын ичине сиңип кетип, башка түрк эл-

---

[1] Б а т м а н о в И.А., Пути развития и источники формирования киргизского языка - Известия Кирг ФАН СССР, вып VIII Фрунзе, 1947, 59-60-беттер

[2] Юнусалиев Б М , Киргизская лексикология, 216-бет

[3] Юнусалиев Б М , Заметки по истории кир, изского языка -Очерки граматики и лексики киргизского языка Фрунзе, 1965 10-11-беттер

[4] Ошондой эле, 11-13 -беттер

дери сыяктуу эле «кыргыз элинин түзүлүшүндө составдык компоненттердин бири болгон»[1] тяньшандык монголдордон да кыргыз тилине сөздөр кирбей калбаган болуу керек. Ошондой эле XVII кылымдын башынан тартып XVIII кылымдын орто ченине чейин бир жарым кылымга созулган калмактар менен кыргыздардын ортосундагы согуштук кагылышуулар да кыргыз тилинин лексикасында изсиз калбашы мүмкүн.

Кыскасы, бул маселе али чечиле элек, атайын кеңири изилдөөнү талап кылуучу татаал маселе болуп эсептелет.

## Иран тилдеринен кирген сөздөр

Кыргыз тилине иран жана араб сөздөрүнүн кабыл алынышы негизинен кыргыздардын Теңир-Тоого (Тянь-Шаньга) келген мезгилинен тартып башталган. Бирок иран тобундагы тилдерден тике же уйгур тили аркылуу кирген айрым сөздөр кыргыз тилинин сөздүк курамында Саян-Алтай доорунда эле болушу мүмкүн деген пикирлер да бар[2].

Айрым кыргыз урууларынын жана уруктарынын Фергана өрөөнүнүн чегине, Памирге жана Гисарга өткөн мезгилинен, башкача айтканда, XVI кылымдын башынан тартып, иран тилдеринен кыргыз лексикасына өткөн сөздөр көбөйө баштайт. Бул жерде кыргыздар иран тилдеринде сүйлөгөн элдердин бири болгон тажиктер менен тикеден тике байланыш катышта болот[3].

Иран сөздөрү кыргыз тилине ар кандай жолдор менен кирген: а) кыргыздардын тажиктер менен тикеден тике катнашынын натыйжасында, б) Орто Азиянын башка элдери (өзбектер, уйгурлар) аркылуу, в) анча-мынчасы мурдагы сабаттуу адамдар аркылуу фарсча китептерден да өтүшү мүмкүн. Кээ бирлери согдий, а балким, тохар лексикасынан калган калдык түрүндө болушу да мүмкүн[4].

Иран тилдеринен кирген сөздөрдү колдонулуш чөйрөсүнө карай төмөнкүдөй топторго бөлүштүрүп кароого болот:

1) соода-сатыкка байланыштуу сөздөр: *соода, баа, арзан, майда, тараза, пул, нарк, базар, пайда* ж.б.;

2) бакчылыкка байланыштуу сөздөр: *бак, дарак, тыт, мөмө, шабдалы, анар, анжыр, мейиз, данек, алмурут, мисте, долоно, бадам, алча* ж.б.;

3) бакчачылыкка байланыштуу сөздөр: *дарбыз, бадыраң, пияз, са-*

[1] История Киргизии, т. I - Фрунзе 1963, 73-бет
[2] Юнусалиев Б.М., Киргизская лексикология, 220-бет
[3] Юнусалиев Б.М., Киргизская лексикология, 221- бет
[4] Дыйканов К., Имя существительное в киргизском языке -Фрунзе 1955, 33-бет

*биз, шалгам, турп, анделек* ж.б.;

4) эгинчиликке жана техникалык өсүмдүктөргө байланыштуу сөздөр: *дан, пахта, жүгөрү, күрүч, зыгыр, мурч, кенеп, беде, кырман, амбар* ж.б.;

5) үй курулушуна байланыштуу сөздөр: *терезе, ылай, шып, устун, тактай, мык, дубал, чатыр, керней, айван, аспап, астана, балакана, далис, мор, пайдубал, сарай* ж.б.;

6) адамдардын кесибин, кызматын, тууган туушкандыгын билгизүүчү сөздөр: *уста, зергер, багбан, соодагер, мурап, мүнүшкөр, чабандес, акын, апыз, наабай, мейман, баба, бүбү, небере, перзент* ж.б.;

7) жаныбарлардын жана мифтик жандыктардын аттары: *маймыл, жөжө, короз, мекиян, илегилек, келемиш, кептер, ажыдаар, бактек, булбул, кене, тоту* ж.б.;

8) дене бөлүктөрүнүн аттары: *дене, көөдөн, кал* ж.б.

9) куралдардын, үй буюмдарынын, кийим-кечелердин, нерселердин аттары: *кетмен, дүкөрт, тапанча, замбирек, канжар, дутар, паранжы, парда, шейшеп, дасторкон, чынжыр, дептер, кулпу, сыя, күкүрт, отошкүрөк, байтеше, бейкосом, бокчо, болот, даңдыр, казан, калбыр, кашык, килем, куржун, маасы, манат* ж.б.;

10) убакытка, мезгилге байланыштуу сөздөр *ишемби, жекшемби, дүйшөмбү, шейшемби, бейшемби, чилде, бешим, апта, куптан* ж.б ;

11) оору жана дары-дармектердин аттары: *дарт, шал, дары, апийим, заар, көкнар, мумия, дарыгер, чардары* ж.б.;

12) тамак-аш аттары: *шир0гүрүч, мастава, палоо, чүчпара, кебеп* ж.б.;

13) табият көрүнүштөрүнүн аттары: *асман, дарыя, сел, баар* ж.б.;

14) динге байланыштуу сөздөр: *багымдат, бут, буткана, жайнамаз, кожо, мурут, кудай, муңкур-нанкир, намаз, орозо, пайгамбар, парбадигер, пери, периште, тозок* ж.б ;

15) абстрактуу маанидеги сөздөр. *чарба, дыйкан, өнөр, наам, мээр, бак-бакыт, бакты, дарман, эреже, кеп, док, душман, мас, арман, даанышман* ж.б.;

16) сын атооч, тактоочтордон: *ноочо, назик, майин, серт, таза, тез, чанда, чарчы, чогоол, шайкеш, ширин, шок* ж.б.

## Араб тилинен кирген сөздөр

Кыргыз элинин Борбордук Тянь-Шанга оошуп келиши менен коңшу элдер аркылуу ислам дини кыргыздар арасына да тарай баштайт. Кыргыз элинин ислам динин кабыл алышы кыргыз тилинин лекси-

касына араб сөздөрүнүн киришине себепчи болот.

Иран сөздөрүнүн айрымдары кыргыз тилине тажиктерден тике кирген болсо, мындан айырмаланып, араб сөздөрү кыргыз тилине коңшу тажик, өзбек, уйгур, татар тилдери аркылуу гана келип кирген, себеби кыргыздар арабдар менен эч качан тике байланышта болгон эмес. Арабдар Орто Азияны басып алып, анда үстөмдүк кылып турган мезгил, болжол менен VIII-X кылымдарга туура келет. Кыргыз тилиндеги ар бир араб сөзү, сөзсүз бардык башка орто азиялык тилдерде кезигет[1]. Мындан башка да, кээ бир *амалкөй, кадырман, акылман, жоопкер, айыпкер, мээнеткеч, аракеч, арабакеч, кусадар, илимпоз, адамзат, асылзат, аялзат, аялмет, ажайыпкана, ажааткана* деген сыяктуу сөздөр кыргыз тилине ушул формасында даяр бойдон келип кирген. Ал эми бул сөздөрдүн уңгулары араб сөздөрү болуп эсептелет да, *-көй, -ман, -кер, -кеч, -дар, -поз, -зат, -мет, -кана* деген мүчөлөрү иран тилдерине тиешелүү. Демек, бул араб сөздөрү кыргыз тилине тике кирбестен, коңшу элдердин тилдери аркылуу келип киргендигин көрсөтөт[2].

Араб тилинен кыргыз тилине кирген сөздөрдүн көпчүлүгү динге байланыштуу сөздөр болуп эсептелет. Мисалы:

> *дин, калпа, имам, айт, дооран, садага, куран, бата, келме, дуба, жаназа, битир, шайтан, сыйкыр, жин, арбак, ажы, азан, акырет, алла, даарат, ислам, жаннат, зыярат, кыбыла, кыямат, медресе, мечит, молдо* ж.б.

70 жыл чамалуу мезгил ичиндеги атеисттик идеологиянын кесепетинен диндик түшүнүктөр турмушубуздан четтеп, бул түшүнүктөрдү туюнткан сөздөр да сейрек колдонулуп, тилибиздин пассивдүү сөздүк курамына өтүп бара жаткан эле. Азыркы кезде динге карата мамилебиз түп тамырынан өзгөрүлүп, диндик каада-салттардын кайра калыбына келе баштапшы тилибиздеги диндик лексиканын да жанданышына өбөлгө түзүүдө.

Диндик түшүнүктөргө байланышкан сөздөрдөн башка тилибизде кеңири колдонулган төмөнкүдөй араб сөздөрүн көрсөтүүгө болот:

1) абстрактуу түшүнүктөрдү туюнткан сөздөр: *айла, абал, акыйкат, алек, азап, аалам, адат, адеп, адал, адилет, ажат, айып, акыл, аманат, апаат, аракет, балаа, баам, дүйнө, далил, далалат, даража, зээн, кайрат, кубат, касиет, кабар, куса, калп, максат, медет, маселе, маданият, сабыр, тартип, тарбия, тарых, табият, талап, шарт, убайым, убада, укук, урмат, ылаажы, ыклас, ынтымак, ынтызар, ыктымал, ызаа, ыктыяр* ж.б.;

---

[1] Юнусалиев Б.М., Киргизская лексикология 226-230-беттер

[2] Дыйканов К., Имя существительное в киргизском языке 33-б

2) илим-билимге, маданиятка байланыштуу түшүнүктөрдү туюнткан сөздөр: *алиппе, арип, адабият, барак, дарс, жадыбал, илим, кагаз, кат, китеп, мектеп, мугалим, макала, нуска, сабат, сабак, санжыра, сүрөт, таалим, тажрыйба* ж.б.;

3) буюмдардын, нерселердин, табият көрүнүштөрүнүн аттарын билгизген сөздөр *аба, аспап, атыр, набат, шекер, кант, супура, саат, седеп, шам, шамал, халба, доол, жылаажын, зат, зилзала, мухит, табак, себет* ж.б ;

4) коомдук-саясий түшүнүктөргө байланыштуу сөздөр: *мамлекет, мекеме, милдет, арыз, коом, саясат, укук, казана, аскер, жамаат, жумурият, мыйзам, мажлис, ооруk, өкмөт, өкүм, султан, так, увазир* ж.б.;

5) адамдардын кесибин, социалдык абалын, тууган-туушкандык катышын билгизген сөздөр: *касап, өкүл, табып, кызмат, кембагал, кесип, зайып, дамбылда, букара, аким, аалым* ж.б.;

6) жан-жаныбарлардын, курт-кумурскалардын аттарын билгизген сөздөр: *пил, тоос (павлин), айбан, айбанат, саратан, мите* ж.б.;

7) дене бөлүктөрүнүн аттары: *алкым, кулкун* ж.б.;

8) мезгилге, мейкиндикке байланышкан сөздөр: *убакыт, жума, тарап, дигер, мөөнөт, кылым* ж.б.;

9) сын атооч, тактооч сөздөрдөн: *ажайып, азамат, алмустак, бекем, дайым, мажирөө, текебер* ж.б.;

Азыркы кыргыз тилинин лексикалык курамында минге жакын араб сөздөрү бар[1]. Булардын бардыгы кыргыз тилинин грамматикалык закондоруна, фонетикалык нормасына ылайыкталып кабыл алынган.

Кыргыз тилинин сөздүк курамында жогоруда айтылган монгол, иран, араб сөздөрүнөн бөлөк да башка чыгыш элдеринин тилдеринен коншу элдердин тилдери аркылуу, дунгандардан тике эле келип кирген көп сөздөр кезигет. Алсак, санскриттен *арашан, бакшы, бодо,* тибет тилинен *ылама (лама),* кытай тилинен *доотай, жамбы, жиң, канжа, улуу* («ажыдаар» — он эки жылдык айбанат циклиндеги жылдын бешинчи айы), *шаң* (даңаза), *шаңыя, жусай, дуудун* (жибек кездеме), *дуудуу* (провинциянын начальниги, генерал-губернатор), *жаңжуң, жармак* (кытайдын ортосу тешик тыйыны), *жады* (чөп, саман туурагыч курал), *жоозы* (тамак коюла турган жапыз үстөл), дунган тилинен *кокозо, чанжы, момо, ылаңман, фунчоза* ж.б. сөздөрдүн киргендиги буга мисал боло алат.

---

[1] Акылбекова З., Об арабских заимствованиях в киргизском языке Материалы по общей тюркологии и дунгановедению -Фрунзе Илим, 1964, 38-бет

## Орус тилинен кирген сөздөр

Орус сөздөрүнүн кыргыз лексикасына өтүшү Октябрь революциясынан алда канча мурун эле, XIX кылымдын элүүнчү жылдарында, кыргыздар Орусиянын карамагына өткөн мезгилден тартып кире баштаган. Ал процесс узакка созулуп, анын башаты XVIII кылымдын акыркы чейрегинде Атаке бийдин демилгеси менен Чүй өрөөнүндөгү сарыбагыш кыргыздарынын Санк-Петербургта, Екатерина IIге өздөрүн колдоого алууну өтүнүп, элчилик жиберген мезгилден башталат. XIX кылымдын алгачкы отуз жылы ичинде кокондук агрессиянын түздөн-түз коркунучунан улам кыргыздар кайрадан Орусияга колдоого алуусун өтүнүп бир нече жолу кайрылышат. Бирок Кокон кандыгы озунуп аракеттенип, кыргыздар ага убактылуу баш ийип берүүгө аргасыз болушат.

Ошондой эле Циндик Кытай кыргыздар үчүн олуттуу коркунуч туудурган. Цинь эмиссарлары Ысык-Көлгө келишип, Кытай үстөмдүгүн орнотууга катуу аракет жасашкан.

Кыргыз урууларынын ортосундагы кандуу кагылыштар да элди оор бүлгүнгө учураткан. Ушундай кыйын кырдаалда кандайдыр бир күч-кубаттуу жана калыс колдоочу зарыл керек болду. Мындай колдоочу жалгыз гана Орусия мамлекети болчу[1].

Кыргызстандын Орусияга кошулуш процесси (1855-жылдан 1876-жылга чейин) жалпы жонунан баалай келгенде узакка гана созулбастан, карама-каршылыктуу, бир мааниде эмес, жана татаал болгон. Демилге адегенде, XVIII жүз жылдыкта эле, кыргыздар тарабынан башталып, алар Орусияга өздөрүн колдоого жана букаралыкка алууну өтүнүшүп, бир нече ирет элчилик жиберишкен. Кийин Орусия да Кыргызстанга соода жолу катары экономикалык жана стратегиялык пункт катары саясий жактан кызыга баштаган.

Кыргыз урууларынын Орусияга кошулуу процесси алгачкы учурларда тынчтык жол менен жүрүп, алар өз ыктыярлары менен биринин артынан бири Орусия букаралыгын алуу жөнүндө ант беришип, Кокон хандыгынын эзүүсүнө каршы көтөрүлүшкө чыгышып, орус аскерлерин жардамга чакырып жатышкан. Түндүк Кыргызстандын Орусияга кошулушу негизинен мына ушундайча болгон.

Түштүктө кырдаал башкача түзүлдү. Бул жакта кыргыздар биринчилерден болуп хандын эзүүсүнө каршы көтөрүлгөндө алар түркстандык бийликтерге өздөрүнүн элчилерин жана каттарын жиберишип, хандык

[1] Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы: Советтик доорго чейинки мезгил -Бишкек, Илим, КИ "Табылга", 1993, 125-126-беттер

эзүүдөн кутулууга жардам берүү жөнүндө өтүнүчтөр менен кайрылышкан. Орусиялык бийликтер болсо, Кокон менен түзүлгөн келишимге ылайык, хандык бийликти колдошкон. Көтөрүлүшкө чыккан кыргыздар менен болгон күрөштүн жүрүшүндө Кокон хандыгынын мурдагы аймагы бүт бойдон иш жүзүндө орустун куралынын күчү менен каратылып алынып, Орусияга кошулган.

Ошентип, Түштүк Кыргызстан Орусия тарабынан басып алынган[1].

Кыргызстандын Орусияга кошулушу менен, биринчиден, саясий жактан Кыргызстандын өзүнөн көбүрөөк артта калган коңшулаш чыгыш мамлекеттери жана Британ империясы тарабынан кулга айландыруу коркунучу жоюлган; экинчиден, кыргыз элинин чарбалык жана маданий жактан өнүп-өсүшүнө тескери таасир тийгизип жаткан кыргыздардын өздөрүнүн арасындагы феодалдык уруу, уруктук ички чыр-чатактар, касташуулар, урушттар токтотулган; үчүнчүдөн, Кыргызстанда кулчулук деген жок кылынып, кул сатуу токтотулуп, Кыргызстанга Орусия империясынын жалпы мыйзамдары таркатылды. Жаңы административдик-аймактык бөлүштүрүү патриархалдык, урук-уруулук тушоолордон кутулуудагы алгачкы кадам болду.

Экономикалык жактан Кыргызстан чыгыштын орто азиялык хандыктарына жана феодалдык коңшулаш мамлекеттерине караганда экономикалык өнүгүшү бир кыйла жогорку деңгээлде турган капиталисттик мамлекеттердин экономикалык процесстерине тартылды.

Кыргыз көчмөндөрүнүн, жарым көчмөндөрүнүн арасында отурукташууга өтүү күч алды. Акырындык менен көчүрүлүп келгендердин жана жергиликтүү калктын чарбачылыгында капиталисттик уклад түзүлө баштады. Көчүрүлүп келген орус дыйкандарынын таасири менен чарбачылык турмушунда дыйканчылыктын ролу итабар жогорулады, ал өзгөчө кедей кембагалдардын арасында бир кыйла кеңири тарады.

Орусияда капитализмдин өнүгүшү Кыргызстандын да экономикасынын жанданышына, өндүргүч күчтөрүнүн өсүшүнө, натуралдык жана жарым натуралдык чарбанын негизинин бузулушуна, товардык-акча мамилелеринин өркүндөшүнө таасирин тийгизди.

Акырында, маданий жактан алганда орус жана чет элдик окумуштуулар тарабынан Кыргызстандын тарыхын, анын жерин, жаратылышын, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүн изилдөө иштери күч алды. Маданияттардын өз ара карым-катнашы кыргыз элинин менталитетине жакшы таасир тийгизди, орус маданияты аркылуу дүйнө кыргыз эли жөнүндө биле баштады[2].

---

[1] Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы 151-152-беттер

[2] Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы 152-154 -беттер

Орусияга кошулгандан кийинки жылдарда кыргыз турмушуна сиңе баштаган жаңылыктарга, административдик түзүлүшкө, экономикалык жана маданий жактан болгон түрдүү өзгөрүүлөргө карата кыргыз тилинин лексикалык курамы орус тилинин таасири астында байып, жаңы сөз каражаттары менен толуктала баштады.

Революциядан мурдагы мезгилде орус тилинен келип кирген сөздөрдү тематикалык жактан төмөндөгүдөй топторго бөлүп көрсөтсөк болот:

1) административдик-мамлекеттик башкарууга байланыштуу сөздөр: *болуш, оез//үйөз//үйез, ыстарчын//старчын, гүбүрнадыр//губернатор, жандарм, кинез* (князь), *сот, судья, закун//закон, сыйаз//съезд, полицей, адбакет//адвокат, кемессия, партия, облус, учаске, бристап/пристав, дума, бесир* (писарь), *түрмө, абак//набакты//навак* (гаупвахт), *биргөбөр//приговор, кеңсалар//кеңселер* (канцелярия) ж.б.;

2) согуш ишине байланыштуу сөздөр: *салдат//солдат, жандарал//жандыраалы* (генерал), *майыр* (майор), *войсковой старчын, керенеч* (карнач - кароол начальниги), *отряд, чен* (чин), *бардаңке* (берданка), *бистон* (пистон) ж.б ;

3) Иш кагаздарына байланыштуу сөздөр: *дабарнес* (доверенность), *кинеге* (книга), *исписке* (список), *көпүйө* (копия), *опус* (опись), *быратакол//бүртөкөл* (протокол) ж.б.;

4) транспорт жана башка катнашуу каражаттарына байланыштуу сөздөр: *машине, станса, бекет, повозка, тилграм//телеграмма, телефон, почто, почтообай* (почтовой), *белет, электрик, воздушный шар;*

5) өнөр жайга, техникага байланыштуу сөздөр: *зоот//завод, баврике* (фабрика);

6) дыйканчылыкка, эмгек шаймандарына байланыштуу сөздөр: *соко, картөшкө, капуста, сирень, саржан* (сажень);

7) маданиятка, илим-билимге байланыштуу сөздөр: *арген* (орган<гр. орган - музыкалык аспап), *керемафон//грамофон, телескоп, кезит, журнал;*

8) үй буюмдарына, кийим-кечекке, тамак-ашка жана башкага байланыштуу сөздөр: *самоор, чайнек, бөтөлкө, панар* (фонарь), *порум//борум* (форма), *көлөч//келеч* (галоши), *бөлкө, бопорос* (папирос);

9) соода-сатыкка, өлчөө бирдиктерине байланыштуу сөздөр: *көпөс//көпөш* (купец), *жармаңке* (ярмарка), *расход, бут* (пуд);

10) айлардын, убакыт бирдиктеринин орусча аттары: *апрель, март, мүнөт;*

11) орус шаарларынын, калктарынын аталыштары: *Омский, Томский, мужук, какол, орус* ж.б.

Орус тилинен кабыл алынган сөздөр кыргыз элинин акындары Токтогулдун, Тоголок Молдонун ырларында, Молдо Кылычтын казалдарында, Молдо Нияздын санаттарында, Ысак Шайбековдун поэмаларында жана башка жазгыч акындардын, ошондой эле кыргыздын тунгуч тарыхчысы Осмонаалы Сыдык уулунун революциядан мурда жаралган чыгармаларында кеңири колдонулган.

Мисалдар келтирелик:

Оройлук белги *болушта,*
Окуунун кени *орусста* (Токт.)

*Губернатор* залимдер
Күнөөсүз кармап айдаган (Токт.)

*Губернатор - генерал*
Кармап кеткен болучу (Токт.)

*Оёз* менен кармашып,
Ак жеринен кесилген,
Орусча окуп тил билген,
Окумуштуу жан эле (Токт.)

Күнөөсүз жатам, *сот* болуп,
Күкүгүң элден жок болуп (Токт.
*Полицей* келет балдырап (Токт.)
*Съезд* кур деп жиберди,
*Болушуң* менен бийинди (Токт.)
Сөз чыгарбай кедейден,
*Старчындар* дердейген (Тог.М.)
Эки бетиң албырып,
Эгизден жанган *панардай* (Тог.М.)
Керилип басып түрдөнүп,
*Керемафон* үндөнүп (Тог.М.)
Токмокко орус толгондо,
Жаңыдан *комиссия* болгондо (Тог.М.)
Жалган ишти чын кылат,
*Закунуна* тууралап,
Кылар болсоң жаланы (Мол.К. Зар заман)
Беш дубандын үстүндө,
*Жандыраалы, кинези* (Мол.К.Зар заман)

Бири чыгар туурадан,
*Даберneске* жалданып...
*Кинегеге* чалынсаң,
*Испискеден* кармалып (Мол.К. Зар заман)
*Картошко* менен шалгамы
Араласаң жол бербес,
Алча менен алмасы (Мол.К. Чүй баяны)
*Капустасын* бышырып,
Боёо казып чыгарды (Мол.К. Чүй баяны)
Кыйын болор чыгымы
Кызыл гүлү, *сирени* (Мол.К.Чүй баяны)
*Солдаты* көп Николай,
*Барденке* менен аткылап,
Кетирди го биздин алды (Ы.Ш.Азган эл)
Жазалоо *отряды* кол салганда,
Чыдабай Кытай жакка кире качтык (Ы.Ш.Азган эл)
Жүргөндөр жорго минип, *келеч* кийип,
Барганда Үч-Турпанга чарык кийди (Ы.Ш.Азган эл)
*Почто* менен жиберген,
Каттай жүрөт кайран эл (Ы.Ш.Кайран эл)
Эшитебиз кабарды бир четинен
*Электрик, телефон, тилграм* мен...
*Телескоп* дүрбү чыкты жылдыз көргөн,
Бир таруунү бир түйөдөн үлкөн эткен...
Өнөр менен нечен *завод* кеме кылган,
Шолор менен кымбатты арзан кылган...
*Кезит, журнал* маалумат ар таратган,
Шолар менен калкыбыз көзүн ачкан (Осмонаалы Сыдык уулу)

Революциядан мурда орус тилинен кирген сөздөрдүн саны да, колдонулуш чөйрөсү да чектелүү болгон.

Революциядан кийинки мезгилде орус тилинен кабыл алуунун мүнөзү, темпи, көлөмү жана жолу таптакыр жаңыча өзгөрдү. Жаңы коомдук түзүлүштү мүнөздөөчү коомдук-саясий терминдер менен катар, илимий-техникалык терминдердин көпчүлүгү дээрлик орус тили аркылуу кабыл алынган интернационалдык терминология болуп эсептелет. Азыр орус тилинен жана орус тили аркылуу кабыл алынган сөздөр колдонулбаган турмуштун бир дагы чөйрөсү жок десек аша чапкандык болбойт. Революцияга чейинки кабыл алуунун бирден-бир жолу болуп оозеки кабыл алуу гана эсептелсе, Совет бийлигинин мез-

тилинде орустар менен кыргыздар өнөр жайда, айыл чарбасында, маданий-агартуу мекемелеринде, мамлекеттик-коомдук иштерде жана башка жайларда бирге эмгектенүүнүн натыйжасында сөздөрдү оозеки түрдө кабыл алуу менен бирге, кыргыз элинин улуттук жазма адабий тилинин өнүгүшүнүн натыйжасында жазуу аркылуу кабыл алуу бүгүнкү күн үчүн негизги жол болуп калды. Кыргыз тилинин орус тилинен кирген сөздөрдүн эсебинен байышында котормо адабияттын, биринчи кезекте, коомдук-саясий, илимий-техникалык адабияттарды, мамлекеттик-өкмөттүк документтерди, окуу китептерин, окуу куралдарын которуунун мааниси абдан чоң. Орус сөздөрүнүн кыргыз тилине тынымсыз кирип жатышында радио менен телекөрсөтүү, башка массалык маалымат каражаттары да зор роль ойноодо. Кыргыз тилинин лексикасы азыр орус тилинин эсебинен эбегейсиз байыды жана ошонун натыйжасында өзүнүн коомдук катнашуу каражаты катары жөндөмдүүлүгүн чексиз арттырды.

## КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ ЭСКИРГЕН ЖАНА ЖАҢЫ ЛЕКСИКА

Объективдүү чындыктын конкреттүү көрүнүшү катары тил тынымсыз өсүп-өнүгүүдө болот. Тилдин башка деңгээлдерине караганда адамдардын өндүрүштүк практикасы менен тикеден-тике катышта болгон сөздүк курам өзгөчө өзгөрмөлүү келет. Ал адамдардын өз ара катышуу талабын камсыз кылуу үчүн дайыма жаңы сөздөр менен толукталып, ошону менен бирге катнаш үчүн зарыл болбой калган сөздөрдөн бошонуп да турат.

Тилде эскирүү жана жаңылануу процесси дайыма болуп туруучу көрүнүш болгону менен, тилдин лексикалык көрөңгөсүн эзелден бери жашап келе жаткан жана жашай бере турган, тилдин ээси болгон элдин калың катмарына толук түшүнүктүү жана кеңири колдонулуучу активдүү сөздөр түзөт. Демек, тилибиздин лексикасын тарыхый өнүгүшү жактан шарттуу түрдө эки чоң топко: активдүү жана пассивдүү лексикага бөлүүгө болот.

**Активдүү лексикага** күнүмдүк турмушубузда кеңири колдонулган, кыргыз тилинде сүйлөгөн бардык адамдар үчүн мааниси толук түшүнүктүү жана азыркы учурда эскилик же жаңылык белгилери сезилбеген сөздөр кирет.

**Пассивдүү лексикага** азыркы учурда эскирүүгө дуушар болуп, күнүмдүк турмушубузда кеңири же таптакыр колдонулбай калган, же болбосо, тилибизде жаңылыгы менен эл арасына кеңири тарай элек, мааниси бардык адамдарга толук түшүнүктүү эмес сөздөр кирет. Кыргыз тилиндеги

пассивдүү лексика, өз кезегинде, эскирген сөздөргө (историзмдерге, архаизмдерге) жана жаңы сөздөргө – неологизмдерге бөлүнөт.

Булардын ар бирине өзүнчө токтолобуз.

## Эскирген лексика жана анын түрлөрү

Тилдин лексикасынан сөздөрдүн жана анын маанилеринин эскирип чыгып калышы – тилдин өнүгүшүндөгү узак убакытты талап кыла турган татаал процесс.

Кээ бир сөздөр тилдин өнүгүшүнүн бир мезгилинде активдүү колдонулуп келип, бара-бара пассивдешип, акыры таптакыр элдин эсинен чыгып калышы, же кош жана кошмок сөздөрдүн, туруктуу сөз тизмектеринин, макал-ылакаптардын компоненти катары гана колдонулушу мүмкүн. Маселен, *арык-торук, бала-чака, кир-коок, кыз-кыркын, абысын-ажын, чогуу-чараан, уруш-кериш, сорпо-шилең, кеп-келеч, жаан-чачын, каргыш-илкиш, төркүн-төз* деген сыяктуу кош сөздөрдүн экинчи сыңарлары, *кара өзгөй, кара мүртөз, кеч курун, калы килем, өрө кийиз, чар карга, коң карга, ак жуумал, бир жаңсыл, төрт түлүк, көк шилти, жай баракат, орто саар, төш жары, өнө бою* деген кошмок сөздөрдүн тутумундагы *өзгөй, мүртөз, курун, калы, өрө, чар, коң, жуумал, жаңсыл, түлүк, шилти, баракат, жары, өнө* деген бөлүктөрү, *чайыттай ачык, сай сөөгү сыздоо, бите карын, орой көзү чарай, суй жыгылуу, кырды бычак, жер жеберине жетүү, керегеси кердеп, азат бою тик турду, сөөгү сөпөт болду* деген фразеологизмдердин курамындагы *чайыт, сай, бите, суй, кырды, жебер, азат, сөпөт* деген, *«Ай! дээр ажа жок, кой! дээр кожо жок», «Ар кимдин жери – өзүнө мисир», «Жаман атка жал бүтсө, жанына торсук байлатпайт, жаман эрге мал бүтсө, жанына коңшу кондурбайт», «Кыздын эркеси – бөздүн торкосу»* деген макалдардын *ажа, мисир, торсук, бөз, торко* сыяктуу компоненттери азыркы кыргыз тилинде өз бет алдыларынча колдонулбайт. Алардын айрымдарынын маанилерин байыркы эстеликтердин жана тектеш тилдердин берген маалыматтары боюнча гана аныктоого мүмкүн. Мындай компоненттер кыргыз тилинин өнүгүшүнүн өткөн мезгилдеринде кеңири колдонулган да, кийин түрдүү себептер менен биротоло унулуп, туруктуу комплекстин курамында гана сакталып калган.

Башка бир сөздөр тилдин активдүү запасынан чыккан менен, али элдин эсинде сакталып, же күнүмдүк кепте катышпаганы менен, тигил же бул кырдаалга жараша элдик оозеки адабиятта, көркөм адабиятта, тарыхый чыгармаларда азыр да колдонула берет.

Сөздөрдүн эскириши коомдук түзүлүштүн өзгөрүшү, өндүрүштүн,

маданияттын, илим менен техниканын жана ошого байланыштуу адамдардын ички дүйнөсүнүн, көз карашынын өнүгүшү менен шартталган тилден сырткары **экстралингвистикалык**[1] фактор менен да жана тилдин ички спецификалык закон ченемдүүлүктөрү менен шартталган **интралингвистикалык**[2] факторлор менен да байланышат.

Тилдеги эскирүү дайыма эле бир калыпта, бирдей темп менен түз сызык боюнча кете бербейт. Өзгөчө эски коомдук-саясий түзүлүшкө, жашоо-тиричиликке байланыштуу болгон сөздөр коомдук формациялардын алмашышы менен өтө көп санда эскирүүгө дуушар болот. Октябрь революциясынан кийин кыргыз тилинде эң көп сөздөр эскирип, активдүү сөздүк курамдан чыгып калган. Ошондой эле СССРдин кыйроосу менен Кыргыз Республикасынын көз карандысыз эгемендүү мамлекет болуп, экономикалык структурасынын жаңыланышы да мурдагы коомдук-саясий түзүлүшкө байланыштуу көптөгөн сөздөрдүн акырындык менен пассивдешип, эскире баштаашын шарттады.

Бирок эскирген, ал гана эмес биротоло жок болуп кеткен сөздөр да азыркы тилде жанданып, жаңыдан түз же өтмө маанилерге ээ болушу, жаңыча стилистикалык мүнөзгө жана колдонулуш чөйрөгө өтүшү мүмкүн.

Жыйынтыктап айтканда, тилдин лексикасынан тигил же бул сөздүн чыгып калуу себептери, шарттары бардык эле учурда бирдей эмес жана «эскирген» деп аталган сөздөрдүн эскирүү даражасы, алардын азыркы учурда колдонулушу да ар түркүн. Ошондуктан эскирген лексиканы алардын эскирүү себептерине, бүгүнкү күндөгү тилде колдонулуу мүмкүнчүлүктөрүнө жана стилистикалык функциясына жараша **историзмдер** жана **архаизмдер** деп экиге бөлүп кароо зарылчылыгы келип чыгат.

## Историзмдер

Элдин өткөн турмушуна байланыштуу түшүнүктөрдүн жоюлушу менен бирге активдүү сөздүк запастан чыгып, бирок белгилүү тарыхый доордун көрсөткүчү катары али азыркы тилде колдонулган сөздөр **историзмдер** болот.

Историзмдер төмөнкүдөй белгилер менен мүнөздөлөт:

1) Историзмдердин тилдин активдүү запасынан чыгышы экстралингвистикалык факторго, башкача айтканда, коомдун социалдык-саясий, маданий өнүгүш тарыхына байланышат. Ошол себептен ал элдин өткөндөгү жашоо турмушунун ар түрдүү доорлорун, мезгилдерин тике мүнөздөөчү касиетке ээ. Историзмдер элдин өткөндөгү коомдук-саясий

---

[1] Экстралингвистикалык - лат extra "тышкары" + фр linguistique "тилдик" деген сөздөрүнөн

[2] Интралингвистикалык - лат intra "ички" + linguistique деген сөздөрүнөн

турмушуна, жашоо тиричилигине, эл аралык карым-катнашына, согуш иштерине жана башкаларга байланыштуу болгон сөздөрдүн ар кандай лексикалык-семантикалык топторун өз ичине камтыйт.

2) *Историзмдер азыркы учурда эскирүүгө дуушар* болгон нерселердин, буюмдардын, түшүнүктөрдүн бирден бир аталышы болуп эсептелет. Ошондуктан ал өзү атаган реалий менен бирге эскирет да, анын азыркы тилде эч кандай синоними, варианты болбойт.

3) Эскирген түшүнүктүн бирден-бир жекече аталышы болгондуктан, өткөн доорду сүрөттөөгө арналган көркөм, тарыхый, илимий чыгармаларда авторлор историзмдерди колдонбой коё албайт жана алардын бардыгында бирдей номинативдик функцияны аткарат.

4) Историзмдердин азыркы тилде синоними болбошу жана эскирген түшүнүктү жекече аташы анын көркөм чыгармаларда доордун колоритин түзүү үчүн автордук баяндоо менен каармандардын кебине бирдей эле тиешелүү болушуна мүмкүндүк берет.

Историзм болгон лексикалык бирдиктерди алардын структуралык түзүлүшүнө жана мазмунуна карай өз ара **лексикалык историзмдер, семантикалык историзмдер, фразеологиялык историзмдер** деп бөлүштүрүүгө болот.

Эскирген түшүнүккө байланыштуу историзмге айланган жекече лексеманы лексикалык историзм деп атайбыз. Буга *хан, бек, черүү, нөкөр, күрсү, соот, туулга, айбалта, сырбараң, наркескен, добулбас, чыңыроо, накери, ордо, чеге, зоолу, зындан, бакшы, бүбү, жайчы* сыяктуу эски түшүнүктөрдү туюнткан сөздөр кирет.

Эгер эскирген түшүнүктөр менен бүтүндөй сөз байланышпай, анын айрым гана мааниси эскирүүгө дуушар болсо, анда **семантикалык историзм** же **историзм-маани** деп атоо туура болот. Маселен, *жигит* деген сөз «улан, бойго жеткен эркек бала, эр жеткен эркек» жана «эр, тайманбаган адам, азамат» деген маанилеринде азыркы тилде кеңири колдонулса, анын «манаптын, болуштун жана бийлөөчү таптын кызматын кылып, жандап жүргөн адам, малай» деген мааниси семантикалык историзмге айланган (кара: КТТС, 209-бет); *саан* деген сөздүн «саала турган мал», «саала турган, саалуучу учуру жеткен маал, убак» деген азыркы маанилеринен башка «күчүн сатып эмгектенген акысы үчүн убактылуу сүтүн ичипке алынган мал» деген мааниси да болгон (КТТС, 512-бет). Ошондой эле эски коомдук түзүлүшкө байланыштуу болгон *желдет* жана *кул* деген сөздөр өздөрүнүн түз маанилеринде историзмге өткөн менен «ырайымсыз, таш боор, зулум» жана «бирөөнүн эркинен чыкпаган, бирөөнүн айтканын зэрчиген, өз алдынча, өз эркинче аракети болбогон адам» деген өтмө маанилеринде азыркы учурда кеңири колдонулат (КТТС, 201, 358-беттер).

Элдин турмушундагы эскирген түшүнүктөрдү туюнткан тилдеги туруктуу сөз тизмектери **фразеологиялык историзмдер** деп аталат. Маселен, ***сөөгү меники, эти сеники*** (баласын окутуу үчүн молдого берерде айтылуучу сөз), *журт агасы* (уруудагы, уруктагы жогорку мансаптуу адам), *таман акы* (көбүнчө мал баккандыгы үчүн төлөнүүчү акы), *балта чабар* (айбалта менен куралданган аскерлер), *бел куда* (төрөлө элек балдарына кудалашуу), *бешик куда* (бешиктеги балдарына кудалашуу), *боз дөбө* (жоонун жеке балбандары беттешүүчү дөбө), *чөп ооз* (жайлоодон пайдалангандык үчүн алынуучу акы), *акыр заман* (диний түшүнүк боюнча дүйнөдө жашоо тиричилиги токтолуу мезгили), *капилет дүйнө* (диндик түшүнүктө жалган дүйнө), *кара черүү* (жергиликтүү администрацияны шайлоо учурунда мурунку кандидатураны жактоочу топ), *ак черүү* (жергиликтүү администрацияны шайлоо учурунда жаңы кандидатура койгон топ), *кызыл чок* (жергиликтүү башкаруу органдарынын чабарманы)деген сыяктуу туруктуу сөз тизмектери элдин өткөндөгү жашоо тиричилигине, ишенимдерине, башкаруу иштерине байланыштуу болгондуктан, азыркы сөздүк курамда өтө сейрек учурайт.

Кыргыз тилинде элдин өткөндөгү жашоо турмушунун ар түрдүү доорлорун, мезгилдерин мүнөздөөчү эң көп историзм сөздөр бар.

Историзмдер эскинин элесин берген элдик оозеки чыгармаларда кеңири кездешет. Маселен, кыргыз элинин өткөн кылымдардагы турмушу жөнүндөгү монументалдуу эстелиги, анын өмүр жолу жөнүндөгү өзүнчө бир энциклопедиясы болгон «Манас» эпосунан ар кандай титулдарды, согуштук чиндерди, курал-жарактарды, кийимдердин, буюмдардын аттарын, коомдук түзүлүшкө байланыштуу түшүнүктөрдү жана мифологиялык, диний түшүнүктөрдү жана башкаларды билгизген төмөндөгү историзм сөздөрдү көрсөтүүгө болот:

Бели катуу бирөөнү,
*Бек* көтөрүп коёлук.
Калкка кабар салалык,
Кайраты бар бирөөнү
*Кан* көтөрүп алалык.

Аны көргөн мангулдар,
Улуу *черүү* кол менен,
Жоонун изин басыптыр.

Нескара акыл чыгарды,
*Нөөкөрлөрү* кубанды.

Он эки *жайсаң* ээрчиткен,
Ойрон Жолой көрүнөт.

Колуна үйдөй *курсу* алган,
Жолукканды бир салган.

*Күрөкө соот* дат болду,
Кермеге толгон ат болду.

Кара жаак *айбалта,*
Муну кайкалатпай ким аштайт.

*Добулбас* үнү бакылдап,
*Чыңыроо* үнү такылдап,
*Сырбараң* үнү жаңырып...
Кыргын салчу *наркескен,*
Кылычын ичтен байланды.

Көк темирден *туулга,*
Көмкөрө кийип алыптыр.

Ак найза колдо койкоюп,
*Накери* бутта чойкоюп...

Арыстанындын *Аккелте*
Ортосу болот, оозу албарс,
Түтүнү туман, түбү асман,
Кароолу тажаал, огу ажал
Асынып жүрсө Аккелте,
Ачууланса *койчагыр...*

Басып келип баатырын,
*Ач албарс* менен бир чаап,
Белинен эки бөлгөнү...

Опондо кытай Алооке,
*Ордону* бузуп кул кылып...
Напсиси чоң Алооке,
Канкорду кудай урганы.

Алты миң *жамбы,* миң куңдуз,
Алым алып турганы.

Каяшаяк бергендин,
Колуна *чеге* кадатты.

Тирүү кармап алат го,
*Зынданына* салат го.

*Бакшы* менен *бүбүдөн.*
Немесин койбой чакырды.

Өзү *жайчы* кан Жолой,
Токойго кирип барганы.
Күн жаадырчу *жай ташты*
Көтөрүп суута салганы.

Ошондой эле жазуучулар элдин өткөн турмушун, өткөн доордун колоритин түзүү үчүн көркөм чыгармаларда, өзгөчө тарыхый көркөм чыгармаларда, автордук баяндоодо да, персонаждардын кебинде да мындай сөздөрдү кеңири колдонушат. Бул жагынан «Сынган кылыч» аттуу тарыхый романда Төлөгөн Касымбеков чоң ийгиликке жетишкен. Ал кыргыз элинин Кокон кандыгынын мезгилиндеги турмушун таамай сүрөттөө, доордун нагыз атмосферасын так чагылтып көрсөтүү үчүн сүрөттөлгөн мезгилге мүнөздүү *аскер башы, удайчы, сарбаз, аталык, жүз башы, паңсат, бий, саркер, өкүмдөр, сыпай, миң башы, казый, датка, кушбеги, каракелтек, миршаб, карачапан* деген сыяктуу историзмдерди билгичтик менен колдонгон. Романдан мисал келтирелик: Ушул учурда кокондуктардын *аскер башчысы* да мерчемдүү өңүткө келген; *Удайчы* эки жакты бат-бат каранды; кызыл кийген *сарбаздар* далдакташып, шашылып жүрүшкөн болуу керек; Ал Алымкул *аталык* эмес беле?; *Жүз башылык* султаны чыкчырылып, чымкөк кемзолун шымданып койгон чалбардын багалегинен кызыл булгаары өтүктүн тумшуктары чукчуюп чыгып турду; Тилинде эми бар, билегинде күчү бар жаш азаматтардан тандап, *саркер* көтөрүп алгыла; Ар убакта *өкүмдарлар* атак үчүн жанына ырчы, чоорчу, чечен топтоочу экен; Ибрагим Хайал *сыпайлардын* коштоосу менен дарбазалардын бекемдигин карап, кытайчалар орнотулган жерлерин көрүп келатты; -О, *паңсат*, үкөм... О, жакшылар, бир соболго жол барбы?; Булардын *миң башысы* бар бекен? - деп, күнк этти Ибрагим Хайал өзүнө өзү суроо берип, жер тиктеп турган бойдон;

Бир кечте Нүзүп шаардын *казыйын* жалгыз чакырып алды; Казынанын коцунунан башка да, курал кармоого жараган эр бүлөдөн сансыз *каракелтек* жыйналды; Көп өтпөй буларга Маргалан беги кыпчак Өтөмбай *куйбеги* кошулду; Коргондо акырын кобурашкан үн угулду да, жанына *миршаб* ээрчитип, балаханага Маргаландын беги чыгып келди; Күчүгүндө бактым эле буларды, ит болгондо *карачапандарга* кошулуп, кайра өзүмдү талады ж.б.

Кыргыз элинин падышалык Орусиянын кол астында турган мезгилиндеги турмушуна арналган Касымалы Жантөшевдин «Каныбек», Аалы Токомбаевдин «Таң алдында», Мукай Элебаевдин «Узак жол» романдарынан жана башка чыгармалардан *падыша, ак падыша, губернатор, болуш, старчын, оёз//үйөз, полиция, пристав, стражник, көпөш, писир, тилмеч, кызыл чок, атаман, жасоол, жатакчы, мужук, каторжан, жазалоо отряды* жана ушул сыяктуу башка мүнөздөгү историзмдерди жолуктурабыз. Мисалы «Каныбектен»: Бирок бул окуя Айдарбек менен Соорoнбай *болуш* үчүн айтып түгөнгүс күйүт болду; Айдарбек менен Соорoнбай *болуш* Тагай менен Карабекке жол баштатып, жыйырма *полиция* жибериптир; Алыбай *старшы* башын төмөн салган бойдон үндөбөй тура берди; Ал эми, *оёз* жагын мага койгула - деп, отургандарды ишендиргендей, көкүрөгүн кере күлүмсүрөп, көзүн кысып койду. «Таң алдындадан»:

*Падыша* кылган кылмыштын,
Эң чоңу ушул эмеспи!;

Андрейиң келбей калды,
Туулган жерге кайрылып,
Ушул, ушу *ак падыша*,
Кетмейинче тайгылып!;

Сурабай иштин жайын толук, терип,
*Пристав* соту менен жетти келип;
*Ыстарчын, писирлер* да кызыл-жаян,
Талатып кумурскага бөйү-чаян;

Күр жерди ээлегендер *казак-орус*
Калганын сатып жеди *манап, болуш;*

*Тилмечтер* Кантай менен кетти дешет,
Ээрчитип атаманды капкайдагы;

Кол койгон *губернатор* Фальбаум өзү,
Бир гана буйрук тапты жарты барак;

Малдуулар бүт жайлоону басып койду,
*Жатакчы* жайлатмакпы малсыз бойду;

Чыгым деп алкымдашат *кызыл чогу,*
Аларга эсеп эмес малдын жогу;

Биз түгүл орустардын *мужуктарын,*
Кекешет кеги бардай шапалактап;

Көрбөсөм да *каторжандар* тилинен,
Так көргөндөй таамайланды Ленин;

Жардам кылбай *«турпанчы»* деп бөлдүрдү,
Элди экиге тукурушуп көндүрдү;

Элдик болсо, *эсер* менен *меньшевик,*
Кыргыздарга кыйбайт беле өндүрдү;

Жараксыз Байкашканын айылы кайдан
*Жазалоо отрядга* салсын майдан.

«Узак жолдон»: Кызыл-Кыядан ары Кугурган-Булакта почтоочу Матрей деген чоң *көпөш* бар; Чоңкол десе бүтүн Каракол *уйөзүнүн* жаш баласына чейин билет; Бул Тогузбай айылынын *старчыны* эле; Ошондуктан кайдагы жем издеген Чоңколдой *стражник, пристав, бий, болуш* дебей кезек-кезек ушунда жыйналып, баш кошуп алып, жемге тоюп жата беришчү; Анткени *кеңсалар жасоолунун* пагон тагып, кылыч асынгандан башка да бир белгиси – кызыл тебетей киет ж.б.

Историзмге жалаң гана революцияга чейинки айрым түшүнүктөргө байланыштуу сөздөр эле өтпөстөн, Совет бийлигининин алгачкы жылдарында пайда болгон кээ бир сөздөр да өткөн. Мисалы:

Жарыялайм Советтердин бийлигин,
*Ревкомдун* тапшырмасы боюнча. (А.Т.Таң алдында)

Оштогу *ЧКнын* адамдарынын жана Акмат менен Анна жолдоштордун айтууларына караганда да бул чын (К.Ж.Каныбек); Жогор жактан берилген нускоонун негизинде Күн-Чыгыш айылында *ыкты-*

*дуу отряд* уюшулуп, ага каалаган жаштар жана каалаган дыйкан адамдары жазылышты; Бузуку бандит эл душмандарын кыраакы *саясы башкарма* ушул баштан камакка алса деп сураймын (Т.С.Тоо арасында) ж.б.

Бул сөздөр белгилүү доорду мүнөздөөчү касиетке ээ, ошондуктан аларды азыркы учурда колдонулган башка сөздөр менен алмаштырып берүүгө мүмкүн эмес. Булардын стилистикалык эмоциялуулугу да ушунда.

## Архаизмдер

Историзмдерден айырмаланып, элдин турмушундагы түшүнүктөрдүн, нерселердин эскириши менен бирге эскирбестен, түшүнүк ошол бойдон калып, аны туюнткан сөз же маани ордун башка сөзгө бошотуп берүү менен, тилдин активдүү сөздүк курамынан биротоло чыгып, элдин күндөлүк кебинде такыр унутулуп калган сөздөр жана маанилер **архаизмдер**[1] деп аталат.

Архаизмдерди мүнөздөөчү белгилер төмөндөгүлөр:

1)Архаизмдердин эскириши көбүнчө лингвистикалык факторлорго байланыштуу, башкача айтканда, тилден тигил же бул сөздүн чыгып калышы ал сөз аркылуу туюнтулган кандайдыр бир түшүнүктүн эскириши менен шартталбастан, синоним, полисемия, варианттуулук сыяктуу тилдик көрүнүштөр менен байланышат. Тактап айтканда, тилде синоним болгон сөздөр бири-бирине абсолюттуу дал келсе, алардын ичинен бирөө гана калып, калганы колдонуудан чыгып калат (бирок тилде мындай көрүнүштөр өтө сейрек учурайт). Маселен, 30-жылдары орус тилинде, ошондой эле кыргыз тилинде да, *аэроплан, самолет* деген сөздөр бирдей колдонулуп келген болсо, кийин *аэроплан* колдонуудан чыгып калды да, тилде ал түшүнүктү *самолет* гана жеке ээледи. Же болбосо, кийинки эле жылдары *окуучу* деген сөздүн «мектепте окуган бала» жана «китеп, газеталарды окуй турган адам» деген маанилеринин бири-биринен так айырмалоо үчүн кийинки маанисинде *окурман* деген уңгулаш сөз колдонула баштады. Натыйжада *окуучу* деген сөздүн экинчи мааниси эскирүүгө учурап, көп маанилүү сөздөн жеке маанилүү сөзгө өттү.

Архаизмдердин тилдин сөздүк курамынан сүрүлүп чыгып калуу жана алардын ордуна башка сөздөрдү колдонуу себептерин түшүндүрүү историзмдерге салыштырганда алда канча татаал нерсе, ал атайын лингвистикалык изилдөөлөрдү талап кылат.

2) Архаизмдер, азыркы учурдагы жашап жаткан көрүнүштөрдүн эскиче аталышы болгондуктан, анын азыркы тилде сөзсүз синоними же

[1] Архаизм - гр. archaios «байыркы» деген сөздөн

варианты болот. Ал өзү атаган чындыкты түшүндүрүүчү азыркы тилдеги сөз менен стилистикалык-семантикалык катнашты түзөт да, аны менен бирге бир лексикалык системага кирет. Демек, мындан айтылуучу ойго жараша синонимдик катнашта турган архаизм менен азыркы тилдеги сөздүн ылайыктуусун тандап алууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

3) Архаизмдердин азыркы тилде синоними бар болгондуктан, теориялык жактан алганда, тарыхый темага арналган көркөм чыгармаларда аларды азыркы сөздөр менен алмаштырууга толук мүмкүн болор эле, анткени архаизмдер конкреттүү тарыхый доорду тике мүнөздөй албайт. Бирок жазуучулар көп учурда чыгармалардагы тарыхый боёкту күчөтүү үчүн кадыресе номинативдик функцияда эмес, стилистикалык максат менен архаизмдерди пайдаланышат.

4) Архаизмдер историзмдер сыяктуу тарыхый колоритти түзүүнүн гана каражаты болбостон, каармандарды кеби жактан мүнөздөөнүн жана айтылган сөзгө экспрессивдүү-эмоциялуу түс берүүнүн да каражаты болуп кызмат аткарат. Алар автордун кебинде окуя каармандын көз карашында бааланып жаткан учурда колдонулат.

Историзмдер тилдин лексикалык деңгээлине гана тиешелүү көрүнүш болсо, «архаизм» деген термин менен тилдин фонетикалык жана грамматикалык (морфологиялык, синтаксистик) түзүлүшүнө байланыштуу көрүнүштөр, б а тилдин тарыхый өнүгүшүндө колдонуудан чыгып калган айрым тыбыштык жана грамматикалык каражаттар да аталат.

Архаизм болгон сөздөр элдин эсинен биротоло чыгып, анын ордуна азыркы тилдеги синоними колдонулгандыктан, үзгүлтүксүз жазма традициясы болбогон тилдерден андай сөздөрдү табуу жана анын азыр ордун баскан эквиваленттин так көрсөтүп, кийинки сөз менен алмашуу мезгилин, себебин аныктоо кыйынчылык туудурат. Кыргыз тилинин өнүгүшүнүн бардык учурун мүнөздөй алуучу жазма эстеликтердин жоктугу кыргыз тилинде мурда колдонулуп, кийин ордун башка сөздөргө бошотуп берген сөздөрдүн изин табуу көп учурда мүмкүнчүлүк бербейт. Ошол себептен биз кыргыз элинин улуттук жазмасынын пайда болуш мезгилинен бери карай, көбүнчө коомдук-саясий, илимий жана официалдуу терминдерде пайда болгон архаизмдер жөнүндө сөз кылуу менен гана чектелебиз

Октябрь революциясынан кийин гана калыптана баштаган улуттук жазма адабий тили менен бирге кыргыздын коомдук-саясий жана илимий терминологиясы да түзүлө баштады. Бардык эле жаңыдан түзүлгөн нерселер сыңары кыргыз тилинин терминологиясы да дароо өз жайында боло койгон жок. Жаңыдан түзүлүп жаткан терминдердин бир кыйласы, албетте, өздөрү туюнткан түшүнүктөрдүн маңызын ачып бере албады. Уламдан-улам такталып, жаңы терминдер менен алмашылып, мурункулары тилдин сөздүк курамынан чыгуу менен архаизмге айланды.

Тилден сөздөрдүн эскирип чыгып калышы бир деңгээлде болбойт. Кээ бир сөздөр бүтүндөй колдонуудан чыгып калса, экинчи бирлеринин айрым маанилери архаизмге айланат да, калган же жаңыдан ээ болгон маанилери менен тилде жашоосун уланта берет, үчүнчү бирлери сырткы гана тыбыштык формасын өзгөртөт да, мурдагы айтылышы тилде колдонулбай калат, ал эми төртүнчү бирөөлөрүнүн сөз жасоочу формасы өзгөрүүгө учурап, мурунку морфологиялык калыбында эскирүүгө дуушар болот Мына ушуга карай кыргыз тилиндеги **лексикалык архаизмдерди** эскирүү даражасына жана азыркы тилде жашап жаткан синонимдери же варианттары менен болгон катышына жараша **нагыз лексикалык, семантикалык, лексика-фонтикалык, лексика-морфологиялык архаизмдер** деп өз ара топторго бөлүштүрөбүз.

Ордун толук бойдон башка сөзгө бошотуп берүү менен, бүтүндөй колдонуудан чыгып калган сөздөр **нагыз лексикалык архаизмдер** деп аталат. Буга мисал кылып, *аалым* (окумуштуу), *абырак* (сылыктык, жөн билгилик), *автобаян* (автобиография), *ажайыпкана* (музей), *баяндама* (доклад), *бозгун* (эмиграция), *бозгунчу* (эмигрант), *дарыскана* (аудитория), *жаныттма* (фельетон), *жарнама* (приказ), *зарынчылык* (романтика, романтизм), *имла* (орфография), *коолу* (токтом, чечим), *сыныл* (класс), *төңкөрүш* (революция) сыяктууларды көрсөтүүгө болот. Нагыз лексикалык архаизмдерге жалаң эле жеке лексемадан турган жөнөкөй сөз түрүндөгү архаизмдерди гана киргизбестен, эки уңгунун биригишинен турган кошмок сөз түрүндөгү архаизмге айланган атоолорду да киргизебиз. Буга мисал катары *Кеңештер бирдиги* же *Кеңештер союзу* (Советтер союзу), *айыл кеңеш* (селолук Совет), *бирикме чарба* (колхоз), *жай байлык* (жеке менчик), *тегизчил турмуш* (социализм), *окумот өнөру* (өнөр жай), *кыр көрсөтүү* (демонстрация), *сөз жарыштыруу* (дискуссия), *чоң чогулуш* (митинг), *түп киндик* (борбор), *жер майы* (нефть), *жер тиргизүү* (меллиорация), *кан аралаштыруу* (метистештирүү), *чоң кырчоо* (экватор), *от араба* (поезд), *тил кат* (расписка), *кара кашка* (квитанция) сыяктууларды көрсөтүүгө болот.

Кеңештер бирдигиндеги биздин майрам «эмгекчилердин кубаныч күнү» деп саналат («ЭТ», 1927, 1-май), Айыл чарба салыгынан башка кириштер жагынан да *айыл кеңеш* четте калууга жарабайт («ЭТ», 1926, 8-январь). Бүткүл зуот-пабриктердин жана тышкы соода иштеринин эмгекчилер колунда болушу, мунун үстүнө ички соода жана кеперетиптердин күндөн күнгө илгерилеп-кеңип бара жаткандыгы, *жай байлыкка* тоскоол болуп, уйумдашкан, тартиптешкен эмгекчилерди *тегизчилик турмушуна* карай жетелеп бара жаткан жолдор болот («ЭТ», 1926, 11-январь). Биз алдыңкы жылда жалгыз гана *окумот өнөрүн* оңоо жолунда эмес,

балким айыл чарбаны алга жөнөтүү жолунда айыл кыштактардагы күчү аз жана орто дыйкандарга карыз берүү үчүн далай акча берүүбүз керек болот («Э-Т», 1926, 8-январь). Сыяз бул маселелер менен убакытты өткөрүп, *сөз жарыштырууну* керексиз таап бул ойдун жаңылыштыгын, негизсиздигин түшүндүрдү («Э-Т». 1926, 11-январь). Жыл сайын 1-май күнү бардык капиталчыл мамлекеттердеги жумушчулар көпчүлүктүн *кыр көрсөтүүлөрүн, чоң чогулуштар* өткөрүп, ошону менен бир убакта иш таштоолор уюштуруп турушат («Э-Т», 1927, 1-май).

*Түп киндигиң* Маскөөдө,
Түркүгүң турат Ташкенде,
Куп дөөлөткө жолуктук,
Кулак салба эч кепке (Тог.М.)

Тилден бүтүндөй сөз чыкпастан, анын айрым гана мааниси архаизмге айланып, калган же жаңыдан ээ болгон маанилери менен тилде жашоосун уланта берсе, мында **семантикалык архаизм** же **архаизм-маани** келип чыгат. Маселен, бүгүнкү күндө да тилибизде кеңири колдонулган бир кыйла сөздөрдүн ушул эле кылымдын 20-30 -жылдарында башка да маанилерде колдонулгандыгын жана ал маанилердин азыр эскирип калгандыгын ошол кездерде чыккан газета-журналдардан алынган мисалдардан, чыгармалардан көрө алабыз. Алсак, Совет бийлигинин алгачкы жылдарында эле пайда болгон *башкарма* деген сөз «Эркин Тоодо» азыркы берген маанилеринен башка «редакция» деген мааниде да колдонулган: *Башкармага* жиберилген макалаларда жазуучунун толук адреси болсун («Э.-Т.», 1924, 7-ноябрь). *Мал* деген сөз «товар» маанисинде да колдонулган: Беш-Жыгачта бир кеперетип бар, болгону менен *малы* өздөрүнүн мүчөсүнөн артпайт («Э.-Т.», 1926, 8-январь). *Топурак* деген сөз «территория» маанисин да билгизген: ТССР *топурагында* агартуу жолу менен Кызыл Азыйа темир жолунда 6 окуу журтунда 688 кичиге кесипчилер тарбиясы берилип жатат («Э.-Т.», 1926, 11-январь) Партия, мекеме, коомдор тарабынан басылып чыккан газета, журнал ж.б. маанисинде *тил* деген термин колдонулган, бул мааниде азыр «орган» болуп колдонулат: «Эркин-Тоо» кыргыз эрктүү облусунун облустук кемунус партыйа, облустук аткаруу кемитети, облустук кошчу, жаштар кемитети жана кесипчилер уюмунун *тили* болуп чыгыт («Э.-Т.», 1926, 4-январь). *Эсеп* деген сөз төмөнкү сүйлөмдө «отчет» деген мааниде берилген: Мунун үчүн барлык кемитет калк алдында кылган ишинен *эсеп* берүүгө тийиш («Э.-Т », 1926, 14-январь).

Азыр жаңы тыбыштык формага ээ болуу менен, мурунку кебетесинде эскерүүгө дуушар болгон сөздөр **лексика-фонетикалык архаизм** деп

аталат. Азыркы кездеги жазылышынан жана айтылышынан айырмаланган сөздөрдү мисал кылып дагы эле «Эркин-Тоо» газетасынан алып келтирсек болот: «Эркин Тоо» *кезитинин* түпкүлүктүү мээлеген максаты: калың кыргыз калкын, анын ичинде кедей-кембагал шордууларынын көзүн ачып, сайасы агым менен тааныштырып, тарбияламак (1924, 7-ноябрь). Орус кыштактарына шайлоо өткөрүү үчүн болуштук шайлоо *кемесийасы* жана кызматкерлери менен кең жыйналыш кылып, өзүбүз кыргыз селенийаларына кеттик (1926, 8-январь). Жалгыз болуштук аткаруу *кемитети* ыраак жерде болгондуктан, айыл иштерге керегинче тааныша албайт (1926, 8-январь). Жайылганда ушу күнгө чейин бир да *кеперетип* ачылбаган (1926, 8-январь) ж.б. Бул мисалдардагы астылары сызылган *кезит, кемесийа, кемитет, кеперетип* деген сөздөр адабий тилде лексикалык-фонетикалык архаизмге айланып, интеллигенттер, жаштар тарабынан азыр бул сөздөр толук орус тилинин нормасында өздөштүрүлүшүнүн натыйжасында жазма жана оозеки кепте тең *газета, комиссия, комитет, кооператив* түрүндө гана колдонулат.

Ошондой эле мурдатан оозеки чыгармаларда жолуккан кээ бир жер-суу аттары, элдердин аттары азыркы адабий тилде фонетикалык жаңы түр алып, мурдагы аталышы архаизмге өткөндүгүн байкоого болот: Мисалы:

Бирөөндү айдайм *Оролго,*
Бирөөндү айдайм *Эренге,*
Бирөөндү түшүрөм акыр теренге.

Туурасы *Эртиш* суу болсун,
Аяты *Орол* тоо болсун,
Бир чети *Тебит* чөл болсун.

Эки күнү жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
*Маңгулга* кирип кетиптир (»Манастан»).

*Оогандын* элин Курманбек,
Калмактардай ойлойбу (»Курманбек»).

Мындагы *Орол, Эрен, Эртиш, Тебит, Маңгул, Ооган* деген аттар азыр *Урал, Иран, Иртыш, Тибет, Монгол, Афган* болуп колдонулат.

Азыр колдонулган сөз менен уңгулаш болуп, андан сөз жасоочу мүчөсүнөн гана айырмаланган архаизмдерди **лексика-морфологиялык архаизм** дейбиз. Маселен, бүгүнкү күндөгү адабий тилибиздеги *жумушчу,*

*уюм, башчы, социалисттик, капиталисттик, капитализм* деген сөздөрдүн ордуна мурда ушул эле сөздөргө уңгулаш, бирок мүчөсү боюнча айырмаланган *жумушкер, уюк, баштык, сатсыйалчыл, капиталчылык* деген сөздөр колдонулуп келгендигин төмөнкү мисалдардан көрүүгө болот: Партийаны *жумушкерлер* менен күчөтүү иштери башка тетик менен жүрө бермекчи болду («Э.-Т.», 1926, 11-январь). Шайлоо болордон мурун партийа *уйуктары* менен кеңешип, ... аларды шайлоого катыштырууга үндөп кызыктырсын («Э.-Т.», 1926. 4-январь). Кыргыз институту ачылары менен бирге жанына ленинчил жаштар *уйугу* ачылды («Э.-Т.», 1926, 8-январь). Облустук партийа кемитетинин үгүт-насыйат бөлүмүнүн *баштыгы* Айтмат уулу («Э-Т», 1926, 18-январь). Чет мамлекеттерде *сатсыйалчыл* курулуш жок. Анда *капиталчыл* өкүм сүрөт («Э-Т», 1927, 1-май)

Жазуучулар көркөм чыгарманын каармандарын сүрөттөлүп жаткан мезгилге, учурга ылайык тил менен сүйлөтүш үчүн тилдик көркөм каражат катары архаизмдерге да кайрылышат. Маселен, кыргыз айылында колхоз курулушун сүрөттөөгө арналган Т.Сыдыкбековдун «Тоо арасында» романынан төмөнкүдөй архаизмдерди учуратабыз: Кирген адам басып келип, столдун каршысында дагдая тартып тура калып сурады: - *Айыл кеңештин* мекемеси кайда? - Ушул ушакка ишенген сиздерди сурайлы, Соке, - деди Сапарбай мостоё: - Мына, *бирикме чарбаны* кандай өткөрүү жөнүндөгү маалыматты *кезиттен* уктуңар... материал бакат жалган деп, «Эркин-Тоо» *башкармасына* жооп жазыш... Жумушчу булчундарын таштай түйүлтүп, дөшүсүн чыңап, балкасын согуп, *зоот, пабриканын опурамасын* азынатып, улуу *өктөбүр көңтөрүшүнүн* жаркыраган нуру астында *сатсиалга* бет буруп, *тегизчил заманга* жумушчу менен дыйкан кол кармашып бармакта.

Бул сыяктуу архаизмдерди Ш.Бейшеналиевдин «Кычан» повестинен да жолуктурууга болот: - Айланайын *кеңеш өкүмөтү, кемунус партиясы* кош айдоочу машине жиберинтир. Кээ бири *батрачкомго, айыл кеңешинин төрагалыгына, катчылыгына* көтөрүлүшкөн.

Мында сүрөттөлгөн мезгилге мүнөздүү, бирок азыр *сельсовет, колхоз, редакция, завод, фабрика, гудок, Октябрь революциясы, социализм, совет өкмөтү, коммунисттик, председатель, секретарь* деген сөздөр менен алмашылган архаизмдерди пайдалануу аркылуу авторлор чыгармаларынын каармандарынын учурга ылайык кебин түзүүгө жетишкен. Бирок архаизмдерди стилистикалык максатка багындырбай, автордук баяндоодо колдонууга болбойт, анткени ал түшүнүктүн учурдагы закондуу туюндуруучусу болгон синоними тилде азыр жашап жатат. Ал эми көркөм чыгарма бүгүнкү күндүн окурмандарына арналат. Ошону менен бирге көркөм чыгармаларда жолуккан архаизмдердин бардыгы стилистикалык

максатта колдонулган экен деп түшүнүүгө болбойт. Бүгүнкү күндө биз архаизм деп эсептеген жогорудагы көп сөздөр 20-30-жылдарда кадыресе эле сөздөр болгон жана жазуучулар тарабынан алар чыгармага атайын стилистикалык түс берүү үчүн эмес, жөнөкөй гана тилдин номинативдик каражаты катары пайдаланылган. Маселен, 1922-жылы жазылган Тоголок Молдонун «Алга, алга» деген ырындагы:

Ленин туусун
колуңа карма!
*Өзгөрүштү* ырдап,
өз элиңе жарда

же 1918-жылы жазылган Ысак Шайбековдун «Большевиктер партиясына» деген ырындагы:

Кубанам *уруяттын* келгенине,
Большевик падышаны жеңгенине,

же Аалы Токомбаевдин 1924-жылы жазган «Өкмөт ээлерине» деген ырындагы:

*фабрик, зоотто* иштеген,
өпкөсүн оозго тиштеген,
жумушчулар, тургула

деген үзүндүлөрүндө асты сызылган сөздөрдүн *өзгөрүш, уруят, фабрик, зоот* болуп айтылышы өз мезгили үчүн архаизм эмес эле.

## Неологизмдер

Коомдун тынымсыз өнүгүшү менен бирге тилдин лексикасында жаңы пайда болгон түшүнүктөрдү туюнтуу үчүн жаңы сөздөрдүн, жаңы сөз тизмектеринин жана жаңы маанилердин пайда болушу талап кылынат. Тилдин лексикалык өнүгүшүнүн мына бул процесси неологизмдердин тарыхый өсүш шарттарына, анын пайда болуу ыктарына жана чыккан булактарына көз жүгүрткөнүбүздө даана байкалат.

Тилди жараткан жана анын ээси болгон элдин коомдук-саясий турмушундагы маанилүү тарыхый окуялар менен чектелген белгилүү бир мезгилинде пайда болгон адабий тилдеги жаңы сөздөр, жаңы туруктуу сөз тизмектери жана жаңы маанилер **неологизмдер**[1] деп аталат.

Тилдин активдүү лексикалык курамына өтүп, тилде кеңири колдонулуп, мааниси жалпы калайыкка жеткиликтүү болгонго чейин неологизмдер пассивдүү сөз каражаттары катары гана колдонулат.

«Неологизм» деген түшүнүктү тилдин өнүгүшүнүн бүгүнкү күнкү гана абалына карата түшүнбөстөн, ар кандай белгилүү тарыхый мезгил-

[1] Неологизм - гр. neos "жаңы" + logos "сөз" дегенден.

деги тилдин абалына карай түшүнүүгө тийишпиз. Анткени, коомдун өнүгүшүнүн бир учуру үчүн жаңылыгы, кадимкидей эместиги сезилип турган сөз мезгилдин өтүшү менен элдин сезиминде кадыресе эле сөзгө айланып, кеңири колдонулуучу лексиканын катарына өтүп кетет. Маселен, кыргыз тили үчүн Совет бийлигинин алгачкы мезгилинде неологизм болуп эсептелген *совет, партия, коммунист, большевик, комсомол* деген, айыл чарбаны коллективдештирүү мезгилиндеги *колхоз, совхоз, колхозчу, бригада, звено, трактор, комбайн, эмгек күн* деген, Улуу Ата мекендик согуштун мезгилиндеги *истребитель, катюша, дот, дзот, фашист, фашизм* деген сөздөр бүгүнкү күн үчүн эч кандай жаңы катары сезилбейт. Космосту өздөштүрүү мезгилинин неологизмдери болгон *космонавт, аэронавт, космостук корабль, космодром, учкуч-космонавт, спутник, ракета алып жүрүүчү, ракета кыймылдаткыч* сыяктуу сөздөр бара-бара неологизм болуудан калып баратат. Бүгүнкү күндүн неологизмдери болуп саналган *рынок экономикасы, акция, акция индекси, акционер, акционердик коом, акциз, акциз салыгы, бааны либералдаштыруу, бартердик келишүү, брокер, брокердик контора, валюта рыногу, имидж, инвестиция, ишкердүүлүк, инфраструктура, индексация, концерн, корпорация, купон, мамлекеттен ажыратуу, маркетинг, менеджер, менеджмент, презентация, приватташтыруу, фермер, фирма, холдинг-компания, чартер, эркин экономикалык зона, офис* деген сыяктуу сөздөр белгилүү мезгилдин өтүшү менен неологизм болбой калышы мүмкүн. Ал гана эмес, айрым неологизм сөздөр эскирген сөздөрдүн катарына өтүп кетиши да ыктымал. Маселен, кыргыз тилинде Октябрь революциясынан кийин пайда болгон *ревком (революциялык комитет), союз кошчу, жаңы үнөм саясаты, эл комиссариаты, ыктыярдуулар отряды* деген сыяктуу сөздөр бүгүнкү күн үчүн эскирген сөздөрдүн катарына кирет. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүккө ээ болуп, коммунисттик идеологиядан, социалисттик чарба жүргүзүүдөн баш тартышы, жаңы коомдук-экономикалык түзүлүшкө багыт алышы 90-жылдарга чейин эле ыйык сөз катары ардакталып келген *Советтик Социалисттик Республикалар Союзу – СССР, Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы – Кыргыз ССРи, Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы –КПСС, Бүткүл Союздук Ленинчил Коммунисттик Жаштар Союзу –ВЛКСМ, комсомол, пионер, октябрят, социализм, социалисттик чарба, колхоз, совхоз* деген сыяктуу сөздөрдүн келечекте кыргыз тилинин активдүү сөздүк курамынан чыгып, пассивдүү лексикасынын катарына өтүп кетиши күмөнсүз болуп калды.

Кыргыз тилиндеги неологизмдер эки булактын негизинде пайда болуп жатат.

1. Ички булактын эсебинен, башкача айтканда, кыргыз тилинин мурдатан колдонуп келе жаткан тилдик каражаттарын пайдалануу менен жасалууда. Ички булактын эсебинен пайда болгон неологизмдерди өз кезегинде дагы экиге бөлүп көрсөтүүгө болот:

а) жалпы тилдик булактын негизинде пайда болгон неологизмдер: *демөөр, демөөрчү* (спонсор), *ишкер, ишкердик* (предприниматель/предпринимателдик), *менчиктештирүү* (приватизация), *дыйкан чарба, эмкана* (поликлиника), *майдангер* (фронтовик), *сапар* (визит), *сынак* (конкурс) ж.б. Англис *ишкери* болсо бул жолку түшкөн шары менен дүйнөлүк турга чыгып, ийгиликтерге жетүүнү максат кылган («ZK»). *Ишкерлик* ишти илгерилетет («ZK»), Шарлотта үчүн чоң *сынактар,* б.а. концерттер башталат («ZK»). Талас аймагындагы Кырк-Казык *айыл өкмөтүндөгү* «Ырыс» *дыйкан чарбасынын* иши жөнүндө эл арасында жылуу-жумшак сөз болуп келет («ZK»).... өткөрүлгөн марафон «Сиздин саламаттыгыңызга» деп аталып, бул «ОШ-3000» алкакта *эмкана* комплексин көркүнө келтирүүгө... багытталды («ZK»). Премьер-министр бул түштүк сапарында Чаткал районундагы геологиялык чалгындоо иштери менен да тике таанышат («ZK»).

б) диалектилик булактын негизинде пайда болгон неологизмдер: *ижара* (аренда), *ижарачы* (арендатор), *идара* (мекеме, канцелярия), *буйрутма* (заказ), *астана* (босого), *токсондук* (квартал), *маара* (финиш) ж.б.

Мисалы: Жаңыдан келгенимде «Ысык-Көл» мейманканасында жашап жүрдүм, азыр *ижарага* чыкканы өзүмдү - Ата-Журтумда эле жүргөндөй сезип калдым («КМ»). Биздин жүзүбүз ошол өлкө *астанасынан* башталат («ZK»).

Коомубузда жүрүп жаткан демократиялаштыруу процесси өзүнүн таасирин жазма адабий тилибизге да тийгизип, мурда диалект, говорлордо гана колдонулуп келген көптөгөн сөздөр адабий тилдин энчисине айланып, жаңы сөз катары колдонулуп жаткандыгын жогорудагы мисалдар тастыктайт.

2. Сырткы булактын эсебинен кыргыз тилинде абдан көп неологизмдер пайда болууда:

а) Орус тилинен жана орус тили аркылуу башка тилдерден кирген неологизмдер. Кыргыз тилинде неологизмдердин пайда болушунда, мурдагы Совет бийлигинин мезгилиндегидей эле, азыркы учурда да орус тилинен жана орус тили аркылуу башка тилдерден кирген сөздөр басымдуулук кылууда. Ошону менен бирге алар коомдук турмушубуздун бардык тармактарына: саясатка, экономикага, маданиятка, илимге, техникага жана башка чөйрөлөргө бүт таралууда. Мисалы

*премьер-министр, вице-премьер министр, Саммит, мэр, акция, акционер, брокер, имидж, боевик, триллер, шоу-*

*концерт, сериал, кикбоксинг, компьютер, бизнес, бизнесмен, валонтер* ж.б. Мисалы:

Экономикалык кылмыштуулук менен күрөшүү комиссиясын республиканын *премьер-министри* жетектээри белгилүү («ZK»). Ошентип 19-20-мартка белгиленген КМШ өлкөлөрүнүн мамлекет башчыларынын Москва *Саммити* артка жылдырылды («ZK»). Шарлотта Черчтин белгилүүлүгү таежеси Каролина Купердин TVдагы «Биг биг» *талант-шоусуна* чакыруусунан башталды («ZK»). Ошентип кыска мезгилдин ичинде өзүнүн агентствосу, *менеджери* пайда болот («ZK»)....

Бу жарыктык *компьютердин* өзү эле,
Айткандары олуянын сөзү эле.
(Үсөнбек Асаналиев)

б) Тектеш тилдерден жана алар аркылуу башка тилдерден кирген неологизмдер. Кыргыз элинин көз карандысыз эркин мамлекетинин түзүлүшү, улуттук өз алдынчалыгынын өөрчүшү түрк тилдүү элдер менен тике катнаш, байланыш жасоосуна толук шарт түздү. Ошонун натыйжасында кыргыз тилине кийинки эле жылдары тектеш тилдерден жана алар аркылуу башка тилдерден (көбүнчө иран, араб тилдеринен) бир кыйла жаңы сөздөр келип кирди. Атап айтсак, казак тилинен *ардагер* (ветеран), *аялдама* (остановка), *балмуздак* (мороженое), *эгемендик* (суверенитет), *эгемендүү* (суверенитеттүү), *мунай, мунайзат* (нефть), түрк тилинен *башбакан* (премьер-министр), *учак* (самолет), *пайыз* (процент), өзбек тилинен *минбар* (кафедра), *расмий* (официалдуу), *рух, рухий* (дух, духовный), *ахлак* (этика, мораль), *амалий* (практикалык), *назарий* (теориялык) сыяктуу сөздөр кирди. Мисалы: Жашылча 21 *пайызга* жогорулаган («ZK»). Баалуу кант кызылчасын өндүрүүнүн индикативдүү планы 156,6 *пайызга* аткарылып, өнөр жай тармагынын өсүү көлөмү да 12 *пайызды* түзгөн («ZK»).

Жашта мээнет, дөөлөт көрдү карыганда.
Эли-журту *эгемендик* алганда...
Эми мына *эгемендик* кез келип,
Акелерди алып чыктык эскерип...
(Үсөнбек Асаналиев).

Алсак, бюджеттин негизги киреше бөлүгү 124 *пайызга* жетти («ZK»). Азыркы күндө Брюс Ли Фан клубдары анын *рухун* жашартууга аракет кылууда («ZK»). Ыйман – ички *рухий* байлык («ZK»). Ар бир кыргыз «Манастан» *рухий* азык алат («ZK»). Бул маалымат Иран *расмий* кабар агентствосу жана Тажикстандагы афган дипломатиялык булактары тарабынан да бекемделди («ZK»).

Жаңы түшүнүктөрдү туюнтуу үчүн тилде бүтүндөй сөз пайда болдубу, же мурдатан эле колдонулуп келе жаткан сөз гана жаңы мааниге ээ болдубу, ушуга карай неологизмдер **лексикалык** жана **семантикалык неологизм** болуп экиге бөлүнөт.

Лексикалык неологизмдерге жогорудагыдай даяр түрдө башка тилдерден кабыл алынган сөздөр да, ошондой эле кыргыз тилинин ички сөз жасоо каражаттарын пайдаланып жаңыдан жасалган сөздөр да кирет.

Лексикалык неологизмдер тилдеги мурдатан эле колдонулуп келген сөз жасоочу элементтердин (уңгу жана сөз жасоочу мүчөлөрдүн) жаңы биригүүсү менен, башкача айтканда, морфологиялык жол менен да, уңгулардын жаңы копулуусу менен синтаксистик жол менен да жасалышы мүмкүн.

1. Морфологиялык жол менен жасалган неологизмдер: *ишкердик, ишкердүүлүк, демөөр, демөөрчү, менчиктештирүү, эмкана, майдангер* ж.б.

2. Синтаксистик жол менен жасалган неологизмдер: *мамлекеттен ажыратуу, дыйкан чарба, кичи ишкана, орто ишкана, биргелешкен ишкана, аралаш менчик, келишим баа, айыл өкмөтү* ж.б.

Жаңы түшүнүктөрдү туюнтуу үчүн, тилде бүтүндөй жаңы сөз жасалбастан, мурдатан колдонулуп келе жаткан сөз жаңы мааниге ээ болушу мүмкүн. Мындай жол менен **семантикалык неологизмдер** пайда болот Маселен, 1993-жылдын 10-майына чейин «сом» жана «тыйын» деген сөздөр орусча «рубль» жана «копейка» деген акча бирдигинин жана майда акчанын кыргызча эквиваленти катары колдонулуп келсе, Кыргыз Республикасынын улуттук валютасынын киргизилиши менен, алар жаңы мааниде колдонулуп калды. «Сом» жана «тыйын» деген сөздөрдү акча бирдиги катары кыргыздар байыркы мезгилдерден бери эле колдонуп келгендигин тарыхый маалыматтар ырастайт[1].

*Сапар* деген мурда «саякат, алыскы жол» маанисинде болсо, азыр «визит» маанисинде да колдонула турган болду. Губернатордун *сапары* Кыргыз өкмөтү менен кызматташуу келишимине кол коюусу менен аяктады («ZK»).

*Жамаат* мурда «коом, чөйрө, топ» маанисиндеги эскирген сөз болсо, азыр «коллектив» маанисине өтүп колдонула баштады.

*Азем* деген сөз «кооз, жасалга, келишкен көрүнүш» деген мааниден азыр «церемония» деген мааниге өтүп да колдонула баштады: Анын ачылыш *аземин* белгилей турган күн да улам жакындап келатканы сезиле баштады («ZK»). Падыша Николай II жана үй-бүлөсү өткөн жумада официалдуу мамлекеттик *азем* менен Санкт-Петербургда көмүлдү («ZK»).

---

[1] Бул тууралуу караңыз Т Койчуев, В Мокрынин, В Плоских. Кыргызы и их предки Нетрадиционный взгляд на историю и современность -Бишкек, Гл ред. КЭ 1994, 99-100-беттер

«Достор, агайын-туугандар» деген маанидеги сейрек колдонулуучу *жаран* (көбүнчө *жарандар* түрүндө учурайт) деген сөз азыр «гражданин» маанисинде да колдонулуп жүрөндүгүн көрөбүз. Казакстанга келген *жарандар* 70 *кг*дан ашпаган, 2000 АКШ долларына чейинки жүгү үчүн эч салык төлөшпөйт (»ZK»)... көп учурларда *жарандык*, коомдук демилгелер колдоого алынбайт (»Ы.-КК»).

Азыркы кыргыз тилинде кыйла жаңы сөздөр, жаңы туруктуу сөз айкаштары жана жаңы маанилер **калька**[1] аркылуу пайда болууда.

**Калька** деп башка тилдеги сөздүн жана туруктуу сөз айкашынын структуралык же семантикалык үлгүсү боюнча экинчи бир тилде да өзүнүн ички каражаттарын пайдаланып, жаңы сөз, жаңы туруктуу сөз айкашынын жасалышы жана жаңы маанинин пайда болушу аталат. Калькалап жаңы сөз жасоодо кыргыз тили үчүн да, мурдагы советтик башка элдердин тилдериндей эле, орус тили үлгү болуучу тил катары кызмат кылууда.

Жалпысынан калька семантикалык жана структуралык болуп экиге бөлүнөт:

1. **Семантикалык калька**. Негизги номинативдик маанилери боюнча бирдей болгон башка тилдеги сөздүн кандайдыр бир өтмө маанисинин үлгүсүндө экинчи бир тилдеги сөздө да ошол өтмө маанинин пайда болушу **семантикалык калька** деп аталат. Семантикалык калька тыбыштык көрүнүшү боюнча жаңы сөз же жаңы сөз айкашын жасабастан, тилдин лексикасында мурдатан колдонулуп келе жаткан сөздү гана кошумча маани менен байытат. Мисал катары төмөнкүлөрдү көрсөтсөк болот. *кызыл, ак* деген сын атооч сөздөрдүн биринчисинин «революциячыл», экинчисинин «контреволюциячыл» деген маанилери орус тилиндеги *красный* жана *белый* деген сөздөрдөн калькаланган. Орус тилинде бул маанилер граждандык согуш мезгилинде чыккан. 1917-жылы Октябрь революциясы жеңип чыккандан кийин али багынууну каалабаган капиталисттер менен помещиктер Америка Кошмо Штаттарынын жана башка капиталисттик мамлекеттердин жардамы менен армия уюштуруп, советтик өлкөгө каршы согуш баштashкан. Бул контреволюциячыл армияны *ак* же *ак гвардиялык* деп атай турган болушкан. Себеби, он эки жыл илгери, 1906-жылы Финляндияда капиталисттер жумушчулардын революциячыл *кызыл гвардиялык* отряддарына каршы жеңдерине ак повязка тагынып жүргөн буржуазиялык милицияны түзүшкөн. Кийинчерээк контреволюциячыл армия түзүлгөн кезде, аны да *ак* деп аташты. Жалпы эле ал кезде революцияга каршы болгондорду *актар* дей турган. Ал эми советтик өлкөнүн жаш армиясын *Жумушчу Дыйкан Кызыл Армиясы,* же кыскартып *РККА* деп аташчу. Бир тилдеги сөз же

[1] Калька- фр calque "тунук кагазга түшүрүлгөн копия" деген маанидеги сөздөн алынган

Себеби кызыл түс эзилген эмгекчи элдин эркиндик үчүн болгон күрөштө төккөн кызыл канын эске салып, эркиндик үчүн болгон күрөштүн символу катары эсептелген.

Кыргыз тилинде, орус тилиндегидей эле, 20–30-жылдары жогоруда айтылган маанилерде *кызыл, ак* деген сын атоочтор жана алардын субстантивдешкен формалары кеңири колдонулган. Ошол мезгилдерди сүрөттөөгө арналган көркөм чыгармалардан муну кеңири жолуктурабыз: Ал туура төрт жыл *кызыл* армия катарында, адегенде *актарды* сүргүндөп, кийинки бир-эки жыл басмачылар тобу менен күрөштү (Т.С.).

Ал эми *сол* (же *солчул*) деген сөздүн «алдыңкы», «революциячыл» деген жана *оң* (же *оңчул*) деген сөздүн «консервативдүү», «реакциячыл» деген саясий маанилери орус тилиндеги *левый, правый* деген сөздөрдөн калькаланган. Орус тилиндеги бул маанилер өз кезегинде француз тилинен алынган семантикалык калька болуп эсептелет. Француз тилинде бул сөздөрдүн жаңы маанилери 1789-1793-жылдардагы француздук буржуазиялык революциянын мезгилинде пайда болгон. Конвентте (өкмөттүк кеңешмеде) ал кездеги прогрессивдүүрөөк монтаньярлардын партиясы сол тарапта, консервативдүүрөк жирондисттердин партиясы оң тарапта отурушкан. Ошондон тартып «сол» деген түшүнүк «алдыңкы», «революциячыл» деген түшүнүк менен, «оң» болсо «консервативдүү», «реакциячыл» деген түшүнүк менен байланыштырыла баштаган[1].

Кыргыз тилиндеги *сол (солчул)* жана *оң (оңчул)* деген сөздөр жогоркудай мааниде котормо адабиятта, өзгөчө саясий котормо адабияттарда бир топ кеңири колдонулат.

*Күрөш, агым, толкун, мектеп* деген сөздөрдүн коомдук-саясий маанилеринин пайда болушу жана *айлана, тамыр, туз, аңгеме, шоола* деген сөздөрдүн илимий термин катары колдонулушу да ушул сөздөрдүн орусча эквиваленттерине байланыштуу.

2. **Структуралык калька**. Башка тилдеги сөздүн же туруктуу сөз айкашынын структуралык үлгүсү боюнча өз тилинин каражаттарын пайдаланып, жаңы сөз же жаңы туруктуу сөз айкашын жасоо **структуралык калька** болот. Маселен, кыргыз тилиндеги *келишим баа – договорная цена, чакан ишкана – малое предприятие, аралаш менчик – смешанная собственность, баалуу кагаздар – ценные бумаги, биргелешкен ишкана – совместное предприятие, жеке үй-бүлөлүк ишкана – частно-семейное предприятие, сатуудан алынуучу налог – налог с оборота, элдик ишкана – народное предприятие, таза пайда – чистый прибыль* деген орус сөздөрүнөн калькаланган.

Структуралык калькалардын ичинде жогорудагы мисалдарда келтирилген **толук калькалар** менен катар **жарым калькалар** да бар.

[1] Будагов Р.А., Введение в науку о языке. -М.: 1958, 112-бет

Бир тилдеги сөз же сөз айкашы экинчи тилге толук которулбастан, жарым-жартылай гана которулса, **жарым калька** деп атайбыз. Мында жаңы сөздү же жаңы сөз айкашын түзүүчү материалдык элементтер болуп эне тилдин өзүнүн ички ресурсу да жана сырттан кабыл алынган уңгулар же негиздер да кызмат кылат. Мисалы:

> *акционердик ишкана (акционерное предприятие), акционердик коом (акционерное общество), акциз салыгы (акцизный налог), антимонополдук чаралар (антимонопольные меры), арендалык ишкана (арендное предприятие), арендалык подряд (арендный подряд), баа индекси (индекс цен), бааны либералдаштыруу (либерализация цен), бартердик келишим (бартерная сделка), биржалык келишүү (биржевые сделки), жашоо-тиричилик минимуму (прожиточный минимум), фермердик чарба (фермерское хозяйство), эркин экономикалык зона (свободная экономическая зона), көп баллдуу система (многобалльная система), кичи бизнес (малый бизнес), орто бизнес (средний бизнес)* ж.б.

Ар бир тилдин сөз жасоо ыгында экинчи тилде кайталана бербей турган бөтөнчөлүктөр болот. Көпчүлүк учурда типологиялык (структуралык) жактан айырмаланган тилдердин ортосунда абсолюттук дал келүү мүмкүн эмес. Тигил же бул сөздүн калька аркылуу пайда болушун аныктоодо тилдердин ортосунда болгон тарыхый байланышты да эске алуубуз керек.

Кыргыз тилинин лексикасынын өсүшүнө өзүнүн ички байлыгы менен катар, орус тили да зор таасир көрсөтүүдө. Орус тилинин таасири лексикалык кабыл алуудан гана эмес, көп түрдүү калькалардан да даана көрүнөт.

Жогоруда биз неологизмдердин бара-бара активдүү сөздүк запаска өтүп кетиши же айрымдарынын эскирүүгө дуушар болушу жөнүндө сөз кылганбыз. Айрым учурда, анын тескерисинче, ар кандай тилдик саясатка, элдин тилге карата көз карашынын өзгөрүшүнө жараша мурда эскирүүгө дуушар болуп, пассивдүү сөздүк запаска өтүп кеткен сөздөр кайра жанданып, неологизм катары жаңырып колдонула баштапы мүмкүн. Маселен, элибиздин улуттук аң-сезиминин өнүгүшүнө жана тилибиздин мамлекеттик статус алышына байланыштуу *жумурият (республика), мыйзам (закон), дарс (лекция), дарыскана (аудитория), усул (метод), жамаат (коллектив), аким (райондун, облустун начальниги), төрага (председатель), аалым (окумуштуу, илимпоз)* сыяктуу сөздөр кайрадан жаңырып колдонула башташы. Мисалы: Түркиядан тартып дүйнөдө кеңири белгиленген Түркиянын *жумурият* майрамы Кыргызстанда да жаркын маанайда белгиленди («ZK»). Эл каттоо боюнча атайын *мыйзам* кабыл алынган («ZK»). Тескерисинче,

мен *дарс* окуп, түрк тилин үйрөтөм. («КМ»)... окуу китептерин, программа, *усулдук* колдонмолорду чыгаруу жагы да козголууда («ZK»).

Жалпы тилдеги неологизмдер менен катар сөз чеберлери көркөм каражат катары стилистикалык максатта өздөрүнүн индивидуалдык неологизмдерин да жаратышат Индивидуалдык-стилистикалык неологизмдер жалпы тилдеги неологизмдер сыяктуу жаңы пайда болгон түшүнүктү, нерсени атоо зарылчылыгынан келип чыкпастан, мурда эле тилдеги аты белгилүү болгон түшүнүктү жаңыча атоо менен ага күчтүү эмоция, стилистикалык тактык берүү максатын көздөйт да, тилдин активдүү сөздүк запасына кирбестен, көпчүлүк учурда жеке гана чыгарманын же жеке жазуучунун энчиси болуп кала берет. Орус адабиятынын тарыхында мындай көркөм сөз каражатына көпчүлүк акын, жазуучулар кайрылышкан. Жаңы жасалган сөздөргө Салтыков-Щедрин менен Владимир Маяковскийдин чыгармалары өзгөчө бай[1].

Кыргыз адабиятында да айрым акын-жазуучуларыбыз чыгармаларында индивидуалдык-стилистикалык неологизмдерди пайдаланышат. Маселен, акын Райкан Шүкүрбеков элде эзелтен аты белгилүү аракты *«жинди суу»* деп атаган. Абалтан бери чүчкүргөн кезде жооп катары айтылып, саламаттылыкты каалагандыкты билдирүүчү *«акчуч»* деген сылык сөз Мидин Алыбаев тарабынан стилистикалык максат үчүн коомго пайдасы тийбеген аялдарга карата айтылуучу өткүр сөздүн ролунда колдонулган. Ал эми Аалы Токомбаев *-чылык* деген мүчөнү стилистикалык максатта колдонуп, *он* деген сан атоочтон *«ончылык»* деген индивидуалдык неологизмин түзөт да, *тууганчылык, досчулук, журткерчилик, адатчылык, молдочулук, кыргызчылык, улутчулук, төрөчүлүк, уруучулук, улукчулук* сыяктуу эски турмуштун терс көрүнүштөрүн мыскылдоо үчүн пайдаланган.

Жазуучулар, акындар мындай неологизмдерди сатирикалык курч курал катары гана эмес, терең лиризмди, салтанаттуу риториканы берүү үчүн да колдонушат. Кыргыз поэзиясында сүйүктүү Ата Мекенди сүрөттөө үчүн *-стан* мүчөсүнүн жалгануусу менен кыйла индивидуалдык неологизмдер жасалган. Маселен, стилистикалык максатта кыргыздын белгилүү акыны Алыкул Осмонов *-стан* мүчөсүнүн жардамы менен *«Чолпонстан»* деген индивидуалдык неологизмин түзүп, өзүнүн 1937-жылы жарыкка чыккан алгачкы ырлар жыйнагынын бирин атаган. Акын сүйүктүү Ата журтун сүрөттөө үчүн *«Чолпонстан»*, *«нурлустан»*, *«бактылуустан»* деген индивидуалдык-стилистикалык неологизмдерди колдонот.

---

[1] Ефимов А И , Язык сатиры Салтыкова-Щедрина -М МГУ, 1953,
Винокур Г О , Маяковский - новатор языка - М Советский писатель, 1943,
Тимофеева В В , Язык поэта и время Поэтичесюй язык Маяковского М -Л АН СССР, 1962.

Кыргызстан – *Чолпонстан* жаңы атың,
Акта эми, элим, элдин жаңы урматын
Адамдыктын алга кеткен акылын,
Октой зуулдап-куба турган убактың.
Кыргызстан – сен *нурлустан* жаңы атың,
Кылым бою өчпөс Чолпон нур чачтың.
Чолпон болуп адамзаттын жерине,
Чолпон жылдыз нурларындай нур чачкын
Кыргызстан – *бактылуустан* жаңы атың,
Жайылды элим сенин бүркүт канатың,
Качан укмуш, качан өнөр берет деп,
Күтүп турат сенин ар бир саатың.

Көркөм сөз каражаттарындагы бул жаңы табылга акындын мекенге болгон сүйүүсүн ачуута зор көмөк көрсөтүү менен, ырга назиктик, лирикалык эмоция берет.

Новатор акындын мындай жакшынакай табылгасын таланттуу акын Эрнис Турсунов да пайдаланып, «Энеке – Кыргызстан» деген ырында *«Советстан»*, *«Ыйыкстан»*, *«Алтынстан»*, *«Жылдызстан»* деген өзүнүн стилистикалык неологизмдерин түзгөн.

Кадимки чалгыны курч кыраан куштан,
Карааным кайкып өтүп ыраак учкам.
Жат бутка чарбагынды бастырганча,
Жан курман, о – мекеним, Кыргызстан,
Энеке, Кыргызстан – *Советстан!*
Жашоомо арка-тирек жаралгандан,
Жана да батпаган күн, агарган таң,
Майданда менин суум, менин абам,
Мага бел махабаттуу Кыргызстан! *Ыйыкстан!*
Кыйбасын кымбат салты – берүү туз-даам.
Меймандос адети ошол байыртадан,
Мээримдүү менин өлкөм Кыргызстан.
Энеке – Кыргызстан – *Алтынстан.*
Укмуштуу достук үнүн кубулжуткан,
Узардың көп улуттуу уул-кыздан.
Март пейил акылыңа алкоо чачам,
Мага көрк, кооз, сулуу Кыргызстан!
Энеке – Кыргызстан – *Жылдызстан!*

Ч.Айтматов «Кылым карытар бир күн» романында *«маңкурт»*, *«Бириккен Башкаруу Борбору – Бирбашбор»* деген индивидуалдык неологизмдерин жараткан. Мисалы: *Маңкурт* деген эс-акылдан ажыраган бир

сөлөкөт: өзү ким, эл-жери кайда, ысмы ким, ата-энеси ким, кайда, качан чоңойгон, – эчтеме эсинде калбайт, эчтемени билбейт, кыскасы өзүн адам элем деп эсептебей калат. «Конвенция» авианосецинде советтик-америкалык «Демург» деп аталган сүзүп жүрүүчү *Бириккен Башкаруу Борбору* орношкон, кыскартып айтканда аны *«Бирбашбор»* деп коёт.

Стилистикалык максатта колдонулган неологизмдер индивидуалдык жаңылык катары дайым эле көзгө даана уруна бербейт. Аалы Токомбаевдин чыгармаларында жалпы тилде колдонулбаган көп сөздөр жолугат. Бирок алар тилде кеңири колдонулган сөздүк курамдын фонунда анчалык ачык бөлүнбөгөнсүйт.

Жеке жазуучунун неологизми жалпы тилдик традициянын негизинде жасалганда гана элге түшүнүктүү болот да, өзүнө жүктөлгөн милдетти аткара алат. Тактап айтканда, алар тилдеги белгилүү элементтердин негизинде түзүлөт, ошондуктан мындай сөздөрдүн мааниси угуучуга же окурманга атайын түшүндүрмөсүз эле маалым болуп турат.

## КЫРГЫЗ ЛЕКСИКАСЫНЫН КОЛДОНУЛУШ ЧӨЙРӨСҮНӨ КАРАЙ БӨЛҮНҮШҮ.

Кыргыз тилинин жалпы лексикасы колдонулуш чөйрөсүнө карай эки чоң топко – бүткүл улуттук жамаатка бирдей түшүнүктүү болгон ж а л п ы э л д и к л е к с и к а г а жана белгилүү аймакта жашаган же белгилүү кесип боюнча байланышкан адамдардын жамааты үчүн гана мүнөздүү болуп, колдонулуш чөйрөсү чектелген ж а л п ы э л д и к э м е с л е к с и к а г а бөлүнөт.

Кыргыз тилинин сөздүк курамынын эң негизги бөлүгүн бардыкка кеңири түшүнүктүү жана кеңири колдонулган жалпы элдик лексика түзөт. Тилдин лексикалык уюткусу болгон жалпы элдик лексикасыз тилдин өзүнүн жашап турушу жана адамдардын ортосундагы пикир алышуунун эң маанилүү каражаты катары кызмат аткарышы мүмкүн эмес. Ал бүткүл улуттук жамааттын бардык мүчөлөрү үчүн зарыл болгон турмуштук маанилүү түшүнүктөрдү туюнткан сөздөрдүн бардыгын өз ичине камтыйт.

Жалпы элдик лексика жалпы улуттук адабий сөздүктүн негизин түзөт. Мындагы сөздөрдүн басымдуу көпчүлүгү колдонулуш жагынан өтө туруктуу келет жана бардык стилде бирдей колдонула берет.

Колдонулуш чөйрөсү чектелген сөздөр кандайдыр бир территориялык же социалдык жактан бириккен белгилүү адамдардын тобуна таандык болот. Диалектилик, профессионалдык, терминологиялык, жаргондук лексиканын фактылары мына ушундай мүнөздө.

## Диалектизмдер

Жалпы улуттук кыргыз тили өзүнүн азыркы өнүгүш этабында эки түрдүү формада: жогорку адабий тил формасында жана жергиликтүү диалект, говорлор сыяктуу төмөнкү формасында жашап жатат.

Кыргыз адабий тили фонетикалык, грамматикалык жана лексикалык жактан кыргыз тилинин бардык диалект, говорлоруна мүнөздүү болгон жалпы белгилерди өз ичине камтуу менен улуттук жамааттын бүт мүчөлөрү үчүн орток катнаш жасоо, пикир алышуу каражаты катары кызмат кылат жана аларды жалпы улуттук жамаатка бириктирип турат. Ал мына ушул жалпы улуттук функциясы боюнча жергиликтүү диалект, говорлордон айырмаланат.

Кыргыздын жалпы улуттук жазма адабий тилинин негизине кыргыз тилинин структуралык бардык деңгээлдери боюнча жалпы элдик мүнөзгө ээ болгон т ү н д ү к  д и а л е к т алынган.

Ошону менен бирге кыргыз адабий тили азыр жашап жаткан түндүк жана түштүк диалектилердин, ошондой эле алардын курамына кирген говорлордун эч бирине толук дал келбейт.

Эгерде фонетикалык жана грамматикалык белгилер боюнча адабий тилдик норма менен диалектилик өзгөчөлүктөрдү айырмалоо бир кыйла жеңил болсо, лексикалык өзгөчөлүктөр жөнүндө аны кесе айтуу көп учурда кыйынчылык туудурат. Бул кыйынчылык төмөнкү шарттарга байланыштуу.

Биринчиден, адабий тил менен диалект, говорлордун лексикалык айырмачылыгы фонетикалык, грамматикалык өзгөчөлүктөрүнө салыштырганда сан жагынан өтө эле көп жана лексика-семантикалык тематикасы боюнча бир кыйла чаржайыт. Анткени грамматикалык, фонетикалык өзгөчөлүктөр системалуу мүнөзгө ээ, ал эми лексикалык өзгөчөлүктөр көп учурда конкреттүү жеке сөз менен байланышат.

Экинчиден, кыргыз адабий тили жаш адабий тилдердин катарына кирет жана азыр да көбүнчө лексикалык жактан жаңылануу процессин башынан өткөрүп жатат. Ошол себептен адабий норма катары калып алган сөздөр менен бирге али диалектилик тагы кете элек аралык көрүнүштөгү сөздөр да бар. Маселен, *агат* (əгəт), *ок арык, гозо, гозопая, жегене, шалыпая, пилла, писта, гүлдесте, гүлзар, гүлчамбар, айван, шып, адамзаада, инсан, астейдил, лазим, маара, набыт, оропара, чабандоз* сыяктуу дагы көп сөздөр газета-журналдык кабарларда, публицистикалык чыгармаларда, сын макалаларда, айыл чарба жөнүндө китепчелерде, лекция, докладдарда, радио же телеберүүлөрдө, ошондой эле көркөм адабиятта бир топ эле активдүү колдонулуп жүргөндүгүн

байкайбыз. Ошону менен бирге бул сөздөрдүн жергиликтүү диалектилик мүнөзү да айкын сезилет;

Үчүнчүдөн, кыргыз тил илиминде, ошондой эле жалпы лингвистикалык адабиятта «диалектилик сөз», «диалектилик лексика» жана «диалектизм» деген терминдер жана алар туюнткан түшүнүктөр жөнүндө бирдиктүү так пикирлер жок. Айрым изилдөөчүлөр «диалектизм» деген түшүнүктү жөн эле жергиликтүү аймактык диалектиге, говорго тиешелүү сөз катары түшүндүрүшөт.

Башка бир изилдөөчүлөр «диалектизм» деген түшүнүктү жөн эле жергиликтүү аймактык диалектиге, говорго тиешелүү сөздөр же диалектилик лексика эмес, адабий тилде колдонула турган диалектилик сөз катары карайт. Маселен, В.Н.Прохорова: «диалектизмдер... адабий тилдин курамында колдонулган жергиликтүү диалектилерге таандык сөздөр»[1] деп аныктайт Бирок бул аныктаманы да толук жана так деп эсептөөгө болбойт. Мындагы так эместик «адабий тил» менен «көркөм адабияттын тили» деген түшүнүктөрдү чаташтыруудан келип чыгып отурат. Эгерде диалектилик сөз адабий тилге кирген болсо, анда ал адабий сөздөрдүн катарына өтүү менен диалектизм болуудан калат. Диалектилик сөз стилистикалык максат менен көркөм чыгарманын тилине кирип калса жана ал ошону менен бирге адабий тилдин нормасы болуп эсептелбесе, анда ал диалектизм бойдон калат. Анткени көркөм адабияттын тилинде учураган тилдик сүрөттөө каражаттарынын бардыгы эле адабий нормага туура келе бербейт жана адабий тил менен көркөм чыгарманын тили адамдар жамаатынын тилдик катнашуу каражаттарынын адабий эмес формаларына карата ар башкача мамиледе болот. Көркөм чыгарманын тилинде жалпы улуттук тилдин негизин түзгөн адабий тилдин материалдарынан башка «карапайым тилдин», жергиликтүү диалект, говорлордун элементтери да кездешет. Демек, **диалектизм** дегенди жалпы улуттук тилдин курамында жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү берүү үчүн көркөм чыгармаларда а т а й ы н  с т и л и с т и к а л ы к  м а к с а т менен колдонулган тилдик көркөм каражат катары түшүнөбүз.

Кыргыз жазуучуларынын көркөм чыгармаларында колдонулган диалектизмдердин кайсы спецификалык белгилеринин берилгендигине карай аларды төмөнкүдөй типтерге бөлүштүрүп кароого болот.

Жергиликтүү диалектилерге, говорлорго тиешелүү лексиканын көркөм чыгармада колдонулушу лексикалык диалектизмдер деп аталат. Лексикалык диалектизмдердин мүнөзү бир түрдүү эмес.

Кээ бир лексикалык диалектизмдер адабий тилдеги сөздөргө абсолюттуу синоним болушат. Башкача айтканда, адабий тилдеги сөз

[1] Прохорова В Н , Диалектизмы в языке художественной литературы -М 1957, 4-бет

менен диалектидеги сөз бир эле түшүнүктү берет. Мисалы:
диал. *илеп*//ад. *эрин* «*Илептери* кеберсип, кара сур өңү түнөрөт» (Ш.А.Өкүм.); диал. *ука*//ад. *ини* «Өзүм сүйүнчүлөгөн *укамдин* ачыктан ачык шылдындап, кемсинткен кылыгына ушундай жаным кашайды»; диал. *астана*//ад. *босого* «Он эки кыз 1-класстын *астанасын* кошо аттап, ошол жоон топ кыздан үчөөбүз гана калдык» (К.Боб. Түштүк кызы); диал. *асел*//ад. *бал* «Жыйын *асел* аарынын уюгундай күңгүрөп баратты»; диал. *барик*//ад. *жалбырак* «Жолбун жел *бариктерди* акырын шыбыратып, кайта дым болуп жоголуп кетет» (Т.К.Сынган кылыч). Лексикалык диалектизмдердин мындай түрүн **нагыз лексикалык диалектизмдер** деп атоого болот.

Диалектилик лексиканын экинчи бир түрү – жергиликтүү элдин турмуш шарттарына, чарбачылыгына, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнүн өзгөчөлүгүнө, үрп-адатына гана тиешелүү болгон нерселердин, буюмдардын, көрүнүштөрдүн аттарын атаган сөздөр. Бул сыяктуу түшүнүктөрдүн аттары бүткүл улуттук жамаатка белгисиз болот. Мындай диалектизмдердин адабий тилде абсолюттук синоними болбойт. Диалектизмдин бул түрү **этнографиялык**[1] **диалектизмдер** деп аталат.

Белгилүү бир аймакта жашаган адамдардын турмуш-тиричилигинин, чарбачылыгынын өзгөчөлүктөрүн сүрөттөө үчүн жазуучулар этнографиялык диалектизмдерге көп кайрылышат. Мисалы: Той кызматындагы экөө бир-бирден мис чылапчын, жаркыраган мис *абдесте* көтөрүп кирип кетишти. Анын ийининде *байтешеси* бар эле. Алымкулдун үстүндөгү сүзүлүп калган боз *жегдесинин* ийиндери айрылып, кызыл ала болуп кандын тагы көрүндү. Анда бир топ кишилер менен кошо *мандикер* кылып жүргөн окшойт (М.А.Жашагым келет). Төрүбүздө шыпка жете катар жыйылган үч *мээрап* жүк үйүбүздүн көркү (К.Боб. Түштүк кызы). *Пешайбандын* кыбыла жаккы бурчундагы *чарпаяда* бостек төшөп орун салды. (Ш.А.Өкүм) ж.б.

**Лексикалык диалектизмдердин үчүнчү түрү – семантикалык диалектизмдер.** Буга тыбыштык формасы боюнча адабий тилдеги сөзгө туура келип, бирок мааниси боюнча адабий тилден өзгөчөлөнүп турган сөздөр кирет. Мисалы: Айзада каракөз башатка эки *челек* («чака» маанисинде) ийиндеп суута келди (Т.К.Сынган кылыч). Тарткынчыктатып жетелеп, *торпокту* («музоо» маанисинде) аркандап келди (К.Боб. Түштүк кызы). Төлөнбай миңбашы... *көрпөнүн* («төшөк» маанисинде) үстүндө жатат (М.А.Жашагым келет).

---

[1] Этнография - гр. etnos "эл" + grapho "жазамын" деген сөздөрүнөн

Көркөм адабиятта лексикалык диалектизмден башка жергиликтүү говорлорго тиешелүү туруктуу сөз айкаштарынын – фразеологизмдердин колдонулган учурларын да жолуктурабыз. Мисалы: *Аптапта катык жалашканбыз* (Ш.А.Өкүм). *Чүчбараны кам ойлогон* боз баш кыз акыл айткысы бар мага (Ш.А.Таанып адамдар).

Кыргыз көркөм адабиятында жергиликтүү диалектилердин, говорлордун жалаң гана лексикалык өзгөчөлүктөрү чагылдырылбастан, фонетикалык жана грамматикалык (морфологиялык жана синтаксистик) деңгээлдеги өзгөчөлүктөрү да чагылдырылгандыгын көрөбүз.

Көркөм чыгармада берилген жергиликтүү диалектилердин, говорлордун тыбыштык өзгөчөлүктөрү жөнүндө сөз кылганда, төмөнкү эки учурду эске алуубуз керек. Эгерде тигил же бул тыбыштык өзгөчөлүк белгилүү диалектинин же говордун бүтүндөй фонетикалык системасына мүнөздүү болгон өзгөчөлүктөрдү чагылдырса, анда бул нагыз **фонетикалык диалектизм** болуп эсептелет. Буга төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот.

1) Түштүк диалектиге тиешелүү тогузунчу ә, әә фонетикаларынын чагылышы. Кыргыз алфавитинде ә, әә тыбыштарын белгилей турган атайын тамгалар болбогондуктан, бул көрүнүш чыгармаларда графикалык жактан бир сөз ичиндеги жанаша муундарда тил арты *а* менен катар тил алды *и* же *э(е)* үндүүлөрүн берүү аркылуу белгиленген. Мисалы: Ар кимиси *арди* айтып, ... Кудаяркандын башы чындап каңгы болду. Көзү жок жерде ким көрүнгөн шакебелеп, атаны жаман *калдин* тилегин көр дешип, күлүп жүрүштү. *Майли*... мен эки рекет намаз окуп алайын (Т.К.Сынган кылыч).

2) Адабий тилдеги эринчил созулмалардын ордуна түндүк диалектинин Талас, түштүк диалектинин Чаткал, Ала-Бука, Аксы жана ичкилик говорлоруна мүнөздүү эринчил дифтонгдордун берилиши. Адабий тилдеги эринчил *өө, оо, уу, үү* созулмаларынын ордуна колдонулган дифтонгдор көркөм чыгармаларда көбүнчө *өвү, өбү, өб, өбө обу, оу, уба, уву, уб, ау* тыбыш айкалыштары аркылуу берилген. Мисалы: Эки эгиздин *бирөвүн* кем жараткан, сен дүйнө (ад.*бирөө*). Сөздү эмнеден баштарды билишпей, *экөбү* тең салбырап отуруп калышты (ад. *экөө*). Ошол бойдон унчугушкан жок, *үчөбү* үңкүрдүн оозуна барышты (ад. *үчөө*). –Бу кайран сары атымдын *төлөбү*! - деди Кулкиши жаркылдап (ад. *төлөөсү*) (Т.К. Сынган кылыч). Өлүктү эстеп мусапырларга аш берүү – чоң *собоп* болот деп укчу элем (М.А.Жапагым келет). Шералинин үстүбашын ушу убакка чейин эл көргүдөй кылып *обуштуруп* койбогондугу үчүн ичинен Нүзүпкө кине ойлоп кетти (ад. *ооштуруп*). Кожо башын кылтылдатып: –*Тоуба, тоуба*... – деп жакасын карманды (ад. *тооба*). Көк теректер желге *шаулдап*, туш-туш жактан гүлдүн, балдын жыты буруксуп келип жатты (ад. *шуулдап*. Т.К.Сынган кылыч).

Кээде эринчил дифтонг созулма үндүү сыяктуу эле эки окшош үндүү тамга менен жазылып, бирок ага *н* тыбышы менен башталган мүчө жалганганда, мүчөнүн башындагы *н* тыбышы *д* тыбышына өткөрүлүп берилген. Мисалы:... жыландын куйругундай гана эч шыбыртсыз *туудy* зээрчигиле (ад. *туунy*). Акыр кыямат жакындап калганбы дейм, жашы *улуудун* насаатын жаштар терс алып, жамандык катары көрүп, пурсатына кыспай турган болду (ад. *улуунун*, Т.К.Сынган кылыч). Көркөм адабияттан адабий тилдеги эринчил созулмалардын ордуна, дифтонгдордон башка тыбыштык өзгөчөлүк катары, түштүк говорлорунун көпчүлүгүнө мүнөздүү байыркы *ғ, г* тыбыштарынын katкаланга айланган формасын да учуратабыз. Мисалы: *Улук* даражалуу, мусулман баласынын бир ишеничи, Мирза Насирдинбек жээнчеринин урматы үчүн көкбөрү алып чыкты. Бул *улук* сыйдын, кадырдын белгиси! – деп жаш мырзанын көңүлүн тындырды (ад. *улуу*). – ... *Эликке* чыгып, али келин сынын бузбайт (ад. *элуу*). – Чеч *белбакты* бери! – деди Нүзүп ага. Шерали унчукпай эски *белбагын* чечип берди. Нүзүп *белбак* менен эки чокойду кошоктоштуруп бекем байлатты (ад. *белбоо*, Т.К.Сынган кылыч). *Ат кечикте катары менен төрт темирчи* уста бар (ад. *кечуу*, М.А.Жашагым келет).

3) Адабий тилде белгилүү позициялык шартка жараша сөз башындагы кош эринчил оозчул жумшак *б* тыбышы кош эринчил мурунчул *м* тыбышына өткөн болсо, түштүк говорлорунда көбүрөөк мурдагы түрүндө сакталып калган. Түштүк темасына арналган чыгармалардан бул тыбыштык өзгөчөлүктү да учуратабыз. Мисалы: Исхак башын жерге салып, *бууну* калтырап, оозуна эчтеме кирбей, көпкө унчуга албады (ад. *муун*). «Жакшыдан *бөөн*, а жамандан жахан деген ушубу?...» деген ойго кетип турду (ад. *мөөн*, Т.К.Сынган кылыч).

4) Түндүк диалектинин Ысык-Көлдөн башка бардык говорлорунда, башкача айтканда, Чүй, Тяньшань, Талас говорлоруна жана түштүк диалектинин түндүк жана түндүк-чыгыш (Чаткал, Алабука, Аксы, Кетментөбө) говорлоруна мүнөздүү *з* тыбышы менен *с* тыбышынын алмашылып айтылыш учурлары да көркөм чыгармаларда кездешет. Мисалы: Абил бий.. жээги күмүш кызыл кырма кесени *кесеги* келгенде алып, ... дагы эле ойдон бөлүнө албай, ой толгоо тартып отуруп калды (ад. *кезек*, Т.К.Сынган кылыч). Оозунан өжөк-өжөк жин атып, ... кайра үч бүктөлүп түйүлө токтой калып, кайра *кузуп*, ичеги-карды үзүлүп, жаны чыгып баратты (ад. *кусуп*, Ч.А.Кыямат).

Адабий чыгармаларда жолуккан нагыз фонетикалык диалектизмдер ушуну менен эле чектелбейт. Бирок келтирилген мисалдар деле кыргыз көркөм адабиятында мындай тыбыштык өзгөчөлүктөрдүн канчалык деңгээлинде кеңири чагылдырылгандыгына далил боло алат.

Эгерде адабий тилден айырмаланган тыбыштык өзгөчөлүк тигил же бул диалектинин же говордун бүтүндөй фонетикалык системасына тиешелүү болбой, бирин-эки сөз менен гана чектелсе, мында сөз **лексика-фонетикалык диалектизм** жөнүндө болуу керек. Көркөм чыгармалардан бир нече мисалдар келтирелик: – Бий *тууру* айтат (ад. *туура*, Т.К.Сынган кылыч).

Туулган жер, аман тургун, колду келе!

Балдарың, сени *тыштап* кетмек беле?

(ад *ташта*, Т.Кож. Оттон өскөн кызыл гүл). – *Жиендериңиз* эч кимдин чекесин жылыткан жок, бий – деди (ад. *жээн*). Эки колу, эки буту кара темир *жынжыр* менен чидерленип, ... төрт жакка керип алышкан (ад. *чынжыр*). –Мадылым, мүнүшкөр тууганындын колунан *мынтык* көргөндөй болдум беле? (ад. *мылтык*)... *дарбиясы* болбой иштин көзүн билбей турса, ушул учурда хам башка бир жетик адамды ханга аталык бийлигине чакырса болот (ад. *тарбия*, Т.К.Сынган кылыч). ... көпчүлүгүнүн башындагы *допулары* гана жаңы (ад. *топу*, М.А.Жапагым келет).

*Чөңөр* кирип бутуна

Араң келди сороктоп (ад. *чөмөр*) (Т.Кож.Азат ыйлайт). Өтөгү күдүрөйгөн *жаңак*, ак чечектүү бадал (ад. *жаңгак*). Иса оулия күймөнүп, чекесин алтын менен чегелеген, түбү *чукур* кичинекей чөйчөккө кумурадан бирдемени куя баштады (ад. *чуңкур*). Төбөсү бийик, кайырмасындагы көрпөсү *ничке* келген бөрк (ад. *ичке*, Т.К.Сынган кылыч).

Кимдин, кимдин *дарды* өттү?

Көз жашын жигит көлдөттү (ад. *дарты*, М.А.Жапагым келет).

Көркөм адабияттын материалдарынын негизинде эле диалектилердин, говорлордун фонетикалык өзгөчөлүктөрүн нагыз фонетикалык жана лексика-фонетикалык диалектизмдерге бөлүштүрүү бир кыйла шарттуу болушу да мүмкүн. Анткени көркөм чыгармаларда жалпы улуттук тилдин курамындагы диалектилик өзгөчөлүкүтөрдүн толук чагылдырылышы мүмкүн эмес жана анын зарылдыгы да жок. Анын үстүнө, көркөм адабиятта диалект, говорлордун фонетикалык өзгөчөлүктөрүнүн тигиниси да, мунусу да жергиликтүү калктын тил өзгөчөлүгүн берүү максатын көздөп, стилистикалык жактан бирдей эле функция аткарат.

Көркөм адабияттагы сөздүн морфологиялык өзгөчөлүгүнө байланышкан диалектизмдер да фонетикалык диалектизмдер сыяктуу **нагыз морфологиялык** жана **лексика-морфологиялык диалектизмдерге** бөлүнөт. Диалект, говорлордун көбүнчө сөз өзгөртүү системасына тиешелүү болгон өзгөчөлүктөрүнүн көркөм чыгармада берилиши **нагыз морфологиялык диалектизм** болот.

Кыргыз жазуучуларынын көркөм чыгармаларынан диалект, говорлордун сөз өзгөртүү системасына байланыштуу төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрдү көрөбүз:

1) Түштүк диалектинин көбүнчө түштүк-батыш (ичкилик) говорлоруна мүнөздүү таандык уландынын III жагында турган зат атоочтордун барыш, табыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрүндө өзгөчө жөндөлүшү. Мисалы: –Күмбөз *айланасыга* көп жыл жашай турган чынар терек сайдым (ад. *айланасына*). Өз *калкыны* кор тутуп, залим болду падыша... (ад. *калкын*, Т.К.Сынган кылыч)

2) Адабий тилден айырмаланып, кээ бир көркөм чыгармалардын текстинде этиштик мамилелерди уюштуруучу айрым мүчөлөр түшүп калган түрүндө берилсе, кээде, тескерисинче, кошулуп берилген. Мисалы: .... тийбегени ташка урунуп чырылдап, тескери кайып кетип жаткан октун чуусу кулагын *жаңырды* (ад. *жаңыртты*). Бекназар колундагы кесе менен Абилди уруп жиберди да, унчукпай эшикке чыга *жөнөлдү* (ад *жөнөдү*, Т.К.Сынган кылыч). Ошол замат эле молдолор, имамдар, мударистер, өзүнүн жанжөкөрлөрү элдин арасына *таралды* (ад. *тарады*, М.А.Жашагым келет).

3) Айрым көркөм чыгармаларда адабий тилдеги чакчылдын *-ып* мүчөсүнүн ордуна ниет ыңгайдын *-макчы* мүчөсү колдонулган. Мисалы: Аны *көрмөкчү* саркерлер, бектер аттарынан күбүлүп түшүп, артынан шашылып жөнөштү (ад. *көрүп*, Т.К.Сынган кылыч).

4) Адабий тилге мүнөздүү *-ганы* формасындагы максат чакчылдын ордуна көркөм чыгармалардан негизинен түштүк-батыш говорлоруна мүнөздүү жана түндүк диалектинин кээ бир пункттарында да параллелдүү форма иретинде кездешкен *-галы* формасын да учуратабыз. Мисалы: Бизди шектүү кишилер катарында эсептеп, өз жолубузга *салгалы* жатышабы? - деп өз ичибизден ар түрдүү нерселерге жоруп отурдук (ад. *салганы*, М.А.Жашагым келет).

5) Этиштин татаал учур чагын уюштурууда көмөкчү этиштин функциясында колдонулуучу *жат, отур, тур, жүр* деген этиш сөздөр менен катар түндүк диалектинин Талас, төмөнкү Чүй говорлорунда жана түштүк диалектинин түндүк-батыш (Чаткал, Алабука, Аксы) говорлорунда бул төрт этиштин узарган формасы да *жат//жатыр-// жатыры-, отур-// отуру-, тур-//туру-, жүр-//жүрү* болуп параллель колдонулат. Мисалы: – Кудай бербесе, Султанмаамыт бекер чабылып *жатыры*... (ад. *жатат*, Т.К.Сынган кылыч).

Төбөсүндө күндөн тоскуч чатыры,

Күйгөн түштө кулак байлап *жатыры* (ад. *жатат*, Т.Кож. Эненин да, эмгектин да баатыры).

–Кишинин кебин укпай, эмне деп дөөдүрөп *отуру* бу! ... (ад. *отурат*, Т.К.Туулган жер). ... көзү чекирейип, талашка түшкөн ат кайда *туру* экен дегендей, алдыртан серп салып, топко акырын салам айтып келди Абил бий (ад. *турат*). –*Жүру* да бир тентек (ад. *жүрөт*, Т.К.Сынган кылыч).

Тигил же бул диалектинин, говордун бүтүндөй сөз өзгөртүү системасына тиешелүү болбой, диалектилик мүнөздөгү жекече сөздөргө байланышкан морфологиялык көрүнүштөр **лексика-морфологиялык диалектизмдер** деп аталат. Лексика-морфологиялык диалектизмдерге диалектилик сөз менен адабий тилдеги сөздүн уңгусу окшош келип, көбүнчө сөз жасоочу мүчөсү же сөз жасоо структурасы боюнча айырмаланат. Мисалы. – Бүркүтүңдү үксүйтүп тыттын башына кондуруп койсоң болду, ошондо эле чымчык *атпай* бул чөлкөмгө жолобой калат (ад. *аттуу*). Ала-Тоо коюну азбы? Табылар бизге баш катар бир *бурчек* (ад. *бурч*, Т.К.Сынган кылыч). Менин Ошто эң *кадырдан* өзбек досум бар (ад. *кадырлуу*, М.А.Жаңагым келет).

Лексика-морфологиялык диалектизмдердин катарына диалект, говорлордун сөз өзгөртүү жана сөз жасоо структураларына байланышкан жекече көрүнүштөрдөн тышкары сырдык сөз, жандооч, бөлүкчө сыяктуу грамматикалык категорияларга тиешелүү жекече өзгөчөлүктөрдү да кошууга болот.

> Мисалы: – *Ка*, өзүнүн шору... Казыкка! – деп катуу айтып бурулуп басып кетти (сырдык сөз «мейли» деген мааниде). Өз эл, өз журт, качан болсо да алаканда *кү*?! (бөлүкчө, күчөткүч, ырастагыч мааниде колдонулат, Т.К.Сынган кылыч).

Кыргыз адабий тили менен анын диалект, говорлорунун ортосунда синтаксистик айырмалар жок дээрлик. Айрым гана байламтага тиешелүү диалектилик-говордук өзгөчөлүктөрдү морфологиялык өзгөчөлүк эмес, синтаксистик өзгөчөлүк катары кароо жөндүүдөй. Анткени байламталар жеке сөздүн структуралык түзүлүш чегинен чыгып, сүйлөм ичиндеги сөздөрдү жана кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү өз ара байланыштырып, синтаксистик категория катары кызмат аткарышат. Кээде байламталардын өзгөчөлүктөрү сүйлөмдөгү сөздөрдүн, баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдүн айкалыш конструкцияларына, орун тартибине өзгөртүү киргизиши мүмкүн.

Кыргыз жазуучулары өз чыгармаларында төмөнкүдөй диалектилик байламталарды колдонушкан·

1) *Хам // һөм //йэм//эм/* байламтасы. Бул байламта түштүк говорлордо активдүү колдонулат да, аткарган функциясы боюнча адабий тилдеги *да* байламтасына туура келет. Мисалы: ... ушул учурда *хам* башка бир жетик адамды ханга аталык бийлигине чакырса болот (Т.К Сынган кылыч)

2) *Амалейким* байламтасы. Бул байламта адабий тилдеги *бирок, анткени менен, эгерде* деген байламталарга жана *чындыгында, сыягы* деген модаль сөздөргө да туура келет. Мисалы: *Амалейким*, чөбүндү билбейм: оягын өзүң карап көр. *Амалейким*, ошол силердин айылыңыздардагы кишилердин төрөсү (М.А.Жашагым келет).

3) *Ки* байламтасы да түштүк говорлорунда бир кыйла активдүү колдонулат жана бардык учурда багыныңтуу сүйлөмдөрдү баш сүйлөм менен байланыштырып, мааниси жактан ар түрдүү функция аткарат. Мисалы :... чоң кудайдын каалоосу ушул экен *ки*, биз эмес сиз желдеттин алдына түшө турган болупсуз. – ... Адалаты ушул *ки*, бийлик эгесинин бир ооз макулдугун алып коюу зарыл... – Булардын ортосу ушундай чаташкан *ки*, бир жагы кыйрамайынча тынчтык болбойт. – ... Менин сизге жан тартып айтар кеңешим ушул *ки*, бек, Болотханды тез бошотуп бергениңиз оң (Т.К.Сынган кылыч).

Ошондой эле *ки* байламтасы бөтөн сөздүн ар кандай түрлөрүн берүү үчүн да кең түрдө пайдаланылат. Мисалы: – ... Эң акыры сизден ушуну өтүндү *ки*, колбашчы дарбазалардан аскерлерин нарыраак тарта турсун, алсызга ырайым ойлоп, чыгып кетүүгө жол берсин деди (Т.К.Сынган кылыч).

Кыргыз көркөм адабиятында жергиликтүү колоритти түзүү, турмушту реалдуу сүрөттөө, персонаждардын тилин индивидуалдаштыруу, сүрөттөөнүн объектисин этнографиялык жактан сыпаттоо, предметти кыска, так атоо, эмоциялык-экспрессивдик оттенокторду берүү, образдуулукту күчөтүү жана синонимдик катарларды пайда кылуу сыяктуу стилистикалык максат менен түштүк темасына арналган Т.Касымбековдун «Сынган кылыч», «Келкел», М.Абдукаримовдун «Жашагым келет», «Жаңырык», М.Борбугуловдун «Элеттик жигит», Ш.Абдырамановдун «Дыйкандар», «Тагдыр» романдарында, К.Бобуловдун «Түштүк кызы», М.Гапаровдун «Кара-Көлдүн каздары» повесть, аңгемелеринде диалектизмдер бир кыйла кеңири колдонулат. Бирок жалпы кабыл алынган адабий нормадан мындай чегинүүлөр сөз устаттарынан чоң чеберчиликти, өтө кылдаттыкты талап кылат.

Айрым жазуучулар өздөрүнүн чыгармаларында стилистикалык зарылдыксыз эле, адабий тилдин нормасына залал келтирип, диалектизмдерди натуралисттик менен колдонгон учурлар да кездешет.

## Профессионализмдер

Кандайдыр бир өндүрүштүк ишмердигине, адистигине же кесибине байланыштуу бириккен адамдардын белгилүү жамаатынын кебине тиешелүү болгон сөздөр **профессионализмдер**[1] деп аталат.

**Кыргыз тилинин** сөздүк курамына, башка тилдердегидей эле, жалпы элге кеңири түшүнүктүү эмес, кесиби боюнча байланышкан адамдардын кебинде гана кеңири колдонулган жана ошолор үчүн түшүнүктүү болгон сөздөр да кирет. Мына ушул кесип менен байланыштуу сөздөр **профессионалдык лексикага же профессионализмдерге** жатат. Кыргыздар байыркы мезгилдерден бери эле мал чарбачылыгы, дыйканчылык, кол өнөрчүлүк, аңчылык, кийинчерээк бакчылык, бакчачылык, пахтачылык, жибекчилик, тамекичилик сыяктуу ар түрдүү кесиптер менен күн өткөрүп, турмуш кечирип келишкен. Ошон үчүн кыргыз тили ар кандай кесипке байланышкан сөздөргө бай. Атап айта турган болсок: жалпы мал чарбачылыгына байланыштуу *кой, козу, токту, борук, соолук, ирик, кочкор, козу кочкор, эчки, улак, чебич, серке, теке, уй, музоо, торпок, кунаажын, букачар, өгүз, ноопаз, бука, жылкы, бээ, ат, кулун, жабагы, кунан, байтал, бышты, асый, айгыр, аңги, төө, тайлак, нар, каймал, инген, буура, чабан, жайыт, жайлоо, кыштоо, отор, төл, төл башы, кашар, сакманчы* деген сыяктуу, бээ байлап, кымыз ачытууга байланыштуу *желе, нокто, тегээ, чанач, сабаа, бишкек, көнөк, көөкөр, саамал* ж.б. сөздөр кыргыз элинин эзелки ата кесибине байланыштуу болгондуктан, алар жалпы элдик мүнөзгө ээ. Ал эми пахтачылыкка байланыштуу *шүдүгөр* (чигит эгүү үчүн айдалып даярдалган жер), *чигит* (пахтанын уругу), *чигит суу* (чигит эгилгенден кийинки жиберилүүчү суу), *агет* (чигитке суу кетүүчү арыкча), *жагана* (пахтанын суюлтулушу), *шана, шаналоо* (пахтанын бүр алышы), *чеканка* (пахтанын бою узарып кетпес үчүн үстүңкү бүчүрлөрүнүн учун үзүп туруу), *косек* (ачыла элек же чала ачылган пахта чанагы), *чанак* (ачылган пахта кутучасы), *гозо* (пахта өсүмдүгү), *гозопая* (пахтанын куурайы) сыяктуу сөздөр; тамекичиликке байланыштуу *бал* (тамеки тигилген майда арыкчалар), *дымкана//жер төлө* (тамекинин жалбырактарын жибитиш үчүн даярдалган орун), *түлкү* (жипке тизилген тамеки жалбырагынын кургатылганы), *тай* (кургатылган түлкүлөрдү төрт бурч кылып тануу) ж.б. сөздөр; килемчиликке байланыштуу *эриш, аркак, түр, токмок, чалыш, кыркуу, чебер көрүү, араби килем, төө килем, калы килем, жүл килем, тайлак ки-*

[1] Профессионализм - лат. professio «кесип» деген сөздөн

*лем, кытай көчөт, ашкана көчөт, жийдегүл* ж.б.; өрмөкчүлүккө байланыштуу *такта, адыргы, кылыч, күзүк, көтөргүч, кайкалак, тумарча, чычкан из, ала мончок, жолборс тырмак, терме, кажары, беш кеште* ж.б.; аңчылыкка, мүнүшкөрлүккө байланыштуу *тузак, капкан, салбуурун, чуурутма, туур, томого, тосот, упчун, колбоор, муз мурут, карачык, бака баш, иленин чөлү, бөксөнүн чөлү, ак куп, бозум түлөк, ым түлөк, кум түлөк, ыл түлөк, таш түлөк, барчын* деген сыяктуу сөздөр колдонулуш жагынан чектелип, жалпы элдик мүнөзгө ээ эмес. Демек, кесиптин жалпы элдик же чектелген мүнөзүнө жараша ал кесиптерге байланыштуу түшүнүктөрдү туюнткан сөздөр да жалпы элдик жана жалпы элдик эмес болуп бөлүнөт экен. Ошондуктан профессионализмдер же профессионалдык лексика жөнүндө сөз кылганда, жалпы эле кесипке байланыштуу сөздөр тууросында эмес, колдонулуш чөйрөсү чектелген кесипке байланыштуу сөздөрдү атаганыбыз жүйөлүү болчудай.

Бирок профессионализмдердин бардыгы эле жалпы кыргыз элине таптакыр түшүнүксүз сөздөр деп айтууга болбойт. Бул же тигил өндүрүштүк тармак, кесип боюнча заттардын аттарын, көрүнүштөрүн, процесстерин көрсөтүүчү профессионалдык сөздөр башка адамдар үчүн түшүнүктүү болсо да, ошол кесиптеги адамдарга гана таандык. Башка кесиптеги адамдар ал сөздөрдүн көбүн түшүнүшөт жана өздөрүнүн кептеринде колдонулушу да мүмкүн, бирок сейрек колдонушат. Профессионалдык сөздөрдүн кээ бирлеринин колдонулуш чөйрөсү кеңейип, белгилүү кесиптеги чөйрөдө гана эмес, кеңири колдонулуп, жалпы элдик сөзгө айланып да кетет. Мисалы: *пахта, гозо, була, чигит, шалы, эриш, аркак, тузак, туур, барчын* деген сыяктуу ар түрдүү кесипке байланышкан сөздөр элдик турмушка кеңири кирип, жалпы элдик сөздүктүн энчисине айланды.

Профессионалдык сөздөрдүн да диалектилик сөздөр сыяктуу колдонулуш чөйрөсү чектелген болот деп айттык. Бирок профессионалдык сөздөр диалектилик сөздөрдөн олуттуу түрдө айырмаланат:

1) Диалектилик сөздөрдүн чектелиши территориялык жактан болсо, профессионалдык лексиканын чектелиши социалдык жактан болот;

2) Диалектилик сөздөр адабий тилдин лексикасына кирбейт, профессионалдык лексика адабий тилдин лексикасына кирет.

Профессионализмдер түрдүү кесиптин өкүлдөрүнүн оозеки кебинде колдонулуу менен, көркөм адабий чыгарманын тилинде да көп колдонулат. Художник сүрөттү тартууда анын ар бир штрихине ылайыктуу өзүнүн боёгун колдоно билген сыяктуу, жазуучу чыгармада образды ачууда, эмгек процессин сүрөттөөдө, өндүрүштүк куралдын мүнөзүн ачып

көрсөтүүдө профессионализмди белгилүү көркөм каражат катары колдонушу мүмкүн. Чыгарманын темасын, мазмунун, идеясын ж.б. өзгөчөлүктөрүн ачууда көркөм каражаттар чоң роль ойнойт.

Көркөм чыгарманын мазмуну кайсы кесипке байланыштуу алынган болсо, ошого жараша кездешет. Алып айтсак, чыгарманын каарманы устабы же аңчыбы, пахтачыбы же багбанбы, шахтербу же студентпи, врачпы же койчубу, ошого карата алардын кептеринен, кээде чыгарманын мазмунуна карата автордун кебинен да профессионализм сөздөрдү кездештирүүгө болот. Маселен, Тоголок Молдонун «Устанын аялынын кошогунда»:

*Балкасы* менен *зар чапкан*,
Бармагы менен мал тапкан...
Балаңа калды мүлк болуп,
*Болоттон соккон барсканың*...
*Дөшүң* калды *темирден*,

Көзү ачык кеттиң өмүрдөн – деп, кызматын жана ал урунган аспаптарды ачык көрсөтөт. Ал эми «Дыйкандын аялынын кошогунда» *шайман, тиркээч, буурусун, сугатчы, орокчу* деген сыяктуу дыйканчылыкка байланыштуу сөздөр учурайт. Мисалы:

*Буурусунун* буктурган,
Кара жерге суктурган.

Пахтачылыкка байланыштуу чыгармаларда: Артык... беш-алты чеңгел *пахта* терип, аны *этегине* таштап, анан экинчисине өтүп кетет. (Ш.А.Өкүм). Ж.Бөкөмбаевдин шахтерлорго арналган «Кызыл-Кыя» аттуу чыгармасында:

«Чап *кайлоңду*, чап *кайлоңду*,
Дагы эпкиндеп арталык» -
Деген үндөр миң миллион,
Жер алдында жар салып.
Ал *забойщик* эр кажыбас,
Ал эмгектин балбаны.
Жылтыр-жылтыр ар кай жерде.

*Карбиттери* колдогу - деп, *кайло, забойщик, карбит* деген сыяктуу шахта ишине байланыштуу сөздөрдү пайдаланса, С.Сасыкбаевдин «Таңкы гудок» деген китебинде *откатчица* (шахтадан казылган кенди ташып чыгаруучу), *эстакада* (тирөөчтөргө же мамыларга салынган көпүрө), *чоюн эритүүчү формовщик, токарь* деген сыяктуу ар түрдүү кесипке байланыштуу сөздөр колдонулган. Ошол эле автор «Фабрика кызы» деген чыгармасында *запарщица* (тканды булоо аркылуу иштеп чыгаруучу), *ловитель* (ыргытылган пилланы тосуп алуучу), *мотальщица*

(жип түрүүчү) деген сыяктуу кесиптик сөздөрдү колдонот. Мисалы: - *Запарщицанын* кызматын бир аз боолголоп калдыңызбы, Шарипа?.. *Станокторду* кыдырып келе жаткан *мастер* Кадыржан *ловителдерге* пилла ыргытууга үлгүрө албай калган *мотальщицаны* карап добуштанды.

Автор өз чыгармасында профессионализмди колдонуу менен, алардын кай бирлери өндүрүштүн башка тармактарынын өкүлдөрү үчүн түшүнүксүз экендигин эске алып, андай сөздөрдүн маанисинин түшүндүрмөсүн бере кетүү керек.

## Термин жана терминология

Профессионалдык лексика белгилүү кесипке байланыштуулугу жагынан терминдерге жакын. Ошондуктан профессионалдык сөздөр менен терминдерди бириктирип, **атайын лексика** деген ат менен да аташат. Ошону менен бирге терминдер бир катар белгилери боюнча профессионалдык лексикадан айырмаланат.

**Термин**[1] деп илимдин, техниканын, искусствонун, чарбанын жана экономиканын жана башкалардын тармактарына тиешелүү атайын түшүнүктөрдү так атоо үчүн колдонулган сөздү же сөз айкашын айтабыз. Терминдер көп маанилүүлүктүн, өтмө маанилүүлүктүн, экспрессивдүүлүктүн жоктугу менен термин эмес сөздөрдөн, ошонун ичинде профессионалдык лексикадан да, айырмаланат. Тактап айтканда, бир илимдин же техниканын тармагындагы бир термин бир гана түшүнүктү туюнтуп, бир гана маанилүү болушу керек. Бирок бир тармак ичинде да бир эле терминдин көп маанилүү болуп калган учурлары жок эмес. Маселен, кыргыз тил илиминде *мүчө* деген термин *сөз мүчөсү, сүйлөм мүчөсү* болуп көп мааниде колдонулат. Мындай көрүнүштү илимдин башка тармактарынан да байкоого болот.

Ошондой эле терминдердин өз ара синоним болуп колдонгон учурлары да бар. Алыска барбай эле, кыргыз тилинин фактыларына кайрыла турган болсок, *лингвистика //тил илими, аббривиатура//кыскартылган сөз, аккомодация //ыңгайлашуу, сингармонизм //үндөшүү, ассимиляция //окшошуу, диссимиляция // окшошпоо, аффикс //мүчө, семантика //маани* ж.б. терминдер мыйзамдуу көрүнүш катары синоним болуп колдонулуп келе жатат. Мисалдардан көрүнгөндөй, катар колдонулган терминдердин бир түгөйү эл аралык термин болсо, экинчиси улуттук тилдеги эквиваленти болуп саналат.

Терминдердин профессионалдык сөздөрдөн болгон экинчи айырмачылыгы: терминдер тигил же бул түшүнүктү так атоо үчүн тилдик

[1] Термин - лат. terminus "чек, чек ара" деген сөздөн.

закон ченемдерге, эрежелерге ылайыкталып, лексикалык моделдердин үлгүсүндө атайын иштелип чыгат жана мамлекеттик же илимий мекемелер тарабынан официалдуу түрдө кабыл алынат, ал эми профессионалдык сөздөр официалдуу кабыл алынбайт жана стихиялуу түрдө өнүгөт. Терминдердин пайда болушу жана өнүгүшү ар бир илим, техника, өндүрүш тармагындагы жылыштарга байланыштуу болот. Жаңы илимий, техникалык түшүнүктөрдүн пайда болушу менен дароо бир мезгилде аларды атоо үчүн илимий-техникалык терминдер пайда болуп турат да, кандайдыр бир өлчөмдө ар бир илимдин деңгээлин да чагылдырат[1].

Ар бир илимдин, техниканын, искусствонун ж.б. тармагындагы терминдердин жыйындысы **терминология**[2] деп аталат.

Илимдин, техниканын ж.б. ар кайсы тармактарына тиешелүү терминдерден мисал келтирелик:

а) коомдук илимдер боюнча - *материя, аң-сезим, диалектика, революция, партия, капитализм, социализм, коммунизм, базис, надстройка, экономика, эмгек өндүрүмдүүлүгү, өндүрүштүк мамиле, диктатура, пролетариат* ж.б

б) физика боюнча - *механика, оптика, атом энергиясы, магнит талаасы, салыштырма салмак, чыңалуу, катыш идиштер, инерция, ылдамдык, магнетизм, корпускула, фосфоресенция, кванттык электродинамика, термоэлектрондук эмиссия* ж.б.

в) математика боюнча - *синус, косинус, үч бурчтук, квадрат, параллелепипед, теңдеме, дифференциал, интеграл, плюс, минус, тамыр, көптүк, туюнтма, амал, бөлчөк, бөлүү, көбөйтүү, көбөйтүндү, сумма* ж.б.

г) химия боюнча - *кислота, щелочь, окисление, водород, кислород, инерттүү газ, реакция, реактив, реактивдүүлүк, гидролиз, полиморфизм, иодометрия* ж.б

д) биология боюнча - *микроорганизм, эмбрион, эмбриология, шарттуу жана шартсыз рефлекс, ботаника, зоология, омурткалуулар, сойлоп жүрүүчүлөр, чаңдашуу, анабиоз, фикус* ж.б.

е) медицина боюнча - *ангина, диагноз, стрептоцид, наркоз, хирург, окулист, профилактика, грипп, миокард, пинцет, детрит, серотерапия, фиброма, лейкемия* ж.б.

ж) техникалык илимдер боюнча - *экскватор, бульдозер, техника, дизель, турбина, космос, кыймылдаткыч* ж.б.

з) айыл чарба илимдери боюнча - *агроном, агрономия, айыл чарба машиналары, ветеринария, ветврач, зооинженерия, зооветэреже, мели-*

[1] Орузбаева Б.Ө., Кыргыз терминологиясы. -Фрунзе: Мектеп, 1983, 4-бет

[2] Терминология - лат. terminus "чек, чек ара" + гр. logos "түшүнүк, окуу" деген сөздөрдөн

*орация, комбайн, трактор, которуштуруп айдоо* ж.б.

и) лингвистика боюнча - *лексика, фонетика, фонема, сингармонизм, грамматика, грамматикалык түзүлүш, сүйлөө, сүйлөм мүчөлөрү, сөз түркүмдөрү, зат атооч, сын атооч, этиш, атоочтук, чакчыл, тактооч, морфема, орфография, орфоэпия, омоним, синоним, антоним* ж.б.

к) адабият таануу боюнча - *поэма, проза, роман, повесть, сюжет, композиция, жанр, эпос, лирика, драма, комедия, трагедия, эпилог, пролог, кульминация, аңгеме, жомок, ыр, ыр түзүлүшү, реализм, рифма* ж.б.

л) саясий дипломатиялык терминдер - *сессия, пленум, чечим, токтом, нота, билдирүү, коммюнике, келишим, договор, элчи, консул, депутат, аткаруу комитети, автономия, эл аралык абал* ж.б. Булар официалдуу лексика деп да аталышат.

м) согуштук терминдер - *авиация, артиллерия, рота, батальон, эскадрон, пулемет, бронемашина, фланк, тыл* ж.б.

н) басма иштерине байланыштуу терминдер - *набор, басма, сигналдык экземпляр, корректор, курсив, шрифт, наборщик* ж.б.

о) спорттук терминдер - *футбол, баскетбол, хоккей, тайм, гол, дарбаза, дарбазачы, күйөрман, гроссмейстер, шахмат, чемпион, старт, финиш* ж.б.

Жогоркудай илимдин, техниканын ж.б. тармактарына тиешелүү терминдердин ичинен кай бирлери эл арасында кеңири колдонулат, экинчи бирлери ошол кесиптеги адистер үчүн гана түшүнүктүү болушу мүмкүн.

Кыргыз тилинин терминологиясы Октябрь революциясынан кийинки мезгилде гана иштелип чыгып, калыптанды. 1926-жылы терминологиялык комиссия түзүлүп, ошондон бери ийгиликтүү иштеп келе жатат.

## Жаргондук-арготикалык сөздөр

Жалпы кызыкчылыктары, иштеген иштери, коомдогу ал-абалы боюнча бириккен адамдардын социалдык айрым топторунун тар чөйрөсүндө колдонулган атайын сөздөр **жаргондор**[1] деп аталат. Жаргондор көбүнчө жалпы элдик тилде белгилүү сөздөрдү маанилик, же тыбыштык, же морфологиялык жактан атайылап бузуп колдонуунун натыйжасында пайда болот.

Жаргондор студенттердин, окуучулардын кебинде же башка бир кесиптик тар чөйрөлөрдө колдонулат. Маселен, студенттердин кебинде «экзаменден өтпөй калуу» маанисинде *кулоо (кулап калуу), жыгылуу (жыгылып калуу)* деген сөздөр колдонулат. Деги оозекиге бышык даяр-

[1] Жаргон - фр. jargon "бузулган тил" деген сөздөн

данчы, кыядан учкан төөгө окшоп, дардайып *кулайсыңбы* деп менде жан жок (К.О.Турмуш босогосун аттаганда). Эгер жооп бере албасаңар экөөңдү тең кулатат элем (М.Б.Элеттик жигит). Ошондой эле жалпы студенттердин кебинде «академиялык карыз» *куйрук*, «орто баа» *эл аралык баа*, «жаман баа» *кайырмак* деген жаргондор менен айтылат.

Жаргондор туруксуз, өзгөрмөлүү келет, тактап айтканда, бир эле түшүнүктү, нерсени, буюмду ар башка жердеги бирдей чөйрөдөгү топтор ар башкача айтышы мүмкүн. Мисалы үчүн Ысыккөл университетинин филолог студенттеринин жаргондоруна көңүл буралык: *«студент» — «тагдырдын өгөй балдары», «староста» — старчын, «аудитория» — илимий кашар, «куратор» — көңүл жубатар, «лекция» — тихий час , «үч жуп сабак» — үч убак намаз, «вахтерша» — байлоодогу бульдог, «экзаменатор» — Аңкур-Маңкур, «коңгуроо» — чырр жыргал!!!, «парта» — Орхон-Енисей таштары, «биринчи курстун студенттери» — «Эрте келген турналар», «бешинчи курстун студенттери» — «Каркыралар кайтканда», «сессиядан кийин» — «Адам болгум келет», «сессия» —«Дүйнөнү дүңгүрөткөн он күн», «окуу залында отуруп окуу» — «Дүйнө бизди жаңыртат, биз дүйнөнү жаңыртабыз», «Экзаменден карызы бар студент» — «Жараланган жүрөк», «экзамен» — «Ажал ордуна», «Кош Ала-Тоо, уулуң кетти майданга», «мыкты окуган студент» — ак жүрөк, «доска» — элеси жок сүрөттөр, «комендант аял» — септүү селки, «факультеттин деканы жана окутуучулары» — «Али-баба жана кырк каракчы», «стипендия» — «Өлбөстүн үрөнү», «сессия» — «Кыл көпүрө», «фронт», «тааныш окутуучу» — домкрат, «Диплом» — «Күттүргөн жаз да келер», «тааныш окутуучу аркылуу баа койдуруп алуу» — тептирүү* ж.б. Ош университетинде колдонулган жаргондор: *кеселман* — «абитуриентке кирүү экзаменинде жардам берүүчү адам», *тамак акы, маңдай тер* — «абитуриентти окууга өткөрүүгө берген жардамы үчүн алган пара» ж.б.

Жаргондун бир түрү катары көбүнчө кылмыш дүйнөсүндө колдонулган жашыруун сөздөр *арго*[1] деп да аталат.

Жаргондордун, арготизмдердин пайда болушу профессионализмдерден айырмаланып, илимдин, өндүрүштүн, эмгектик ишмердүүлүктүн таламдары менен, коомдук жыргалчылыктын адептүүлүк идеясы менен эч кандай байланышы жок. Студенттердин, окуучулардын, жалпы эле жаштардын айрым бир катмарлары өздөрүнүн жаргондорун, арготизмдерин чыгарып, аларды таратуу менен, окууга көңүл коштукту, улууларды урматтабагандыкты, коомдогу баалуулуктарды сыйлабагандыкты билгизишет. Ошондуктан жаргондор, арготизмдер эч качан кубаттоого арзыбайт, тилдин адабий нормасын бузат.

[1] Арго - фр argot "түнт, мистиксиз" деген сөздөн

Арготизмдерди, ошондой эле жаргондук лексиканы колдонуу тилди булгайт. Көркөм адабий чыгармаларда айрым персонаждардын тил өзгөчөлүктөрүн мүнөздөө үчүн, кылмышкерлердин, уурулардын, түрмөдөгүлөрдүн турмуш-тиричилигинин жашыруун жактарын сүрөттөө үчүн жаргондук, арготикалык лексиканын айрым элементтери колдонулганын көрөбүз. Атап айтсак, жазуучу Мелис Макембаевдин кылмыш дүйнөсүн сүрөттөөгө арналган «Караколдун түрмөсү», «Бөрүлөрдүн чыйыры», «Зона», «ЗЭК», «Карышкырдын белети», «Кайыктардын көрүстөнү», «Эски түрмөнүн ыйы» аттуу чыгармаларында төмөнкүдөй арготизмдер колдонулган: *зэк* – «заключенный» деген сөздөн алынган, соттолгон адам, *нара, шконка* – камактагылар уктоочу, темирден ширетип жасалган керебет, *кепе, хата* – камера, *селсаяк* – орусча «бродяга», камактагылар өздөрүн кылмыш дүйнөсүндө ушинтип айтышат, *братва, тууган* – түрмөдөгүлөр бири бирине ушинтип кайрылышат, *аштоо, кормушка* – эшиктеги тамак берилчү төрт бурчтуу оюк, *баланда* – түрмөнүн тамагы, *баландер* – тамак ташыган камактагы адам, *мент* – жалпы жонунан «милиция» деген мааниде, *дубак* – надзиратель, *чөп* – нашаа, *строгач* – эмгек түзөтүү колониясынын катуу тартибинде отурган, же отуруп чыккан адам, *ботаник* – жалпы жонунан нашаа менен кармалгандардын аты, *дачка* – «передача» деген сөздөн алынган, үйдөн келген тамак-аш, *пахан* – камерадагы тамак иччү узун үстөл, *решка* – темир тордон жасалган терезе, *кликуха, погоняло* – кошумча ысым, *мокрушник* – киши өлтүргөн «зэк», *мулька, малява* – кат, *шмон* - тинтүү, *штырь* – бычак, *пятак, дальняк* – даараткана, *ручник* – нашаанын кол менен сүрүлүп алынган күчтүү түрү, *кент* – дос, *шкубня* – мушташ, *путана* – денесин саткан сойку ж.б.

Мисалдардан көрүнгөндөй, жогорудагы арготизмдер орус тилиндеги же орус тилинен калькаланган сөздөр болуп эсептелет. Демек, кыргыз тилинде өз бетинче кылмыш дүйнөсүнө тиешелүү арготизм сөздөр калыптанган эмес.

## КЫРГЫЗ ЛЕКСИКАСЫНЫН СТИЛИСТИКАЛЫК КАТМАРЛАРЫ

Азыркы кыргыз тилинин лексикасы чыгыш теги, эски жана жаңылыгы, колдонулуш чөйрөсүнүн ар түрдүүлүгү жагынан гана эмес, экспрессивдүү-эмоциялуулук жана стилистикалык жагы боюнча да татаал жана көп кырдуу мүнөзгө ээ. Анткени сүйлөгөн же жазган адам тигил же бул нерсени, көрүнүштү жөн эле атап гана койбостон, ал нерсеге, көрүнүшкө карата белгилүү бир мамилесин билгизиши да мүмкүн. Ошого байла-

нынгуу тилдеги сөздөрдүн бардыгы эле оозеки кепте да, жазма кепте да бирдей даражада колдонула бербейт. Ачык айтканда, кай бир сөздөр оозеки кепте да, жазма кепте да бирдей активдүү колдонулса, кайсы бирөө оозеки кепте гана колдонулуп, жазма кепте колдонулбайт же белгилүү максатка ылайык гана аз санда колдонулат. Анын тескерисинче, кээ бир сөздөр жазууда пайдаланылып, оозеки кепте пайдаланылбайт, же сейрек пайдаланылат. Ошондуктан лексиканын стилистикалык системасы менен да таанышууга тийишпиз.

Азыркы кыргыз тилинин сөздүк курамындагы сөздөрдүн басымдуу көпчүлүгүнүн пайда болуш доору менен булагы, жасалыш ыкмасы, колдонулуш чөйрөсү гана эмес, экспрессивдүү-эмоциялуулук жана стилистикалык колдонулушу боюнча да өзгөчөлүккө ээ экендигин байкоого болот. Мисалдар келтирелик: *чоң-зор-олчойгон-килейген* деген синонимдик катардагы сөздөрдү алып карасак, бул сөздөр жалпысынан бир түшүнүктү туюнткан менен, алардын ар бири өзүнчө кошумча мааниге ээ. *Чоң* деген сөздү бардык учурда эле бирдей жалпы колдонууга болсо, *зор* көбүнчө жазма кепте, *олчойгон, килейген* көбүрөөк оозеки сүйлөө кебинде колдонулат. Ошондой эле *кужурмөн—эмгекчил—эпкиндүү, бала—перзент—туяк, жаман—начар—оозго алгыс—колго алгыс* деген сыяктуу синонимдик катардагы сөздөрдү алсак, ар бир катардагы сөздөр тилдик жактан өз ара бири-биринен айырмалангандыгын көрөбүз. Маселен, *эмгекчил, бала, жаман* деген сөздөр жалпы колдонулса, *кужурмөн, эпкиндүү, начар* жазма кепке, *перзент, туяк, оозго алгыс, колго алгыс* оозеки кепте көбүрөөк колдонулат. Мисалдардан көрүнгөндөй, тилдеги сөздөрдүн стилистикалык катмары синонимика маселеси менен да тыгыз байланышта каралууга тийиш экен.

Лексиканын стилистикалык катмарлары жана сөздөрдүн экспрессивдүүлүк, эмоциялуулук маанилери ар түрдүү. Адамдар белгилүү бир мазмунду берүү үчүн ал тууралуу жөн-жайынча гана айтып койбостон, ага карата өз мамилесин, ички сезимин (канааттануусун, кубаттоосун, жакшы көргөнүн, жактырганын,эркелетүүсүн, кубангандыгын, сүйүнгөндүгүн, суктануусун, буларга карама-каршы жаман көрүүсүн, кекээрленгенин, какшыктоосун, кагуусун, карасаноосун ж.б. ички сезим, мамиле даражаларын) билгизүү үчүн да аракет жасашат. Бул үчүн тилде кептин (речтин) белгилүү стили талап кылынат. Стиль деп тил каражаттарын, анын ичинде сөздөрдү да, белгилүү шартка, максатка жана зарылчылыкка карата түрдүүчө ык менен колдонуунун жолун айтабыз. Жаза турган же сүйлөй турган адам жалпы элдик тилдин запасынан, мүмкүн болушунча, таасирдүү, көркөм, образдуу жана алдыга коюлган максатка жарамдуу деп эсептелген тил каражаттарын ылгап

алат. Муну менен кабарлоочу (жазган же сүйлөгөн адам), айталык, окумуштуу болсо, жалаң илимий стиль менен, акын-жазуучу көркөм адабияттын стили менен, журналист публицистикалык гана стиль менен баяндайт деп түшүнүүгө болбойт.

Лексиканын стилистикалык чеги ар дайым бир калыпта турбайт. Оозеки сүйлөшүү лексикасы жазма кептин лексикасына, официалдуу иштиктүү стилдин лексикасы публицистикалык, илимий стилдердин лексикалык катмарларына өтүп кетиши, же анын тескерисинче болушу ыктымал. Ал эми көркөм адабият жогоруда аталган стилдердин лексикалык каражаттарын стилдик элемент катары өз ичине толук камтый алат. Ошондуктан лексикалык жагынан өзгөчө көркөм адабияттын стили көп катмарлуу келет. Ошондой болсо да, жазуу жана оозеки түрдө берилүүчү ар түрдүү ой, зарылчылыкка ылайык, өздөрүнө мүнөздүү стилдик өзгөчөлүгү менен айырмаланып турат. Ар бир стилдин өзүнө тиешелүү экспрессивдүү бөтөнчөлүгү бар. Маселен, эмоциялык (ички сезимдик) маани илимий стиль үчүн жараксыз деп эсептелсе, көркөм адабияттын стили үчүн ал көбүрөөк керектелүүчү белгилерден болуп саналат.

Кайсы тилде болбосун, анын адабий формасы канчалык өнүккөн болсо, тил каражаттарынын стилдик колдонулушу да ошончолук татаал системада болот.

Кыргыз тилиндеги сөздөрдү жогоркудай түрдүүчө ык менен ар кандай стилдик системада колдонулушуна карата: кептин бардык стилдеринде, жанрларында жалпы колдонулуучу нейтралдык (бейтарап) лексика жана тигил же бул стилге ылайык спецификалык өзгөчөлүгү бар стилистикалык жактан чектелген лексика деп эки чоң топко бөлөбүз. Төмөндө булардын ар бирине жекече токтолобуз.

### 1. Нейтралдык (бейтарап) лексика

Кеп стилдеринин бардыгында кеңири колдонулуучу лексиканын катмары нейтралдык (бейтарап) лексикага кирет. Тилдеги сөздүк курамдын негизги жана көпчүлүк бөлүгүн нейтралдык лексика түзөт. Лексиканын бул катмары оозеки кепте да, жазма кепте да кеңири колдонулат. Нейтралдык лексиканын мындай деп аталышы анын экспрессивдүү көркөм сөз каражаттары катары колдонулушунан эмес, кептин бардык стилине негиз болуп, оозеки сүйлөшүү стилинде, иш кагаздарынын жана публицистиканын стилдеринде, илимий-техникалык стилдерде, көркөм адабияттын стилинде жалпы колдонулгандыгында. Ошондуктан мындай сөздөр окуу китептеринде, окуу куралдарында ар түрдүүчө термин менен – стилдер аралык, жалпы колдонулуучу сөздөр,

нейтралдык (бейтарап) лексика болуп аталып жүрөт. Нейтралдык лексика өзүнүн жалпыга түшүнүктүүлүгү, жөнөкөйлүгү, ачыктыгы, тактыгы менен айырмаланат, анын көркөмдүгү да ушунда. Мындай сөздөрдү кандай тилде болбосун, ошол тилдин ээси болгон адамдар өздөрүнүн турмушунун бардык чөйрөлөрүндө кеңири пайдаланышат. Бул сөздөрдүн көпчүлүгү сөздүк курамда көптөгөн кылымдар бою жашап, азыркы кыргыз тилинде да пикир алышуунун активдүү курулуш материалы катары колдонулуп келе жатат. Ошондуктан эне тилибиздин түпкү негизин түзгөн лексикалык катмар да ушул кадимки жөнөкөй сөздөр болуп эсептелет. Нейтралдык лексикага бизди курчап турган айлана-чөйрөдөгү чындык турмуштун негизги көрүнүштөрүнүн: буюмдардын, кубулуштардын, түшүнүктөрдүн, кыймыл-аракеттин, ал-абалдын, сын-сыпаттын, сан-өлчөмдүн аттары ж.б. кирет. *Жер, суу, таш, топурак, тоо, кол, кар, жаан, күн, түн, кыш, жай, иш, сөз, китеп, мектеп, согуш, тынчтык, кыз, бала, ата, эне, уйку, кайгы, капа, түз, ийри, шайыр, акырын, катуу, ысык, муздак, ак, кара, көк, кызыл, ачуу, таттуу, жөө, атчан, эртең, кечинде, бүгүн, отуруу, жазуу, сүйлөө, кел-, кет-, ал-, бер-, иште-, оку-, бир, эки, он, жыйырма, элүү, жүз* ж.б.у.с. сөздөр буга мисал боло алат. Мына ушундай кадимки жөнөкөй сөздөрдүн жардамы менен сөз чеберлери тарабынан ачык-айкын көңүлдөгүдөй образ түзүлөт. Нейтралдык лексиканын мындай сапаттары жөнүндө А.П.Чехов Максим Горькийге жазган каттарынын биринде «Жаратылышты сүрөттөөдөгү көркөмдүк, ачыктык «күн батты», «караңгы кире баштады», «күн жаап жатат» деген сыяктуу гана эң жөнөкөй фразалар аркылуу жетишилет» деп белгилеген.

Мисал катары көркөм адабияттын стилинде нейтралдык лексиканын канчалык кеңири колдонулгандыгын Т.Сыдыкбековдун «Биздин замандын кишилери» аттуу романынан Камка апаны, Ч.Айтматовдун «*Жамийла*» повестинен Жамийланы сүрөттөгөн үзүндүлөрүн алып көрөлү. «Камка – жесир аял. Анын жалгыз баласы Касейин согуштан мурда эле аскерге кеткен болучу. Бирок ал болочокто келини болот деп, өз айылдашы Зарыл деген кызды өз кызы катарында бел тутуп жүргөн. Жалгыз бойчулуктун кыйынчылыгы канчалык кабыргадан өтсө да Камка апа айылдаштарынын жана абысын-ажындарынын камкордугунун аркасында анчалык кайгы-капага жеңдирбейт. Бирок согуш кезинде медер туткан уулу Касейин майданда каза болот» (Т.С.Биздин замандын кишилери).

«Жамийла өзү шыңга бойлуураак, белдүү келин. Эки өрүмгө батпай, дүркүрөп өскөн чачын кысып туруп, бир байлам ак жоолукту мандайына буунуп алса, кызыл торусунан келген балкайган тегерек жүзүнө ак жоолук эп келише калат. Жамийла күлгөндө анын чымкый кара сүйрүрөөк көзүндө ден

соолуктун, жыпгтыктын ашып-ташкан күчү ойт берип, ал эмнегедир өзүнчө бой карашп, секетбайдын туздуусунан ырдап жиберет...» (Ч.А. Жамийла).

Бул үзүндүлөрдө азыркы кыргыз тилинде жалпы колдонулуучу нейтралдык лексиканын жазуучулар тарабынан өтө кеңири масштабда`пайдаланылгандыгы ачык көрүнүп турат

## 2. Стилистикалык жактан чектелген лексика

Кыргыз тилинин сөздүк курамында жогоркудай жалпы колдонулуучу нейтралдык лексика менен бирге стилистикалык жактан чектелген жана эмоциялуу-экспрессивдүү мааниге ээ болгон сөздөр да бар. Мындай сөздөр оозеки кепте да, жазма кепте да кездешет. Мына ушуга карай аларды **турмуштук оозеки-сүйлөшүү лексикасы** жана **китептик лексика** деп дагы экиге бөлүүгө болот.

1) **Турмуштук оозеки-сүйлөшүү лексикасы**. Бул лексика жөнөкөй гана ээн-эркин аңгемеде (өз ара сырдашкан маекте, турмуш-тиричиликке байланышкан тар чөйрөдө, үй ичинде ж.б. учурларда) колдонулат. Кептеги жөнөкөйлүк, аздыр-көптүр эркиндик, тилдик нормалардын сөзсүз түрдө талап кылынбастыгы бул сөздөргө мүнөздүү. Алардын көпчүлүгү оң же терс маанидеги эмоцияга ээ болушат.

Турмуштук оозеки-сүйлөшүү лексикасы экспрессивдүүлүктү талап кылбаган иш кагаздарында жана илимий иштерде дээрлик колдонулбайт. Колдонулса да кай бир факт катары өтө аз санда колдонулушу мүмкүн. Ал эми көркөм адабияттын жана публицистиканын стилинде белгилүү максатта колдонулуп, контекстке ачыктык-тактык, жөнөкөй, эркиндик түр берип, өзүнчө элемент катары сезилип турат.

Турмуштук оозеки-сүйлөшүү лексикасынын өзүн да эки түргө бөлүп карайбыз: жалпы элдик турмуштук - сүйлөшүү лексикасы жана колдонулуш чөйрөсү чектелген турмуштук - сүйлөшүү лексикасы. Колдонулуш чөйрөсү чектелген турмуштук сүйлөшүү лексикасына диалектилик сөздөр, профессионализмдер, жаргондор жана арготизмдер кирет. Бул сөздөр кепте китептик лексика менен бирдей даражада колдонулбаган сыяктуу эле, жалпы элдик турмуштук сүйлөшүү лексикасы менен да бирдей даражада колдонулбайт. Диалектилик сөздөр, профессионализмдер, жаргондор жана арготизмдер жөнүндө жогоруда айтылган. Бул жерде жалпы элдик турмуштук сүйлөшүү лексикасы жөнүндө гана сөз кылабыз.

Жалпы элдик турмуштук сүйлөшүү лексикасы кептин бардык стилинде колдонулуучу нейтралдык лексикадан өзүнүн экспрессивдүү стилистикалык мааниси менен айырмаланат. Экспрессивдүүлүктүн негизги

компоненти болуп эмоциялык баалоо эсептелет. Эмоциялык баа берүү субъектинин (жеке же коллективдүү) кандайдыр бир объектинин баалуулугу жөнүндөгү пикирин өзүнө камтыйт. Оң баа берүү жактыруу, мактоо, эркелетүү, сүйүнүч, кубаныч жана башка ушул сыяктуу оң сапаттагы эмоция аркылуу берилсе, тескери баа берүү жактырбоо, жек көрүү, кыжырдануу, тутануу, жини келүү, кордоо, кемсинтүү сыяктуу терс эмоция аркылуу адамдын кебинде, кебете-кешпиринде чагылдырылат. Ушуга карата эмоциялык баалоо маанисиндеги сөздөрдү да оң эмоциялуу сөздөр жана терс эмоциялуу сөздөр деп экиге бөлүп карайбыз.

Оң эмоциялуу сөздөргө жактыруу, эркелетүү, кумардануу сезимдерин билдирген сөздөр кирет. Маселен, өзүнө жакын адамдарга карата жакшы көрүү сезими менен эркелетүүчү сөздөр: *энеке, энекебай, атаке, атакебай, эжеке, жеңекебай, кулунум, чырагым, жалжалым, жаным, ботом, берекем, эркем, алтыным, күнүм, айым, жан биргем, көгүчкөнүм, кутманым, жайдарым, жөлөгүм, медерим, медетим* ж.б.

«*—Энекебай,*
Кайратымдан жазбадым
Мен мурунку,
Мен эмесмин, башкамын...»
(Ж.Т.Энеме).

«*—Жамийлам, жаным-калкатайым, кызыл гүлүм, Жамалтай!* - деп, Данияр кыргыз менен казакта болгон эң назик аттарды сүйгөнүнө арноодо.

— *Бүркүтүм! Шаңшыган бүркүтүм!*»
(Ч.А.Жамийла).

«Эмгектеп жетип, уулунун мойнунан кор-кор жыттап, ичи эзилет:
—О, *кагылайын*, о *кагылайын... кубатым, ырысым...*» (Т.К.)

Кээде түз мааниде алганда терс, жактырбаган же кемчиликти көрсөтүүчү сөздөрдү өтмө маанида колдонуп, көбүнчө балдарга карата эркелетүү маани берилет: *бучугум, кучугум, тантыгым, жаманым, кыйыгым, тентегим* ж.б.

«Бүкөнтай - *бучук мурун* үч жаңар кыз,
Бир күндө жүз жыгылып, жүз басар кыз» (А.О.)

—*Кучугум, кучугум!* Көрдүңбү, кичинекей бөлтүрүктөр сага ойнойбуз деп келишкен турбайбы» (Ч.А.Кыямат).

«—Оо, *окшошкон жамандар*, ушундай дайыма ынтымак, бири-бирине арка болуп өскүлө» (К.Боб.).

«—Бактылуу болгула, тилеген тилегиңерге, самаган оюңарга жеткиле. Оо эгиз козудай *окшошкон жамандарым* ай... « (З.С.).

Терс эмоциялуу сөздөргө адамды, нерселерди, көрүнүштөрдү жактырбоо, жек көрүү, барк албоо, тоготпоо, жийиркенүү, кемсинтүү, шылдың, какшык сыяктуу сезимдерди туюнткан сөздөр кирет. Шылдың, жактырбоо, кемсинтүү иретиндеги сөздөр: *кайран, ойсеке, экилүү, шалпайган, сандалган, үтүрөйгөн, келесоо, макоо, жинди, байкуш, кешиги жок, итаяктай, жалжайган, куу тумшук, атаңа наалат, жүгүндүкор, акмак, дөдөй, аяк бошотор* ж.б. Мисалы: «Же мурда, же кийин туулбай, ушу заманга туш келгенин кара, *куу тумшук*» (Э.Т.)» – Уйкуну бузду, *атаңа наалаттар*, – деп ачуулана бурк этти ал, карышкырларга, иттерге, аларга байланышкандардын баарына таандык кылып, – *доңуз экен* да Базарбай, *доңуз экен!*» (Ч.А.) «–Жаның чыгып баратабы, *чүчөк*! – деди ал маңдай тишин кашкайта күлүп, тилин бултуйта көрсөтүп, шылдыңдап. – Кыйратып ийдиң беле? Кошо чапкылагандан башка эмне кылдың? Уйку, тамак. Ох, *аяк бошотор!*» (К.О.).

–Сага эмне жок?! Сен эмне мынча күйүгөсүң, ыя?! *Жүг-гүндүкор! Жүг-гүндүңдү* жөн ич сен... Урса орус уруп алсын, а сага эмне жок, *кызыталак?!* Ыя?! (Т.К.).

«–Жогол үйдөн, сен да жогол быянкеч атаң менен, *көгөргөн чечек*, - деп мени шилиге бир муштады» (Мар. Б.).

«–О жарым эс, о *кудай тас төбөңдөн ургур*, ушундай да кем акылдык кылабы?! (Т.К.)

«–Сен, *акмак*, бизди, Кудай менен коркуткуң бар ээ? Кудай менен биздин көзүбүздү чукуюн деген экенсиң, *сандалган ит*! Сенин бийлигиң азыр менде – кудайыңдан кеч, болбосо өлөсүң, *ит*» (Ч.А.).

Какшык иретиндеги сөздөр. Какшыктоо – терс эмоциялуулуктун өзгөчө бир түрү. Мында сүйлөөчү адам айта турган оюн тике айтпастан, кыйыр түрдө, өз ички абалын, мамилесин сөзсүз чагылдыруу менен билдиришет. Буга *«олуя», «билгич», «билерман», «кабылан», «жолборс», «көзгө басар», «мыкты», «оён», «кылтамак»* ж.б.у.с. сөздөр кирет. Бул сыяктуу сөздөр оозеки айтылууда өзгөчө интонация, жазууда тырмакча менен белгиленет. Мисалы:

«Э, *оён, «кыйратарсың»* деп күлүшүп,
*«Аман бол, кайран Бакем»* дешкен болду.
Турмуштун арзан баалуу бир затындай,
Эч кимге билинген жок анын жогу».
(А.О.Ким болду экен).

«–Бардабай, кабагыңды бүркөбөй эле кой. «Түгөлбай деген дөө чыкты, атка минбей жөө чыкты» дегендей, сен жөө *«дөөлөрдүн»* бири эмессиңби, – деп күлөр-күлмөксөн болуп, дардайган мурдунун учу кычышып кеткенсип кармалады» (С.Ж.).

Орой сөздөр: *каңкылдаба, үрбө, атасынын башы, соргок, ырайы суук, кокуй алат, көтү жер жыттабаган, кок тиште, өлүгүңдү көрөйүн,өлүгүңө отурайын, көзүңө ак түш, канчык, мээси жок, бок жептир, кызыталак, баччагар, обу жок, көталакы, сандыррактаган, тамтаңдаган, садагам кет* ж.б. Мисалы: –«Жаркын айым селдее түштү: –*Таш оозуңа!* – деди ал эринин көзүн тиктеп, – ой, сен эмне дейсиң?

Шерали кабагын түшүрдү:

–А ошо... күнөөсү башынан ашып кеткен экен...

–Кокуй, *өлүгүңдү көрөйүн, жарым эс,..* чын айтып отурасыңбы? (Т.К.).

«–*Көзүң аккыр, көзүң аксын!* Эй, Кунанбай, арбак кана. *Каргыш тийгир!* - деп Бөжөй кыйкырды» (Мух.А.).

«–Ок, *сакалың өрттөнгүр!* Сени менен теңтуш болуп сага арак ичиргенче өлсөчү» (Б.Аракеев).

«–Уу, *шумшук*, көзүң жаман сенин, *зулум*, көрдүңбү муну, сен болбосоң мындан айрылбайт болчумун, *шумшук*, – Сыдык токол үйдүн мүйүзүндөй мултуйган чыпалагын көрсөттү» (Мар Б.).

Жалпы элдик сүйлөшүү лексикасын жогоркудай стилистикалык топторго бөлүштүрүү да шарттуу, алардын ортосундагы чек туруксуз, өзгөрмөлүү. Белгилүү шартка жана убакытка байланыштуу бири-биринин карамагына өтүп кете бериши ыктымал. Алсак, *катын* деген сөз пайда болгон өз шартында (*хан+тун* - хандын аялы») жалпы элдик тилге кирсе, азыркы кезде адабий тилдин нормасынан четтеп, карапайым, ал тургай орой сөзгө айланып бара жаткандыгын көрөбүз. Көркөм чыгармалардын тилинде бул сөздү биз көбүнчө терс мүнөздөгү адамдардын кебинен байкайбыз. Маселен, акын Б.Сарногоев «Жашасын аял» деген ырында:

«Балага барктуу атабыз,
Баккандан бирок качабыз,
Жуурканга башты катабыз,
Эмизчи бачым деп коюп,
Сооротчу *катын* деп коюп,
Солдоюп уктап жатабыз» –

деп, *катын* деген сөз аркылуу терс мүнөздөгү орой атанын элесин чагылдырса,

Ак куу жок жерде көл көрксүз,
*Аял* жок жерде эр көрксүз.
*Аялдын* иши теңдешсиз,
Ансыз биз шандуу жүрө албай,
Көйнөктү жөндөп бүрө албай,
Көргүлүктү көрмөкпүз» –

деп, ошол эле ырында «катындын» синоними «аял» деген сөздү жалпы элге таандык адабий тилдин нормасында колдонот.

«–Эй, *катын!* – деди ал ородон чыга кыйкырып, – сен качантан бери элди башкарып, билерман болуп кеткенсиң. Көп сүйлөбөй ишиңди кыл!» (Ч.А. Биринчи мугалим). Демек, бул сыяктуу кээ бир сөздөр маданияттуу адамдардын, интеллигенттердин, жаштардын кептеринен өтө сейрек кезигет. Ал эми *канчык, ит, дөбөт* деген сыяктуу зооним сөздөр адамга карата айтылганда, карапайым, жөнөкөй лексика катарында кепке жактырбоочулук, жийиркеничтүүлүк түр берсе, айбанатка карата айтылганда сүйлөшүү лексикасына кирип, ал тургай максатка ылайык адабий китептик стилде да колдонулат. Мисалы: «Акбара алдастап кыңшылай бергенден улам *дөбөтү* Ташчайнар үңкүргө башбакты. *Канчыгынын* курсагы салаңдап, оор тарта баштагандан бери Ташчайнар айланчыктап алыс кетпейт, үңкүрдүн оозундагы карагандын арасын агылгалап жатчу болгон» (Ч.А.Кыямат).

2) **Китептик лексика.** Китептик лексикага көбүнчө жазма кепте колдонулушу менен мүнөздөлгөн сөздөр кирет жана ушул жагынан оозеки сүйлөшүү лексикасына карама-каршы коюлат. Китептик лексикага адабий тилдин нормаларынын милдеттүү түрдө сакталышы талап кылынган публицистикалык жана илимий чыгармаларда, иш кагаздарында, официалдуу документтерде колдонулуучу сөздөр жатат. Китептик лексика коомдук ой жүгүртүү менен тыгыз байланыштуу. Ошону менен бирге китептик лексиканы оозеки кепте таптакыр колдонулбайт деп кароого болбойт. Докладдарда, лекцияларда, официалдуу чыгып сүйлөөлөрдө жана башкаларда кеңири колдонулат. Бирок ал оозеки кепте колдонулуу менен, өзүнүн китептик мүнөзүн сактайт.

Китептик лексикага, биринчи иретте, бардык коомдук-саясий жана илимий-техникалык терминдер кирет. Коомдук-саясий, илимий-техникалык терминдердин кыйласы мектептер, окуу китептери, окуу куралдары, илимий докладдар, лекциялар аркылуу эл арасында кеңири масштабда колдонулат. Ошондуктан алар кээ бир учурда нейтралдык лексикага да кирип кетет. Маселен, *партия, демократия, республика, техника, трактор, комбайн, самолет, сессия, пленум, чечим, билдирүү, сот, прокурор* сыяктуулар китептик мүнөзүн жоготуп, жалпы колдонулуучу лексиканын катарына өтүп кеткендиги байкалат.

Китептик лексикага иш кагаздарына жана официалдуу документтерге тиешелүү *токтом, чечим, билдирүү, кайрылуу, кол коюу, кабыл алуу, жогоруда көрсөтүлгөндөй, төмөндө кол коюучулар, токтом кылат, чечим кабыл алды, келишим, ишеним грамотасы, коммюнике, преамбула, элчи, ратификациялоо, резиденция* сыяктуу сөздөр жана сөз айкаштары да кирет.

Китептик лексикага көбүнчө публицистикалык жана көркөм чыгармаларда колдонулуп, кепке көтөрүңкү тон берүүчү төмөнкүдөй салтанаттуу–риторикалык сөздөр, сөз айкаштары да кирет: *шыктанган эл, кужурмөн эмгек, бузулбас достук, кажыбас кайраттуулук, салтанаттуу кырдаал, өлбөс-өчпөс даңк, майтарылбас мыз, жоготууга учуроо, курман болуу, улуу жеңиш, кыйраткыч сокку, унутулгус күн, жыргалчылык үчүн, ишеним менен, эркиндик, теңдик, тең укуктуулук* ж.б.

Публицистикалык лексикага оң эмоция берүүчү сөздөрдөн башка идеологиялык жактан жат түшүнүктөрдү билдирген терс эмоциялуу сөздөр да кирет: *империализм, шовинизм, басып алуучулук, талоончулук, агрессия, фашизм, колониализм, неоколониализм, популизм, трайбализм* ж.б. Лексиканын жогоркудай топтору нейтралдык лексика менен окшош келет, бирок андан экспрессивдүүлүгү менен бөлүнүп турат.

Көркөм чыгармаларда өткөн доордун духун, элесин берүү үчүн колдонулган эскирген сөздөрдү жана өзүнчө көркөм каражат катары пайдаланылган индивидуалдык-стилистикалык неологизмдерди да китептик лексикага кошууга болот. Булар жөнүндө жогоруда сөз кылганбыз

Ошондой эле китептик лексикага **экзотикалык лексика** да кирет. Экзотикалык лексика дегенибиз чыгыш теги боюнча башка тилге тиешелүү болуп, башка элдин жашоо-турмушун, тиричилигин, коомдук түзүлүшүн, улуттук өзгөчөлүгүн көрсөтүү үчүн публицистикалык жана көркөм чыгармаларда, илимий эмгектерде колдонулуучу сөздөр болот. Көркөм чыгармаларда экзотизмдер жалаң гана биздин турмушубузга мүнөздүү болбогон нерселерди, көрүнүштөрдү сүрөттөө үчүн эмес, жергиликтүү колоритти жана персонаждардын кебинин өзгөчөлүгүн берүү үчүн да колдонулат Маселен, Аалы Токомбаев кыргыз элинин 1916-жылкы падышачылыкка каршы көтөрүлүшүн баяндаган «Таң алдында» аттуу романында кытай турмушуна байланыштуу окуяларды сүрөттөгөн учурда төмөнкүдөй экзотикалык сөздөрдү колдонот.

«Бекитип эки жылга башын байлап,
Токону малайлыкка алды *дорго*».

«Алымкул Үрүмчүгө кетти дегин,
*Доотайга* билдирем деп элдин жайын».

«Төлөктүн күнү туулган, адам сатат,
*Шаңыя, доотайына* жүзү жарык .»

«Бир күмүш *зээрин* берди, кошуп *даачан*,
«Адашым аман бол» деп колдон алып».

«Жарты *му* энчилеген аянтым жок,
Кай жерге терим тамса менин жерим».

«–Мен дагы өзүнөрдөй качкынмын деп,
Экөөнө эки *жаачын* бере салды».

Мындай экзотикалык лексиканы Касымалы Жантөшевдин «Каныбек» романынан да кеңири жолуктурабыз Мисалы: «–Ай, кууураган турмуш ай! Эч болбоду дегенде бир *му* жерим болсочу – деп, *Ли* көзүнүн жашын кылтыртып туруп, – эми Алым келип калса кантем? – дегенче көчөдөн Алым кирип калды.

– *Хома!* – деп, Алым күлүп аттан түштү.

–*Хо,* деди да, *Ли-Чан* акырын ордунан туруп, Алымдын атын алды». «*Жин-Ху-А Ли-Чандын* энеси... *Сан-Же* болсо *Ли-Чандын* карындашы».

«–Ой, ой... качкыла! *Шэтайдын* уулу менен *Шаңыянын* уулу жорго салдырып келе жатышат деп, базардагы эл как жарылып эки жакка качып калышты».

Кыргыз акын-жазуучуларынын Улуу Ата Мекендик согушка байланыштуу жазылган кээ бир чыгармаларында да немецтик аскерлердин жек көрүндү кебете-кешпирин, сүйлөгөн сөздөрүн берүүдө айрым немец сөздөрү, энчилүү аттары экзотизм катары колдонулган. Мисалы:

«Жанагы *Миллер* немец шек алгандай,
Алдыртан эне колун теше тиктейт.

–*Фон-Викент!* Баарын аңтар, бол! – деп буйруп,
–Мына бул жаздыкты да унутпа – дейт».

«Баягы *Миллер* төрө басып келди.
Калп күлүп, калп жылмайып, кытмыр карай
–Мынакей *Гестапонун* шер жолборсу,
Сүрүн ай, айбатын ай, – дейт ал –пай, –пай!
(А.О.Менин энем).

«Мас *фрицтер* тура чуркап,
Биз жабыла атабыз» (Т.Ү.)

«*Хальт!* – деди баатыр Кубат автоматчан,
Кишидей жерден өнүп чыга калган» (Т.Ү. Кубат).

«*Хальт!* – деп эки солдат мандайыма жылып келе калды да·

–*Эгип дих*! (колго түш) – деп гранаталарын кармап тура калышты. Туткундун бирөө менин оюмча немец болбосо керек:

*–Рус, гут, зер гут* (орус жакшы, абдан жакшы) – деп, безилдеп кайталай берди. Экинчиси өзүнөн өзү кыжырланып:

*–О, донер веттер, донер веттер!* (О, каран түн, каран түн!) дегенсип гана тим болду. (А.Т.Ашырбай).

Кыргыз лексикасынын стилистикалык жактан колдонулушу жөнүндөгү маселе дагы атайын терендеп изилдөөнү талап кылат. Бул жерде бөлүштүрүүлөр бир кыйла шарттуу гана берилди.

# КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ФРАЗЕОЛОГИЯСЫ

## Фразеология жөнүндө жалпы түшүнүк

Адамдардын кеби сүйлөмдөрдөн турат да, сүйлөмдөр, өз кезегинде, сөз айкашы аркылуу көбүнчө эки же андан артык толук маанилүү сөздөрдөн турат. Маселен, *«Төкөй Зейнепти короого узатып чыкты»* (Ч.А.Ак жаан) деген сүйлөм *Төкөй узатып чыкты, Зейнепти узатып чыкты, короого узатып чыкты* деген сөз айкаштары аркылуу, *«Поезддер өтүп кеткенден кийин бир топко чейин станцияда эч жан жоктой ээн тынчтык өкүм сүрөт»* (Ч.А.Бетме бет) деген сүйлөм *поезддер өтүп кеткенден кийин, бир топко чейин өкүм сүрөт, станцияда өкүм сүрөт, эч жан жоктой тынчтык, ээн тынчтык* деген сөз айкаштары аркылуу бир нече сөздөрдөн түзүлдү. Демек, сөздөрдүн сүйлөмгө биригүүсүндө аралык звено болгон сөз айкаштары бар экен.

**С ө з  а й к а ш ы** дегенибиз эки же андан артык толук маанилүү сөздөрдүн грамматикалык жактан биригишинен турган эң жөнөкөй синтаксистик бирдик болуп эсептелет.

Сөз айкашы **э р к и н  с ө з  а й к а ш ы** жана **т у р у к т у у  с ө з  а й к а ш ы** болуп экиге бөлүнөт. Эркин сөз айкашы сүйлөө процессинде айтылуучу ойго жараша сөздөрдөн дароо түзүлөт. Буга мисал кылып жогорудагы сөз айкаштарын көрсөтүүгө болот. Ал эми туруктуу сөз айкашы сүйлөө процессинде түзүлбөстөн, тилде сөз сыяктуу эле мурдатан даяр болот. Мындай туруктуу сөз айкаштары **фразеологизмдер** же **фразеологиялык түрмөктөр** же **фразеологиялык бирдиктер** деп аталат. Бир тилдин курамындагы фразеологизмдердин бардыгы биригип келип ошол тилдин фразеологиясын түзөт. Фразеология деген термин менен фразеологиялык бирдиктер жөнүндөгү тил илиминин бир бөлүгү да аталат.

Кыргыз тили фразеологизмдерге абдан бай. Мисалы: «Көрсө бул *котур ташын койнуна катып* гана ынгайлуу учурду күтүп жүргөн эме тура» (М.Б.Элеттик жигит). «–Кемелден кат кабар барбы? – деп, мен *тамырын тартып* сураганмын» (К.Боб.Түштүк кызы). « Карап тур,

сенин *көзүңду* гана *тазалабасамбы*» (Ч.А. Биринчи мугалим). «...Ошолордун менен биз дагы арабызды алыстатпай *кол үзгөн* жокпуз» (Ч.А. Жамийла). «... өтпөгөндөрдүн *жылдызы жерге түшүп,* кете баштапты» (М.Б. Элеттик жигит). «Ушинтип бир күндүк тамактан *кол жууду*» (М.Б. Элеттик жигит). «Атам *кабыргасы менен кеңешип* көрүп: —Биз өзүбүз сөз айттырсак уят эмеспи?! деп кыйылат» (К.Боб. Түштүк кызы). «Бечаранын өңү сертирээк эле, жанакы баласы куду эле өзү, *союп каптагандай* тура» (А.Т.Мезгил учат). «Азыркы учурда эңкейип эмгектенген кишинин *жүзү жарык* тура» (Т.С.Биздин замандын кишилери). «Андай жолдош менен Жапар *жердин жети кабат түбүнө* кирип кетсе да ыраазы» (К.Б.Көл боюнда). «*Ак төөнүн карды жарылган* берекелүү күз» (Т.С.Биздин замандын кишилери) ж.б.

Фразеологизмдер эркин сөз айкашынан төмөнкүдөй белгилери боюнча айырмаланат:

1) Компоненттери жана алардын орун тартиби, синтаксистик байланышы дээрлик туруктуу болот.

2) Бүт түрмөк көбүнчө өтмө мааниде колдонулуп, эмоциялуу-экспрессивдүү түргө ээ болот. Ошондуктан фразеологизмдер кепти көркөм, образдуу кылып берүү үчүн стилистикалык максатта кеңири колдонулат.

3) Жеке сөз сыяктуу бир гана түшүнүктү туюнтат жана сүйлөмдө сүйлөмдүн бир мүчөсүнүн милдетин аткарат. Ошол себептен фразеологизмдер эркин сөз айкашы сыяктуу синтаксистин объектиси болбостон, лексикологиянын объектиси катары каралат.

Фразеологиялык бирдиктер бир топ белгилери боюнча жеке сөзгө окшош болгон менен, ал бир нече толук маанилүү сөздөрдүн айкашынан туруп, андан айырмаланат. Фразеологизмдерди бир уңгудан турган жөнөкөй сөздөрдөн айырмалоо алда канча жеңил болсо, эки же андан ашык уңгудан биригип жасалган татаал сөздөрдү, айрыкча кошмок сөздөрдү фразеологизмдерден ажыратуу бир кыйла оордук кылат. Анын үстүнө көп жылдар бою кошмок сөздөрдүн маани берүүчү түгөйлөрүн бөлөк жазуу жөнүндөгү орфографиялык эрежелер да фразеологизмдер менен кошмок сөздөрдүн ортосуна чек коюуну бир топ тумандатып салган. Ошого карабастан фразеологизмдер менен кошмок сөздөрдүн ортосундагы төмөнкүдөй айырмачылыктарды көрсөтүүгө болот:

1) Жөнөкөй сөздөр сыяктуу эле кошмок сөздөр да, биринчи кезекте тике номинативдик мааниде колдонулат. Мисалы: *таш бака*[1], *бака жалбырак, айры куйрук, өнөр жай* ж.б. Ал эми фразеологизмдер дээр-

[1] 1995-жылкы жаңы орфографиялык эрежеде мындай кошмок сөздөрдү бириктирип жазуу сунуш кылынган. Бирок күнүмдүк жазуу практикасында бул эреже колдонулбай келатат. Биз дагы кошмок сөздөрдү мурдагы жазылышы боюнча бердик

лик өтмө мааниде колдонулуп, образдуу, элестүү келет да, эмоциялуу-экспрессивдүү түскө ээ болот. Мисалы:

*аарынын уюгундай; абийири айрандай төгүлдү; адалдан түгү жок; баш териси бузук; жер каймактагандан* бери ж.б.

2) Кошмок сөздөр көбүнчө эки, ашып кетсе,үч уңгудан биригип жасалат. Мисалы:

*ат кулак, козу кулак, төө куйрук, алп кара куш, Чоң-Сары-Ой, Чоң-Кызыл-Суу* ж.б.

Фразеологизмдер болсо төрт-беш, андан да ашык толук маанилүү сөздөрдүн айкашынан түзүлүшү мүмкүн: Мисалы:

*жылаңач төөнү бучкакка чапкандай; алма быш, оозума түш; бери карап күлүп, ары карап ыйлап; жети атасын көзүнө көрсөтүү; көңүлү үч көчкөн журттай калуу; төрт шыйрагы өлбөгөн жерде калуу* ж.б.

3) Кошмок сөздөр сүйлөм мүчөсү катары башка сөздөр менен айкашканда жөнөкөй сөз сыяктуу эле сөз өзгөртүүчү мүчө менен кошмок сөздүн аягы гана өзгөрөт. Мисалы: «Бала *суу жоолукту* ийнине салып үйгө кирди». «Автобус *кара жолдо* зымырап кетип бара жатты» ж.б. Фразеологизмдер сүйлөмдүн башка мүчөлөрү менен айкашканда, сөз айкашы катары фразеологизмдердин башка компоненттери да сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен өзгөрүшү мүмкүн. Мисалы: «Агайындар! *Төрт көзүңөр түгөл, орой көзүңөр чарай* отурасыңар, ийри отуруп, түз кеңешели» («А.-Т.»). Бул сүйлөмдү «Агайындар! *Төрт көзүбүз түгөл, орой көзүбүз чарай отурабыз,* ийри отуруп түз кеңешели» деп кайра түзгөндө фразеологизмдин маанисине, грамматикалык структурасына эч кандай залал тиймек эмес. «Жапар жумуштан *колу тийип* үйүнө көп келе алган жок» (К.Б.). «Сенин *колуң* мага *тийди,* менин *колум* сага *тийди*» (Н.Б.).

4. Кошмок сөздөр түтүму жактан бир гана вариантта болот. Мисалы: *кызыл үй, жарыш сөз, кош ооз, кырк аяк, музоо баш, Жети аркар, Алтын казык* ж.б. Фразеологизмдердин кыйласы бир нече варианттарга ээ болот. Буга мисал кылып «Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгүнөн» (1980) мисалдар келтирелик: Аарынын уюгуна тийүү. В.: Жыландын уюгуна тийүү; *Адебин колуна берүү.* В.: *Азабын колуна . берүү, азабын берүү, жазасын колуна берүү, жазасын берүү, сазайын колуна берүү, сазайын берүү; Балапан жүнү бата* элек, В. *Балапан түгү түшө элек, чырымтал түгү түшө элек, Колу тар.* В *Колу кууш, колу чуруш* ж.б.

Көп тилчи окумуштуулар фразеологиялык бирдиктердин катарына макалдарды, афористик мүнөздөгү учкул сөздөрдү, адабий цитаталарды да кошушат[1]. Ырас макалдардын, афоризмдердин, учкул сөзгө айлан-

ган адабий цитаталардын курамы, структурасы боюнча туруктуулугу жана тилде сүйлөө моментине чейин даяр болушу жагынан фразеологизмдерге окшош. Бирок фразеологизмдер, бар болгону, сөз айкашы гана болот, ал эми макалдар жана көпчүлүк учкул сөздөр сөз айкашынын чегинен чыгып, толук сүйлөм катары айтылат. Мисалы:

> *«Эрди намыс өлтүрөт, коенду камыш өлтүрөт». «Эл четине жоо келсе, жан аяган жигитпи». «Уялайт деп ушак айтпа, көрбөйт деп ууру кылба». «Билими толук миңди жыгат, билеги жоон бирди жыгат»* ж.б.

Макалдар толук сүйлөм катары колдонулгандыктан, морфологиялык жана синтаксистик жактан өзгөрүүгө дуушар болбойт, ал эми фразеологиялык түрмөктөр сүйлөм мүчөсү катары кызмат аткаргандыктан, айтылуучу ойго жараша сүйлөмдүн башка мүчөлөрү менен байланыш түзүү үчүн морфологиялык жактан өзгөрүүгө учурайт. Маселен, *оозун кармануу* («өкүнүү» маанисинде) деген фразеологизмди «Кийин *оозумду карманып* калдым», «Кезеги өтүп кеткен соң, *оозуңду карманып жүрбө*», «Ал жөнүндө угуп, *оозун карманып* калды» ж.б. кылып өзгөртүп колдонууга болот. Ал эми *«Асыл – таштан, акыл – баштан», «Жаз – жарыш, күз – күрөш»; «Жакшы болсоң жатык бол, улук болсоң кичик бол»* деген сыяктуу макалдарды башкача кылып өзгөртүп колдонууга мүмкүн эмес.

## Фразеологиялык бирдиктердин негизги типтери

Фразеологиялык бирдиктердин курамындагы түзүүчү компоненттердин өз ара байланыш, биригиш даражасы жана жалпы түрмөктүн мааниси менен анын курамындагы сөздөрдүн маанилеринин ортосундагы көз карандылык бирдей эмес. Мына ушуга карай фразеологизмдерди **фразеологиялык ширешме, фразеологиялык биримдик, фразеологиялык айкалыш** деп үч типке бөлүүгө болот[2].

**Фразеологиялык ширешме**. Жалпы мааниси курамындагы компоненттеринин маанисинен келип чыкпаган фразеологиялык түрмөктөр **фразеологиялык ширешме** деп аталат. Мисалы, буга төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот: *колтугуна суу бүркүү* («тукуруп коюу, көкүтүү» деген мааниде), *эшек такалоо* («бекер жүрүү» деген мааниде), кпур ташы койнунда («ичи арам,

[1] Галкина-Федорук Е М , Современный русский язык Лексика -М МГУ, 1954, Шанский Н М , Фразеология современного русского языка -М Высшая школа, 1963, Шанский Н М , Лексикология современного русского языка изд 2-е, исправленное -М Просвещение, 1972, Мусабаев Г Г ,Современный казахский язык часть I, Лексика - Алма-Ата Изд АН Каз ССР, 1959, Мукамбаев Ж , Кыргыз диалектологиясы жана фразеология -Бишкек Кыргызстан, 1998 ж б

[2]Мындай бөлүштүрүүдө орус тилинин үлгүсү боюнча акад В В Виноградовдун классификациясы негизге алынды

жаман ойлуу» деген мааниде), *азат бою тик туруу* («аябай коркуу» маанисинде), *ак төөнүн карды жарылган* («бышыкчылык, кененчилик» деген мааниде), *бармагын тиштөө* («өкүнүү» маанисинде), *кой оозуна чөп албаган* («момун, жоош» маанисинде), *куйругуна калбыр байлоо* (»жамандоо» маанисинде) ж.б.

Жогоруда келтирилген мисалдардан «тукуруу, көкүтүү» деген маанилер менен *колтугуна суу бүркүү* деген фразеологизмдеги колтуктун да, суунун да, бүркүүнүн да эч байланышы жок. Ошондой эле башка фразеологиялык түрмөктөрдүн жалпы маанилери да тилибиздин өнүгүшүнүн азыркы учурунда анын курамындагы жеке сөздөрдүн маанилери менен туура келбейт. Ошол себептен мындай фразеологиялык ширешмени бир тилден экинчи тилге сөзмө сөз которууга эч мүмкүн эмес.

**Фразеологиялык биримдик.** Түрмөктүн жалпы мааниси аздыр-көптүр, болсо да компоненттеринин маанилери менен байланышы бар сыяктанып сезилет. Мындай фразеологизмдер **фразеологиялык биримдик** деп аталат. Буга мисал кылып төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот: *эки тамчы суудай* («окшош» деген мааниде), *кулак-мурун кескендей* («жымжырт» деген мааниде), *күлүн көккө сапыруу* («талкалоо» маанисинде), *оозун араандай ачуу* («тандануу» маанисинде), *ыргыткан ташы өйдө кулоо* («иши оңолуу» деген мааниде), *күйбөгөн жери күл болуу* («ызалануу» маанисинде), *күлгө оонаган күчүктөй* («карала-торала, ыпылас» деген мааниде), *күндүн мурду чыкканда* («эртең менен эрте» деген мааниде) ж.б.

Мындай фразеологиялык түрмөктөрдүн жалпы маанилери курамындагы сөздөрдүн маанилери менен байланыштары бар экендиги жогорудагы мисалдардан ачык сезилет.

Фразеологиялык ширешмеден фразеологиялык биримдик төмөнкүдөй белгилери боюнча өзгөчөлөнөт.

1) Фразеологиялык ширешмеде азыркы кезде жалпы маани менен компоненттеринин маанилеринин ортосунда эч байланыш жок болсо, фразеологиялык биримдиктин жалпы маанисин курамындагы сөздөрдүн маанилерине карай түшүнүүгө болот.

2) Фразеологиялык биримдикте фразеологиялык ширешмеге караганда курамындагы сөздөрдүн ортосундагы байланыш бошоңураак. Ошол себептен булардын арасына анча-мынча сөз кошууга жана компоненттеринин бирди-жарымын башка сөздөр менен алмаштырууга мүмкүн. Мисалы: *куркулдайдын уясын таап тыр — укунун уясын таптыр,*
*ыргыткан ташы өйдө кулоо — ыргыткан ташы өргө кулоо,*
*арпаңды кам ордубу — арпаңды чийки ордубу — арпаңды ким кам орду, төбөсү көккө жетүү — төбөсү асманга жетүү —*

*төбөсү айга жетүү, таяк жеө — токмок жеө, текей оттоо — текей терүү, таш талканын чыгаруу - ташын талкан кылуу, төрүнөн көрү жуук — төрүнөн көрү жакын, үч уктаса түшкө кирбеген — үч уктаса түштө жок* деген сыяктуу кылып өзгөртүүдөн фразеологиялык биримдиктин мааниси бузулбайт.

Фразеологиялык түрмөктүн жалпы мааниси менен курамындагы компоненттеринин маанилеринин ортосундагы катыш бардык фразеологиялык биримдиктерде бир кылка эмес. Алардын кыйласы көбүнчө метафоралык жол менен түзүлүп, образдуу, экспрессивдүү түргө ээ болот. Буга жогоруда келтирилгендерден башка *көк менен жердей, жердин жарыгынан чыга калгандай, оозу менен орок оруу, эки көзү төрт болуу, бирөөнүн тебетейин бирөөгө кийгизүү, биттин ичегисине кан куйган, кабыргасы менен кеңешүү, көрөйүн деген көзү жок, кубанычы койнуна баткоо* деген сыяктуу фразеологизмдерди көрсөтүүгө болот.

Фразеологиялык биримдиктин өзгөчө бир тиби көбүнчө түз маанидеги сөздөрдөн түзүлөт да, нерселердин, көрүнүштөрдүн, түшүнүктөрдүн составдуу аттарын билгизет. Мындай сөз тизмектери курамы боюнча дайыма туруктуу келет жана сүйлөө моментинде түзүлбөстөн, тилде мурдатан даяр болот. Буга төмөнкүдөй сөз айкаптары мисал боло алат[1]: *ажыраш аяк, ай башы* («арапа»), *ай талаа* («эл жашабаган жер»), *ай туяк* («курмандыкка чалынуучу жылкы»), *ак жоолук* («аял, келинчек»), *ак кол* («оор иш кылбаган, жалкоо адам»), *ак молдо* («арак, ичкилик»), *акыр заман* («диний түшүнүк боюнча дүйнөдө, жер жүзүндө турмуш кыйрап, жашоо-тиричиликтин токтоо мезгили»), *алым сабак* («биринен кийин экинчиси улам кезектешип ырдашкан айтыш»), *ата журт* («ата-баба жердеген аймак»), *ата наркы* («үрп-адат, салт»), *аттанаар аяк* («жол тартаарда, жолго чыгарда берилүүчү ичкилик, суусундук же башка нерсе»), *баш кесер* («киши өлтүргүч, кан ичкич»), *дамбыр таш* («жазында биринчи күн күркүрөгөндө аткарылуучу ырым»), *дене кул* («өмүр бою жүрүүчү кул»), *кадыр түн* («диний ишеним боюнча орозо айынын 27синде өтүүчү касиеттүү түн»), *кайчы куда* («бири-биринен кыз алышып, кыз беришкен кудалар») ж.б.

Мындай туруктуу сөз тизмектери экспрессивдүү мааниге ээ болбостон, номинативдик маанide гана колдонулат.

Фразеологиялык ширешме менен фразеологиялык биримдиктин ортосунда жогоруда көрсөтүлгөн айырмачылыктар менен бирге, алардын ортосунда жалпылыктар да арбын. Ошондуктан фразеологиялык түрмөктүн бул эки тибин (фразеологиялык биримдиктин кийинки то-

[1] Мисалдар "Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздү[2] Шанский Н.М , Фразеология со !

бун кошпогондо) ажыратууда көп учурларда кыйынчылыктар кезиге тургандыгын жана кезигиши мүмкүн экендигин бир катар окумуштуу-тилчилер белгилеп келе жатышат[1]. Кыргыз тилинин фактыларына караганда, фразеологиялык ширешме менен фразеологиялык биримдиктин ортосундагы жалпылыктар дагы көбүрөөк сезилгенсийт. Ошол себептен кыргыз тилчиси Ж.Осмонова фразеологиялык ширешме менен фразеологиялык биримдикти «фразеологизмдердин негизги эки башка түрү катары эсептөөдөн көрө жалпысынан аларды бир түргө - идиомага кошуу оң» деп эсептейт[2].

**Фразеологиялык айкалыш**. Жалпы мааниси курамындагы сөздөрдүн эркин жана фразеологиялык жактан көз каранды маанилеринен турган туруктуу сөз айкашы **фразеологиялык айкалыш** деп аталат. Мисалы:

*кол көтөр, чара көр, тил ал, тилге кир, тилге кел, баш көтөр, көз сал, көз чаптыр, көз жазгыр, көздөн кайым бол, көз байланганда, көз кайкыган, кымча бел, кумурска бел, куурай сан, сары майдай сактоо, көкөйүнө көк талкандай тийүү, атагы таш-жаруу, ушкуругу таш жаруу, ийиктей имерилүү, сүттөн ак* ж.б.

Мындай түрмөктөр компоненттеринин ортосундагы синтаксистик байланыш жагынан эркин сөз айкашынан айырмаланбайт, башкача айтканда, аларды сүйлөм мүчөлөрүнө ажыратууга боло тургандай сыяктанат. Бирок бул байланыш туруктуу, дайыма кайталанып турат жана тилде мурдатан эле даяр болот. Маселен, *чара көр, чарасын көрдү* деген сөз тизмегиндеги *көр, көрдү* дегенди баяндооч, *чара, чарасын* дегенди толуктооч деп ажыратууга болбойт. Бул эки компонент тизмектешип туруп бир маани берип жатат. Мындан башка, фразеологиялык айкалышта, компоненттеринин бирөө белгилүү гана сөздөр менен айкалышып, эркин эмес, фразеологиялык көз каранды маанида колдонулат. Жогоруда келтирилген мисалдардан *көздөн кайым бол, көз жазгыр, көз кайкыган* деген сөз тизмектерин алып көрсөк, андагы *кайым бол, жазгыр, кайкыган* деген сөздөр, сөзсүз, *көз* деген таяныч сөз менен гана айкаша тургандыгы ачык сезилип турат.

Фразеологизмдерди түзүүчү компоненттердин өз ара биригиш даражасын жана жалпы түрмөктөрдүн мааниси менен түзүүчү сөздөрдүн маанилеринин ортосундагы көз карандылыкты так ажыратуу жалпы эле

---

[1]Шанский Н.М., фразеология современного русского языка. Издание 2-е, исправленное и дополненное. -М.: Высшая школа, 1968; Шанский Н.М., Лексикология современного русского языка. Издание 2-е, исправленное. -М.: Просвещение, 1972, 205-бет; Калинин А.В. Лексика русского языка -М.: Издательство Моск. ун-та, 1966, 188-189-беттер ж.б.

[2]Осмонова Ж., Кыргыз тилиндеги идиомалар. -Фрунзе: Мектеп, 1972, 31-бет.

тил илиминде дагы тереңдеп изилдөөнү талап кылуучу маселелердин бири болуп эсептелет. Ал эми кыргыз тилинин фразеологиясын атайылап изилдөө иши кийинки мезгилдерде гана колго алына баштагандыктан, кыргыз фразеологдору үчүн бул маселе мындан ары да дыкаттык менен назар салып, кеңири планда иликтөө жүргүзө турган негизги проблема бойдон кала берүүдө.

## Фразеологизмдердин көп маанилүүлүгү жана омонимдери

Сөз сыяктуу эле фразеологизмдер да бир маанилүү жана көп маанилүү болушат.

Бир маанилүү фразеологизмдерге төмөнкү мисалдарды келтирсек болот:[1] *адалдан түгү жок* («колунда малы жок; жарды, жоксуз»); *ай айланып, жыл тегеренбей* («анча көп убакыт өтпөй, тез эле, аз эле убакыттын ичинде»); *алты саны аман* («дени таза, алдуу-күчтүү»); *ат жалына казан асуу* («жол жүрүп, ат үстүндө кетип бара жатып, жанына ала жүргөн азыгынан тамактануу, өзөк жалгоо»); *башын ташка койгуласа да* («эмне кылса да, канчалык аракеттенсе да»); *беш колундай билүү* («жат, бардыгын толук билүү»), *бешиктен бели чыга элек* («бойго жете элек, эр-азамат боло элек, өсүп жетиле элек, жаш»); *битин сыгып, канын жалаган* («абдан зыкым, колунан эчтеме чыкпаган, сараң, битир»); *биттин ичегисине кан куйган* («өтө бышык, абдан тың»); *жаны төрт чарчы болуу* («катуу кыйналуу, жаны тынбай чарк айлануу»); *култугу жок* («уяты жок. уятсыз, абийирсиз»); *кулу додо болбоо* («бир жерге байыр алып турбоо, турук албай ар кайсы жерде көчүп жүрө берүү») ж.б.

Фразеологизмдер да көп маанилүү сөздөр сыяктуу бир нече мааниге ээ болот, башкача айтканда, бир нече түшүнүктү туюнтат. Фразеологизмдердин ар башка маанилери сөздүктөрдө араб цифрасы менен номерленип берилет. Мисалдар келтирилик: *Иштен чыгуу.*

1. Жараксыз болуу, жарабай калуу, жөндөмдүүлүгүн жоготуу;

2. Бузулуу, талкалануу, иштебей калуу, жараксыз болуп калуу.

*Кол салуу.* 1. Бирөөгө катылуу, тийишүү, уруу; 2. Уруш баштоо, согуш ачуу; 3. Уурдоо, бүлдүрүү, бирөөнүн же көпчүлүктүн мүлкүн уруксатсыз өзүнө алуу; 4. Жеш үчүн умтулуп тиш салуу.

*Көз кырын салуу.* 1. Каралашуу, жардам берүү; 2. Бир нерсени байкоо, көз жүгүртүү, астыртан кароо.

*Төрт тарабы кыбыла.* 1. Телегейи тегиз, иши оңунда, бардыгы

[1] Мисалдардын маанилери «Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү» (1980) боюнча түшүндүрүлөт.

оюндагыдай, каалагандай; 2. Каалаган жагына жол ачык, кайда барса өз эрки, жолу бош деген мааниде.

*Ак каптал.* 1. Дасыган, көптү көргөн; 2. Жеткен жалкоо, тапан, кыйык.

*Ак-караны ажыратуу.* 1. Анча-мынча окуганды, жазганды билүү; 2. Жаман-жакшыны ажырата билүү, бир нерсеге түшүнүү.

*Жер чечегин безөө.* 1. Өтө уккулуктуу доош, үн чыгаруу, сайроо, чечен сүйлөө; 2. Капкайдагыны айтып безеленип сүйлөй берүү,безилдеп көп сүйлөө.

*Чарк көпөлөк айлануу.* 1. Абдан тез, өтө тездик менен чимирилүү, тегеренүү; 2. Жанынын бардыгынча кызмат кылуу, бирөө үчүн жан-алы калбай аракеттенген, ошонун айланасынан чыга албаган абалда болуу.

Бирок фразеологизмдердеги көп маанилүүлүк жеке сөздөгү көп маанилүүлүктөн сан жагынан да, туюнткан маанилеринин көлөмү жагынан да алдаканча чектелүү. Муну фразеологизмдердин көп компоненттүүлүгү, көбүнчө өтмө мааниде колдонулушу, образдуулугу жана экспрессивдүүлүгү менен түшүндүрүүгө болот.

Жеке сөздөгү көп маанилүүлүк менен омонимдерди айырмалап карагандай эле, фразеологиялык омонимдерди да көп маанилүү фразеологизмдерден ажырата билүүбүз керек. Көп маанилүү фразеологизмдердин маанилеринин ортосунда сөзсүз өз ара жакындык, кандайдыр бир байланыш болот. Ал эми фразеологиялык омонимдердин маанилеринин ортосунда эч кандай жакындык, байланыш болбойт. «Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгүндө» фразеологиялык омонимдердин ар бири өзүнчө макала менен берилип, рим цифрасы аркылуу ажыратылган. Мисалдар келтирелик:

*Боору катуу.* I. Таш боор, бирөөгө жан тартпаган, ырайымсыз. «Түк карабайт жалчыга, *Боору катуу* канкорлор» (О.Б.).

*Боору катуу.* II. 1. Абдан күлүү, ыкшып күлкүсүн тыя албоо. «Эх жаным ай! *Боорумката* жаздады! – Седеп ичин басып ыткылыктай берди» (К.К.).

2. Чоңоюу, бойго жетүү, баралына келүү; толуу. «Азыр *бооруңар ката* элек балапансыңар» (Ш.Б.).

*Каны кызуу.* I. Өзүн-өзү токтото албаган, ачуусу чукул, жеңил мүнөздүү. «*Каны кызуу* жаш жигит, чапса чаап койгондур» (Н.Б.).

*Каны кызуу* II. Ачуусу келүү, каардануу, жини келүү, кыжырлануу. «Барган сайын Кебек карыянын *каны кызып,* уруштарга кишн таппайт» (Н.Б.).

*Тили катуу* I. Абдан катуу суусоо, чаңкоо. «Таңдай кургап, *тил катып,* Күндөп-түндөп жол тартып» («Манас»).

*Тили катуу* II. Куштардын сайроо мезгили токтолуу, сайрай албай

калуу. «Жан эритчү канаттуу куштардын *тили каткан*» (Жоомбаев).

Фразеологиялык омонимдер өтө эле сейрек учурайт.

## Фразеологиялык синонимдер жана фразеологиялык варианттар

Фразеологиялык синонимдер жөнүндө жогоруда жалпы эле кыргыз тилиндеги синонимдердин пайда болушунун бир булагы катары кеп кылып, синонимдеш фразеологизмдерге төмөндөгү мисалдарды келтирген элек: *Кылдан кыйкым табуу – жумурткадан кыр чыгаруу; кулун көккө сапыруу – ташын талкан кылуу – тополоңун тоз кылуу; эгиз козудай – союп каптап койгондой; ашкан чебер – колунан көөрү төгүлгөн; таң кулан өөк салганда – таң сута салганда – таң кылайганда* ж.б.

Ошондой эле өз ара да жана жеке сөздөр менен бирге да бир синонимдик катарды түзгөн фразеологизмдерге төмөнкү мисалдарды келтиргенбиз: *бат – тез – дароо – ылдам – чапчаң – көз ачып-жумганча – бир заматта – алеки заматта – каш-кабактын ортосунда – айта-бүйта дегиче; сүйүнүү – кубануу – маңдайы жарылуу – кубанычы койнуна батпоо – жүрөгү жарылуу – төбөсү көккө жетүү – чечекейи чеч болуу; өкүнүү – бармагын тиштөө – оозун кармануу; калп – жалган – беш өрдөгүн учуруу* ж.б.

«Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгүнүн» баш сөзүндө Ж.Осмонова «фразеологизмдердин варианттары менен синонимдерин айырмалай билүү зарыл, анткени фразеологиялык синонимдердин ар бири - өз алдынча фразеологизм. Ошондуктан алардын ар бири алфавит тартибине ылайык өз-өз ордунда берилет да, мааниси түшүндүрүлүп тийиштүү иллюстрациялык материалдар менен жабдылат. Маселен, *каны катуу – тили оозуна батпоо, жети өмүрү жерге кирүү – бетинен оту чыгуу – өлбөгөн төрт шыйрагы калуу, тил эмизүү – иттен чыгаруу, иттин кара капталынан – чач этектен, ак эткенден так этүү – ичкен ашын жерге коюу – эки көзү төрт болуу* ж.б. фразеологизмдер өз ара синонимдик катышта турат...

Фразеологиялык варианттар – бир эле фразеологизмдин ар түрдүү өзгөрүлүп айтылган түрлөрү. Алар маанилери жана синтаксистик касиети боюнча айырмаланбастан, лексикалык составы жагынан гана жарым-жартылай айырмаланат же составындагы сөздөрдүн формасы, алган орду боюнча өзгөчөлөнөт»[1] – деп туура белгилеген.

Фразеологиялык варианттардын төмөнкүдөй түрлөрү бар:

1. **Лексикалык вариант**. Фразеологизмдин түзүүчү компоненттеринин бирди-жарымынын башка сөз менен алмаштырылышы аркылуу

[1] Аталган сөздүктүн 11-бети.

түзүлгөн варианттары. Мисалы: *куркулдайдын уясын табуу – үкүнүн уясын табуу; аарынын уюгуна тийүү - жыландын уюгуна тийүү; ажыдаардын куйругун басуу – жыландын куйругун басуу; ай жамалдуу – ай жүздүү – ай чырайлуу; көзү тирүү – эти тирүү; жаны кашаюу – жаны күйүү; кулун көккө сапыруу – кулун асманга сапыруу; жонунан кайыш алуу – жонунан кайыш тилүү; асман айга түйүлүү – асман бою түйүлүү; алчы-таасын жеген – алчы таасын мүлжүгөн – алчы-таасын кемирген, кекиртегин талга илүү – кекиртегин талга асуу* ж.б.

2. **Фонетикалык вариант.** Фразеологизмдин курамындагы айрым сөздүн тыбыштык жактан анча-мынча айырмаланышынан түзүлгөн варианттары. Мисалы:

*ыргыткан ташы өргө кулоо – ыргыткан ташы өйдө кулоо; ыйманы учуу – ыманы учуу, ыйманы ысык – ыманы ысык, жети өмүрү жерге кирүү – жети омуру жерге кирүү* ж.б.

Фразеологизмдин фонетикалык вариаттары сейрек учурайт.

3. **Квантитативдик (сандык) вариант.** Фразеологизмдердин түзүүчү компоненттеринин сан жагынан өзгөрүүгө учурашынан, башкача айтканда, толук же толук эмес колдонулушунан пайда болгон варианттары. Мисалы:

*ак жолуң ачылсын! – жолуң ачылсын»; жүрөгүнүн сары суусун алуу – жүрөгүнүн суусун алуу – жүрөгүн алуу; бетке кара көө жабуу – бетке көө жабуу; төбө чачы тик туруу – чачы тик туруу; сары изине чөп салуу – изине чөп салуу; жылдызы жерге түшүү – жылдызы түшүү; эки колун мурдуна тыгуу – колун мурдуна тыгуу; кабагын карыш салуу – кабагын салуу; кара жанды карч уруу – жанды карч уруу; канаттууга кактырбай, тумшуктууга чектирбей – канаттууга кактырбай* ж.б.

4. **Грамматикалык вариант.** Түзүүчү компоненттеринин грамматикалык формаларынын же орун тартибинин өзгөрүүлөрүнүн натыйжасында пайда болгон фразеологизмдердин варианттары грамматикалык вариант деп аталат. Мындай өзгөрүүлөрдөн фразеологизмдин мааниси өзгөрүлбөйт. Мисалы:

*таш боор – боору таш; каны кызуу – кызуу кандуу; бети кара – кара бет; ачык ооз – оозу ачык; бир кишидей бар экен – бир кишиче бар эле, мурду балта кеспөө – мурдун балта кеспөө, ана-мына дегиче – андай-мындай дегиче* ж.б.

Фразеологиялык варианттардын аталган түрлөрү ар түрдүүчө алмашылып келүүнүн натыйжасында тилибизде көп варианттуу фразеологизмдердин пайда болгондугун көрөбүз. Мисалы:

*Акесин таанытуу – акесин көзүнө көрсөтүү – атасын таанытуу – атасын көзүнө көрсөтүү – жети атасын таанытуу – жети атасын көзүнө көрсөтүү – чоң атасын таанытуу – бабасын таанытуу; атагы жер жаруу – даңкы жер жаруу – даңкы таш жаруу; ач айкырык, куу сүрөөн – ач айкырык – ач кыйкырык, куу сүрөөн; ач кенедей асылуу – ач кенедей жабышуу – акидей асылуу – ач кенедей жармашуу – ач кузөндөй асылуу – чап кенедей жармашуу; башына май кайнатуу – башына жаңгак чагуу – мээсине май кайнатуу - мээсине чай кайнатуу – чокусуна чай кайнатуу – чокусуна май кайнатуу.*

## Фразеологиялык антонимдер

Тилибизде лексикалык антонимдер сыяктуу эле карама-каршы маанидe колдонулган фразеологиялык антонимдер да бар. Мисалы: *бал тилдүү* «жагымдуу сүйлөгөн, сөзмөр» – *уу тилдүү* «жан кейитип, жаман сүйлөгөн, ачуу тилдүү», *башы ачык* «кудалашкан, сүйлөшкөн жери жок, сөйкө салынбаган» – *башы байланган* «кудалашкан, сүйлөшкөн жери бар, сөйкө салынган» (кызга карата айтылат); *башы быша элек* «ар нерсенин жөн-жайын абдан биле элек, кагыла элек, али жаш» – *башы бышкан* «абдан дасыган, жакшы-жаманды көп көрүп, кадик болуп калган»; *башын ачуу* «бирөөгө кудалап койгон кыздын, күйөөсү менен ажырашкан аялдын же күйөөсү өлгөн жесир аялдын эркиндигин берүү, өз алдынча болуу мүмкүнчүлүгүнө жеткирүү» – *башын байлоо* «көңүлүнүн бар-жогуна, макулдугуна, ыктыярына карабастан, бирөөгө кыстоо менен алып берүү, баш коштуруп коюу» (күйөөсү жок аялга же кызга карата айтылат); *кабагы ачык* «көңүлдүү, шаттуу, кайгы-капасы жок» – *кабагы бүркөө* «капалуу, кайгылуу, көңүлү ачык эмес, кейиштүү»; *ак жүрөк* «чынчыл, өзүнүн көз карашы жана сезими туруктуу, адилет, ак ниет» – *кара жүрөк* «ниети бузук, карасанатай, оң санабаган, кара ниет»; *көккө көтөрүү* «жерге-суута тийгизбей аябай мактоо, көтөрө чалуу» – *жерге уруу* «аябай жамандоо, басмырлоо» ж.б.

Биз жогоруда кыргыз тилиндеги фразеологизмдердин маанилик жагына тиешелүү маселелерге кыскача токтолдук.

Фразеологиялык түрмөктөр алардын лексикалык курамына, грамматикалык структурасына, чыгыш тегине, колдонулуш чөйрөсүнө, экспрессивдүү – стилистикалык касиеттерине; активдүү жана пассивдүү колдонулушуна, эскилик жана жаңылыгына карата да кеңири талдоо

го алынууга тийиш. Маселенин бул жагы боюнча кыргыз тил илиминде кийинки мезгилде гана кеп козголо баштады. Ж.Осмонованын «Кыргыз тилиндеги идиомалар» (1972) деген эмгегинде фразеологизмдерге (идиомаларга) грамматикалык мүнөздөмө берилсе, А.Сапарбаевдин «Кыргыз тилинин лексикологиясы жана фразеологиясы» (1997) жана Ж.Мукамбаевдин «Кыргыз диалектологиясы жана фразеология» (1998) аттуу окуу китептеринде фразеологизмдерди аталган аспектилерде талдоого аракеттер жасалган. Албетте, бул аракеттерди маселенин толук чечилиши катары эсептөөгө болбойт. Кыргыз тилинин фразеологиясы теориялык жана практикалык жактан кеңири планда атайын изилдөөгө муктаж.

# ЛЕКСИКОГРАФИЯ

## Лексикография жөнүндө түшүнүк. Сөздүктүн түрлөрү.

Сөздүктөрдү түзүүнүн теориясын жана практикасын үйрөтүүчү жана анын принциптерин иштеп чыгуучу лексикологиянын өзүнчө бир тармагы **лексикография**[1] деп аталат.

Лексикография деген термин менен бир тилдеги же анын бир тармагына тиешелүү сөздүктөрдүн жыйындысы да аталат.

Бир тилдеги сөздөрдү, туруктуу сөз айкаштарын белгилүү бир тартип боюнча (көбүнчө алфавит тартибинде) жайгаштырган, системага салган, маанилерин түшүндүргөн, которгон, стилистикалык жана грамматикалык жактан мүнөздөгөн, алар туюнткан түшүнүктөр жөнүндө маалымат берген китеп **сөздүк** деп аталат.

**Сөздүктөр** алдына койгон максатына жана түшүндүрүү объектисине карай жалпысынан **энциклопедиялык** жана **филологиялык** (же **лингвистикалык**) **сөздүктөр** деп эки топко бөлүнөт.

Энциклопедиялык сөздүктүн түшүндүрүү объектиси болуп сөз эсептелбестен, ошол сөз аркылуу туюнтулган коомдук, табигый түшүнүктөр, буюмдар, нерселер, көрүнүштөр, тарыхый окуялар, жер-суулар, белгилүү инсандар ж.б. эсептелет. Энциклопедиялык сөздүктөр өз ара **нагыз энциклопедиялык** жана **терминологиялык сөздүктөр** болуп дагы экиге бөлүнөт.

Кыргыз тилиндеги нагыз энциклопедиялык сөздүктүн үлгүсү катары 1976-1980-жылдарда жарык көргөн 6 томдон жана Кыргызстанга арналган кыргызча, орусча 2 томдон турган «Кыргыз совет энциклопедиясын» көрсөтүүгө болот. Бул энциклопедияда илимдин, техниканын,

---
[1] Лексикография - гр. leksikos "сөздүк" жана grapho "жазамын" деген сөздөрүнөн

искусствонун, маданияттын, экономиканын, чарбанын бардык тармактары боюнча кеңири маалыматтар берилген. Ошондой эле кыргыз элинин, Кыргызстандын тарыхы, географиясы, маданияты, экономикасы, илим-техникасы, коомдук-маданий ишмерлери, окумуштуулары жана башкалары жөнүндө кеңири чагылдырылган. Нагыз энциклопедиялык сөздүктүн катарына 4 томдон турган «Энциклопедиялык сөздүктү» (1984-1987) да кошууга болот. Бул сөздүктө 80 миң макала берилген. Мындан кыргыз окурмандары азыркы учурда адамзат жетишкен цивилизациянын, илимий-маданий жетишкендиктердин бардык тармактары боюнча эне тилинде кыскача кабар ала алат.

Энциклопедиялык жалпы мүнөздөгү сөздүктөрдөн тышкары кыргыз тилинде бир канча тармактык энциклопедиялык сөздүктөр да түзүлгөн. Булардын катарына Б.У.Урустанбеков менен Т.К.Чороевдер түзүшкөн «Кыргыз тарыхы: кыскача энциклопедиялык сөздүк» (Фрунзе, 1990), «Үй тиричилиги кыскача энциклопедиясы» (Фрунзе, 1989), «Географиялык энциклопедиялык сөздүк» (Фрунзе, 1987), «Айыл чарба энциклопедиясы» (Фрунзе, 1990), эки томдук «Манас» энциклопедиясы» (Бишкек, 1995) ж.б. кирет.

Тармактык энциклопедиялык сөздүктөргө өзүнүн мүнөзү боюнча терминологиялык сөздүктөр жакын турат. Мында илимдин, техниканын, искусствонун, өндүрүштүн жана башкалардын түрдүү тармактарына тиешелүү терминдер топтолуп, аларга түшүндүрмөлөр берилет. Бул сыяктуу терминологиялык сөздүктөргө К.Асаналиев, Р.Кыдырбаева, Х.Жумалиевдердин «Адабият таануу терминдеринин кыргызча сөздүгү» (Фрунзе, 1961), Ж.Шериев, А.Муратовдордун «Адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү» (Фрунзе, 1987), коллектив түзгөн «География терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү» (Фрунзе, 1990), А.Абылов, Н.Базарбаевдер түзгөн «Физика терминдеринин сөздүгү» (Фрунзе, 1989) ж.б. кирет.

Илимдин ар кандай тармактарына байланыштуу терминологиялык сөздүктөрдү чыгаруу иши Улуу Ата мекендик согуштан мурда эле башталган. Кыргыз тилинин терминдерин жөнгө салуу жана терминологиялык сөздүктөрдү чыгаруу максатында Кыргыз Илимдер академиясынын карамагында терминологиялык комиссия түзүлүп, азыр илимдин, техниканын, искусствонун, экономиканын, чарбанын жана башкалардын ар түрдүү тармактары боюнча токсондон ашуун терминологиялык сөздүктөр басылып чыкты. Бирок булардын бардыгы эле энциклопедиялык мүнөздө болбостон, айрымдары котормо сөздүк түрүндө түзүлгөндөрү бар. Кээ бирөөлөрүндө терминдердин орусча-кыргызча же кыргызча-орусча котормолору берилип, анан терминдерге аныктамалар, мисалдар берилген. Мисалы, Б.Ө.Орузбаеванын «Лингвистика-

лык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү» (Фрунзе, 1972) ушул принципте түзүлгөн.

Айта кетчү нерсе. энциклопедиялык сөздүктөр (анын ичинде терминологиялык сөздүктөр да) тил илиминин тике изилдөө предмети болуп эсептелбейт, тил илиминин предметине филологиялык (лингвистикалык) сөздүктөр кирет. Ошондуктан «Лексикография» деген түшүнүк да көп учурда лингвистикалык сөздүктөр менен байланышта каралат.

Лингвистикалык сөздүктүн объектиси болуп, тилдин негизги элементи болгон **сөз** эсептелет. Мында сөз аркылуу туюнтулган түшүнүк эмес, түшүнүктү, буюмду, нерсени, кубулушту, сын-сыпатты, белгини, кыймыл-аракет процессин атаган сөздөр, туруктуу сөз түрмөктөрү, сөз элементтери (морфемалар) лексикалык, семантикалык жактан сыпатталат, түшүндүрүлөт, которулат, иллюстрацияланат

Филологиялык (лингвистикалык) сөздүктөр **котормо** (**эки** жана **көп тилдүү**) жана **бир тилдүү** сөздүктөр болуп экиге бөлүнөт

Котормо сөздүктө бир тилдеги сөздүн мааниси экинчи башка тилге которулуп түшүндүрүлөт жана алар башка тилдерди үйрөнүү үчүн кызмат кылат, котормо иштеринде пайдаланылат Кыргыз тилинин котормо сөздүктөрү жөнүндө кийинчерээк кеңири сөз болот.

Бир тилдүү лингвистикалык сөздүктөрдө белгилүү тилдин лексикасы ошол тилдин каражаттары аркылуу түшүндүрүлөт. Буларды өз ара сөздөрдү тандоо принциптерине, көздөгөн максатына жана пайдаланууга багытталган чөйрөсүнө жараша түшүндүрмө сөздүк, сөз арасындагы байланыштар сөздүктөрү, диалектилик, тарыхый жана лингвистикалык маалымат берүүчү сөздүктөр деп бөлүштүрүү максатка ылайыктуу болот.

Булардын ичинен эң маанилүүсү **түшүндүрмө сөздүктөр** болуп эсептелет. Түшүндүрмө сөздүктөрдө сөздөрдүн маанилери, колдонулушу ошол эле тилдин сөз каражаттарын пайдалануу менен чечмеленет жана көркөм чыгармалардан, фольклордон алынган мисалдар менен иллюстрацияланат. Мындай типтеги сөздүктөрдө сөздөрдүн грамматикалык касиеттери, алардын айтылышы, жазылышы, ошондой эле кайсы стилге таандык экендиги жөнүндө кабар берилет. Түшүндүрмө сөздүктөрдө белгилүү тилдин лексикасы толугураак камтылат жана ар тараптан мүнөздөлөт.

Өзүнүн аткарган милдетине жана мүнөзүнө жараша түшүндүрмө сөздүккө **фразеологиялык сөздүктөр** жакын турат Мунун сыпаттоо жана мүнөздөө объектиси жеке сөз болбостон, сөзгө эквивалент болгон фразеологиялык түрмөктөр болот. Бул сөздүктөрдө фразеологиялык түрмөктөрдүн маанилери, алардын келип чыгышы жана экспрессивдүү таасир берүү касиеттери түшүндүрүлөт. Фразеологиялык түрмөктөр түшүндүрмө жана котормо сөздүктөрдө да мүнөздөлөт. Бирок анда өзүнчө

макала түрүндө берилбестен, фразеологиялык түрмөктүн негизги түзүүчү элементи болгон сөздүк макаланын ичине киргизилет. Көпчүлүк түшүндүрмө жана котормо сөздүктөрдө фразеологиялык түрмөктөр сөздүк макаланын аяк жагында ромб (◇) белгиси менен бөлүнүп берилет.

Сөз арасындагы байланыштар боюнча сөздүктөрдө бир тилдин ичиндеги сөздөрдүн өз ара системалуу байланыштары жана сөздөрдүн ортосундагы омонимдик, синонимдик, антонимдик катыштары көрсөтүлөт.

Бир тилдүү сөздүктөрдүн башка бир түрлөрүндө улуттук тилдин бардык лексикасы чагылдырылбастан, колдонулуш чөйрөсүнө, активдүү же пассивтүү сөздүк запаска тиешелүүлүгүнө ж.б.у.с белгилерине жараша анын кандайдыр бир бөлүгү камтылат. Мындай сөздүктөрдүн катарына диалектилик сөздүктөрдү, тарыхый сөздүктөрдү, жаңы сөздөрдүн жана маанилердин сөздүктөрүн жана башкаларды киргизүүгө болот.

Бир тилдүү сөздүктөрдүн дагы бир түрүнө лингвистикалык маалымат берүүчү сөздүктөрдүн тобун кошууга болот. Мындай сөздүктөрдө түшүндүрмө, котормо сөздүктөр сыяктуу азыркы адабий тилдин бардык лексикалык системасы камтылбастан, анын айрым бөлүктөрү гана камтылат жана тилдин лексикасы бардык тараптан (орфоэпиялык, грамматикалык, стилистикалык колдонулуш нормалары боюнча) мүнөздөлбөстөн, бир тараптуу гана мүнөздөлөт. Лингвистикалык маалымат берүүчү сөздүктөргө орфографиялык, орфоэпиялык, этимологиялык, чет тилдик сөздүктөрдү, сөз жасоо жана морфемалык сөздүктөрдү, жыштык жана кери сөздүктөрдү, айрым жазуучунун же белгилүү чыгарманын тилинин сөздүктөрүн киргизүүгө болот.

Албетте, сөздүктүн түрлөрү жогоруда аталгандар менен эле чектелип калбашы мүмкүн. Турмуш талабына жараша сөздүктүн жаңы-жаңы түрлөрү пайда болушу мыйзам ченемдүү көрүнүш болуп эсептелет.

Кыргыз тилинин сөздүк түзүү тарыхына кыскача токтолобуз.

## Кыргыз тилинин сөздүктөрүнүн тарыхынан

Кыргыз лексикографиясы, академик В.В.Радловдун «Опыт словаря тюркских наречий» деген төрт томдуу сөздүгүнө[1] кирген миңден ашуун кыргыз сөздөрдүн эсепке албаганда, Октябрь революциясынан кийин гана жаралып жана өтө тездик менен өнүгө баштады.

Кыргыз лексикографиясындагы биринчи фундаменталдуу эмгек

[1] Бул сөздүк 1888-1911-жылдары айрым-айрым бөлүк болуп басылып чыккан. Аны 1963-жылы СССР Илимдер Академиясынын чыгыш адабият басмасы фотомеханикалык жол менен кайра басып чыгарган. Ар бир тому эки китепке бөлүштүрүлүп, сөздүк сегиз китептен турат

болуп профессор К.К.Юдахиндин 1940-жылы Москвадан басылып чыккан «Кыргызча–орусча сөздүгү» эсептелет. Анда көркөм адабияттын, газета-журналдардын, фольклордун жана оозеки сүйлөө кебинин бай материалдары боюнча жыйналган 25 миң сөз жана иллюстрациялык материал катарында эң көп макал-ылакаптар, идиомалар жана башка фразеологиялык түрмөктөр киргизилген. Өзүнүн мазмуну жана иллюстрациялык материалдарынын байлыгы жагынан бул эмгек кадыресе эки тилдик котормо сөздүктүн чегинен ашып, айрым маселелер боюнча түшүндүрмө сөздүктүн да милдетин аткарууга жарай алгандай болуп иштелген. Сөздүктүн чыгышы республикабыздын маданий турмушунда эң зор мааниге ээ болгон. Бул эмгек тил маданиятыбызды, анын байлыгын үйрөнүү жана изилдөө ишинде гана эмес, элибиздин тарыхын, этнографиясын изилдөө ишинде да чоң роль ойноп келди. Бирок кыргыз элинин тарыхында биринчи жолу түзүлгөндүктөн, сөздүктө турмуштун ар кандай тармактары боюнча алынган лексика бардык жагынан бирдей өлчөмдө камтыла алган эмес. Сөздүктүн түзүүчү тарабынан жазылган баш сөзүндө көрсөтүлгөндөй, «лексиканы ылгоо, чындыгында, болгон эмес, болууга мүмкүн да эмес эле: сөздүккө пландуу түрдө табылгандар да жана кокусунан жолуккандар да киргизилген. Мисалы, боз үйгө тиешелүү терминология бүт бойдон дээрлик толук берилди, ал эми азыркы турак жай курулушу боюнча айрым гана терминдер кирди. Куш салуу терминологиясы эң арбын алынды; ал эми кант кызылчасына тиешелүүсү дээрлик жок»[1].

Ошого карабастан, «өз убагында ал СССР элдеринин тилдери боюнча түзүлгөн жаңы типтеги оригиналдуу биринчи сөздүк катары бааланган. Сөздүк Советтик түркология илиминдеги бирден-бир монументалдуу лексикографиялык эмгек катары таанылган... «Кыргызча–орусча сөздүктүн» биринчи басылышы Түркиянын Стамбул шаарында 1946-47-жылдары түрк тилине которулуп, »Түркчө-кыргызча сөздүк» деген ат менен эки том болуп басылып чыгышынын өзү эле анын мааниси, орду чет элдик түркологдорго да кеңири таанылганын таасын аныктайт»[2].

Биринчи сөздүк басылып чыккандан кийинки чейрек кылымдан бери укмуштуудай тез темп менен өсүп жаткан кыргыз тилинин лексикалык байлыгын толук камтуу максатында жана коомдун өсүп жаткан талаптарына ылайык бул сөздүктү К.К.Юдахин кайрадан иштеп чыгып, ал 1965-жылы «Советская Энциклопедия» басмасы тарабынан

[1] Юдахин К.К., Кыргызча-орусча сөздүк -М 1940 Баш сөзү
[2] Мамыров М., Сөздүк түзүүнүн тарыхы - Zaman Кыргызстан - 1998, 24-июль

экинчи ирет жарык көрдү. Сөздүктүн жаңы басылышынын көлөмү мурдагысынан алда канча чоң, тактап айтканда, үч эсеге көбөйтүлүп иштелген. Мунун өзү эле бул сөздүктө кыргыз лексикасынын канчалык кеңири камтылганын айкын элестетип турат. «Жаңы мазмундагы көлөмдүү сөздүк кыргыз тилинин өнүгүү тарыхын жана азыркы абалын изилдөө үчүн, кыргыз элинин тарыхын, этнографиясын, психологиясын жана белгилүү даражада материалдык маданиятын изилдөө үчүн илимге ишеничтүү жана түгөнгүс булак болуп саналат», - деп белгилеген академик Б.М.Юнусалиев, сөздүктүн мааниси жөнүндө айтып келип[1]. Бул сөздүк 1967-жылы СССРдин мамлекеттик сыйлыгына татыктуу болгон. 1985-жылы Кыргыз совет энциклопедиясынын башкы редакциясы тарабынан эки китеп болуп кайрадан басылып чыккан.

1944-жылы Х.Карасаев, Ж.Шүкүров, К.К.Юдахиндер тарабынан түзүлүп, проф. К.К.Юдахиндин редакциясы астында даярдалган «Орусча-кыргызча сөздүк» басылып чыккан. Бул сөздүк өз ичине 40 миң сөз камтыган. Сөздүктүн чыгышы кыргыздардын орус тилин үйрөнүүсүнө жана котормо иштеринин өнүгүшүнө чоң шарт түздү.Орус тилинин лексикалык байлыгын дагы кеңири камтып, 51 миң сөздү кучагына алган «Орусча−кыргызча сөздүк» 1957-жылы экинчи жолу жарыкка келди. Мунун көлөмү мурдагы басылышына караганда, макалаларын кеңитүү жана сөздөрдү да көбүрөөк алуу, жаңы терминдерди, идиомаларды арбыныраак берүү аркылуу бир топ көбөйтүлгөн.

Жогоркудай эки тилдик чоң сөздүктөрдөн башка бир кыйла чакан көлөмдө түзүлгөн орусча−кыргызча сөздүктөр да пайда болуп келди. Эң биринчи «Кыскача орусча−кыргызча сөздүктү» 1938-жылы К.Карасаев, И.Батмановдор түзүшүп, Казандан басылып чыккан. Орто мектептерге арналып, Ж.Шүкүров, Ю.Яншансиндер түзүшкөн «Орусча-кыргызча сөздүк» үч жолу (1955, 1964, 1975) басылып чыккан. Кийинки мезгил ичинде мектептин окуу китептеринин лексикалык минимуму бир кыйла олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болду, азыркы орус тилинин лексикасы жаңы сөздөр жана түшүнүктөр менен байыды, аталган сөздүктө берилген сөздөрдүн айрымдары сейрек колдонулуп калды. Ошол себептен ал сөздүктү кайра иштеп чыгуу зарылчылыгы туулду. Жогорудагыларды эске алуу менен, 1988-жылы академик Б.Ө.Орузбаеванын редакциясы астында мурунку «Орусча−кыргызча сөздүктүн» оңдолгон жана толукталган төртүнчү басылышы жарык көрдү. Бул басылышында сөздүккө Б.Ө.Орузбаева жана Р.П.Хван тарабынан окуу китептеринин лексикалык минимумунун чегинде төмөнкүдөй оңдоолор жана толуктоолор киргизилген: оозеки кепке тиешелүү айрым сөздөр жана азыр сейрек

[1] Юнусалиев Б М , Өчпөс эмгек -Тандалган эмгектер -Фрунзе Илим, 1985, 355-бет

колдонулган терминдер алынып ташталган; орто мектептердин азыр колдонулуп жаткан окуу китептеринде учураган илимий терминдер жана мезгилдүү басма сөздөрдө, радио жана телеберүүлөрдө кеңири колдонулган сөздөр кошумча киргизилген. Сөздүк 13500дөн ашуун сөздү өз ичине камтыйт. Сөздүн семантикалык өзгөчөлүктөрү сөз айкаштары жана сүйлөмдөр аркылуу ачылып берилген.

Кыргыз жазма адабий тилинин нормасын калыптандырууда жана калктын жазуу сабаттуулугун арттырууда орфографиялык сөздүктөрдү түзүү иши турмуштук зарылчылык болду. Ошол себептен алгачкылардан болуп, котормо сөздүктөр менен катар, орфографиялык сөздүктөр да түзүлө баштаган. Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүктөрү биринчи жолу 1938-жылы коллектив тарабынан, экинчиси 1942-жылы М.И.-Богданова, үчүнчүсү - 1956-жылы Х.К.Карасаев, Ю.Яншансиндер тарабынан түзүлүп басылып чыккан. Бирок булар негизинен мектептер үчүн гана арналып, көлөмү өтө кичине болгондуктан, коомчулуктун бардык талаптарына жооп бере алган эмес.

Кыргыз адабий тилинин лексикасын өз ичине кеңири камтыган көлөмдүү «Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү» биринчи жолу Х.К.Карасаев тарабынан түзүлүп, 1966-жылы басылып чыкты. Сөздүк 60000 сөздү өз ичине камтыйт. Мындай көлөмдүү орфографиялык сөздүккө коомчулуктун талабын актап, жазылышы чаржайыт болуп жүргөн көптөгөн сөздөрдү бир түргө келтирүү жагына көмөк көрсөтүү милдети коюлган. Сөздүк ошол учурда колдонулуп жүргөн орфографиялык эрежелерге ылайык түзүлүп, буга чейин басма беттеринде кеңири таралып келген чаржайыттыктар, мүмкүн болушунча, бир калыпка салынган. Бул эмгек кыргыз коомчулугу тарабынан жалпысынан жылуу кабыл алынса да, басма сөз беттеринде ага карата бир катар сын пикирлер да айтылган болчу. Алардын жүйөөлүүлөрүн эске алып, «Сөздүккө» тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл болду. Анын үстүнө «Сөздүктүн» биринчи басылышынан берки кыйла мезгилдин ичинде кыргыз адабий тилинин лексикасы элибиздин коомдук турмушундагы экономикалык, социалдык орчун прогрессти чагылдырган жаңы сөздөр менен толукталып, семантикалык, стилистикалык жактан да бир топ байыган. Сөздүктүн мурунку (1966) чыгышына байланыштуу сын пикирлерди эске алып, профессор Х.К.Карасаевдин «Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгүн» филология илимдеринин кандидаттары доценттер С.Давлетов жана Р.Б.Бекжановалар редакциялап, Кыргыз Совет Энциклопедиясынын башкы редакциясы «Орфографиялык сөздүк» деген ат менен 1983-жылы кайра басып чыгарган. Сөздүктүн бул басылышына, автордун макулдугу менен, төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилген:

1. Кыргыз тилинде кийинки мезгилдерде пайда болгон жаңы сөздөр (көбүнчө басма сөздөн кеңири орун алып, белгилүү болуп кеткен терминдер жана кээ бир туруктуу сөз айкаштары) киргизилип толукталган.

2. Жазууда көбүрөөк ката жиберилип жүргөн учурлар эске алынып, андай каталарды болтурбоо максатында айрым грамматикалык туунду формалардын кандайча жазыла тургандыгы көрсөтүлгөн.

3. Омонимдерди жана ага жакын турган көрүнүштөрдү өз ара айырмалап берүү аракети жасалган[1].

Адабий тилдин орфографиялык нормалары бир калыпка келип, ар кандай баш аламандыктардан кутулуу акырындык менен гана ишке аша алат. Бул үчүн адабий тилдин лексикасын мүмкүн катары толугураак камтыган орфографиялык сөздүктүн мезгил-мезгили менен басмадан чыгарылып турушу жана күндөлүк жазуу ишинде анын жетекчиликке алынышы негизги практикалык чаралардын бири болуп эсептелет.

Аталган көлөмдүү орфографиялык сөздүктөрдөн кийин да профессор Х.К.Карасаев мектеп окуучулары үчүн «Орфографиялык сөздүк» түзүп, үч жолу (1969, 1973, 1987) басылып чыкты. Баштапгыч класстын окуучулары үчүн К.Сартбаев, С.Үсөналиевдер түзүшкөн «Орфографиялык сөздүкчө» 1967-жылы басылып чыккан.

1971-жылы «Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгүнө» кошумча катары эки справочник басылып чыккан. Алардын биринчиси - Х.К.Карасаев, А.Карасаевалар түзүшкөн «Түгөйлүү сөздөр (дублеттүү сөздөрдүн справочниги)» (редактору проф. Б.Орузбаева). Бул справочникте басма сөз беттеринде жазылышы ар түрдүү болуп жүргөн дублеттүү сөздөрдү адабий нормага келтирип, алардын жазылышын жөнгө салуу максаты көздөлөт. Экинчиси – «Сөздүк-справочник» мектеп мугалимдери, басма сөз, радио жана телекөрсөтүү кызматкерлери үчүн арналып, профессор Х.К.Карасаевдин жалпы редакциясы астында К.Абалбеков, А.Осмонкуловдор тарабынан түзүлгөн. Бул «Сөздүк-справочник» кыргыздын төл сөздөрүн гана эмес, кыргыз лексикасына башка тилдерден оошуп кирип жаткан жаңы сөз каражаттарын, басма сөз, радио жана телекөрсөтүү аркылуу массага кеңири таралган географиялык аттарды, адабий жана музыкалык чыгармаларды, адам аттарын бардык жагынан (жазылышы боюнча да, айтылышы боюнча да) жалпы бирдиктүү нормага салып, туура колдонууга көмөк бере ала турган таяныч курал катары түзүлгөн. Справочник эки бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүмгө кыргыздын төл сөздөрү, орус тили аркылуу кирген сөздөр, географиялык энчилүү аттар, кээ бир музыкалык-театралдык чыгармалардын аттары киргизилген. Экинчи бөлүмгө жалаң гана кишилердин аттары

---

[1] Карасаев Х.К., Орфографиялык сөздүк: 6000 сөз. -Фрунзе: КСЭнин башкы редакциясы, 1983, Сөз башы.

берилип, алардын атын, фамилиясын берүү менен гана чектелбестен, туулган жылын, кесибин, наамын, иштеген кызматын, кандай мамлекеттик сыйлыктарга татыктуу болгондугун да кыскача көрсөтүп, негизинен окумуштуулар, адабият менен искусствонун белгилүү чеберлери жана кээ бир мамлекеттик жана коомдук ишмерлердин аттары көрсөтүлгөн.

Демек, бул справочник бир эле учурда лингвистикалык да, энциклопедиялык сөздүктүн да милдетин бирге аткарган.

Кыргыз лексикографиясындагы жаңы багыт – түшүндүрмө сөздүк түзүү иши жыйырманчы кылымдын 60-жылдарында гана колго алына баштады. 1969-жылы алгачкы бир томдук «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү» Фрунзеде «Мектеп» басмасынан басылып чыкты (Сөздүк филология илимдеринин кандидаты, лексикограф Жапар Шүкүровдун жетекчилиги астында Кыргыз ССР Илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун лексикология жана лексикография секторунун илимий кызматкерлери Д.Абдылдаев, Р.Бекжанова, А.Биялиев, А.Давлетбаев, Д.Исаев, К.Кырбашев, Ж.Мураталиева, Ж.Осмонова, Р.Шамурзиналар тарабынын түзүлгөн. Редакторлору - Э.Абдулдаев, Д.Исаев). Бул бир томдукка кыргыз лексикасынын азыркы кезде активдүү колдонулуп жүргөн бөлүгү, тактап айтканда, адабий чыгармаларда, мектептерге арналган окуу китептеринде, илимий-популярдык эмгектерде, күндөлүк басма сөздө жана оозеки кепте кеңири колдонулуп жүргөн сөздөр киргизилген. Бул сөздөрдү тандап алууда түзүүчүлөр алардын көпчүлүккө түшүнүктүүлүгүн, адабий нормага ылайыктуулугун ж.б. жактарын эске тутушкан.

Жалпы эле түшүндүрмө сөздүк түзүү иштери кыргыз лексикографиясында биринчи ирет колго алынып жаткандыктан, ошондой эле кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүктөрүнө белгилүү өлчөмдө материалдык база болууга жарай ала турган К.К.Юдахиндин 1965-жылкы чыккан чоң «Кыргызча-орусча сөздүгү» бир томдук түшүндүрмө сөздүк даярдалып жаткан кезде колго кечирээк тийип калгандыктан, анын бардык материалдарынан кеңирирээк пайдаланууга толук мүмкүндүк болбой калган. Ошондуктан сөз байлыгынын камтылышы, түшүндүрүлүшү же башка жактарынан алып караганда кыргыз тилинин бул алгачкы түшүндүрмө сөздүгү айрым кемчиликтерден куру эмес эле. Мына ушул сыяктуу өксүктөрдү четтетүү максатында бир томдук түшүндүрмө сөздүк жарык көргөнгө чейин эле эки томдон турган жана мурдагы сөздүктөн алда канча кеңитилип иштелген жаңы түшүндүрмө сөздүктү даярдоо иштери да кошо жүргүзүлүп келген. Бул иш мурдагы бир томдук түшүндүрмө сөздүктүн материалдарын ылайыгына жараша кеңири пайдалануу жана толуктап, тактап, мүмкүн болушунча кеңитип иштеп чыгуу жолу менен

түзүлгөн. Эки томдук «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүнүн» биринчи тому 1984-жылы «Мектеп» басмасынан жарык көргөн. Тилекке каршы, сөздүктүн экинчи тому ушул күнгө чейин ар кандай себептер менен басылып чыкпастан, кармалып келе жатат.

Түшүндүрмө сөздүктөрдүн тибине кирүүчү дагы бир эмгек — «Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү» 1980-жылы «Илим» басмасынан жарык көргөн. Бул сөздүк филология илимдеринин кандидаты Ж.Осмонованын жалпы редакциясы менен Д.Абдылдаев, А.Биялиев, А.Курманалиева, Т.Назаралиев, Ж.Осмонова, К.Сейдакматовдор тарабынан түзүлгөн. Сөздүк кыргыз тилинде кеңири колдонулган төрт миңден ашуун «Пикир алышууда даяр материал катары пайдаланылып, мааниси тутумундагы жеке сөздөрдүн семантикасынан алыстап, шырелишкен бир бүтүндүктү түзгөн, экспрессивдүү-эмоциялуу, образдуу касиетке ээ болгон туруктуу сөз айкалыштарын»[1] — фразеологизмдерди камтыйт. Алардын ар биринин маанисине түшүндүрмө берип, фразеологиялык түрмөктөрдүн ар түрдүү варианттарын жана алардын колдонулуш формаларын көрсөткөн. Азыркы мезгилдеги көркөм адабий чыгармалардын жана фольклордун мисалдары аркылуу фразеологизмдин колдонулуш чөйрөсүн белгилеген. 1990-жылы мектеп окуучулары үчүн Э.Абдулдаев, К.Сейдакматовдордун «Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү» чыккан. 1977-жылы Н.Л.Хмельницкая, А.Биялиевдер түзүшкөн »Орусча-кыргызча фразеологиялык сөздүк» да басылып чыккан.

1972-жылы диалектолог Жээнбай Мукамбаевдин жыйырма жылдан ашуун мезгил ичинде жыйнап-терген жандуу оозеки тилдин материалдарынын негизинде жаралган эмгегинин тырмак алды — «Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгүнүн» 1-тому «Илим» басмасынан жарык көргөн. Автор жалпы эле фундаменталдуу бул зор эмгектин алдына тилдин жер-жерлердеги, диалект жана говор, подговор, өткөөл говорлордогу ар кыл типтеги (фонетикалык, морфологиялык, семантикалык, этнографиялык, нагыз лексикалык диалектизм деп аталган ж.б түрлөр) сөздөрдү мүмкүн болушунча толук камтып, элдин оозеки тилиндеги байлыктарды чогултуп жарыялоо милдетин койгон Сөздүктүн биринчи томунун жарыкка чыгышы кыргыз филологдорунун арасында кызуу талаш-тартыштарды пайда кылган. Талкуунун жүрүшүндө бул китептеги оң жактар менен бирге кээ бир кемчиликтер да көрсөтүлгөн. Тилекке каршы, ошол кездеги тоталитардык идеологияга негизделип, саясий айып коюуга чейин барган аша чапма адилетсиз сын-пикирлер да айтылган. «Айыпсыз айыпка жыгылып», арга-

[1] Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү -Фрунзе Илим, 1980, 7-бет

сыздан апкаарып, адилетсиз коюлган «күнөөсүн» моюнга алып, сөздүгүнүн бул томун оңдоп, толуктап, экинчи жолу 1976-жылы ошол эле «Илим» басмасынан кайра бастырып чыккан. Сөздүктүн биринчи басылышы «жүтө» деген, экинчи басылышы «йү» деген сөз менен аяктап, эмгекти жарыялоо ушуну менен токтоп, элдик тилдин эң бир керемет байлыгы элге жетпей, ушул күнгө чейин сөздүктүн калган бөлүктөрү жарык көрбөй жатышы өтө өкүнүчтүү.

1978-жылы «Мектеп» басмасынан Ж.Мукамбаев менен А.Осмонкуловдун «Кыргыз тилинин морфемалык сөздүгү» басылып чыккан. Бул сөздүктүн максаты кыргыз тили боюнча окуучулардын грамматикалык билимин тереңдетип, сөздөргө талдоо жүргүзүүгө, тилдик ойлоосун кеңейтүүгө жардам берүү болуп эсептелет.

1980-90-жылдар кыргыз лексикографиясы үчүн өтө жемиштүү мезгил болду. Бул жылдары кыргыз тилинин ар түрдүү багыттагы жана мазмундагы бир нече сөздүктөрү түзүлүп, басмалардан басылып чыкты. Атап айтсак, бири-бирине удаалаш сөз арасындагы байланыштар боюнча сөздүктөр: «Кыргыз тилинен синонимдер сөздүгү» (авторлору Ш.Жапаров, К.Сейдакматов. -Фрунзе: Илим, 1984), «Кыргыз тилинин омонимдер сөздүгү» (авторлору – Ж.Осмонова, Д.Исаев, Ш.Жапаров, К.Коңкобаев. -Фрунзе: Илим, 1986), «Кыргыз тилинин антонимдер сөздүгү» (авторлору – Д.Исаев, Ж.Осмонова, Ш.Жапаров, К.Коңкобаев. -Фрунзе: Илим, 1988) жарык көрдү. Булардын биринчисинде азыркы кыргыз адабий тилиндеги 7000ге жакын синоним сөздөр камтылып, алардын колдонулушуна, маанисине, өз ара катышына мүнөздөмө берилген. Экинчи сөздүктө кыргыз тилиндеги омонимдер лексикографиялык планда иштелип, омонимдердин табияты грамматикалык, стилистикалык сапаттарын белгилөө, зарыл болгон маанилерин орус тилине эквиваленти аркылуу которуу, антүүгө болбогон учурда, ал маанилерди кыргыз тилинде түшүндүрүү, тиешелүү иллюстрациялык материалдар менен жабдуу аркылуу аныкталган. Үчүнчү сөздүктө кыргыз тилиндеги карама-каршы маанидеги антоним сөздөр алфавит тартибинде жайгаштырылып, түшүндүрмөсү менен берилген. Иллюстрациялык материалдар менен жабдылган. Аталган үч сөздүктө тең иллюстрациялык материалдар көркөм чыгармалардан, эл оозеки чыгармаларынын үлгүлөрүнөн, мезгилдүү басма сөздөн жана башка тиешелүү адабияттардан алынган.

1988-жылы кыргыз тилиндеги сөздөрдүн келип чыгышына арналган алгачкы эмгек – К.Сейдакматовдун «Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү» «Илим» басмасынан басылып чыккан. Бул сөздүктө азыркы кыргыз тилиндеги айрым сөздөрдүн келип чыгышы лексика-

лык, тыбыштык, семантикалык, морфемалык, синтаксистик мыйзамченемдүүлүктөргө негизделип түшүндүрүлгөн. Этимологиялык талдоого азыркы кезде келип чыгышы күңүрттөнүп калган сөздөр тандалып алынган. Сөздүктө кыргыз тилинин өзүнө (жалпы эле түрк тилдерине) таандык төл сөздөрдүн жана монгол, иран, араб тилдеринен кабыл алынган сөздөрдүн келип чыгышы талданган.

Кыргыз лексикографиясынын баштоочуларынын бири профессор Х.К.Карасаев 80-90-жылдар ичинде укмуштуудай жигердүүлүк менен иштеп, кыргыз тили үчүн гана эмес, бүтүндөй түрк тилдери үчүн баа жеткис зор эмгек жасады. Толук он беш жылга жетпеген убакыт аралыгында анын «Накыл сөздөр: Тил казынасынан баян» (Фрунзе: Кыргызстан, 1982), «Өздөштүрүлгөн сөздөр: сөздүк» (-Фрунзе: КСЭнин башкы редакциясы, 1986), «Накыл сөздөр: экинчи китеп» (-Фрунзе: Кыргызстан, 1987), «Накыл сөздөр: толукталып, экинчи басылышы» (-Бишкек: Кыргызстан - Сорос Фонду, 1995), «Камус Наама: араб, иран, кытай, монгол, орус тилдеринен оошуп келген жана көөнөргөн сөздөр» (-Бишкек: Шам, 1996) деген жалпы көлөмү 150 басма табактан ашуун сөздүктөрүнүн жарык көрүшү эле эмне деген алп эмгек?!

Бул сөздүктөр ички мазмуну боюнча бир өзөккө биригип, жалпы көздөгөн максаты бир бүтүндүктү түзүп турат. «Накыл сөздөр» аталган оригиналдуу сөздүктөрдө кыргыз тилинин кылым карыткан кыйла өмүрүнүн кабаттапшкан катмарында маанилери бүдөмүктөп, чыгыш теги унутулуп калган сөздөрдү чечмелеп, «Манас» баштаган элдик оозеки көркөм мурастардан тартып, азыркы күндөгү сөз чеберлеринин- акын, жазуучулардын адабий чыгармаларында жолуккан жалпы окурмандарга анчейин түшүнүктүү болбой калган сөздөргө этимологиялык тарыхый талдоо жүргүзүп, тил казынасынан баян этет.

Чет тилдик сөздөрдүн сөздүгү тибиндеги «Өздөштүрүлгөн сөздөр», «Камус Наама» сөздүктөрүндө араб, иран, кытай, монгол, орус тилдеринен оошуп келген жана көөнөргөн сөздөр чыгыш теги боюнча түшүндүрүү үчүн кайсы тилден киргендиги, булак тилдеги тыбыштык формалары берилип, кыргыз тилиндеги маанилери көрсөтүлөт да, фольклордон жана жазма көркөм адабияттан алынган мисалдар менен иллюстрацияланат. «Өздөштүрүлгөн сөздөрдө» тиркеме катары өздөштүрүүлөрдүн арабча жазылышы жана окулушу да берилген. Мындай зарыл тиркеме, тилекке каршы, «Камус Наамада» берилген эмес. Мындай тиркеме «Карасай сөздүктүн» кадыр-баркын андан бетер арттырмак.

Кыргыз лексикографиясынын тарыхын талдоого алынган сөздүктөр менен эле чектеп коюуга болбойт. Турмуш талабына жараша ар кандай

типтеги башка сөздүктөр да түзүлмөкчү жана түзүлүп да жатат. Мисалга «Манас» эпосунун бириктирилген вариантынын 1-томунун тексти боюнча жөнөкөй саноо жолу менен түзүлгөн Карбоз Дыйкановдун жыштык жана кери сөздүктөрүн атасак болот.

Доцент Ж.Мамытовдун жалпы илимий жетекчилиги астында Ысык-Көл мамлекеттик университетинин филологдор жана информатиктер тобу ЭЭМди (электрондук-эсептөө машинасын) колдонуу менен заманыбыздын залкар манасчылары Сагымбай Орозбековдун 4 томдук «Манасынын» жана Саякбай Каралаевдин 5 томдук («Манас», «Семетей», «Сейтек») трилогиясынын тексти боюнча түзүшкөн, болжолу 165 басма табак көлөмүндөгү, «Манас» эпосунун лексикасынын жыштык сөздүгү» өзүнүн басылышын күтүп жатат.

Мектептерде чет тилдерди (англис, немец, француз тилдерин) окутууга көмөк көрсөтүүчү окуу куралы катары түзүлгөн чакан котормо сөздүктөр да басмалардан жарык көрүүдө...

## Шарттуу кыскартуулар

ад. — адабий тилинде
азерб. — азербайжан тилинде
аз. монг. — азыркы монгол тилинде
алт. — алтай тилинде
ар. — араб тилинде
бай. кырг. — байыркы кыргыз тилинде
бай. түрк. — байыркы түрк тилинде
бай.уйг. — байыркы уйгур тилинде
башк. — башкырт тилинде
бурят — бурят тилинде
бур. монг. — бурят-монгол тилинде
гр. — грек тилинде
диал. — диалектиде
жазм.монг. — жазма монгол тилинде
ир. — иран тилдеринде
каз. — казак тилинде
ккалп. — каракалпак тилинде
кырг. — кыргыз тилинде
лат. — латын тилинде
маньчж. — маньчжур тилдеринде
монг. — монгол тилинде
нем. — немец тилинде

ног. – ногой тилинде
ор – орус тилинде
орфогр. – орфографияда
орфоэп. – эрфоэпияда
орх. – орхон эстеликтеринин тилинде
орх.-ен. – орхон-енисей эстеликтеринин тилинде
өзб. – өзбек тилинде
таж. – тажик тилинде
тат. – татар тилинде
төл. – кыргыздын төл сөзү
тув. – тува тилинде
түнд. д. – түндүк диалектиде
түрк. – түрк тилинде
түркм. – түркмөн тилинде
түшт. д. – түштүк диалектиде
уйг. – уйгур тилинде
фр. – француз тилинде
хак. – хакас тилинде
халх. – монгол тилинин халк. диалектиси
чув. – чуваш тилинде
шор. – шор тилинде
эск. жазм. монг. – эски жазма монгол тилинде
як. – якут тилинде

## Кошумча алынган тамгалар

w – эринчил дифтонгдордун курамында кездешүүчү чормогой эринчил тыбыш үчүн алынган. Мисалы: тоw, суw, күw, күйөw ж.б.

ә – эринчил эмес, тилдин алдыңкы жагынан жасалган кең үндүүнү белгилөө үчүн алынган. Мисалы: кәллә, кәлтә ж.б.

v – кош эринчил, жылчыкчыл, жумшак үнсүз тыбышты белгилөө үчүн алынган. Мисалы: тavак, тоvу ж.б.

ќ – ылайыгына жараша түпчүл (терең тил артчыл) каткалаң үнсүздү белгилөө үчүн алынган. Мисалы: ќара, ќыш ж.б.

k – ылайыгына жараша артчыл каткалаң үнсүздү белгилөө үчүн алынган. Мисалы: kиши, kөл ж.б.

ғ – ылайыгына жараша түпчүл (терең тил артчыл) жумшак үнсүздү белгилөө үчүн алынган. Мисалы: аға, карға ж.б.

ђ – ылайыгына жараша жумшак аффриката. Мисалы: ђок, ђакшы ж.б

⊏, h — «х»га караганда жумшак, тилдин эң артынан уюштурулуучу сүрүлгүч спирант үчүн алынган. Мисалы: ща⊏ар, hар бир ж.б.

## Төмөнкүдөй шарттуу белгилер колдонулат:

> — бир форманын экинчи формага өтүшүн көрсөтөт. Мисалы: бу жыл > быйыл.

< — бир форманын экинчи формадан чыкканын көрсөтөт. Мисалы: өйүз < ал жүз, бүйүз <бу жүз.

+ — уңгуга мүчө жалгаганда колдонулат. Мисалы: бала + нын = баланын, көл + нын = көлдүн.

= — уңгуга мүчө жалгагандан кийинки формадан мурда колдонулат. Мисалы: ат + нын = аттын.

// — параллель формаларды белгилөө үчүн колдонулат. Мисалы: түнкү // түңкү.

⌒ — прогрессивдүү сингармонизмди, ассимиляцияны көрсөтүү үчүн колдонулат. Мисалы: баланы, биздин.

⌒ — регрессивдүү сингармонизмди, ассимиляцияны көрсөтүү үчүн колдонулат. Мисалы: бу күн > бүгүн, сиз сыяктуу > сис сыяктуу.

⟷ — диссимиляцияны көрсөтүү үчүн колдонулат. Мисалы: нан + нын = нандын.

Айрым башка белгилердин колдонулушу зарылдыгына жараша учурунда эскертилет.

## Иллюстрациялык материал катары алынган булактардын шарттуу кыскартуулары

### а) Авторлордун аттары:

А.Б. — Абдырашит Бердибаев
А.О. — Алыкул Осмонов
А.Т. — Аалы Токомбаев
А.У. — Айткулу Убукеев
А.Ү. — Алымкул Үсөнбаев
Б.А. — Баратбай Аракеев
Б.Ж. — Бексултан Жакиев
Ж.Б. — Жоомарт Бөкөнбаев
Жең. — Жеңижок
Ж.Мав. — Жунай Мавлянов
Ж.Ташт. — Жаки Таштемиров

Ж.Т. – Жусуп Турусбеков
З.С. – Зуура Сооронбаева
К.Б. – Касымалы Баялинов
К.Боб. – Камбараалы Бобулов
К.Ж. – Касымаалы Жантөшев
К.К. – Касым Каимов
К.О. – Качкынбай Осмоналиев
К.Э. – Кусейин Эсенкожоев
М.А. – Мамасалы Абдукаримов
Мар Б. – Мар Байжиев
М.Б. – Мухтар Борбугулов
Мид. А. – Мидин Алыбаев
Мол. К. – Молдо Кылыч
М.Т. – Молдогазы Токобаев
Мух. А. – Мухтар Ауэзов
Н.Б. – Насирдин Байтемиров
О.Б. – Осмонкул Бөлөбалаев
О.С. – Омор Султанов
Р.Ш. – Райкан Шүкүрбеков
С.С. – Саткын Сасыкбаев
С.Ж. – Сейт Жетимишов
С.Э. – Сүйүнбай Эралиев
Т.К. – Төлөгөн Касымбеков
Т.Кож. – Турар Кожомбердиев
Тог.М. – Тоголок Молдо
Токт. – Токтогул Сатылганов
Т.С. – Түгөлбай Сыдыкбеков
Т.Ү. – Темиркул Үмөталиев
Ч.А. – Чыңгыз Айтматов
Ш.А. – Шабданбай Абдыраманов
Ш.Б. – Шүкүрбек Бейшеналиев
Ы.Ш. – Ысык Шайбеков
Э.Т. – Эрнес Турсунов

б) Газета, журналдар
«А-Т» – «Ала-Too» журналы
«ZK» – «Zaman Кыргызстан» газетасы
«КМ» – «Кыргызстан маданияты» жумалыгы
«КП» – «Кыргызстан пионери» газетасы
«ЛЖ» – «Ленинчил жаш» газетасы

«СК» – «Советтик Кыргызстан» газетасы
«Э-Т» – «Эркин-Тоо» газетасы (1924-1927)
«ЭТ» – «Эркин Тоо» газетасы (азыркысы)
«Ы-КК» – «Ысык-Көл кабарлары» газетасы

в) Сөздүктөр

ДТС – Древнетюркский словарь - Л.: Наука, 1969.

КТТС – Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. -Фрунзе: Мектеп, 1969.

КТТС I – Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү: эки томдук, I том. -Фрунзе: Мектеп, 1984.

ЮКОС – К.К.Юдахин. Кыргызча-орусча сөздүк. -М.: Советская Энциклопедия, 1965.

## МАЗМУНУ


Сөз башы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3

КИРИШҮҮ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 4

Кыргыз тили жөнүндө жалпы маалымат . . . . . . . . . . 4

ФОНЕТИКА . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 10

Фонетика жөнүндө жалпы түшүнүк . . . . . . . . . . . . 10
Тыбыштарды изилдөөнүн үч аспектиси . . . . . . . . . . 12
Тыбыштардын акустикалык касиеттери . . . . . . . . . . 12
Сүйлөө органдары жана алардын аткарган кызматы . . . . . . 14
Сүйлөө органдарынын активдүүлүк жана пассивдүүлүгүнө карата бөлүнүштөрү . . . . . . . . . . . . . . . . . . 17
Артикуляция жана артикуляциялык база . . . . . . . . . 19
Фонема жана фонология жөнүндө түшүнүк . . . . . . . . 20

КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ ТЫБЫШТАР ЖАНА АЛАРДЫН КЛАССИФИКАЦИЯСЫ

Тыбыштарды бөлүштүрүүнүн артикуляциялык негиздери . . . 23
Үндүү тыбыштар (вокализм) . . . . . . . . . . . . . . 23
Кыска үндүүлөрдүн мүнөздөмөсү . . . . . . . . . . . . 26
Созулма үндүүлөр . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 27
Үнсүз тыбыштар (консонантизм) . . . . . . . . . . . . 31
Үнсүз тыбыштардын мүнөздөмөсү . . . . . . . . . . . . 35

МУУН

Муун жөнүндө түшүнүк . . . . . . . . . . . . . . . . . 45
Муундун түрлөрү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 47
Муундардын сыйлыгышуулары жана жылышуулары . . . . . . 48
Сөздүн муун түзүлүшү . . . . . . . . . . . . . . . . . 49

БАСЫМ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 51

КЕП АГЫМЫНДАГЫ ТЫБЫШТАРДЫН ӨЗГӨРҮҮЛӨРҮ

Тыбыштардын өзгөрүүлөрүнүн артикуляциялык себептери . . . . 55
Сингармонизм (үндүүлөрдүн үндөшүү) закону . . . . . . . 55
Ассимиляция . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 60
Диссимиляция . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 63
Аккомодация . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 65
Фонетикалык башка процесстер . . . . . . . . . . . . . 66
Үндүүлөрдүн редукциясы . . . . . . . . . . . . . . . . 67
Апокопа, синкопа, гаплология, элизия . . . . . . . . . 68

Протеза жана эпентеза . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 70
Метатеза . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 71

ГРАФИКА

Кыргыз жазуусунун тарыхынан кыскача маалымат . . . . . . . . 73
Орхон-Енисей жазма эстеликтери. Алардын табылышы жана окулушу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 73
Байыркы уйгур жазуусу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 77
Кыргыздардын араб жазуусунан пайдаланышы . . . . . . . . . . 78
Революциядан кийинки мезгилдерде кыргыздар колдонгон жазуулар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 81
Азыркы кыргыз алфавити . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 84

ОРФОГРАФИЯ

Орфография жөнүндө жалпы түшүнүк . . . . . . . . . . . . . . 87
Кыргыз орфографиясынын принциптери . . . . . . . . . . . . . 88
Кыргыз орфографиясынын тарыхынан кыскача маалымат . . . 92

ОРФОЭПИЯ

Орфоэпия жөнүндө жалпы түшүнүк . . . . . . . . . . . . . . . 97
Азыркы кыргыз тилинин орфоэпиясынын калыптанышы өзгөчөлүгү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 98
Азыркы кыргыз орфоэпиясынын негизги эрежелери . . . . . . 101

ЛЕКСИКОЛОГИЯ

Лексикология, анын обьектиси жана милдеттери . . . . . . . . 106

СЕМАСИОЛОГИЯ

Сөз жана түшүнүк . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 108
Сөздүн мааниси жана анын типтери . . . . . . . . . . . . . . . 108
Сөздүн грамматикалык мааниси . . . . . . . . . . . . . . . . . 112
Жеке маанилүү жана көп маанилүү сөздөр . . . . . . . . . . . 113
Көп маанилүүлүктүн пайда болуу жолдору . . . . . . . . . . . 115
Омонимдер . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 121
Омонимдердин пайда болуу жолдору . . . . . . . . . . . . . . 123
Омонимдердин түрлөрү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 128
Синонимдер . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 231
Синонимдердин пайда болушу . . . . . . . . . . . . . . . . . . 134
Синонимдердин бөлүнүшү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 139
Антонимдер . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 143
Антонимдердин бөлүнүшү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 146
Антонимдердин стилистикалык жактан колдонулушу . . . . . . 149

## КЫРГЫЗ ЛЕКСИКАСЫНЫН ТАРЫХЫЙ ЖАКТАН КАЛЫПТАНЫШЫ

Кыргыз тилинин төл лексикасы . . . . . . . . . . . . . . . . . 152
Кыргыз тилиндеги сырттан кирген сөздөр . . . . . . . . . . . 158
Монгол тилдеринен кирген сөздөр . . . . . . . . . . . . . . . 160
Иран тилдеринен кирген сөздөр . . . . . . . . . . . . . . . . 162
Араб тилинен кирген сөздөр . . . . . . . . . . . . . . . . . 163
Орус тилинен кирген сөздөр . . . . . . . . . . . . . . . . . 166

## КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ ЭСКИРГЕН ЖАНА ЖАҢЫ ЛЕКСИКА

Эскирген лексика жана анын түрлөрү . . . . . . . . . . . . . . 172
Историзмдер . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 173
Архаизмдер . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 180
Неологизмдер . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 186

КЫРГЫЗ ЛЕКСИКАСЫНЫН КОЛДОНУЛУШ ЧӨЙРӨСҮНӨ КАРАЙ БӨЛҮНҮШҮ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 196
Диалектизмдер . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 197
Профессионализмдер . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 206
Термин жана терминология . . . . . . . . . . . . . . . . . 209
Жаргондук-арготикалык сөздөр . . . . . . . . . . . . . . . 211

КЫРГЫЗ ЛЕКСИКАСЫНЫН СТИЛИСТИКАЛЫК КАТМАРЛАРЫ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 213
Нейтралдык (бейтарап) лексика . . . . . . . . . . . . . . . 215
Стилистикалык жактан чектелген лексика . . . . . . . . . . . 217

## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ФРАЗЕОЛОГИЯСЫ

Фразеология жөнүндө жалпы түшүнүк . . . . . . . . . . . . . 224
Фразеологиялык бирдиктердин негизги типтери . . . . . . . . . 227
Фразеологизмдердин көп маанилүүлүгү жана омонимдери . . . . 231
Фразеологиялык синонимдер жана фразеологиялык варианттар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 224
Фразеологиялык антонимдер . . . . . . . . . . . . . . . . . 235

## ЛЕКСИКОГРАФИЯ

Лексикография жөнүндө түшүнүк. Сөздүктүн түрлөрү . . . . . 236
Кыргыз тилинин сөздүктөрүнүн тарыхынан . . . . . . . . . . . 239

Шарттуу кыскартуулар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 248
Кошумча алынган тамгалар . . . . . . . . . . . . . . . . . 249
Шарттуу белгилер . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 250
Иллюстрациялык материал катары алынган булактардын шарттуу кыскартуулары . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 250